Жалал-Абадская областная библиотека



тартылган көлөмүнө барабар болсо, ички инвестициялардын көлөмү 25,5 млн сомго көбөйгөн.

Жалалабат шаарынын аймагында транспорттун төрт түрү өнүккөн. Алар – автомобиль, темиржол, аба жана куур транспорту. Жалалабат шаары облустун негизги жол тому катары облусту Кыргызстандын башка аймактары, республиканын борбору – Бишкек шаары менен, ошондой эле Өзбекстан, Тажикстандын шаар-кыштактары менен байланыштырып турат. Ири магистралдары: Жалалабат – Бишкек, Жалалабат – Ош, Жалалабат – Анжиян, Жалалабат – Токтогул, Жалалабат – Кербен – Алабука – Канышкыя, Жалалабат – Арстанбап ж. б. Автомобиль жолунун жалпы узундугу 415 км, алардын 70%ине асфальт төшөлгөн. Шаарда 4 автотранспорт ишканасы иштейт. Мындан сырткары автотранспортторду тейлөөчү 3 мекеменин 294 жүк ташуучу автомобили, 120 автобусу жана 25 чакан автобусу болгон. Алар 2000-жылы 196,7 миң т жүк (облустун жүгүнүн 20,3%) ташыган. Сырткы экономика байланыштары негизинен темир жол транспорту менен жүргүзүлөт. Жалалабат шаарына чейинки темиржол 1916-жылы салынган. Жалалабат темир жол бекети иштөө мүнөзү боюнча экинчи класстагы бекеттерге кирет. Суткалык жүк жүктөөсү 8,05 вагон. Жүк жүктөөчү-түшүрүүчү жолдордун жабык вагондор үчүн сыйымдуулугу 20 жана ачык вагондор үчүн 30 вагон. Бишкек – Жалалабат темир жол линиясы Казакстан, Өзбекстан, Тажикстан республикаларынын аймагы аркылуу өтөт.

Жүргүнчү жана жүк ташууда аба транспортунун мааниси чоң. Азыркы мезгилде шаарда учуп-конуу тилкеси 1800х35 м келген аэропорт жайгашкан. "Жалалабат" аэропортунан Бишкек (2 каттам), Каракол, Чолпоната шаарларына жана Казарман айылына авиакаттам болуп турат.

Жалалабат шаарына Кочкората шаарчасынан газ кууру жүргүзүлгөн. Шаарда "Жалалабатгаз" башкармасы иштеп, анын балансында турган магистралдык газ куурунун узундугу 102 км, жогорку басымдуу газ




В 1998 году НИИЭРКом проведено подключение многих предприятий и организаций города к Всемирной электронной сети «Интернет», а также к электронной почте «ElCat-2», что позволило им наладить оперативную связь и доступ к источникам информации по различным интересующим их вопросам, а также быстро получать необходимую информацию.

**Транспортные коммуникации.** Город Жалалабат соединен 90 километровым железнодорожным однопутным сообщением с городом Андижан. С завершением строительства железнодорожного вокзала, депо, железнодорожных мастерских с поворотным кругом, водокачкой в 1916 году стало возможным железнодорожное сообщение с центрально-азиатскими регионами России.

В 1932 году сдана в эксплуатацию железнодорожная ветка Жалалабат – Кокжангак протяженностью 30 километров.

Пик грузопотока на наших станциях приходится на середину 80-х годов. Тогда суточная выгрузка на станции Жалалабат составляла 75 вагонов, а погрузка 15–17. Свои подъездные пути имели 24 промышленных предприятий.

По сравнению с серединой 80-х годов объем перевозок в 2006 году сократился до одной трети. В октябре 1994 года был образован южный пототдел управления Кыргызских железных дорог на базе станции Жалалабат. В 2001 году ему придан статус Южного отделения.

После распада Союза прекратилось движение пассажирских поездов со станции Жалалабат. Но начальник Южного отделения государственного предприятия национальная компания «Кыргыз темир жолу» Бахтияр Юнусов уверен: пассажирские поезда обязательно будут ходить. Это вопрос времени. В настоящее время Жалалабат имеет железнодорожное сообщение со всеми странами СНГ по перевозке грузов.

Город связан автомобильным сообщением со столицей Кыргызстана Бишкеком, а также с городами соседских государств: Узбекистана, Казахстана, Таджикистана.

В 1950 году открыт первый внутригородской автобусный маршрут от вокзала до больницы и обратно. С тех пор внутригородское автобусное движение стало регулярным.

Аэропорт «Жалалабат» местного значения начал принимать первые самолеты в 1947 году. С завершением строительства в 1977 году бетонной взлетной полосы принимает самолеты ЯК-40, АН-28, АН-2. В 2007 году нашему аэропорту исполняется 60 лет.

Автотранспортных средств в городе на 1 января 2007 года насчитывается 5497 единиц, из которых 4280 единиц индивидуального транспорта.

Жалал-Абадская областная библиотека



куурунуку 171 км, Жалалабатта газ бөлүштүрүүчү 4 тармак жана 50 пункт бар.

Шаарга узундугу 10,2 км келген "Спутник" кичирайону менен автовокзалды байланыштыруучу троллейбус линиясын куруу пландаштырылууда.

Облустун экономикасында Жалалабат шаарындагы байланыш системасы менен коммуникация маанилүү орунду ээлейт. Азыркы мезгилде калкты телефон, телеграф байланышы, радио жана телекөрсөтүү менен Жалалабат "Кыргызтелеком" ишканасы камсыз кылат. Шаарда 8,7 миң, а.и. уюмдар менен мекемелерде 1,7 миң, турак үйлөрдө 7,0 миң телефон түйүнү иштейт.

Шаарда эларалык линияга чыгууну камсыз кыла турган автоматташтырылган транзиттик түйүн (АТУК), шаар ичиндеги байланыштын 13 миң номурлуу автоматташтырылган телефон станциясы иштейт. 1994-жылы Америкалык "КАТЕЛ" фирмасы менен уюлдук байланыш пайдаланууга берилген. "КАРТ" тибиндеги радиотелефон станциясы көчмө телефондук байланышты камсыз кылат.

1998-жылдан компьютердик байланыш системасы иштөөдө. Шаардын көптөгөн ишканалары жана уюмдары "Интернет" тармагына, ошондой эле электрондук почтага кошулган. Натыйжада оперативдүү байланышты жөнгө салууга жана маалыматтардын ар түрдүү булактарына жетүүгө мүмкүндүк түзүлгөн.

Жалалабат шаарындагы соода, коомдук тамактануу жана турмуш-тиричилик кызматынын бардык объектилери менчиктештирилген жана мамлекеттен ажыратылган. Мында 400дөй соода, коомдук тамактануу жана турмуш-тиричилик кызмат түйүндөрү бар. Соода жүгүртүүсү 2000-жылы 1097,4 млн сомду же облустун бардык товар жүгүртүүсүнүн 53,7%ин түзүп, 159,7 млн сомго (58,8%) кызмат көрсөтүлгөн. Шаарда аянты 19800 $м^2$ келген 501 соода орундуу борбордук базар иштейт. Мындан сырткары Шабдалызар (700 орундуу), Мадумарата фирмасынын базары (80 орун), "Адилет" (380) ж. б. жеке менчик базарлар бар. Аларга күн сайын 35,0 миң киши каттайт. 6 чакан базар, 4 ресторан (500 орундуу), "Мөлмөл" мейманкана комплекси (200дөн ашык орун) иштөөдө.

Жалалабат шаарында 2000-жылы чакан жана орто ишкердик чөйрөсүндө 421 чакан ишкана болуп, анын 63ү өндүрүштө, 93ү калкка акы алып кызмат көрсөтүүдө, 13ү айыл чарба продукцияларын иштетүүдө, 70и коомдук тамак-ашта, 182 соода жана комерциялык иштерде иштеген. Алар 2000-жылы 1985,8 млн сомго продукция өндүргөн, же мурунку жылга караганда 100,2%ке өндүрүлгөн.

Протяженность автомобильных дорог на территории города более 160 километров.

**Местное самоуправление.** К числу значительных и масштабных реобразований, осуществленных за годы суверенного Кыргызстана относится развитие местного самоуправления. На 4 курултае местных сообществ, прошедшего в ноябре 2004 года, обсуждена стратегия развития города Жалалабат и план действий по ее реализации на 2004–2015 годы.

Развитие общественного самоуправления началось с образования в 1996 году советов общественности в четырех микрорайонах: «Спутник», «Достук», «Курманбек», «Амир-Темур».

Дальнейшее развитие местного самоуправления получило, после создания в 1998 году на базе советов общественности общественных территориальных управ (ОТУ), которые сейчас включают в свой

Жалалабат базары.

Восточный базар.





состав 27 квартальных комитетов, 72 кондоминиума, 5 судов аксакалов, женсоветы, общественные комиссии по контролю за деятельностью торговых, коммунальных служб, транспорта и других организаций. Работа общественного самоуправления (ОТУ) проводится планово, среди которых на первый план выступают вопросы социальной защиты малоимущих слоев населения, благоустройства, озеленения улиц, кварталов, микрорайонов, поддержания

**Турак-жай жана шаар куруу.** "Кыргыз-долбоор" тарабынан 1950-жылы иштелип чыккан шаар куруу боюнча башкы планга ылайык Жалалабат шаар чегине жакын курула баштаган. Шаардын алгачкы чеги 1923-жылы апрелде белгиленип, ага 12 кыштак кирген. Шаар чегинин узундугу периметр боюнча 14 кмди түзгөн. Шаардын 10 миңдей калкы, 12 көчөсү болгон.

Шаар куруу боюнча алгачкы башкы план кабыл алынган 1950-жылы шаардын аянты 704 гектарды түзүп, турак жай фондусу негизинен бир кабаттуу үйлөрдөн туруп, ал эми 2 кабаттуу үйлөр 6 миң $м^2$ ди, башкача айтканда 2,4%ти гана түзгөн.

правопорядка, профилактике правонарушений среди жителей.

За каждой управой закреплены общественные работники Городского Кенеша, коммунальных служб, архитектуры, санэпидемстанции, которые еженедельно присутствуют в управах на планерках, решают проблемные вопросы.

У ОТУ постепенно накапливается опыт работы, совершенствуются взаимные связи. Руководители управ: «Спутник» – Худайбердиева Гульмира Токтосуновна, «Достук» – Акимжанов Алимжан, «Курманбек» – Ишанжанова Лариса, «Амир-Темур» – Жусупбеков Максатбек.






Шаардык жыйын.

Собрание города.

Жалалабат шаары азыр өзүнүн эски борбордук бөлүгүнөн сырткары 6 кичи районго бөлүнөт. Башкы планга ылайык согуш бүтөрү менен шаардын борбордук бөлүгү реконструкцияланып, азыр да жаңыланууда.

Азыркы мезгилде Жалалабат шаарында көп кабаттуу үйлөрдө 6280 квартира (аянты 320,3 миң $м^2$), 7419 жеке менчик үйлөр бар. Шаардын чет-жакаларында "Достук", "Жениш", "Курманбек", "Пригородный", "СМУ – городок", "Спутник" кичирайондорунда кабаттуу үйлөр салынып, бардыгы канализацияга уланып, газдашты- рылган. Кичирайондордун арасындагы 30% аянтты жеке менчик үйлөр ээлейт. Мындан сырткары шаардын карамагында Тайгараев айыл өкмөтүнүн турак-жай фонддору жайгашкан.

Капиталдык жана жеке-менчик курулуштар боюнча 191707,8 миң сомдук иш аткарылган, анын ичинен Өкмөттүк ишканалар 872888,7 миң сомдук, жеке-менчик ишканалар жана ишкерлер 104419,1 миң сомдук курулуш иштерин аткарышкан. Мэрия тарабынан жергиликтүү бюджеттин эсебинен 2006-жылы жолдорду тегиздөөгө 979,2 миң сомдук асфальт жумшалды. М. Бабкин жана Ж. Бакиев көчөлөрүндө темир жол өткөөлдөрү ремонттолуп, асфальттоо үчүн 521,4 миң

Город является первопроходцем в создании и деятельности кондоминиумов, в результате чего взята под охрану и опеку муниципальная собственность. Этому вопросу была посвящена сессия Городского Кенеша. В результате большой повседневной работы создано 72 кондоминиума, которые объединяют 198 жилых многоэтажек или 91% жилых многоэтажных домов. За счет собранных средств отремонтировано их более 70%.

**Образование, культура.** В марте 1918 года в Жалалабате создан подотдел народного образования, а осенью того же года, сели за парты впервые дети бедняков. Разными они были по возрасту, но все они имели огромное желание учиться. Комиссаром подотдела назначен Бондарчук.

В конце декабря 1919 года для местного населения открываются две новометодные школы. Уже в 1922 году из 5820 городских жителей 831 обладали грамотой.

В 1927/1928 учебном году обучалось в школах 1215 детей, работали 37 учителей, открыт первый детский сад на 40 детских мест. В 1924 году была построена 4-х классная школа, а в 1927 году распахнула двери интернационально-политехническая школа на 480 мест. С 1996 года – школа-гимназия

Жалал-Абадская областная библиотека



сомдук жумуш аткарылды. «Достук» микрорайонундагы Султан Ибраимов көчөсүндө 1,1 км жолго асфальт төшөлүп, буга 2304,7 миң сомдук, № 3 орто мектептин аянтчасына 163,0 миң сомдук, шаардын борборундагы автоунаатоктогучка 143,5 миң сомдук асфальт төшөлгөн. Ошондой эле жалпы узундугу 800 м жан жолдорду (троутарларды) асфальттоого 1060,6 миң сом жумшалды. Шаардагы Чехов, Ж. Бакиев көчөлөрүндө автомобиль аялдамалары реконструкцияланып, 270 миң сомдук асфальт төшөлүп, эксплуатацияга берилди. Баардыгы болуп жергиликтүү бюджеттин эсебинен 6040,4 миң сомдук жумуш аткарылды. Ошондой эле мэриянын аппаратынын кызматкерлерине шарт түзүү боюнча да бир топ иштер жасалды. Мэриянын имаратынын айланасына асфальт төшөлүп, жарыктандыруу системасы жакшырылды, жаңы 4 кабинет жасалып, ишке киргизилген. Мындан сырткары шаарыбызда төмөнкүдөй иштерге каражаттар берилди:

– "Дельта" аквопарк курулушунун 1 этабына – 2500,0 миң сом;

– Энергобанктын филиалынын аппаратын реконструкциялоого – 2800,0 миң сом;

– "Рахат" курулуш базарындагы соода түйүнүнө – 777,5 миң сом;

– "Айгүл" дүрдүкөнүндөгү соода комплексине – 2673,0 миң сом;

– "Алтын-Ордо" соода комплексинин 2 этабынын курулушуна – 1300,0 миң сом.

**Коммуналдык чарбасы.** Жалалабат шаарында суу түтүктөрүнүн уз. 176 км, анын ичинде көчө тармактарынын уз. 82 км. Суу белгиленген кубаттуулугу суткасына 57,2 миң $м^2$ болгон 20 бургулоо көзөнөгү аркылуу алынат. Алар шаардын ар кайсы райондорундагы 9 насостук станцияда жайгашкан, кубаттуулугу суткасына 2,7 миң $м^3$. Суунун бир бөлүгү бак-дарактарды сугарууга, көп кабаттуу үйлөргө суу бергенде басымды кармап турууга кетет. Жалалабат шаарындагы канал тармактарынын уз. 60 км, анын ичинде башкы коллекторлордуку 30 км, көчө тармактары 16,5 км, ички кварталдары менен короо жайлардыкы 13,5 км. Шаардын канализация системасы аркылуу булганган суулар шаардын ар кайсы райондорунан 1963-жылы курулган суткалык кубаттуулугу 1,5 миң $м^3$ жана 1999-жылы курулган суткалык кубаттуулугу 35 миң $м^3$ келген тазалоочу курулмаларга келип куюлат. Мындан сырткары шаардын аймагы аркылуу селге каршы курулган Селарык, Чоңарык, Канарык каналдары бар, алардын уз. 9 км, ошондой эле ирригациялык тармактар иштейт.

**Билим берүү, саламаттык сактоо жана маданияты.** Жалалабат — Түштүк Кыргыз- № 1 им. Героя Советского Союза М. Бабкина.

Жалалабат сегодня один из крупных образовательных центров Кыргызской Республики. Мэрия, Городской Кенеш уделяют большую заботу реализации программы «Билим» и поддержки образования. На начало 2006/2007 учебного года в городе и Тайгараевском айыл окмоту функционировали 22 школы, из низ 19 средних, 3 начальных, за парты сели 17 210 детей, их обучают 914 учителей, из которых 187 отличников народного образования, 2 заслуженных учителя.

В 21 дошкольном учреждении воспитывается 2603 самых маленьких граждан города. С ними ведут занятия 178 воспитателей и других работников детских дошкольных учреждений.

В Жалалабате открыт Детский образовательный центр. В его 36 кружках занято 588 детей. В 40 группах детской юношеской школы № 1 занимаются 446 мальчиков и девочек. В детской спортшколе № 4 тремя группами охвачено 72 школьника. Кроме этого детям представлены возможности реализовать свои способности в кружках Детского центра экологии, краеведения и технического творчества.

В 1956 году была открыта музыкальная школа, в 12 группах которой осваивают азы начального музыкального образования 223 ребенка (2007 г.).

В сентябре 1975 года при музыкальной школе было открыто отделение изобразительного искусства, которое с октября 1987 года стало самостоятельной художественной школой. В ее шести группах занимаются 55 талантливых мальчиков и девочек.

Кроме этого в Жалалабате создан семейный детский дом, которым руководит Ташбаева Алима Каюмовна. В нем нашли заботу, доброту и ласку 6 детей.

До 1993 года в Жалалабате не было высших учебных заведений, если не считать открытие в 1947 году Жалалабатского учительского института, готовившего до 1957 года учителей математики, физики, русского языка и литературы, дававший незаконченное высшее образование.

В 1993 году в городе были открыты Жалалабатский многопрофильный институт ЖАГУ (в настоящее время ректором является Абдиумаматкадыр Аширалиев), на базе кооперативного техникума в 1993 году создан Жалалабатский университет экономики и предпринимательства (ректором является Токтоматов Канторо Шарипович), в 1994 г. открыт филиал Института энергетики и электроники (директор Беликов Талгат Эсенбаевич), Жалалабатский институт пра-

Жалал-Абадская областная библиотека





Бактылуу балалык.

Счастливое детство.

стандагы маданияттын жана билим берүү-нүн ири очогу болуп саналат. 19-кылымдын аягында мында 8 мечит, 2 мектеп болгон. 2006/2007-окуу жылында шаарда жалпы билим берүүчү 22 мектеп иштеп, анда 16 миңден ашуун окуучу окуган; 21 балабакчада 3 миңден ашык бала тарбияланган. Үч лицей, 2 спорт мектеби, балдардын экология, крайтаануу жана техникалык-чыгармачылык борбору, балдардын чыгармачылык үйү, кыргыз-түрк лицейи, менчик мектеп, музыкалык мектеп, сүрөт мектеби иштейт. Орто билимдүү атайын адистикти маданият техникуму, медицина окуу жайы, педколледж берет; ошондой эле 2 кесиптик-техникалык лицейи бар. Жогорку билим берүүчү окуу жайлардан Жалалабат мамлекеттик университети (ЖАМУ), Жалалабат экономика жана ишкердик, А. Батыров атындагы Эл достугу кыргыз-өзбек университеттери, ошондой эле Бишкек дене тарбия академиясынын, Кыргызстан Эл аралык университетинин филиалдары иштейт.

Илим изилдөө иштерин Улуттук илимдер академиясынын түштүк бөлүмүнө караган Биосфера, энергетика жана микроэлектроника институттары, табиятты коргоо коому, жогорку окуу жайлары жүргүзөт.

Калкты медицина жактан тейлөөчү 21 мекеме иштейт, анын алтоо – стационар. Медициналык мекемелерде 432 врач жана 949 медициналык орто билимдүү кызматкерлер эмгектенет. Шаарда облустук бириккен оорукана, облустук балдар ооруканасы (305 орундуу), кургак учук оорусун дарылоо диспансери (1947-жылдан иштейт), "Бакыт" балдар реаблитация борбору, 5 бейтапкана, 11 үй бүлөлүк врачтар тобу, "Дени сак үй бүлө" борбору, облустук төрөт үйү (130 орундуу)


ва, бизнеса и компьютерных технологий (ректор Дарбанов Макамбай Эрматович), в 1994 г. – институт биосферы, Университет Дружба народов (ректор Ахмедов Дильмурат), филиал Кыргызской академии физической культуры (директор Саипов Жоробек).

Специалистов среднего звена готовят медицинское училище по 8 профессиям (директор Кожалиев Алайчи Кожалиевич), техникум культуры по 2 специальностям, (директор Таштанов Абдужалил Жолоевич), профессиональный лицей № 75 (директор Жаанбаева Калия Арыстанбековна), профессиональный лицей № 1 ведет обучение по 8 специальностям (директор Досиев Асанбек Саматович).

К услугам горожан два парка: им. Токтогула и Навои, два стадиона, музей, дра-

Алгачкы сабак.

Первый урок.



Жалал-Абадская областная библиотека



иштейт. Шаар калкынын денсоолугун чыңдоодо Жалалабат курортунун мааниси зор.


Шаарда калктын маданий-эстетикалык жана рухий муктаждыктарын канааттандыруучу жайлар да арбын. Анда А. Барпы атындагы драма театры, Т. Тыныбеков атындагы облустук филармония, 7 кинотеатр, облустук китепкана, музей, 3 эс алуу багы иштейт. Спорт менен машыгуу үчүн шаарда 2 стадион, олимпиялык резервдеги балдардын спорт мектебинин үстү жабык спорт залы, сууда сүзүүчү бассейн жана 500 орундуу ден соолукту чыңдоочу комплекс бар.

Шаарда 3 тилде 11 гезит чыгат: "Жалалабат үнү", "Голос Времени", "Акыйкат", "Жалолабод Тонги". Облустук телерадиокомпания, 5 коммерциялык телекомпания иштейт, аларда берүүлөр кыргыз, орус жана өзбек тилдеринде жүргүзүлөт. 2007-жылда массалык маалымат каражатындагы дагы бир жаңылык болду. Жалалабат шаарында КРдин ЭлТР коомдук телерадиокомпаниясынын, Ош телеберүүсүнүн студиялары ачылган.

**Жалалабат району** 1919-жылы уюшулган. Түркстан Республикасынын Фергана облусуна караган Анжиян уездинин курамында болгон. Жалал-Абад районунун курамына 3 болуштук кирген: Жалалабат, Көгарт, Чоңгет. 1924-жылы 8-декабрда Кыргызстан 4 округга бөлүнгөн, анын бирөө Жалалабат округу болгон. 1926-жылы облус кантон, ал эми Жалалабат болуштук болуп өзгөргөн. Жалалабат болуштугуна 6

Медициналык тейлөө.

Во время процедуры.



матический театр им Барпы, Кыргызская филармония им. Тыныбекова, областная библиотека с пятью филиалами, кинотеатр «Мир».

В городе издается 11 газет на трех языках, функционирует областная телерадиокомпания, а также 5 коммерческих частных телекомпаний.





Операция учуру.

Во время операции.

Дарыгерлер кеңешмеси.

Совещание врачей.

Облустук китепкананын ОКУУ ЗАЛЫ Инв. № 12045


Жалал-Абадская областная библиотека




айыл кеңеши караган: Чөкөдөбө, Эски-Сузак, Спасовка, Благовещенка, Чаңгырташ, Ак-Мечит. 1927–1928-жылдары Жалалабат жана Ош кантондору биригип, Ош округу болгон; ал эми болуштуктар район болуп өзгөргөн. 1930-жылы округдар, болуштуктар бүт жоюлуп, райондор түптөлгөн. Шаарлар, айыл-кыштактар райондорго, ал эми райондор администрация жактан республикага түз баш ийилдирген. Жалалабат райондорунда 1934-жылы 14 айыл совети – Таштак, Ачы, Үчтапкыр, Бегабат, Чөкөдөбө, Жийде, Сузак, Чаңгырташ, Акмечит, Благовещенка, Кызылтуу, Кошкенчи, Багыш, Октябрь, Көгарт, Михайлова, Дмитриевка, Архангел, Кызкөл, Жылантемир, Бозонжолборс, Каралма, Калмаккырчын, Тогузторо, ошондой эле Жалалабат шаар совети караган. Аларда 78729 адам жашаган. 1938-жылы мартта Жалалабат округу, 1939-жылы 21-ноябрда Жалалабат облусу түзүлүп, алардын курамдарына Жалалабат району кирген. 1940-жылы Жалал-Абад району Сузак району болуп өзгөрүп, борбору Жалалабат шаарынан Сузак кыштагына которулган.




Жалалабат радиосунун кызматкерлери.
Работники Жалалабатского радио.




Тасмага тартуу мезгили.
Во время съемок.




«Дельта» бассейни.



Темир жол. 1916-ж.
Железная дорога. 1916 г.



«Ударник» кинотеатрынын курулушу. 1926-ж.

Строительство кинотеатра «Ударник». 1926 г.



Темир жол бекетин сел каптоодо. 1930-ж.

Наводнение железнодорожной станции. 1930 г.

Жалал-Абадская областная библиотека



# МЫРЗАКУЛ БОЛУШ ЖАЛАЛАБАТТА

Мен мактансам таңдантып,
Жоргологон тайым бар.
Жолдорго мечит салдырган
Мырзакул деген байым бар.

*(Элдик акындардын ырынан)*

Мырзакул болуш калкка кылган эмгеги менен атагы алыска кетип, аны көргөнгө адамдар куштар болгон экен. Бул дүйнөдө байлыгын бей-бечарага, адамзаттын ички дүйнөсүн кеңейтип, рухий-дөөлөтүн байытканга, илгерки үмүт ийине ишеним көрсөткөнгө, теңирим дем берип, Алла-тааланы алкап, Пайгамбарды паамдап, пейилди кенен коюп, ак ниет ак ишке үндөп, жараткан Кудайды сыйлап, барга тобо кылсаң, бардын үстүндө жүрөрүңдү байга да, кедейге да санат санап айткан. Ал кылган ишин кылдым деп айткан эмес, жаратканым көрсө болду деген. Кудай-Таала — ыраазы болсо, эл табыгый кырсыктан сырткары, өлүм-житимден төрөлүү көп болуп, мазарлуу үйдөн базарлуу үйдүн саны арбып, арман аз, кубаныч койнуна толуп турат деген. Жамандыкы жакшыга тиет деп, пейилди оңдоого чакырган. Чогулуп жаратканга сыйынышса, намаз окушса ошол адамдардын ою бир, ынтымакта болорун билген. Ушул себептен Орто Азияга мечиттерди, медреселерди салган. Булактардын көзүн ачкан. Темир жолдорду курган. Теңиримдин бергениби, айтор бир чөнтөгүнөн акчасын калкка чачса, экинчи чөнтөгүнө акча келип турган. Кудайдын үйүн салганды кудай колдоп, жол салгандын жолу ачык болуп, суунун көзүн ачкандын экинчи өмүрү уланып, урпак-муун уланышында жүрөт.

* * *

«Кудай сенин ниетиңе жараша кылат»,– деп келишет эзелтеден мусулмандар. Бул накыл кеп Жалалабатта жашап өткөн Азирети Айып пайгамбардан кийин айтылгандай. Кудай сүйгөн пайгамбар Айып эч кимге жана эч нерсеге жамандыкты каалабаган дили таза жан болгон экен. Ал мусулманчылыктын жолунда бардык парзын аткарып келген.

Жалал-Абадская областная библиотека

Күндөрдүн биринде Теңирим өзү сүйгөн пайгамбарына дарт берип көрдү. Күтүлбөгөн жерден анын денесине былжыраган жаралар чыгып, курттап кетти. Жаны аёосуз азап тартып турса да, Айып жарасына, же денесиндеги курттарга колун тийгизбеди. Ал кырк жыл бою күнү-түнү кыйналганы менен онтоп-ойдолоп дартын арткан эмес. Ушунчалык аянычтуу учурда да анын дилине: «Бул дартты Кудай берди, эми дабасын да өзү берер. Денемдеги курттарды да Кудай жараткан, аларды өлтүрүү жаратканга шек келтирүүгө барабар», – деген гана ой турду.

Эң бир катуу азаптан кыйналган убагында да эч нерсеге жамандыкты ыраа көрбөгөн, жалгыз Жараткандан гана үмүт кылган пайгамбарына Кудай ичинен ырайымы келет. «Пайгамбарым эми ушул сууга жуунуп, денеси тазаланып, дарттан кутулуп алса экен», – деген ак тилек менен Кудай адырдын боорунан (азыркы Азирети Айып) булак чыгарат. Дили, руху аябай таза адамдар айта турган оюңду дили менен гана сезип алат экен.

Жараткандын мындай ак тилегин дилинен туйган Азирети Айып булактын алдына барат. Ушул жерде пайгамбарда ойго бабат: «Эгерде азыр денемди сууга жуусам курттар кантет… Мен аларды кыйнап коём го… Андан көрө кудайдын бул жаныбарын өсүмдүктүн таза жалбырактарына коюп жиберсем, бир тиричилигин көрүп кетер…»

Ошентип, Азирети Айып жарасындагы курттарды терип, өсүмдүктүн жалбырагына коюп, өзү булакта жуунуп, денеси тазаланып, оор дарттан биротоло кутулат. (Ал эми курттар тыттын жалбырагы менен азыктанып, жибек чачып учуп кетет. Жибек курттар ошолордун тукумдары имиш…) Андан бери канча суулар агып, жылдар өтсө да бул жер Азирети Айыптын ысымы менен аталып калды.

Пайгамбар ырымдаган Жалалабат адырынын боору, анын ыйык булагы Мурзакул болуштун дайыма кымбат санап, мээр коюп зыярат кылчу ыйык жери болуптур.

1911-жылдын эрте жазы. Көкмөк адыр боорунда тегиз ачылган кызгалдактар көз кубантат. Боз атчан жалгыз аяк сокмок жол менен чыгып келген Мурзакул Азирети Айып булагына токтоду. Ал акырын аттан түшүп келди да, пайгамбардын рухуна Куран окуп бата кылды. Андан кийин булактын тунук суусунан кана ичкен Мурзакул денеси кыйла ырахаттанганын сезди. Ал ушул булактан суу ичкенде атасы Кош датка менен келген кездерин эстейт… «Балам пайгамбардын кадамжайларына зыярат кылсаң эле мусулманчылыктын парзын аткарган болуп калбайсың. Чыныгы мусулман инсан өзү көргөн бардык жакшы нерселерди башкаларга да ыраа көрөт. Кана эми белимде мурдакы кубатым болсо Азирети Айыпка жол салаар элем», — деген эле ошондо атасы. Анда атасы эмнени айткандыгын Мурзакул кийинчерээк түшүндү. Бул ыйык жердин абасы да, суусу да миң дартка даба. Алар го минтип ат менен келип, Азирети Айыптын жагымдуу абасына, дары суусуна ырахаттанып кетишет. Эгер ушул жакка жол салынса дартына даба издеген башка адамдар чыгып келмек. Болуш акыркы учурда Азирети Айып булагынын көзүн ачып, пайгамбардын булактарына имараттарды куруу ниети менен жашап калган. Адырдын бооруна курулуш куруууга жыгач, кыш жана мрамор таштар зарыл эле. Булардын бардыгын ташып келүү үчүн биринчи кезекте араба жол салуу керек эле. Мазарлуу жерде (азыркы курорт) аткарыла турган иштердин эсеп-кысабын өзүнчө тизмелеп жүргөн Мурзакул болуш ой-максатын алгач адырга жакын жайгашкан кожолордун айылындагы достору Дадакожо, Ташкожо, Мехманкожо, Сайдарамкожо жана Абдуразак карылар менен отурганда ачык айтканында алар таң калышты.

— Сунги кунлари болуштин аяги узилмай колди десе улук максаты бар экен да,— деди Дадакожо тамашалап.

— Савобли иш килганга бел боглабсиз, баракалла. Бирок, одирга йул салип, имарат куруш үчүн бүтүн бойлигинизли сарплап коясиз, — деди сукбатка кошулган Абдуразак кары.

— Сөзүнүздө жөн бар, кары. Мен акыркы күндөрү көп ойлончу болдум. Бул жалган дүйнөдө түбөлүктүү эч нерсе жоктой туюлат. Биздин жаныбыз да, өмүрүбүз да, бой көтөргөн мансабыбыз да, жер-сууга батпаган байлыгыбыз да убактылуу экен.

Жалал-Абадская областная библиотека

Жарык дүйнөдө жалаң жакшылык иштериң гана түбөлүктүү калат, — деп сөзүн улантткан Мурзакул Азирети адырынан көзүн албай. Өзүмдүн колумдагы бар мүлкүмдү, акчамды курулуштун каражатына сарптаймын. Анткени, ойлоп жүргөн иштеримди жүзөгө ашыра алсам, ыйык жердин таза абасына, пайгамбардын булагынын дары суусуна келечекте башка адамдардын да насиби кошулат. Муну эл үчүн кылып койсом инсандыгымдын парзы ушул эмеспи…

Болуштун мындай ниетине ак сакалын жайкалткан карыялар ак батасын беришти.

* * *

Май айында Мурзакул болуш Коргон-Төбө өрөөнүндө жашаган элге Жалалабаддын Азирети Айып (Азыркы курорт турган жерде) адырында чоң курулуш баштап жатканын жарыя кылып, жер-жерлерден таанымал усталарды чакырды. Карамагындагы бардык ат улоолорун Жалалабатка алып келди. Мурунтан болуштун жакшылыгын көрүп жүргөн өнөр ээлери Жалалабатка чогулушту. Биринчи күндөн эле алар Мурзакул болуштун көрсөтмөсү боюнча шаардан адырдын боору аркылуу Азирети Айып булагына, андан ары Серапка чейин кең жол курууга киришишти. Болуштун сооптуу иш баштаганынан кабар тапкан алыс-жакын жерлердеги, тоолордогу адамдар да келишип, куруучулардын катарына кошулушту. Ал киши өзүнүн короосундагы беш жүздөн ашык коюн айдап келип, күнүнө 5–6 баштан кой сойдуруп, иштегендерди эт менен багып, кызмат акыларын убагында берип турду. Жалалабатта мээнет кылгандардын саны күндөн күнгө өсүп отуруп үч айдын аралыгында Азирети Айыпка чейин араба жолу салынды.

Адыр боорун казып жол салып жаткан күндөрү Мурзакул Ташказган, Имаматага барып имараттарга керектелүүчү мрамор таштарды таап койгон. Ал арабакечтерди ээрчитип, болжолдогон жерлерине баштап барат. Арабаларга салынган таштарды жаңы жол менен тартып келип, Азирети Айып булагынын жанына тизет. Мурзакул болуш көзөнөктөй агып турган булактын көзүн кеңейтип эки жакка арыкча жасап, булакты агызат. Булактын жанына кумпалуу (куполдуу) имараттарды салдырат. Жалалабатта биринчи жолу курулган мындай имарат архитектуралык жактан өзгөчөлөнүп, нукура кыргыздын салтына ылайык боз үйгө окшош келет.

Кийинки жылдары Мурзакул «Кыз булак», «Зам-зам» булактардын көзүн ачып, жээктерине таш тиздирип чыккан. Мазарлуу жерге зыярат кылуу менен, мусулмандар кудайга сыйынсын деп ал жерге медресе-мечит да курдурган.

## Болуш атанын олуялыгы

…1904-жыл. Курбаш дарыясында түзүгүрөөк көпүрөнүн жоктугунан Өзгөндөн Анжиянга каттаган жүргүнчүлөр Кулунчактагы кечүүдөн өтүшөт. Жаштайынан атасынан жетим калып, тиричиликтин айынан өзгөндүк бир байга кароол түшкөн маргаландык Жолдош арабакеч да ушул жол менен Анжиянга күрүч алып бараткан. Жамгыр жааган убакта Кулунчактан өтүү кыйыныраак эле, анткени жогорудан суу көбөйүп, көшөрүп акчу. Таң эртең менен жолго чыккан Жолдош жамгырга карабай, суу кирип баратканын этибарга алган жок. Кенебестиктин кесепетинен оргуштаган суу аттын үзөңгүсүнөн ашып, күрүчтү агым алып кетти. Эптеп атын арабасы менен суу жээгине алып чыгып, күрүчүнө кейийт.

Жолдош агып кеткен күрүчтүн ээси байга болгон окуянын чоо-жайын айтат. Бай көзү чанагынан чыгып кетчүдөй Жолдошту жаман көзү менен карайт.

— Эй бала, мен эч нерсени билбейм! Канча күрүч алып кетсең, ошонун баарын ордуна коюп кой!

Жалал-Абадская областная библиотека

Жолдош эмне кыларын билбей, байга күрүч керек экенин түшүнүп, эшиктен чыгып басып келатса, артынан карыя адам кошо чыгат.

— Ай бала, токточу!

Жолдош улуу кищи чакырып жатканын көрүп токтоп калат.

— Балам, болор иш болду. Мен сага айтарым коргонтөбөлүк Мурзакул болуш деген бар. Ошол болуш сендей башына иш түшкөндөргө жардамын аябаган март болуш. Бар ошол жакка!

Эмне кылардын айласын таппаган арабакеч Жолдошко карыянын сөзү эп көрүнөт.

Жерге караңгы кирери менен ал Бадалбайдын үйү тарапка жөнөйт. Катар-катар ташпаналар жанып, адамдардын кобур-собурунан меймандын барлыгы сезилип турду. Жолдош кызматчылардан уруксат сурап, меймандар отурган үйгө кирип барат. Астанада саламы менен таазим кылып, үзүр сураган өзбек жигит Мурзакул болушка айтар арзы бар экенин билдирет.

— Бул жакка кел, уулум,— деп сөрүнүн төрүнө отурган сары жүздүү киши ордунун туруп, Жолдош арабакечтин колунан тартып сөрүгө отургузат.

— Болуш атаң мен болом, кандай арызың бар эле?

Бай адамдан мындай сый-урматты өмүрүндө биринчи жолу көрүп турган Жолдош толкунданып кетти. А түгүл, Болуш менен отурган өзгөндүк байлар да Мурзакул байдын бир жупуну кийинген чайрыкер үчүн ордунан тура калганына таң калышты.

— Жардамыңызды менден аябаңыз, болуш ата,— деп жалдыраган арабакечтин абалы аянычтуу көрүнүп кетти. — Бүгүн башыма мүшкүл иш түштү. Кулунчак кечүүсүнөн өтүп баратып, суу кирип жаткандыктан, байдын күрүчүн агызып жибердим. «Бай төлөйсүң, эмесе акыңды бербеймин», — деп ачууланып жатат. Маргаланда жалгыз апам менен жаш инилерим калды, аларга тамак-аш ала барышым керек. Мурзакул болуш ыйламсыраган баланы карап: Сен болгонду жашырбай туура айтканы мага жакты. Өлүм ашкерелесе да чындыкты айтканың жакшы. Ал байга азыр адам жөнөтөм, сен эч нерсе төлөбөйсүң. Андан кутултам. Барып иштеген акыңды ал, — деди.

Жолдош Мурзакул болуштун сөзүнө ыраазы болуп, кубанычы койнуна батпай чыгып кетет. Арабакеч чыгып кетери менен чыдамы кеткен бир бай Мурзакул болушка сөз узатат.

— Урматтуу болуш, сиз байларга да минтип ордуңуздан тура калып учурашчу эмес элеңиз го. Бул учурашканыңыз өзгөчө болду.

— Ээ туугандар, бул арабакеч жигиттин артынан Кызыр ээрчип жүрөт экен. Болду-болду, эл ээрчиген, эл башында турган жигит болот.

Арадан он жыл өтпөй Мурзакул болуштун айтканы туура чыгып, кийин Жолдош Акунбабаев Өзбекстандын Борбордук Аткаруу комитетинин төрагасы болуп чыга келет.

Өзбекстандын биринчи секретары Жолдош Ахунбабаев Мурзакул болуштун кылган жакшылыгын унутпай кийинки жылдары тыгыз байланышта болушкан.

Мына Мурзакул болуштун олуялыгы…

Мурзакул болуштун калтырган байлыгы, дүнүйөсү — Орто Азиядан Кашкарга чейин салып кеткен медресе-мечиттери. Анын ичинде дүйнөнүн бардык булуң-бурчунан келип элдер дарыланып жаткан Жалалабат шаарынын жанындагы «Жалалабат курорту». Мурзакул болуш — өзүнүн атын чыгарганга умтулган эмес, тек гана эл үчүн кызмат кылган инсан. Эгер ал ысмын көтөргүсү келсе, мүмкүн бүгүнкү Жалалабат шаары анын атынан коюлуп калат беле...

Ага атак-даңк эмес, эмгек керек болгон.

— Айланайын боорлорум, менин туз-насибим түгөнүп, о дүйнөгө коштошор күнүм келди. Силерден суранарым сөөгүмдү дөбөнүн чокусуна (Мазар дөбө) эмес, пасыраак койгула, себеби дөбөнүн чокусунда өткөн азиз адамдардын мүрзөлөрү бар, сөөгүм төргө чыгып кетпесин.

Бул Мурзакул болуштун 1936-жылдагы акыркы сөздөрү эле...

Жалал-Абадская областная библиотека





## Жалалабат шаарынын аталышы

Ар бир жердин аталышынын өз тарыхы бар. Кандайдыр бир инсандын кылган эмгегине же жаратылыштын кубулушуна, касиетине жараша аталышка ээ болот. Жалалабат шаарынын аталышы ар кандай урпак учугун улаган уламышка, өткөн кылымдардан бери эл оозунда унутулбай айтылып келе жаткан негиздерге токтолот. Эмесе сөздүн илгериден башат алган ийинине кирсек.

Кылым кырынан өткөн, сандаган жылды баскан, ай айланып, күн өткөн убактарда, тагыраак тактап айтканда 1880-жылдарда азыркы биз турган Жалалабат шаары ээн талаа окшобойбу. Дөңсөөлөрдө, кокту-колоттордо, аралыгы алыс жерлерде бирин-серин элдер жашаган экен. Калк мындай жыш болбос. Эл дегенде эч нерсесин аябаган Мурзакул болуш калк кыдырып кетип баратып, бак-дарактарды отургузуп, жер-жемиш тигип, гүлдөрдү эгип жүргөн баба дыйканды көрүп калат.

— Ээ балбан билек, ак жүрөк дыйканым, эмгектериң кут болсун. Бактарыңдын алды көлөкө түшүрүп, жол тартып келаткан адамды өзүнө тартып калыптыр. Эмгектенип жаткан дыйкан чекесинин терин аарчып, Мурзакул болушту тааный коюп, аттан түшүрүп бактын көлөкөсүнө алып барат.

— Болушум, жол тартып келе жатыпсыз, сиз эл жүгүн аркалап, эл-журт кыдырсаныз, биздин кызматыбыз турган журтубузду жашылдандырып-көрктөндүрүп, теңирим пендесине берген жаратылышты, сууну пайдаланып, жашылча-жемиш, гүлдөрдү өстүрсөк дейбиз.

## Легенды

Каждый восточный город имеет свои легенды, их имеет несколько и Жалалабат. Каждая из них красочная по своему. Вот одна из них. В период Кокандского ханства в Узгене жил богатый бек, у которого был красивый слуга по имени Жалал. Донесли как-то беку, что его самая любимая жена Эркингюль и Жалал любят друг друга. В порыве гнева и ревности бек решил убить своего слугу. Но возлюбленного предупредили о готовящемся злодеянии и темной ночью Жалал бежал. Днем он скрывался в зарослях камыша, преодолевая холод и голод, сделал себе кань (шалаш), и стал в нем жить. Из камыша, обильно росшего на нынешней территории города, он стал плести берданы и обменивать их у пастухов на скот. Постепенно, рядом с кибиткой Жалала, появились другие строения. Так родился кишлак, названный по имени первого поселенца – Жалал.

Одна из легенд связывает название города с именем Хорезмского героя XIII века Жалал ад-Дина. В ней рассказывается о том, что когда войска Чингизсхана захватили Хорезм, Жалал ад-Дин, сын шаха, собрал войска, с которыми перешел через горы Гиндикуш и вышел в Кёгартскую долину. И здесь, на месте нынешнего Жалалабата, произошла битва между войсками Жалал ад-Дина и монгольскими захватчиками. Жалал ад-Дин потерпел поражение и погиб.

Жалал-Абадская областная библиотека



Ачылып турган гүлдү, жетилип келаткан жемишти көргөн бак көлөкөсүндөгү Мурзакул болуш дыйкандын эмгегине ыраазы болот.

— Сенин эмгегиңди көрүп, дыйкан деп жатам, өз ысмың ким.

— Менин атым Жалал болот.

— Ыракмат сага, Жалал, атыңа жараша затын да төп келип, жаратылыш сырына жараша ысмың бар экен. Бактын көлөкөсү кандай керемет. Сен жаратылышка жан киргизген адам экенсиң. Журтубузга да жан киргизип жатасын. Жалал! Журтубуздун аты сенин атыңдан коюлат.


Мурзакул болуш атына минип жол тартып жөнөйт. Мына ошондон улам Мурзакул болуштун сөзүн бекемдеп, Жалалдын эмгеги бааланып, эл оозуна алынып, Жалалдын атынан Жалалабат келип чыккан экен.

Дагы бир уламыштын учугун уласак. Өткөн кылымдарда Өзгөндө бир байдын Жалал деген каралы болот. Ал байдын аялын сүйүп калат. Аны байкап калган бай Жалалды өлтүрмөкчү болгондо, байдын аялы Жалалды качырып жиберет. Жалал көп жылдар бою калың камыштын ичинде жашырынып жан сактап, кепе курат. Анын жанына башкалар да отурукташып, адам саны көбөйүп, кыштакка айланат. Акыры жүрүп ал жер Жалалабат атка конот.

Шаардын аталышын тереңдетип каза берсе, калк ичинде айтылып келаткан кептер түгөнбөгөн казына. Жалалабат аталышынын келип чыгышын XIV кылымдын орто ченинде жашап өткөн Хорезмдин шахы Мухаммеддин уулу Жалал ад-Диндин ысымы менен байланыштырышат. XVIII кылымда Кокон хандыгынын тушунда ушул чөлкөмдө жашаган Жалал ид-Дин деген дарыгердин ысмына байланыштуу деп да эсептешет.

Негизинен «Жалал» деген сөз фарсы тилинен которгондо даңктуу, сөөлөттүү дегенди билдирсе, «абад» жашылданган, көрктөнгөн деген маанини берет.

Ал эми шаардын Жалал-Абад деген аталышы жакындан бери эле 2002-жылдагы кыргыз тилинин жазуу эрежелеринин жаңы редакциясынын негизинде Жалалабат болуп жазылып калбадыбы. Тарыхты такташ үчүн ошол кездеги кол жазмалар түпкүлүгүн түзөт. Кыргыз элинин баскан жолу, алар мекендеген ата-журту атадан балага, укумдан тукумга өтүп, эл оозунда айтылып отуруп, бүгүнкү күндөн өз ордун тапты. Ата-бабалардын арымы, алар байыр алып, мекендеген журт окумуштуулардын изилдөөлөрүнөн өтүп, жазуучулардын чыгармаларында чагылдырып келатат.



Курманбек баатырдын эстелиги.
Памятник Курманбек баатыру.

Жалал-Абадская областная библиотека



## Шабдан Жантай уулунун Жалалабатка келиши

1875-жылы генерал Троцкий Шабданды Түштүккө келип, Махрамдан качкан Полот ханды, Олуяата уездиндеги камактан качып, Көгарт тарапта жашырынып жүргөн Абдымомунду издешүүсүн, түштүк кыргыздардын орус букаралыгына киргизүүгө көмөктөшүүсүн суранган. Ал эми К. П. Кауфман Шабданга Махрамдан качкан Абдрахман аптабачыны кармоо үчүн барон Штакельбергдин казак-орус жүздүгүнө кошулуп, качкындарды куугунтуктоого катышуусун тапшырган. Шабдан иниси Абдрахман, жөкөрү Баяке жана 40 жигити менен 1875-жылы Тогузторо аркылуу Көгарт өрөөнүнөн өтүп, Жалал-Абад шаарына келген. Орус кошууну менен кошулган Шабдан К. П. Кауфмандын Наманган тарапка кеткенин угуп, жигиттери менен ошол жакка бет алган. Жолдо Избаскен, Ботокара чөлкөмдөрүндө Полот хандын жигиттери булардын алдын тосушкан. Барон Штакельбергдин 1875-жылы 1-октябрдагы рапортунда Избаскен менен Ботокаранын жанындагы көтөрүлүшчүлөр менен болгон кагылышууларда Шабдандын аракеттери жогору бааланган. «Өзгөчө манап Шабдан жана менин татар котормочум Шерад экөө Тогузтородон чыккандагы чек аралык бекет Атай капчыгайынан баштап, Наманганга чейин керектүү чалгын маалыматтарын жыйноодо, көтөрүлүшчүлөрдүн чабуулдарын кайтарууда зор көмөк көрсөтүштү», – деп жазган барон. Бул окуядан кийин Шабдан Жантай уулу орус жазалоочулары менен бирге Наманганда, Анжиянда болгон. «Жакшы кызматы үчүн» Шабдан, анын жигиттери Георгий крести, сый чапандар, акча менен сыйланышкан. Үйгө кайткан Шабдан бир жылдан кийин, 1876-жылы М. Д. Скобелевдин чакыруусуна байланыштуу июлда кайрадан Ошко келип, белгилүү Алай согуштук экспедициясына катышкан.

**Совет бийлигинин орнотулушу.** 1917-жылдагы Февраль революциясынын жеңишинен кийин деле Орусия империясынын Түркстан чөлкөмүндөгү оторчул саясаты өзгөрүүсүз калган. Кыргыз, казак, өзбек элдери чыныгы улуттук эркиндиктерге ээ боло алган эмес. Мурдагы падышалык төбөлдөр жер-жерлердеги бийлик орундарында кала беришкен. 1917-жылы март айынан баштап түзүлгөн Жумушчу депутаттар советтеринин башчылары, мүчөлөрү дээрлик орус жана европалык улуттардын өкүлдөрү болгон. 1917-жылдын 25-октябрында Петрограддагы большевиктер партиясынын төңкөрүшү пролетариат диктатурасынын орношуна алып келген. 1917-жылы 1-ноябрда Түркстан чөлкөмүнүн борбору Ташкенде Совет бийлиги орногону тууралуу жарыяланган. Ноябрдын аягында Кызылкыяда, декабрда Жалалабат, Ош, Таласта, 1918-жылы февралда Пишпекте, апрелде Нарында, май айында Караколдо Совет бийлиги орногон. Совет бийлиги жеңгенден кийин социалдык кайра куруу иштери башталган. Бийликтин борбордук органдарынын декреттерин жана токтомдорун ишке ашырып, Советтер ири эксплуататорлордун жерлерин, мүлкүн конфискациялап, өнөр жай жана соода ишканаларын, банктарды, кендерди мамлекеттештирген, сабатсыздыкты жоюу, ачарчылыкка каршы күрөшүү боюнча комиссияларды түзгөн. Совет бийлигинин жүргүзгөн прогрессивдүү иш-аракеттеринен тышкары, жергиликтүү калктын кызыкчылыктарын эске албаган иштери да арбын болгон. Мис., 1997-жылы түзүлгөн Түркстан Эл Комиссарлар Советинин курамына жергиликтүү элдерден бир да өкүл шайланган эмес. 1917-жылы 2-ноябрда кабыл алынган «Орусия элдеринин укуктарынын декларациясындагы» элдердин тең укуктуулугу, суверендүүлүгү, алардын өз тагдырын өздөрү эркин чечүүгө, өзүнчө бөлүнүп, өз алдынча мамлекет түзүүгө чейин укуктуулугу тууралуу жоболорду иш жүзүнө ашыруу үчүн жергиликтүү калктын

Жалал-Абадская областная библиотека



демократиячыл маанайдагы өкүлдөрү 1917-жылы 12–16-ноябрда Кокондо жалпы мусулмандардын кезексиз 4-курултайына чогулушат. Курултай Түркстан автономиялык түзүлүшүн жарыялайт. Жаңы түзүлгөн Кокон автономиялык өкмөтүнүн курамы Ташкендеги Эл Комиссарлар Советинен интелигенттүүлүгү, демократиялуулугу жагынан да айырмаланган. Анын курамына жергиликтүү элдердин өкүлдөрү менен катар славян улутунун өкүлдөрү да кирген. Ташкендеги Эл Комиссарлар Совети жаңы өкмөттү мыйзамсыз катары эсептеп, Кокондү курал менен басып алып, окуя Фергана өрөөнүндөгү жергиликтүү калктын Совет бийлигине каршы күрөш баштоосуна себеп болгон. Жалалабат, Ош, Эски Маргалаң, Анжиян шаарлары бул кыймылдын борборлоруна айланган. 1918-жылы башталган улуттук- боштондук күрөш 1924-жылы М. В. Фрунзе башында турган Түркстан фронту деп аталган большевиктик күчтөр тарабынан басылган. Айрым кыргыз айылдарында геноциддик кыргындар уюштурулган.

1918-жылы күзүндө Фергана облусунда, анын ичинде Жалалабат аймагында Совет өкмөтүнүн өткөөл саясатын жактырбаган колониялык бийликтерди толук жактоочулар жана жергиликтүү интеллигенциянын боштондук идеясын колго алып, бирок ал идеяны өз кызыкчылыктарына жумшаган ооқаттуу адамдардын үгүттөөсү менен «басмачылар» деген ат менен көптөгөн тургундар чыга баштаган. Чын-чынына келгенде Кокон автономиясынын багыты менен талаптоноого жол берген басмачылардын багыты бир болгон эмес. Бирок, ошол эле басмачылардын ичинде боштондук идеяны жактаган билимдүү адамдар да болгон. Большевиктер үчүн Совет бийлигине каршы чыккандардын баары бир беткей «тап душмандары» катары каралган. 1918-жылы ноябрь-декабрда Сузак өрөөнүндө К. Монстров башкарган «дыйкандар армиясы» түзүлүп, анын штабына ак гвардиячы офицерлер жана кулактар кирген. Дыйкандарды Совет бийлигине каршы тукурушкан. 1918-жылы июлда басмачылардын башына улуттук буржуазия колдогон Мадаминбек коюлган. Эргеш, Калкожо, Мойдун, Көр-Шермат өңдүү корбашылардын ири басмачы кошуундары ар түрдүү адамдардан куралган. 1919-жылы жазында Кызыл Армиянын соккуларынан кийин Кыргызстандагы Граждандык согуштун жүрүшү Совет бийлигинин пайдасына өзгөргөн. Түштүк Кыргызстанда Мадаминбектин, Монстровдун кулак-дыйкандар армиясынын бирикмеси чоң коркунуч болгон. Аларга каршы күрөшүү үчүн 1919-жылы 14-августта Түркстан фронту түзүлгөн. М. В. Фрунзе фронттун командачысы, В. В. Куйбышев революциячыл аскер советинин мүчөсү болуп дайындалган. 1919-жылы сентябрда Мадаминбек менен Монстровдун күчтөрү Ош менен Жалалабатты басып алып, Ош-Анжиян участкасындагы советтик аскерлердин штабы жайгашкан Анжиянга чабуул коё баштаган. Анжияндыктарга Кызыл Армиянын бөлүктөрү, анын ичинде Каспий фронтунан Казан полку жардамга келген. 2 күндүк уруштан кийин кулактар менен басмачылардын бир бөлүгү талкаланып, калгандары чегинип кетишкен. 30-сентябрда Жалалабат бошотулган. Сентябрдын аягында Туркстан фронтунун аскерлери Түркстан АССРин курчоодон бошотуп, Борбордук Орусия менен байланышты калыбына келтирген.





Кыргыз дивизиону. 1920-ж.
Ыктыярлуу отряддын жүрүшү. 1923-ж.

Жалал-Абадская областная библиотека



## № 156

*Доклад М. В. Фрунзе В. И. Ленину о положении в Фергане*

**№ 00031, ст. Джалал-Абад 27 мая 1920 г.**

**Даю краткую информацию о положении в Туркстане. В военном отношении наиболее угрожающей для данного момента является Фергана. С появлением подножного кор ма и в связи с интригами афганцев и бухарцев здесь вспыхнула новая волна басмаческого движения. Мною направлены сюда все силы, какими только располагал, включа; манду собственного поезда. С 21 мая нахожусь в Фергане лично. Курс провожу твердый и решительный на полное уничтожение басмачества. Условия борьбы чрезвычайно тяжелы, ибо фронт кругом, а наши силы далеко недостаточны. Большинство частей, составленных из бывших басма оказались ненадежными и их приходится разоружать с боем. Туземное население стонет и жаждет уничтожения басмачества, но, терроризируемое им, пребывает пассивным.**

**Параллельно с решительными военными мероприятиями должно идти советское строительство, находящееся ныне в безнадежном состоянии. Дело не подвинется вперед, если Вы не пошлете из России хотя [бы] простых середняков-рабочих. Фергана является главным поставщиком хлопка оптом, и ей должно быть уделено самое серьезное внимание.**

**Дерзость басмачей переходит всякие границы. Стою с поездом в Джалал-Абаде, а в четырех верстах несколько минут назад шайка басмачей ограбила кишлак. Не хватает конницы для действия в поле.**

**Другим больным * местом является Бухара, ведущая себя определенно агрессивно. За последнее время был ряд нападений на наши пограничные посты с проникновением вглубь на [нашу] территорию. Столкновения порой принимают характер настоящих боев.**

**Ввиду крайнего недостатка сил настоятельно прошу Вас оказать некоторое давление на высшее командование в смысле уделения большего внимания Туркестану, несмотря на всю важность Западного фронта, что вполне сознается и мной.**

**Плохо обстоит дело со снабжением, в частности с продовольствием, что объясняется** абсолютной непригодностью продорганов как местных, так и краевого. Урожай нынешнего года обещает быть хорошим, что и должно облегчить положение.**

---

*** В документе — большим.**
**** В документе — выясняется.**

**Командтуркфронтом** ***Фрунзе***

*Опубл. в кн.: Из истории гражданской войны в СССР..., т. 3, с. 557—558.*

*ЦГАСА, ф. 6, оп. 12, д. 92, л. 25. Копия.*




30-жылдардын комсомолдору.
Комсомольцы 30-х годов.

Жалал-Абадская областная библиотека









М. В. Фрунзе —
Түркстан фронтунун
башкы командачысы.
1920-ж.

М. В. Фрунзе —
командующий войсками
Туркестанского фронта.
1920 г.

М. П. Ивашин —
басмачылык менен
күрөшүү боюнча
Жалалабат гарнизонунун
начальниги. 1919-ж.

М. П. Ивашин —
начальник
Джалал-Абадского
горнизона по борьбе
с басмачеством. 1919 г.

Түркстандын
1-армиясынын мусулман
кызматчыларынын
съезди. 1919-ж.

Съезд мусульманских
работников 1-й армии
Туркестана. 1919 г.

М. В. Фрунзе жана
В. В. Куйбышев Түркстан
фронтунун штаб
кызматкерлеринин
арасында. 1919-ж.

М. В. Фрунзе и
В. В. Куйбышев среди
работников штаба
Туркестанского фронта.
1919 г.

Жалал-Абадская областная библиотека



ПРОТОКОЛ № 8
ЗАСЕДАНИЯ ПРЕЗИДИУМА РЕВОЛЮЦИОННОГО КОМИТЕТА КАРА-КИРГИЗСКОЙ АВТОНОМНОЙ ОБЛАСТИ

29 го ноября 1924 года

ПРИСУТСТВОВАЛИ: Члены Президиума т.т. АЙДАРБЕКОВ
ХИТУЛАТОВ
С.МАЛЬЦЕВ
ТОЛЧИНОВ
по приглашению т. КАМЕНСКИЙ – Отв.секр.Оргбюро РКП/б/
ФИЛАТОВ – от Хлебтреста

ПРЕДСЕДАТЕЛЬ – т. АЙДАРБЕКОВ
СЕКРЕТАРЬ – т. С.МАЛЬЦЕВ

| СЛУШАЛИ: | ПОСТАНОВИЛИ: |
| --- | --- |
| 1. О мероприятиях в связи с новым районированием Кара-Киргизской Автономной области. | 1. В связи с районированием Кара-Киргизской Автономной области на четыре округа: Пишпекский, Каракол-Нарынский, Ошский, Джалаль-Абадский /согласно постановления Президиума от 25 ноября с.г./ признать необходимым провести в срочном порядке следующее:<br>а/ Утвердить разработанные штатной комиссией Облревкома штаты окружных учреждений Кара-Киргизской Автономной области по местному бюджету и в срочном порядке препода[ть] их для руководства местам;<br>б/ Поручить Облплану озаботиться срочным составлением смет по местному бюджету согласно нового административного деления области и утвержденных штатов;<br>в/ Признать необходимым впредь до разработки и утверждения центром новых штатов по учреждениям, находящимся на госбюджете, поручить окружным учреждениям, прежним на госбюджет, обслуживать временно соседние два округа, т.к. центром штаты таких утверждены на 2 округа с дополнительным истребованием произведенн. расх.<br>г/ Поручить Облплану совместно с Облфинотделом разработать дополнительные /в соответствии с новым районированием области/ штаты окружных учреждений, находящихся на госбюджете для обслуживания учреждений двух новых округов. |
| 2. О перенесении центра Кара-Киргизской Автономной области из г.Ташкента в г.Пишпек и установлении окружных центров. | 2. В связи с отсутствием помещения в г.Ташкенте и невозможностью вследствие этого развернуть работу областных отделов немедленно признать необходимым перевести центр области в г. Пишпек.<br>~~В связи с этим~~<br>[...] установить центром Пишпекского округа г.Токмак.<br>Центрами остальных округов утвердить: а/ Каракол-Нарынского – временно г.Каракол<br>б/ Ошского округа – г.Ош<br>в/ Джалаль-Абадского округа – г. Джалалабад<br>Просить соответствующие органы об утверждении настоящего постановления. |
| 3. О мероприятиях в связи с перенесением центра области в г.Пишпек и окружного Пишпекского центра из Пишпека в Токмак. | 3. Разработанную в общей сумме 161.276р.99к. рублей смету на переброску Областных учреждений, работников, инвентаря из г.Ташкента в г.Пишпек, окружных учреждений из г.Пишпека в г.Токмак – утвердить.<br>Смету на организацию Джалаль-Абадских окружных учреждений разработать и представить дополнительно.<br>Просить соответствующие органы о срочном ассигновании потребных на переброску областных и окружных учреждений суммы Облревкому в целях скорейшего осуществления в жизнь постановления о переброске.<br>Поручить Облплану в срочном порядке разработать сметы на самый необходимый ремонт помещений в г.г. Пишпеке, Токмаке и на перестройку необходимых в Джалаль-Абаде для Областных и окружных учреждений помещений и представить ее на утверждение Президиума Ревкома для исходатайствования в соответствующих органах потребных на ремонт и постройки денежных средств. |
| О необходимости отвода в срочном порядке помещения для открытия Областной Приходо-Расходной Кассы /т.САМОРЕНКО/. | 4. В связи с организацией Областных Отделов и открытия по ним кредитов – признать необходимым немедленно организовать в Ташкенте Областную Приходо-Расходную кассу.<br>Просить соответствующие органы о даче распоряжения Узбекскому Наркомфину о немедленном отводе в помещении, занимаемом Центрокассой, одной комнаты для кассы и одной кладовой. |
| 5. Об электрофикации г.Пишпека | 5. Признать необходимым в связи с переходом центра области из Ташкента в г.Пишпек, поручить Облплану срочно разработать соображения об электрофикации г. Пишпека.<br>Признать необходимым впредь до окончательного оборудования и пуска в ход гидростанции на р.Чу в самом срочном порядке установить хотя бы временную электрическую станцию для освещения г.Пишпека<br>Предложить Облплану в 3х дневный срок разработать вопрос об установке в Пишпеке временной электростанции. |
| 6. О телефонной станции в г.Пишпеке | 6. Поручить Облплану в срочном порядке разработать совместно с Уполномоченным НКП и Т вопрос об устройстве в г.Пишпеке телефонной станции и свои соображения на этот счет представить в Президиум Облревкома. |
| 7. Об организации Комиссии по установлению сети и штатов по местному бюджету /т.ХИТУЛАТОВ/ | 7. Организовать при Облревкоме комиссию по установлению сети и штатов по местному бюджету в составе:<br>Председатель – т. ТОЛЧИНОВ /от Облревкома/<br>Члены т.т. – ДУДОЛЬСКИЙ /от Облплана/<br>САМОРЕНКО /зав.Облфо/<br>с привлечением к работе Уполномоченного Обл. РКИ т. ПАЛКИНА и бюджетников от Облфо КОВЧИНСКОГО и ГУСЕВа и представителей Областных Отделов. |

| | |
| --- | --- |
| [...] организации Административного Отдела. | 8. Поручить тов. [...] продвинуть и ускорить вопрос об организации Областного Административного Отдела. |
| [...] О приезде Председателя Кара-Киргизской Автономной области в РСФСР | [...] Утвердить тов. [...] Председателем Кара-Киргизской Автономной области в [...] |
| [...] Об очередных заседаниях Президиума Облревкома. | [...] Очередные заседания Президиума Облревкома созывать еженедельно по [...]<br>На заседания приглашать заведующих Облотделами. |

Председатель Айдарб[еков] /АЙДАРБЕКОВ/

Секретарь С.Мальцев /С.МАЛЬЦЕВ/

ЦГА КР. Ф. 20. Оп. 1. Д. 3. Л. 17–18. Подлинник.

Зам. директора ЦГА КР [...] Е. Раманова




Жалалабат. 1925–1930-жылдар.

Жалал-Абадская областная библиотека



## УЛУУ АТА МЕКЕНДИК СОГУШ 1941–1945-жж.

## ВЕЛИКАЯ ОТЕЧЕСТВЕННАЯ ВОЙНА 1941–1945 гг.



**«Эч ким эч нерсе унутпайт». Жалалабат Улуу Ата Мекендик согуш жылдарында.**

Канчалаган адамдардын көз жашын төгүп, кырчындай өмүрлөрдү кыйып кеткен согуштун бүткөнүнө алтымыш жылдан ашуун убакыт өтүп кетсе да, ал кез унутулбай укумдан тукумга, атадан балага айтылып, жүрөк толтосунан орун алып келет. Бүгүнкү күндө көкүрөгү толтура орден-медаль тагылган, сексен жаштан өтүп, таягына сүйөнүп калган аталарыбыз кырчындай 16–20 жаш курагында колуна курал кармап Ата Мекенин коргош үчүн согушка аттанган. Душман тарабынан атылган ок алардын өлүмүнө бет алса, алар тарабынан учкан ок душмандын ажалына арналган. Ошентип, согуш – адамзаттын кыргыны. Ата Мекен үчүн башты койгон убакта душмандын адам экенин ойлош кайда...

Өз элинин эркиндиги, мекенин коргоого аттанган эр азаматтар калаадан чыгып кеткен кезде, шаар ээнсиреп калган, үй-бүлөнүн башында турган аталардын, агалардын орду жоктолуп, үйдөн кут кете түшкөнсүп, журттун, калайык-калктын кабагы бүркөлгөн, калк ичин караңгы түн басkансып, балдарда күлкү жок, ой тартып турган. Анан кантет аталары согушка кетсе, чогуу турган энелери

**Пятая пехотная дивизия.** Исполнилось 65 лет как в городе Жалалабат и его окрестностях, размещалась в период с 24 января 1942 г. до середины 1942 года 5-я польская пехотная дивизия, входившая в состав сформированной в СССР польской Армии, которой командовал польский генерал Андерс Владислав (1892–1970 гг.). В 1942 году польское эмигрантское правительство перебросило ее на Ближний Восток.

5-й польской пехотной дивизией в первой половине 1942 года командовал генерал-бригадир Борута Спехович, с июня 1942 года – генерал бригады Раковски, штаб дивизии возглавлял подполковник генерального штаба Лесняк Вильк.

По распоряжению председателя Джалал-Абадского облисполкома А. Суеркулова, штаб 5-й польской дивизии размещался в здании, занимаемом ныне областной типографией. им. С. Клоцмана. В те годы это здание было одно из лучших городских зданий.

Подразделения 5-й дивизии размещались в средней школе № 2, в здании оре-

Жалал-Абад, Сузак районунун комсомолдору. 1942-ж.

Жалал-Абад, Сузакские комсомольцы. 1942 г.



Жалал-Абадская областная библиотека



үй бетин көрбөй кечке талаада жүрсө. Айтор, согуш эненин ичиндеги жарык дүйнөгө жарала элек periштеге да таасирин тийгизген. Алаамат согуштун түбү – өлүм, кыргын.

Жалпы жумурият боюнча 360 миң жаран согушка кетсе, анын ичинен Жалалабат шаары боюнча 10 миң адам аттанган. Алар Москва алдындагы, Ленинград, Курск, Орлов жана Волга жээгиндеги салгылашууларга катышкан.

Кыргызстандык жана казакстандык атуулдардан атайын дивизия түзүлүп, аны генерал-майор И. В. Панфилов жетектеген. Бул дивизия Панфиловдун командачылыгы астында тайманбас эрдиктерди көрсөтүп, генерал баштап, көптөгөн жоокерлер Советтер Союзунун Баатыры деген наамга ээ болушкан.




Танкисттерди фронтко жөнөтүү. 1942-ж.

Отправка танкистов на фронт. 1942 г.

Биздин жалалабаттык жоокерлер көздүн карегинде учуп турган жаандай жааган октон коркпой, бийик патриоттук рухун көрсөтүп, элин-жерин коргоп, жанын бергенге да даяр турушкан. Орусу, татары, өзбеги, кыргызы болобу баары бир кишидей ынтымактуу болушкан.

Коогалаң кезинде Жалалабат шаарынан алты Советтер Союзунун Баатыры чыкты. Алар: Р. Азимов, М. Бабкин, Е. Мазков, И. Немцев, Дмитрий Панфилов, Т. Тайгараевдер болгон. И. Кондратенко. Д. Панфиловдор 1945-жылдын 24-июнунда Москва шаарынын Кызыл Аянтында өткөн Жеңиш парадына катышкан.

Улуу Ата Мекендик согуштун ардагери Мурзалиев Садыр 1942-жылдагы салгылашуу майданын мындай эскерет.

холесхоза, ныне Институт энергетики и микроэлектроники южного отделения НАН. Тыловые подразделения занимали склады облпотребсоюза.

Госпиталь на 200 коек – в СШ № 3. В селе Благовещенка располагались 13 и 14 пехотные полки, а в с. Сузак – 15-й пехотный полк, в селе Пахтакуча – артиллерийский полк и зенитный дивизион.

В период нахождения 5-й пехотной польской дивизии в Джалал-Абаде польскими солдатами в парке им. Токтогула, в южной его части, было построено здание, в котором проходили религиозные обряды, а позже, после окончания войны, в результате некоторой реконструкции была построена сцена, где проходили концерты смотры художественной самодеятельности и собрания. В народе он значится как летний драмтеатр.

Некоторые поляки и польские евреи, эвакуированные в годы войны в Джалалабат, так и остались в гостеприимной Киргизии. Умершие похоронены на городском кладбище. В период репатриации (1945–1950 гг.) желающие возвратились на родину.

В годы войны и позже (1941–1950 гг.) на улице бывшая Торговая 45, размещалась еврейская синагога. В связи с возвращением прихожан в родные места (Польша, Украина, Белоруссия), синагога прекратила свою деятельность (Газета «Мааян», декабрь 2002 г.)

Жалал-Абадская областная библиотека



«Согушта күн өткөнүнө, жыл улаганына деле көңүл бурбайсың, оюңда бир гана нерсе бар, немецти атуу. Үй-бүлөнү эстегенге деле чама келбейт. Көп нерсени айткандан баш тартчу элем, бирок бир нерсени айтпай койсом ичим бышып жарылып кетчүдөй. Аябай суусап каным катып калды, эмне кыларымды билбейм, аңгыча онтологон дабышты угуп калдым, чуркап барсам сулууча келген жаш жигитке ок тийип, денесинен кан фонтандай атып жаткан экен. Жардам болор бекен дегенсип көзүн жалдыратып мени карап калды. Жанына барып башын көтөрдүм, суусаган жаным, атып жаткан канга оозумду тосуп, ичип да алдым. Адамдын каны таттуу болорун ошондо билдим. Аңгыча солдаттар келип, ок жаңылган жигитти танып алып кетишти. Мени көргөн орус улутундагы капитан аягансып, боорукерлик менен карап койду. Согуш болбосун, согуш жаман».

Канчалаган адамдар изи жок дайынсыз жок болуп кетсе, канчалардын сөөгү туулган жерине буйрубай, ажал жеткен ордунда кала берген. 1942-жылдагы Смоленск салгылашында көп жоготуулар болгон. Ошол урушта биздин жалалабаттыктардан И. Бигулов, П. Ковалев, И. Назаров, А. Нурматов, П. Куприенко, Николай жана Макар Литвиновдор, Х. Монсуров, Х. Соликов, М. Собельков, М. Маникуловдор окко учуп, сөөктөрү Смоленский облусуна коюлган.

Ленинград шаары үчүн салгылашууда Лычковский районунун Лоина кыштагында 245-аткычтар дивизиясынын 901-аткычтар полкунан биздин Жалалабат шаарынан барган 11 жоокер каза болгон. Алар Михаил Бедзуков, Тургун Даутов, Кула Кадырбаев, Васик Гасимов, Акрар Аламов, Кочкор Мамадалиев, Юсуп Мамадалиев, Максим Зеленский ж. б. Булардын сөөктөрү Ленинград шаарында калган.

Кырк жыл дайынсыз деп изделүүдө жүргөн Алыкул Арзыкуловдун сөөгү кийин табылып, 1944-жылдын 12-апрелинде Тернополь облусунун Козлов айылына коюлганы аныкталган.

Согуш күчөп турган кезде, 1942-жылдын 14-сентябрында 23 жаш курагында мурунку Жалалабат обком комсомолунун катчысы Кубат Жуматаев каза болгон.

Согушта ок жаңылып, бир тууган Баландиндер, Зариповдор, Каримов, Нармановдор, Урмановдор, Скибиндер, Режебалиевдер ж. б. көптөгөн жоокерлер үйлөрүнө кайтпай калды. Жалалабат шаарынан согушка аттанган 10 миң эр азаматтан 4976 жоокер майдан талаасында кала беришкен.

Ошол кездеги энелер күн карап, жол тосуп, уулдарын күтүп жүрүп, көз жаштары тыйылбай өтүп кетишти. Энелердин жүрөгү жарык дүйнөдө да караңгы болуп, жашоодо бүдөмүк, көргөн көздөрүнө, уккан кулагына, суук кабарды жан дүйнөсү ишенбей, кабыл албай жүрүп өмүрүн сарп кылышты. Анан, кантет «уулуң курман болду деген кара кагаз алганы менен анын жок дегенде өлгөндөгү маркумдугун көрбөсө...»

Эч ким эч нерсе унутпайт.





Жоокерлер. 1944-ж.
Бойцы. 1944 г.

«Эч ким эч качан унутулбайт».
«Никто не забыт, ничто не забыто».

Жалал-Абадская областная библиотека

# СОВЕТТЕР СОЮЗУНУН БААТЫРЛАРЫ


Т. Тайгараев


Д. И. Панфилов


Е. К. Мазков


М. Н. Бабкин

**Тайгараев Тукубай** (1923, Сузак району, Кедейарык айылы – 1944, Латыш ССРи, Рундене айылы) – сержант, Советтер Союзунун Баатыры (1945). 1942-жылы Кызыл Армиянын катарына чакырылган. 2-Прибалтика фронтунда 3-сокку берүүчү армиянын 219-Идринск дивизиясынын 375-аткаргычтар полкунда бөлүм командири. 1944-жылы 19-июнда Рундене айылынын жанында салгылашта эрдик көрсөткөн. Жоокерлердин тобуна (11 киши) душмандын ооругуна өтүп, алардын шоссеге чегинүүчү жолун тосуп салуу жөнүндө тапшырма берилген. Алардын тобу курман болушса да, берилген тапшырманы аткарышкан. Аты жок бул бийиктик жоокерлердин урматына «11 жоокер бийиктиги» деп аталган. Лудзе шаарындагы паркта аларга эстелик тургузулган. Тайгараевдин урматына Сузак районундагы чарба, Жалалабат шаарына караштуу администрация-аймактык бирдик аталган, Сузак районундагы Качкынчы кыштагына бюсту орнотулган.

**Панфилов Дмитрий Иванович** (1913, Оренбург губерниясы, Буртен айылы – 1986, Фергана шаары) – лейтенант, Советтер Союзунун Баатыры (1945). Согушка чейин Жалалабат облустук керек-жарак союзунда айдоочу болуп иштеген. 1941-жылы Жалалабат райондук аскер комиссариатынан Кызыл Армиянын катарына чакырылып, Москваны коргоого катышкан. 1943-жылы Саратов танк аскер окуу жайын бүтүргөн. Батыш, Калинин, 2-Украин фронторунда салгылышкан. 1944-жылы октябрда анын ротасы Будапештке баруучу жол боюнан коргонуу чебин ээлеп, душманды талкалоодо бөтөнчө эрдик көрсөткөн. Ленин, Кызыл Жылдыз, 2-даражадагы Ата Мекендик согуш ордендери, медалдар менен сыйланган. Согуштан кийин Жалалабатта автомобиль транспорт тармагында иштеген.

**Мазков Евдоким Константинович** (1922-ж. 20-июнда Казакстан, Актөбө облусу, Мартук станциясы – 1977, Жалалабат шаары) – учкуч, Советтер Союзунун Баатыры (1944). Жалалабат шаарынан Советтик Армиянын катарына чакырылган. 1942-жылы Чкалов шаарындагы учкучтардын жогорку мектебин бүткөн. 1943–1944-жылдары 237-штурмалоочу авиациялык полкто авиазвенонун командири. Түштүк-батыш жана 3-Украин фронторунда болуп, Белгород, Донбасс, Запорожье, Никопол, Кривой Рогду бошотууга катышкан. 89 согуштук учуу жасап, душмандын 89 автомашинасын, 7 танкын, 26 замбирегин, 8 дзотун, 4 кампасын, 19 вагонун, 2 ротадай аскерин жок кылган. Запорожье аймагында Днепр дарыясындагы темиржол көпүрөсүн сүрөткө тартып алуу боюнча өтө татаал тапшырманы аткарган. Ленин, 2 Кызыл Туу, 1-даражадагы Ата Мекендик согуш ордендери, медалдар менен сыйланган. Жалалабат шаарындагы көчөгө ысмы ыйгарылган.

**Бабкин Михаил Николаевич** (1922, Воронеж облусу, Аннинский району, Старая Тайга айылы – 1959, Киев облусу, Борисполь шаары) – учкуч, авиация майору, Советтер Союзунун Баатыры (1945). 1941-жылы Көкжаңак райондук аскер комиссариятынан Кызыл Армиянын катарына чакырылган, 1943-жылы июлдан штурмалоочу Кызыл Туулуу Вольковыск 198-авиация полкунда Белоруссияны бошотууга катышып, Польша менен Чыгыш Оруссия аймактарында салгылашкан. Душман менен салгылашуу үчүн 192 жолу согушта учуу жасаган. Жалгыз өзү душмандын 85 автомашинасын,

Жалал-Абадская областная библиотека




Р. Азимов


А. Ф. Абрамов


Ф. Тешебаев

10 бронетранспортёрун, 5 өзү жүрүүчү куралын, 8 са- молётун, 5 зениттик жана согуштук артиллериялык куралын талкалап, кректен чыгарган. Согуштан кийин Советтик Армиянын катарында кызмат өтөөнү улантып, аскердик кызмат учурунда курман болгон. Эки Ленин, 4 Кызыл Туу, 2-даражадагы Ата Мекендик согуш, Кызыл Жылдыз ордендери жана медалдар менен сыйланган. Жалалабат шаарындагы мектепке жана көчөгө ысмы берилген.

**Азимов Розы** (22.9.1925-жылы туулган, Сузак району, Чөкөдөбө айылы) – Советтер Союзунун Баатыры (1944). Кыргызстан КП БКнын алдындагы республикалык партиялык мектепти (1951), Жалалабат педогогикалык окуу жайын (1965) бүткөн. 1943-жылы Кызыл Армиянын катарына чакырылган. 1944-жылы мартта Ташкендеги В. И. Ленин атындагы Жөө аскер окуу жайынан курсанттар тобу менен майданга кеткен. 334-аткычтар дивизиясынын 1124-аткычтар полкуна пулемётчу болуп кабыл алынган. 1944-жылы июнь айында Витебск аймагында душмандын коргонуусун бузуп өтүүдө эрдик көрсөткөн. Батыш Двина дарыясынан биринчилерден болуп өтүп, полктун жоокерлерине чабуул коюуга мүмкүнчүлүк түзгөн. Согуштан кийин колхоздун башкармасынын төрагасынын орун басары, партиялык комитеттин башчысы, майыптар үйүнүн директору болуп иштеген. Ленин, 1-даражадагы Ата Мекендик согуш ордендери менен сыйланган.

**Абрамов Алексей Фёдорович** (1925-жылы туулган, Башкырт АССРи, Даниловка айылы) – Даңк орденинин толук кавалери. 1936-жылдан Көкжаңгак шаарында жашаган. 1943-жылы Советтик Армияга чакырылып, Ата Мекендик согушта Смоленск, Ржев, Витебск шаарлары, Нарев плацдармы үчүн болгон уруштарга, Гданск менен Кёнигсбергди алууга катышкан. Согуш майданында көрсөткөн эрдиги үчүн 3- жана 2-даражадагы Даңк орденин алууга татыктуу болгон. Эльбага жакынкы салгылашуудагы анын эр жүрөктүүлүгү жогору бааланып, 1-даражадагы Даңк ордени менен сыйланган. Согуштан кийин Көкжаңгак шаарына кайтып келип, шахтёрлук кесибин уланткан. Медалдар менен сыйланган.

**Тешебаев Файзулла** (1925-жылы туулган, Сузак району, Бостон айылы) – Социалисттик Эмгектин Баатыры (1948). 1941–1951-жылдары Сузак районундагы «Кызылбайрак» колхозунда бухгалтер, башкы бухгалтер, пахта өстүрүүчү звеного башчы, колхоз башкармасынын төрагасы, 1954–1959-жылдары Сузак районундагы Дмитров атындагы, К. Маркс атындагы колхоздордун башкармасынын төрагасы, 1967–1969-жылдары Араван районундагы «Пахтачы» совхозунда агроном болуп иштеген. Кыргыз ССР Жогорку Советинин 3 жолку депутаты (1951–1963). Ленин, Эмгек Кызыл Туу, «Ардак Белгиси» ордендери менен сыйланган.

**Жуматаев Кубат** (1919), Чүй облусу, Калинин району Сарыбулак айылы — 1942, Ставрополь крайы, Алпатовка станциясы.) – Советтер Союзунун Баатыры. 1940-жылы Фрунзе шаарындагы Педагогикалык техникумду аяктаган. Окуу жайын бүткөн соң эмгек жолун Жалалабат обком комсомолунун катчысы болуп эмгектенүүдөн баштаган.

1941-жылы Улуу Ата Мекендик согушка Жалалабат шаарынан кеткен. 1942-жылдын 14-сентябрында душмандардын танкасына акыркы гранатасын ыргытып, танкты жардырган. Анын эрдигин согуш майданында чогуу болгон фронттош жолдоштору айтып беришкен: Ал тууралуу жазылган чыгармалар китеп беттеринен да орун алган.

Кубат Жуматаевдин сөөгү Оруссиянын Ставрополь крайынын Алпатовка станциясына коюлган. 1943-жылдын февраль айында СССР Жогорку Советинин Президиумунун указы менен маркум К. Жуматаевге Советтер Союзунун Баатыры наамы берилген. 1965-жылдан Жалалабат шаарындагы бир көчө К. Жуматаевдин ысмын алып жүрөт.

**Госпиталь** 1942–1945-жылдары Жалалабат шаарында уюшулган. Ата Мекендик согушта (1941–1945-жылдары) жарадар болгон



4-2302

Жалал-Абадская областная библиотека

жоокерлерди дарылаган. 3 госпиталь ачылган (№ 4441, 4442, 1055). Анын ичинен эң ириси Ленинград шаарынан эвакуацияланып келген № 4442 госпиталь Жалалабат курортунда жайгашып, 1941-жылдын октябрынан 1945-жылдын июлуна чейин иштеген. Миңдеген жарадарлар сакайып кайтышкан.



Мал чарба эмгекчилеринин слёту. 1955-ж.

Слёт передовых животноводов. 1955 г.



Автомото мектебинин биринчи бүтүрүүчүлөрү. 1944-ж.

Первые выпускники автомотошколы. 1944 г.



Колхоз базарын сел каптады. 1967-ж.

Наводнение колхозного базара. 1967 г.







Биринчи тракторист Курбанбай Баратов үй-бүлөсү менен. 1949-ж.

Первый тракторист Курбанбай Баратов с семьей. 1949 г.

Мотоциклисттер. 1949-ж.

Мотоциклисты. 1949 г.



«Ударник» кинотеатры. 1968-ж.

Кинотеатр «Ударник». 1968 г.

Мектеп окуучулары сабакта. 1953-ж.

Школьники. 1953 г.

Жалал-Абадская областная библиотека

# АДАМЗАТТЫН ААЛАМГА БЕТ АЛЫШЫ
## 1959–1961-ЖЫЛДАР



Жалалабат шаарында 40дан ашык улуттун өкүлү жашайт. Калк арасынан ар кандай таланттуу, таанымал инсандар чыккан. Шаар тарыхында Рафиков Марс Закирович, Варламов Валентин Степанович аттуу космоско учпаса да космонавттар отрядында болуп, даярдыктан өткөн жердештерибиз жөнүндө да айтууга тийишпиз.

1959-жылы адамзат ааламга бет алып космоско учууну көздөйт. Үч миң авиаучкуч тандалып отуруп, жыйырма учкуч космоско учууга жарактуу деп табылат.

Алар Ю. Гагарин, Г. Титов, Б. Беляев, В. Быковский, Б. Волынов, В. Комаров, А. Николаев, П. Попович, Г. Хрунов, М. Рафиков, В. Варламов ж. б. учкучтар эле.

Жалалабаттык Рафиков Марс Закирович менен Варламов Валентин Степанович алгачкы жыйырма космонавттын катарына кошулганы менен, тилекке каршы учпай калышкан. 1961-жылы 12-апрелинде космоско биринчи учкан Юрий Гагарин болгону баарыга маалым. Бул космонавттардын катарында жүргөн Хижняк Анатолий Петровичтин ысмы СССР космонавттарынын ысымдары менен катар айтылат. Ал ааламга учпаса да,

Жалалабат город известный, а в многом еще неизвестный. С каждым годом открываются все новые страницы его истории. Становятся известными имена и подвиги многих наших славных земляков.

Эта страница летописи города посвящается майору М. З. Рафикову, майору В. С. Варламову, которые учились, жили и работали рядом с первым космонавтом мира Юрием Алексеевичем Гагариным, она также посвящается полковнику А. П. Хижняку, который работал, жил и учился в Звездном городке, обеспечивая безопасность полетов советских летчиков-космонавтов.

**Рафиков Марс Закирович** (29.09.1933–23.07.2000). В список первого отряда космонавтов был зачислен и наш земляк Марс Закирович. Он родился в городе Жалалабат. Отец – Закир Ахмедович Рафиков перед уходом на фронт в годы ВОВ работал начальником планового сектора Жалалабатского облздравотдела. Погиб 3.09.1943 года. Мать – Марзия Галяутдиновна – учительница, долгое время работала в школе села Бек-Абад Сузакского района, откуда ушла на пенсию. Марс хорошо учился. В Жалалабатском областном музее имеется свидетельство об окончании им семи классов средней школы № 3, которая носит имя Ж. Бакиева. Оно выдано 19 июня 1948 года. По всем основным предметам выставлены пятерки.

Первую свою медаль за доблестный труд в годы ВОВ Марс получил в 14 лет. Вторую награду – Орден Красной Звезды вручили Марсу Закировичу за подготовку к полету в космос весной 1961 года. Он одним из первых успешно прошел испытания в сурдобарокамере. Выдерживал предельные нагрузки и температуру.

Марс Рафиков серьезно готовился к полетам в космос, мужественно переносил тренировки и перегрузки, связанные с ними. И все-таки, так уж случилось, вынужден был оставить отряд космонавтов и вернуться к прежней летной работе в одной из воинских частей. Самые дорогие воспоминания у Марса Закировича связаны с Юрием Гагариным. О годах пребывания в отряде космонавтов у него имеется бесценный подарок – книга Ю. А. Гагарина «Дорога в космос» – с дарственной надписью автора: «Дорогому Марсу Закировичу, в память о нашей

Жалал-Абадская областная библиотека





М. З. Рафиков

космонавттардын экипаждарын учууга даярдаган. Биз бул жердештерибиз тууралуу айтып, тарых бетине жазып жүргөнүбүз парз. Жалалабаттыктар жердештерин эстен чыгарбайт.

**Рафиков Марс Закирович** 1933-жылдын 29-сентябрында Жалалабат шаарында туулган. 1954-жылы Сызрандагы аскердик авиациялык окуу жайды аяктайт. Окуу жайын бүткөндөн кийин Орёл шаарындагы учкучтар полкунда кызмат өтөйт. 1959-жылы гагаринчи космонавттардын катарына кирет. 1961-жылы космонавт кесибине ээ болот. 1970–1980-жылдары Карпат округунда, Германияда, Афганстанда кызмат өтөйт. Эки жолу Кызыл жылдыз ордени менен сыйланган.

2000-жылдын 23-июлда Алматы шаарында каза болгон.

**Варламов Валетин Степанович** 1934-жылы Түркмөнстанда туулган. 1940-жылдары Валентиндин ата-энеси Түркмөнстандан Кыргызстанга көчүп келип, Жалалабат шаарында жашап калышкан. Валентин Жалалабат шаарындагы № 3 мектепте окуган.

1959-жылы гагаринчи космонавттардын катарына кошулган.

1980-жылы 46 жаш курагында күтүүсүз оорудан каза болгон.

**Хижняк Анатолий Петрович.** Жалалабаттык жердешибиз Анатолий Петрович 1879-жылы Россияда маршал Жуков атындагы аскердик академияны бүткөн. Академияга тапшырганга чейин Жалалабат шарындагы № 1 мектепте окуган.

Полковник Хижняк Анатолий Петрович 1982-жылдын 24-июнунда «Союз Т-6» космостук кемесинде Советтер Союзунун Баатыры Владимир Жаныбеков, бортинженер, Советтер Союзунун Баатыры Александр Иванченко, изилдөөчү космонавт Франциянын жараны Жан-Лу Кретвондон турган экипажды ааламга учурууга даярдаган. Кийинчерээк Светлана Савицкаяга да учууга көмөк көрсөтүп, инструкциядан өткөргөн. Ал эми өзү болсо ден соолугуна байланыштуу космос мейкиндигине сапарга чыга алган эмес.

дружбе, службе, подготовке к осуществлению первого космического полета. Желаю тебе всего самого наилучшего в жизни и службе, будь всегда честен, правдив и принципиален. Гагарин, 7.08.1961 года».

После 1962 года, когда М. Рафиков вернулся в свою часть, ему очень пригодилась космическая закалка, он продолжал летать на сверхзвуковых самолетах, попадал в сложнейшие ситуации, даже приходилось катапультироваться. Выдержка, знание летного дела, быстрая реакция помогали Марсу Закировичу выходить победителем. Работая в авиации, одновременно учил молодых летчиков. Юрий Малышев и Леонид Кизим помнят своего наставника.

1970 г. Рафикова переводят на службу в Германию, а в 1975 – в Одессу. В 1980 г. он принимал участие в боевых действиях в Афганистане. В 1982 г. уволен в запас. 23 июля 2000 года в г. Алма-Ата на 67 году жизни скоропостижно скончался. В журнале «Новости космонавтики» (№ 10 за 2000 г.) помещен некролог нашему земляку.

**Варламов Валентин Степанович** (1934 – октябрь, 1980).

Так уж сложилась судьба, что в первом отряде покорителей космоса, были два наших земляка, два друга из одного города Жалалабат, из одной школы, которых учили те же учителя. Вторым был Валентин Степанович Варламов.

Варламов Валентин Степанович родился в 1934 г. в Туркменистане, в 1949 году семья Варламовых переехала в город Жалалабат. Валентин был принят в среднюю школу № 3. Занимаясь в школе он увлекался спортом, играл в футбол за сборную школы, виртуозно владел гитарой, участвовал в самодеятельности, хорошо учился. В сводных ведомостях успеваемости учащихся 9 классов, сохранившихся в городском архиве, у него по родному языку, литературе, алгебре, геометрии, физике, географии были отличные оценки. Неудивительно, что в отряде космонавтов у него отмечались успехи в точных науках.

Покинув отряд Варламов не уехал из звездного городка. Работал в Центре подготовки космонавтов и еще до старта Гагарина стал заместителем начальника командного пункта управления космическими полетами, затем старшим инструктором космических тренировок, специализировался на астронавигации. Друзья по отряду были очень внимательны к Валентину, все праздники проводили вместе. В октябре 1980 года Валентин Степанович в возрасте 46 лет умер от кровоизлияния в мозг.

Жалал-Абадская областная библиотека

# БИЗ СЫЙМЫКТАНГАН ГЕНЕРАЛДАР


Э. Алиев


К. Бакиев


Р. Тагаев


Ж. Бакиев

**Алиев Эргеш** (1905, Ноокен району, Сакалды айылы – 7.10.1994, ошол эле жер) – милициянын генерал-майору. 1948-жылы СССР Ички иштер министрлигинин (ИИМ) жетекчи кызматкерлерди даярдоо боюнча жогорку мектебин бүткөн. ИИМдин эмгек сиңирген кызматкери, республиканын тарыхында милициянын генерал-майору деген ардак наамды эң биринчи алууга татыктуу болгон. 1917–1927-жылдары байлардын коюн кайтарган. 1927-жылы Кызыл Армияга чакырылып, Кыргыз атчандар дивизионунуда кызмат кылган, 1930-жылы Базаркоргон районундагы «Рабочий» колхозунун башкармасынын төрагасы, 1930–1933-жылдары басмачылар менен күрөшүүгө катышкан, басмачылар менен күрөшүү боюнча бөлүмчөгө, отрядга командир болгон, милициянын Базаркоргон, Токмок райондук бөлүмдөрүндө жетектеген; 1934–1943-жылдары милициянын Алай-Гүлчө райондук, Ош шаардык бөлүмдөрүнүн начальниги, милициянын Тяньшань облустук башкармачылыгынын начальнигинин орун басары, Орто Азия аскердик округуна караштуу 10-атчандар дивизиясынын командиринин орун басары, Кыргыз ССР ИИМдин Жалалабат, Ысыккөл, Талас облустук милиция башкармалыктарынын начальнигинин орун басары, 1956–1959-жылдары милициянын Жалалабат облустук башкармасынын начальниги, 1959–1960-жылдары Ош облустук ички иштер башкармалыгынын начальнигинин орун басары болуп иштеген. Ленин, Кызыл Туу, 3 Кызыл Жылдыз, 2 «Ардак Белгиси» ордендери, медалдар жана өздүк куралдар менен сыйланган. ИИМдин Академиясы, райондогу мектеп, Жалалабат шаарындагы көчө анын ысмын алып жүрөт.

**Литвинов Сергей Ильич** 1957-жылы Жалалабат шаарында туулган. 1974-жылы Жалалабат шаарындагы № 5 орто мектепте окуган. Россиянын Иванов шаарында Политехникалык институтка тапшырып, аны 1979-жылы аяктаган.

Анан кийин Орусия Федерациясынын Президентинин көзөмөлдөө бөлүмүндө кызмат өтөйт. Азыркы учурда генерал-майор Литвинов Сергей Ильич Орусияда жашайт.

**Волчков Вячеслав Александрович** 1949-жылдын 1-августунда Жалалабат шаарында мугалимдин үй-бүлөсүндө туулган. 1970-жылы Оренбург шаарындагы аскердик-учкучтар окуу жайын аяктаган. Окуу жайын бүткөн соң Тынч океан флотунда учкучтар полкунда кызмат кылган. 1980-жылы Ленинград шаарындагы аскердик-деңиз флотунун академиясын аяктаган. СССРдин эмгек сиңирген аскердик учкучу. 1993-жылы Орусия өлкөсүнүн Президенти Б. И. Ельциндин указы менен авиациянын генерал-майору чинин алган.

**Бакиев Кубанычбек** (25.2. 1952-жылы туулган, Базаркоргон району, Кааба айылы) – генерал-майор, юстициянын 3-класстагы мамлекеттик кеңешчиси, юридика илиминин кандидаты. 1977-жылы КМУнун юридика факультетин, 1992-жылы Кыргыз-Болгар жогорку менежмент мектебин бүткөн. 1968–1970-жылдары Базаркоргон районунда колхозчу, 1977–1989-жылдары Карасуу райондук, Кызылкыя шаардык, Ош облустук прокуратураларында тергөөчү, 1989–1993-жылдары Ош шаарынын прокурорунун орун басары, 1993–1996-жылдары Ноокат районунун прокурору, 1996–1998-жылдары Кыргыз Республикасынын Башкы прокурорунун орун басары, 1998–2001-жылдары Жалалабат облусунун прокурору болуп иштеген. Европанын Укук академиясынын мүчөсү.

**Тагаев Рашид Бакирович** (21.8.1958-жылы туулган, Сузак району, Октябрь айылы) – милициянын генерал-майору (2000). КМУнун география (1981), юридика (1994)

Жалал-Абадская областная библиотека



факультеттерин бүтүргөн. 1985–1990-жылдары Кыргыз Республикасынын ички иштер министрлигинин (ИИМ) социалдык менчикти уурдоого жана алып сатарлыкка каршы күрөш бөлүмүнүн оперуполномочени, 1990–1995-жылдары Жалалабат облустук ички иштер башкармалыгында бөлүмдүн начальниги, 1995–1997-жылдары башкармалыктын оперативдүү иштер боюнча начальнигинин орун басары, 1997–1999-жылдары Талас облустук ички иштер башкармалыгынын начальниги, 1999–2005- жылдары Ош облустук ички иштер, Жалалабат облустук ички иштер башкармалыгынын начальниги. 2005-жылдын февраль айынан баштап Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты.

**Бакиев Жаныбек Салиевич** (1958-жылы туулган, Жалалабат обусу, Сузак району, Чөкөдөбө айылы) – милициянын генерал-майору. 1980-ж. СССР ИИМдин Караганды жогорку мектебин бүтүргөн. 1980–1983-жылдары Ош шаардык ички иштер бөлү- мүндө (ИИБде) кылмыш иликтөө бөлүмүнүн (КИБ) инспектору, 1983–1985-жылдары начальниктин орун басары, 1985–1989-жылдары Кара-суу райондук ИИБде кылмыш иликтөө бөлүмүнүн начальниги, 1990–1991-жылдарда Базаркоргон райондук ИИБдин кылмыш иликтөө бөлүмүнүн начальниги болуп иштеген. 1991–1993-жылдарда КР ИИМдин МРУ бөлүмүнүн Ош облусу боюнча уюшкан кылмыштуулук менен күрөшүү боюнча улук оперуполномо- чени, начальнигинин орун басары. 1993–1995-жылдарда КР ИИМдин Экономикалык кылмыштуулук жана коррупция менен күрөшүү боюнча башкы башкармалыгынын Жалалабат облустук бөлүмүнүн начальниги, 1995–1996-жылдарда Ош облустук бөлүмүнүн начальниги, 1996–2000-жылдарда Ош облустук ички иштер башкармалыгынын начальнигинин орун басары, 2000–2001-жылдарда КР ИИМдин наркобизнес менен көрөшүү боюнча башкармалыгынын начальниги кызматын аткарган. 2001–2006-жылдары КР ИИМдин транспорт боюнча ички-иштер башкармалыгынын начальниги. 2006-жылдын 3-мартынан баштап КРдин Улуттук коопсуздук кеңешинин (СНБ) төрагасынын биринчи орунбасары. 2006-жылдын 15-ноябрынан бери юридикалык жактардын «Эл аралык байланышты өнүктүрүү жана социалдык инвестициялык программаларды коргоо борбору» бирикмесинин, Жусупбек Бакиев атындагы коомдук фонддун жана «Коопсуздук жана укуктук тартип» коомдук фондунун (2007-жылдан) төрагасы. Париж (Франция), Висбаден (Германия), Будапешт (Венгрия) шаарларында жана Иранда өткөн атайын семинарларга катышкан.



Генерал-майор С. И. Литвинов окуган № 5 мектеп. Жалалабат ш.

Школа № 5, где учился генерал-майор С. И. Литвинов, г. Жалалабат.

**Хижняк Анатолий Петрович.** После успешного окончания Военной Академии им. Жукова в январе 1979 года в Центр подготовки космонавтов был направлен на работу Анатолий Петрович Хижняк.

Родился Анатолий в Жалалабате. Окончил в городе СШ № 1, ныне школа-гимназия им. Героя Советского Союза М. Бабкина. Как и многие мальчишки он мечтал о полетах в космос. Его работа была связана с совершенствованием скафандров, обеспечивающих автономную жизнедеятельность человека в условиях космоса при экстремальных ситуациях. Это он, наш земляк, принимал участие в подготовке к полетам международного экипажа космического корабля «Союз Т-6». Корабль 24 июня 1982 года, пилотируемый командиром корабля, дважды Героем Советского Союза, летчиком-космонавтом СССР Владимиром Жанибековым, бортинженером героем Советского Союза летчиком-космонавтом СССР Александром Иванченковым и космонавтом-исследователем гражданином Французской Республики Жан-Лу Кретьеном был выведен на орбиту. Более десяти лет своей жизни полковник Анатолий Петрович Хижняк посвятил подготовки космонавтов. Снарядил и отправил в космические дали с космодрома Байконур многих своих друзей. И ни разу не подвел их в своей работе. С деликатной осторожностью Анатолий Петрович участвовал в подготовке к полету Светланы Савицкой и ее дублера, помогал готовить к полетам и многие другие космические экипажи.

Такова славная биография сынов Жалалабата, тех кто связывал свои судьбы с освоением космоса.



Р. Момунов



Ш. Мирзакаримов

**Момунов Райымбек** (4.5.1936-ж.т., Аксы р-ну, Сыны айылы) – генерал-майор, юстициянын 3-класстагы мамл. кеңешчиси (1972). 1959-ж. КМУнун юридика, 1963-ж. Ош пед. ин-тунун тарых факультетин, Алматыдагы жогорку партиялык мектепти бүткөн. 1953–54-ж. мектепте китепканачы, 1959–61-ж. Жаңы-Жол райаткомунда бөлүм башчы, 1961–65-ж. Өзгөн р-ндук прокуратурасынын тергөөчүсү. Ош облустук прокуратурада прокурор, 1966–67-ж. Көкжаңгак ш-нын прокурору, 1967-ж. Кыргызстан КП Көкжаңгак ш-дык комитетинин 2-катчысы, 1968–70-ж. Көкжаңгак аткаруу комитетинин төрагасы, 1970–83-ж. Кыргыз ССР генералдык прокурорунун 1-орун басары, 1983-ж. Кыргыз ССР Генералдык прокурорунун милдетин аткаруучу, 1983–87-ж. Кыргыз ССР ички иштер министрлигинде бөлүмдүн начальниги, 1987–92-ж. Кыргыз ССР өнөр-жайкурулуш материалдар министрлигинде арбитр, 1992–97-ж. Ноокен р-нун прокурору, 1997-жылдан Жалалабат облустук прокуратурада бөлүмдүн прокурору «Ардак Белгиси» ордени жана медалдар менен сыйланган.

**Мирзакаримов Шеркозиджан** (1952-жылы 12-мартта Ош шаарында туулган) – милициянын генерал-майору. 1974-жылы Караганда шаарында СССР ички иштер Министринин жогорку мектебин бүткөн. 1980-жылы СССР ички иштер министринин академиясын Москва шаарында аяктаган. 1989–1991-жылдары Жалалабат шаардык ички иштер бөлүмүнүн начальниги. 1991–2002-жылдары Сузак, Базар-Коргон райондорунун ички иштер бөлүмүнүн начальниги, Жалалабат областтык ички иштер башкармалыгынын начальнигинин орун басары. 2005–2007-жылдары Кыргыз Республикасынын ички иштер министринин биринчи орун басары. 2007-жылдын 16-мартынан баштап Кыргыз Республикасынын банги заттарды көзөмөлдөө агентствосунун директорунун түштүк региону боюнча орун басары.

СССР ички иштер министринин медалдары, Кыргыз Республикасынын ички иштер министринин бир нече медалдарынын ээси. СССР ички иштер министринин отличниги. Кыргыз Республикасынын ички иштер министринин «Мыкты кызматкери».

Жалал-Абадская областная библиотека






Шаардык ички-иштер бөлүмүнүн кызматкерлери.
Шаар прокуратурасынын имараты.

Жалал-Абадская областная библиотека

# ХРОНОЛОГИЯ

**1877-жыл.** Жалалабат өрөөнү шаар статусуна ээ болот.

**1877-жыл.** «Жалалабат курорту» Кыргызстанда алгачкы курорту болуп расмий түрдө белгиленген.

**1897-жыл.** Жалалабат шаарында 2713 адам жашаган.

**1890-жыл**. Почта байланыш түйүнү ачылган.

**1906-жыл.** Алты койкалуу оорукана ачылган.

**1914-жыл.** Журавлёв деген купец тегирмен салган.

**1916-жыл.** Телефондук байланыш түйүнү ачылган.

**1916-жыл.** Жалалабатка темир жолу салына баштаган.

**1917-жыл,** 19-декабрь. Жалалабатта Совет бийлиги орногон.

**1917-жыл,** 29-декабрь. Коопсуздук комитети түзүлүп, кийин милиция органына айланган.

**1918-жыл.** Базар аянты пайда болгон.

**1920-жыл.** 26-май. Жалалабатка М. В. Фрунзе келген.

**1924-жыл.** Кыргыз автономиялуу округу түзүлүп, комиссия Жалалабатка келип, Жалалабат Кыргыз АССРинин борбору аталып, бирок бир нече сааттан кийин курулуш иштери өнүкпөгөндөн улам борбор Пишпек болсун деген комиссиянын чечими чыккан.

**1924-жыл.** Башталгыч мектеп салынган.

**1925-жыл.** Кеңеш үйү салынган.

**1925-жыл.** «Кубат» артели уюшулган.

**1925-жыл.** Төрөт үйү ачылган.

**1925–1927-жылдар.** Шаардык бала бакчалар уюштурулган.

**1926–1929-жылдар.** Төрөкул Айтматовдун үй-бүлөсү жашаган.

**1926-жыл.** «Ударник» кинотеатры салынган.

◇ А. С. Пушкин атындагы Педогогикалык техникум ачылган (ушул тапта ЖАМУ).

◇ Китепкана ачылган.

◇ «8-март» артели уюштурулган.

**1927-жыл.** 17-февраль. Шаар кеңеши пайда болгон.

◇ Жалалабат экинчи жолу шаар статусуна ээ болгон.

◇ Шаардык оорукана ачылган.

◇ «Интернационал» [illegible] куюучулар артели пайда болгон.

◇ Жалалабат шаарында № 1 мектеп курулган. Кийин [illegible] баатыры [illegible]

◇ Кыргыз борборлоштурулган комиссиясынын көчмө сессиясы болуп, күн тартибине жер-суу реформасы киргизилген. Түштүк регион боюнча реформанын жетекчилигине Төрөкул Айтматов дайындалган.

**1928-жыл.** Шаарда оорукана курулган.

◇ Жалалабат шаарынын чегарасынын картасы бекитилген.

◇ Архив кызматы түзүлгөн.

**1929-жыл.** Майыптардын артели уюшулуп, кийим тигүү менен алектенишкен.

**1930-жыл.** Шаарда трактор пайда болуп, МТС (машина-трактор станциясы) уюшулган.

◇ Нефтебаза ишке киришкен.

**1931-жыл.** Телефон байланыш түйүнү ачылган.

**1932-жыл.** Жалалабат – Көкжаңгак темир жолу эксплуатацияга берилген.

◇ Радиобайланышы ишке ашкан.

**1933-жыл.** Шаардык басмакана ишке киргизилген.

**1934-жыл.** Сүт кабыл алуучу пункт пайда болуп, 1939-жылдан баштап сүт заводу курулган.

**1936-жыл.** А. С. Пушкин атындагы педтехникумдун имараты салынган. (Азыркы ЖАМУ).

◇ Шаарда № 2 мектеп курулган.

◇ «Кыргыз курулуш» мекемеси ишке киргизилген.

◇ Темир жана жыгач усталардын цехтери ачылган. Кийин 1948-жылы эмерек фабрикасында айланган.

◇ Машина айдоочуларды даярдоочу курстар ачылып, кийин автомектеп пайда болгон.

◇ Жалалабат түштүк автобазасы уюшулган.

◇ Пионерлер үйү ачылган.

**1937-жыл.** № 59 темир жолчулар мектеби уюшулган.

◇ Пионер лагери түзүлгөн.

◇ Жалалабат № 1 бор жүк ташуучу автобазасы пайда болгон.

**1938-жыл.** Механизаторлорду даярдоочу кесиптик мектеп (СПТУ № 1) пайда болгон.

◇ Зооветеринария мектеби ачылган (1947-жылдан Зооветтехникум).

◇ № 1 балдар бакчасы ачылат.

**1939-жыл.** Жалалабат шаары облус ордосу аталат.

◇ № 3 мектеп курулган.

◇ Медициналык мектеби ачылып, кийин 1954-жылы Медучилищага айланган.

◇ Чиркөө ачылган.

**1941–1945-жылдар.** Улуу Ата Мекендик согуш мезгилинде калкы 23 миң киши бар Жалалабат шаарынан 10 миң адам согушка аттанып, 4976сы ааламаттан кайтып келген эмес.

**1943-жыл.** Немцов Иван Епидировичке Советтер Союзунун Баатыры наамы берилген.

**1944-жыл.** Розу Азимовго, Мазков Евдоким Констановичке Советтер Союзунун Баатыры наамы ыйгарылган.

**1945-жыл.** Тайгараев Тукубайга, Панфилов Дмитрий Ивановичке, Бабкин Михаил Николаевичке Советтер Союзунун Баатыры жогорку наамы берилген. Абрамов Алексей Федорович Даңк орденинин толук кавалери болуп калган.

◇ Согуш жылдарында шаарда 3 аскер госпиталы иштеген.

**1942-жыл.** А. С. Пушкин атындагы педагогикалык окуу жайы, суу-флотунун училищасы орун алган.

**1942-жыл.** Донецкий мамлекеттик театры Жалалабатка келген.

**1943-жыл.** Жаштардын кечки мектеби ачылган.

**1944-жыл.** Жалалабат – Фрунзе радиореле байланышы ишке киргизилген.

**1944-жыл.** Кийим тигүү фабрикасы ишке киргизилген.

**1945-жыл.** Жалалабат пахта тазалоочу заводу ачылган.

**1946-жыл.** Пивозаводу пиво азыгын чыгарган.

◇ № 1-балдар спорт мектеби ачылган.

◇ Башкы архитектуралык кызмат пайда болгон.

**1947-жыл.** Жалалабат аэропорту салынган.

◇ Жалалабат зооветеринария техникуму ачылган.

◇ Кургак учук илдетине каршы пункт пайда болуп, 1965-жылы кургак учук илдетине каршы диспансер болгон.

**1948-жыл.** Жалалабат мебель фабрикасы ишке киргизилген.

**1949-жыл.** Жарандарды коргоо системасы түзүлгөн.

**1950-жыл.** ВЛКСМ паркы негизделген.

◇ Соода базасы түзүлгөн.

◇ Автобаза уюштурулган.

◇ Шаардын биринчи негизги планы бекитилген.

◇ Шаар ичинде жүргүнчүлөрдү ташуучу алгачкы автобустар пайда болгон.

◇ Жаңгак уюлу боюнча түштүк башкармалыгы түзүлгөн.

**1951-жыл.** Эт комбинаты ишке киргизилген.

◇ Шаарда апрель айында сел жүргөн.

**1952-жыл.** СМУ шаарчасынын курулуш иштери башталган.

◇ Суу кууру эксплуатацияга берилген.

Көчмө механикалык «Сельэлектро» колоннасы түзүлүп, кийинчерээк «Кыргызэнергокурулуш» аталган.

**1953-жыл.** Курулуш-кыш кыноо башкармалыгы түзүлгөн.

**1954-жыл.** Шаарда № 4 мектеп ачылган.

**1955-жыл.** Төрөт үйү курулган.

**1956-жыл.** Көзү азиздер жана дүлөйлөр үчүн окуу-өндүрүштүк бирикме ишканасы ачылган.

**1957-жыл.** Жалалабат мөмө-жемиш комбинаты ишке киргизилген.

**1958-жыл.** Жалалабат шаарынын калкы телекөрсөтүүлөрдү көрө баштаган.

**1959-жыл.** Жалалабат жана Ош облустары бириктирилип, Ош облусу болуп аталган.

◇ 1-март «Коммунизм туусу» гезитинин биринчи саны жарыкка чыккан.

◇ Балдар ооруканасы ачылган.

◇ Жалалабат кооперация кесиптик-техникалык окуу жайы ачылган.

**1960-жыл.** Комбинаттан нан азыгы чыга баштаган.

◇ Маданият үйү (азыркы Барпы театры) ачылган.

◇ Тиш клиникасы ишке кирген.

◇ Спорт мектеби иштей баштаган.

**1961-жыл.** «Мир» кинотеатры ачылган.

**1964-жыл.** Фрунзе машина куруу техникумунун Жалалабаттагы филиалы ачылган.

◇ Жалалабат кардиоревматологиялык балдар санаторийи ачылган.

**1965-жыл.** «Жалалабатайылкурулуш» тресте уюштурулган.

**1966-жыл.** Фрунзе кооперация техникумунун Жалалабаттагы филиалы (1982-жылдан Жалалабат кооперация техникуму) ишке киргизилген.

**1967-жыл.** «Чолпон» бут кийим фирмасынын филиалы Жалалабатта ачылган, кийин 1993-жылы «Миң булак» АК аталган.

◇ Жалалабат шаардык кан куюу станциясы (1970-жылдан облустук кан куюу станциясы) ачылган.

◇ 32 квартиралуу кабаттуу үйдүн курулушу бүткөн.

◇ Автобекет ишке киргизилген.

◇ «Курманбек» стадионунун курулушу бүткөн.

**1968-жыл.** Турак-жай чарбалык ишканасы түзүлгөн.

◇ Шаарда кир жуучу жай пайда болгон.

◇ «Юбилейный» кинотеатры курулуп бүткөн. Кийин 1994-жылы Т. Тыныбеков атындагы филармония аталган.

Жалал-Абадская областная библиотека

**1970-жыл.** Жалалабат шаарында Улуу Ата Мекендик согушта курман болгондорго эстелик тургузулган.

⟐ «Спутник» кичи шаарчасы курула баштаган.

⟐ Жалалабат шаары тууралуу даректүү фильм тартылган.

⟐ Балдар психоневрологиялык үйү ишке киргизилген.

⟐ Шаарда № 7 мектеп ишке киргизилген.

**1971-жыл.** Административдик имарат (1991-жылы облазминистрация имараты) курулган.

⟐ Канаттуулар фабрикасы ишке киргизилген.

⟐ «Достук» фонтаны курулган.

⟐ Жалалабат ремонт заводу ишке киргизилген.

**1976-жыл.** Жалалабат шаары жыл жыйынтыгы менен республикалык социалисттик мелдештин жеңүүчүсү болгон.

⟐ Жалалабат курулушчулары Орусиянын Ярослав облусуна барып, имараттарды курган. Кийин ал жер «Кыргызстан» савхозу аталган.

**1977-жыл.** Шаар 100 жылдык юбилейин белгилеген.





Спортсмендер парады. 1980-ж.
Парад спортсменов. 1980 г.

Эл агартуунун отличниктери. 1984-ж.
Отличники народного образования. 1984 г.

**1972-жыл.** Жалалабат шаар тарыхынын музейи ачылган.

⟐ Жалалабат электр түйүнүнүн ишканасы (ПЭС) пайда болгон.

**1973-жыл.** Темир жол вокзалы курулган.

⟐ Жалалабат тамеки ферментөө заводу ишке киргизилген.

**1974-жылы** Т. Шопоков көчөсүнө ка- [illegible]

⟐ Ленин көчөсү реконструкцияланган.


⟐ Шаар КПСС БКнын СССР Министрлер Советинин өтмө Кызыл туусу менен сыйланган.

⟐ Аарычылар коому түзүлгөн.

**1980-жыл.** Маданият техникуму ачылган.

⟐ Жалалабат «Сууканал» башкармалыгы уюшулган.

⟐ Токой коргоочулар станциясы түзүлгөн.



Кооператив техникуму. 1988-ж.
Кооперативный техникум. 1988 г.

⟐ Саякат жана экскурсия бюросу ачылган.

**1982-жыл.** Жыл жыйынтыгында жетишкендиги үчүн КПСС БКнын, СССР Министрлер Советинин өтмө Кызыл туусу менен сыйланган.

⟐ Кыргыз ССРинин Жогорку Советинин Прездиумунун чечими менен Жалалабат шаарынын аймагы негизделип, 148,1 гектарга кеңейтилген.

⟐ «Бакыт» үйү ачылган.

⟐ Шаарда тез жардам станциясы түзүлгөн.

**1983-жыл.** «Бакыт» реабилитациясы борборунун имараты салынган.

**1984-жыл.** Кыргыз ССРинин Министрлер Советинин 10-августагы № 421 чечими менен Ош облустунун Тайгараев атындагы совхозу Жалалабат шаарынын администрациялык башкаруусуна кирген.

⟐ КПСС БКнын, СССР Министрлер Советинин өтмө Кызыл туусу менен сыйланган.

⟐ «Мөлмөл» мейманканасынын имараты салынган.

**1987-жыл.** «Көгарт» кичи районунун курулушу долбоору иштелип чыккан.

⟐ «Айгүл» универмагы ачылган.

**1988-жыл.** Паркта Токтогул Сатылгановдун эстелиги тургузулган.

**1989-жыл.** Балдар үчүн «Дельфин» бассейини салынган.

⟐ Денетарбия-спорт комлекси курулган.

⟐ 27-апрелде «Мезгил үнү» гезитинин биринчи саны жарык көргөн.

**1991-жыл.** Жалалабат облусу кайрадан уюштурулган. Анын ордосу Жалалабат шаары аталган.

⟐ Облустук мекеме, ишканалар түзүлө баштаган.

⟐ «Акыйкат жарчысы» облустук гезитинин алгачкы саны жарыкка чыккан.

⟐ Облустук телерадиокомпаниясы түзүлгөн (ЖТР).

⟐ Сентябрь айында шаар мэриясынын 5-кабаттуу имараты салынган.

⟐ Ушул эле айда өзбек тилиндеги «Жалалабат Тонги» гезитинин алгачкы саны чыккан.

⟐ 27-ноябрда «Жалалабат» коммерция үйү түзүлгөн.

**1993-жыл.** Жалалабат мамлекеттик университети түзүлгөн.

⟐ Жалалабат коммерциялык институту түзүлгөн.

⟐ «Жибек жолу» АКК түзүлгөн.

**1994-жыл.** Барпы атн. драма театры облустук кыргыз театры статусун алган.

⟐ Облустук филармания ачылган. Кийин 1997-жылы Т. Тыныбековдун ысмы ыйгарылган.

⟐ 22-апрелде Энергетика жана микроэлектроника боюнча илим-изилдөө институту ачылган.

⟐ «Жеңиш» конушу кичирайон статусуна ээ болгон.

**1995-жыл,** сентябрь: Кыргыз мамлекеттик денетарбия институнун филиалы ачылган.

**1997-жыл.** В. Труновдун «1877–1977-жылдардагы Жалалабат» хроника китеби жарыкка чыккан.

⟐ 130 орундуу төрөт үйү салынган.

**2001-жыл.** Курманбек баатырдын 500 жылдык мааракесинин өткөрүлүшү жана ага арналган «Курманбек» – кылымдар мурамсы» комплексинин, этнографиялык майдандын түзүлүшү.

**2005-жыл,** 3-март, эл толкуну А. Акаевдик бийликке каршы көтөрүлгөн. Облустук администрациясынын имаратын эл бийликтен тартып алган.

⟐ 24-мартта Элдик революция болду.

**2007-жылдын** 19-октябрында Жалалабат шаарынын 130 жылдыгы белгиленди.

Жалал-Абадская областная библиотека





Жалал-Абадская областная библиотека



**«Курманбек – кылымдар мурасы» комплекси»** – Жалалабат шаарынын кире беришинде орнотулган Курманбек баатырдын эстелиги жана салтанат капкасы. Баатырдын ат минип, колун жайып турган сүрдүү келбети берилген. Эстелик жезден жасалган. Бийиктиги 5,5 м, постаментиники 8 м, мрамор менен капталган. Курманбек баатырдын эстелигинин артында салтанат капкасы шаңкаят. Комплекс 2001-жылдын октябрында Курманбек баатырдын 500 жылдык маарекесинде ачылган. Долбоордун авторлору: Жумалиев К. М., Дубанаев С. М., Шерматов Ж., Жолчуев Д., айкелчиси Жолчуев Д., архитектору Шерматов Ж.



Жалал-Абадская областная библиотека

# КЫРГЫЗ ССРинин жана КРдин ЖОГОРКУ КЕҢЕШИНИН ДЕПУТАТТАРЫ



Э. Алиев



В. Н. Климина

**Алиев Эркин Эргешович** (1935, Жалалабат шаары – 1998, ошол эле жер) – Кыргыз ССР Жогорку Советинин 4 жолку депутаты (1971–1990). Кыргыз Республикасынын жаратылышты коргоого эмгек сиңирген кызматкери. 1960-жылы Алжир Элдик Демократиялык Республикасында инженер-агроном, советтик адистердин тобунун жетекчиси, 1968–1971-жылы Кыргызстанда чарбалык жана партиялык жооптуу кызматтарда, 1971–1980-жылдары Кыргызстан КП Жаңыжол, Сузак райкомдорунун 1-катчысы, 1980–1985-жылдары Талас Облустук Советинин аткаруу комитетинин төрагасы, 1986–1991-жылдары Ош облустук профсоюздар советинин, Өзгөн райондук аткаруу комитетинин төрагасы, кийин Жалалабат облустук табият коргоо комитетинин төрагасы болуп иштеген. Эмгек Кызыл Туу ордени менен сыйланган.

**Жапаров Сарбагыш Есинбаевич** (1937-жылы туулган) – Кыргыз ССР Жогорку Советинин депутаты (1970–1974). 1954–1956-жылдары колхозчу, 1956-жылы даярдоо конторасында жумушчу, 1962–1964-жылдары гидрогеологиялык партияда жумушчу, 1964-жылы Жалалабаттагы штепселдик ажыраткычтар заводунда металл куюучу болуп эмгектенген.

**Жиенбеков Мухид Абдурашович** (1938-жылы туулган, Жалалабат шаары) – Кыргыз ССР Жогорку Советинин депутаты (1980–1985). 1961-жылы Бишкек политехникалык институтун бүткөндөн кийин мастер, участканын начальниги, Ош облусундагы «Чаувай» кенинде башкы инженердин орун басары, 1965–1971-жылдары Ош шаарындагы Түштүк Кыргызстан геол. экспедициясынын тоо жумуштарынын техникалык жактан жетекчиси, «Кыргызкөмүр» комбинатынын Алмалык разрезинин начальнигинин жардамчысы, Жалалабат айыл чарба курулуш трестинин № 1 адистештирилген механикалаштырылган көчмө колоннасынын пландоо-өндүрүштүк бөлүмүнүн начальниги, 1971–1973-жылдары Кыргызстан КП Ленин райкомунун бөлүм башчысы, 1973–1979-жылдары Ош облустук элдик контролдоо комитетинин төрагасынын орун басары, 1979-жылдан Ош шаардык аткаруу комитетинин төрагасы болуп иштеген.

**Ишимов Бекмолдо** (1903, Талас облусу, Будённый району, Арал айылы – 1983, ошол эле жер) – мамлекеттик ишмер. Кыргыз ССР Жогорку Советинин депутаты (1955–1959). 1953-жылы Кыргызстан КП БКнын партиялык мектебин бүткөн. 1924– 1929-жылдары комсомолдук, 1929–1933-жылдары Талас кантонунда чарбалык кызматтарда, 1933–1935-жылдары партиянын Кочкор, Талас райкомдорунда катчы, 1935–1946-жылдары эл депутаттар советинин Ысыккөл, Үчтерек, Базаркоргон, Ачы райондорунун, Жалалабат облустук аткаруу комитеттеринин төрагасы, 1946–1954-жылдары Кыргызстан КП Ачы, Токтогул, Караван, Жаңыжол, Сузак райкомдорунун 1-катчысы болуп иштеген. Ленин, Эмгек Кызыл Туу, «Ардак Белгиси» ордендери, медалдар менен сыйланган.

**Климина Вера Николаевна** — депутат Верховного Совета Киргизской ССР от Джалал-Абадского избирательного округа № 220 города Джалал-Абада.

Родилась в 1953 году в городе Джалал-Абад Ошской области, по национальности русская, образование среднее. Трудовую деятельность начала в 1972 году после окончания профтехучилища швеей-мотористкой Джалал-Абадской швейной фабрики, где и работает в настоящее время.

Жалал-Абадская областная библиотека




А. Мадаминов


Ж. Текенов


И. Тойтукова

Была членом Комиссии по промышленности, транспорту и связи Верховного Совета Киргизской ССР.

**Карашева Сажида Кадыровна** (1951-жылы туулган, Сузак району, Бегабат айылы) – Кыргыз ССР Жогорку Советинин депутаты (1975–1980). 1970-жылдан Жалалабаттагы штепселдик ажыраткычтар заводунда жумушчу болуп иштеген.

**Камчыбеков Тургунбай** (1943-жылы туулган, Сузак району, Барпы айылы) – Кыргыз ССР Жогорку Советинин депутаты (1971–1975). 1953-жылдан Жалалабаттагы пахта заводунда жумушчу болуп иштеген.

**Кадомцева Нина Осиповна** (1925-жылы туулган, Орусия, Пенза облусу, Верхний Ломов айылы ) – врач, СССР Жогорку Советинин депутаты (1967–1971). 1947-жылы Казан мед. институтун бүткөн. 1953-жылдан Жалалабат шаардык ооруканасында иштеген. 28 жыл терапия бөлүмүн жетектеген. СССР саламаттык сактоо отличниги.

**Мадаминов Азиз Миршарипович** (5.5.1928-жылы туулган, Жалалабат шаары) – Кыргыз ССР Жогорку Советинин депутаты (1963–1967). 1942–1948-жылдары Жалалабат шаарындагы артелде жумушчу, директордун орун басары, 1955–1979-жылдары Базаркоргон районундагы «Комсомол» колхозунун, Сузак районундагы Ленин атындагы колхоздун башкармасынын төрагасы, 1979–1998-жылдары Сузак «Райжибектин» диретору, райондук пила ишканасынын начальниги, «Тендик» колхозунун башкы агрономү болуп иштеген. Эмгек Кызыл Туу, 2 «Ардак Белгиси» ордендери, медалдар менен сыйланган.

**Сулпукарова Салима Самудиновна** (1958-жылы туулган, Жалалабат шаары) – Кыргыз ССР Жогорку Советинин депутаты (1985–1990). 1976-жылдан Жалалабат тигүү фабрикасында тигүүчү-мотористка болуп иштеген.

**Таштемирова Халимахан Махмуджановна** (1957-жылы туулган, Жалалабат шаары) – Кыргыз ССР Жогорку Советинин депутаты (1985–1990). 1974-жылдан Жалалабаттагы штепселдик тетиктер заводунда слесарь-жыйноочу болуп иштеген.

**Текенов Жолболду** (1939-жылы туулган, Сузак району, Сарыбулак айылы – 1999, Жалалабат шаары) – Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты (1990–1995). 1961-жылы Кыргызстан айыл чарба институтун бүтүргөн. 1961–1991-жылдары Базаркоргон районундагы Фрунзе атындагы колхоздун башкы агроному, Сузак районунун «Москва» колхозунун башкы агроному, партиянын Ош обкомунун айыл чарба бөлүмүнүн инструктору, партиянын Баткен райкомунун экинчи катчысы, Фрунзе райондук аткаруу комитетинин төрагасы, ошол эле райондун райкомунун 1-катчысы, 1991–1993-жылдары Сузак райондук мамлекеттик администрация башчысы, 1995-жылы Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Эл өкүлдөр жыйынынын жооптуу кызматкери болуп иштеген. Эмгек Кызыл Туу ордени менен сыйланган.

**Тойтукова Ирсалат Жээнбековна** Кыргыз ССР Жогорку Советинен Жалал-Абад шаарындагы № 222 Шопоков шайлоо округунан депутат болуп шайланган.

1954-жылы Ош облусундагы Көк-Жаңгак шаарында туулган, улуту кыргыз, ВЛКСМдин мүчөсү, билими – орто. Эмгек жолун 1972-жылы орто мектепти аяктагандан кийин Жалал-Абад штепселдик ажыратуу заводунда токарь болуп иштөөдөн баштаган, мында азыркы мезгилге чейин ошол жерде эмгектенет.

Кыргыз ССР Жогорку Советинин Курулуш жана курулуш материалдар өнөр жайы боюнча комиссиясынын мүчөсү.

**Хакимова Турсунхан** (1924-жылы туулган, Жалалабат шаары) – Кыргыз ССР Жогорку Советинин депутаты (1971–1975). Кыргызстан КП БКга караштуу мектепти (1953), Ташкендеги жогорку партиялык мектепти бүткөн. 1942–1953-жылдары Сузак районунда мугалим, партиялык кызматта, 1953–1965-жылдары Кыргызстан КП Жалалабат облустук комитетинде инструктор, партиянын Сузак райкомунун катчысы, Сузак

5–2302

Жалал-Абадская областная библиотека





Э. Төрөбаев



С. Жээнбеков



К. Касымов

өндүрүштүк колхоз-совхоздук башкармасынын партиялык комитетинин бөлүм башчысы, 1965–1971-жылдары Ленин райондук аткаруу комитетинин төрагасы, 1971-жылдан Ош облустук аткаруу комитетинин төрагасынын орун басары болуп иштеген.

**Чыналиев Улукбек Кожомжарович** 1946-жылы Ноокен районундагы Масы айылында туулган. Кыргыз ССР Жогорку Советинин депутаты (1985–1990). 1971-жылы Москвадагы Бауман атындагы жогорку техникалык окуу жайын бүткөн. 1971–1980-ж. комсомолдук жана партиялык кызматтарда, 1981–1983-ж. Кыргызстан КП БКнын уюштуруу партиялык иштер бөлүмүнүн инструктору, 1983–1985-ж. партиянын Балыкчы шаардык комитетинин 1-катчысы, 1985-ж. Бишкек шаардык комитетинде 1-катчы болуп иштеген. 2001-жылы июндан Кыргыз Республикасынын Өзбек Республикасындагы атайын жана ыйгарым укуктуу элчиси.

**Төрөбаев Эргеш** (1.5.1937-жылы туулган, Сузак району, Орто Азия айылы) – Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты (1990–2005). 1956-жылы Жалалабат пед. окуу жайын, 1963-жылы Бишкек политехникалык институтун бүткөн. 1963–1964-жылдары Жалалабат шаардык электр тармактарында мастер, 1964–1972-жылдары Сузак райондук электр станциясында башкы инженер, 1972-жылдан анын начальниги. СССР энергетика жана электрлештирүү отличниги (1980). Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген энергетиги (1980), Үчүнчү даражадагы «Манас» ордени менен сыйланган (1998).

**Жээнбеков Сатыбалды** (1952, Сузак району, Багыш айылы – 1996, Тайгараев айылы) – Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты (1995). 1975-жылы Орусиядан Мичуринск пед.институтун бүтүргөн. 1975–1982-жылдары Сузак районундагы Пушкин атындагы орто мектепте мугалим, директор, 1982–1992-жылдары Республикалык мамлекеттик телерадио комитетинде диктор, профкомдун, телерадиокомитетинин төрагасы, 1992–1995-жылдары Кыргыз Республикасынын социалдык коргоо министринин орун басары болуп иштеген.

**Касымов Камбаралы Жолотаевич** 1952-жылдын 10-декабрында Сузак районунун Барпы айылында туулган. 1980-жылы Фрунзе шаарындагы айыл-чарба институтунун агрономия факультетин аяктаган. 1980–1988-жж. Сузак районунун Барпы атындагы колхозунда лаборант, башкарманын орун басары, башкы агроном. 1988–1989-жж. Сузак райондук компартиясынын уюштуруу бөлүмүнүн инструктору. 1989–1996-жж. Барпы колхозунун парткомунун катчысы, Сузак кой чарба совхозунун директору, Барпы атындагы колхоздун башкармасы. 2000–2005-жж. КРдин ЖКнын Эл өкүлдөр жыйынынын депутаты. 2005-жылдын март айынан баштап КРдин айыл, суу чарба жана өнөр жайын кайра иштетүү министринин биринчи орун басары, статс катчысы кызматында иштеп келүүдө. Үй-бүлөлүү, беш баланын атасы.

Жалал-Абадская областная библиотека



К. Батыров



Ташиев К.

**Батыров Кадыржан Алимжанович** 1956-жылы 9-мартында Жалалабат шаарында туулган. 1974–76-жылдары Советтик Армияда кызмат өтөгөндөн кийин, тери иштетүү иштери менен алектенет.

1977–84-жылдары Көкжангак шаарындагы турмуш-тиричилик комбинатында мастер, товаровед, цехтин начальниги.

1984–88-жылдары Кыргыз ССРинин мамлекеттик бөлүмүндө токой материалдарын камсыздоосунда иштеген. 1988-жылы «Дустлик» кооперативин түзгөн. 1980-жылы ишкердик жөндөмдүүлүгүн Орусиянын Москва шаарында жүргүзгөн. Ал жерде товар-сырьё биржасында брокерлик кызмат аткарган. 1994-жылы Москва ишканасынын базасында «Арктранс» экспедициялык конторун уюштурган.


2005-жылы февраль айынан баштап КРнын Жогорку Кеңешинин депутаты, «Даңк» медалынын ээси.


Үй-бүлөлүү, эки уул, үч кыздын атасы.

**Ташиев Камчыбек Кыдыршаевич** 1968-жылы Сузак районунун Барпы айылында туулган. 1992-жылы Томский шаарындагы политехникалык университстин аяктаган. 1999-жылы Кыргыз мамлекеттик улуттук университетинин юридикалык факультетин бүтүргөн. 1993–1998-жж. Сузак районундагы «Мээримай» өндүрүштүк фирмасынын директору. 1998–2002-жж. Жалалабат мамлекеттик облустук администрациясынын инвестиция жана ишкерлер боюнча департаментинин директору, Жалалабат шаарындагы өндүрүш коммерциялык «Томас» фирмасынын жетекчиси, «Элет-Кенч» башкармалыгынын башчысы. 2002–2003-жж. КРдин премьер-министринин аппарат жетекчисинин жардамчысы. 2003–2005-жж. Бишкек шаарындагы Ленин райондук мамлекеттик администрация башчысынын орун басары, 1-чи орун басары. 2005-жылдын февраль айынан баштап Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты.

Үй-бүлөлүү. Төрт баланын атасы.


Жалал-Абадская областная библиотека



Жалалабат курортундагы жаңы «Кыз-Булак» соода комплекси. 1985-ж.

На курорте Жалалабат возведён новый торговый комплекс «Кыз-Булак». 1985 г.



Жалалабат шаардык мэриясынын имараты.


Здание мэрии, г. Жалалабат. 2007 г.

Өнөр жай банкы.

Промышленный банк.

Жалал-Абадская областная библиотека









Роза гүлүнүн арасы.

Среди цветов.

Майрамдык маанай. 1982-ж.

Праздничное настроение. 1982 г.

Кыргыз оймолору жаратылышка жакын.

Кыргызские узоры отражают красоты природы.

Жалал-Абадская областная библиотека

# ЖАЛАЛАБАТ — ӨНӨР ЖАЙ ШААРЫ

**Өнөр жайы.** Жалалабат шаарында өнөр жай ишканаларынын көбөйүшү өзгөчө республикабыз эгемендүүлүгүн алгандан кийин күч алган. Кээ бир ишканалар өз азыктарын талапка ылайык чыгарып, калкка кызмат көрсөтүп, жумуш ордуларын толуктап иштеп кетти. Ошондой эле ачылып, бирок базар экономикасына ылайык ишти алып кете албай жабылып, банкротко учурагандар да болду. Союз мезгилинде иштеген завод, фабрикалардын бир тобу издеп, жаңы ыкмаларга өтүп, киреше алганды үйрөнүп, өндүрүштү кармап кала алышты. Алардын катарында бир кездердеги «Нур» штепселдик ажыраткычтар заводу бүгүнкү күндө «Нур» ачык акционердик коомуна айланып, кирешелүү заводдун катарында. Дагы бир – ишкана Жалалабат шаарындагы кийим тигүү фабрикасы «Келечек» акционердик коомуна айланып, шаардагы кирешелүү ишканалардан болуп калды. 1936-жылы Эмерек фабрикасы уюшулуп, алгачкы жолу ат араба чыгарган. Кийинки учурларда жыгач материалдарынан ар кандай эмеректерди жасап, калк керектөөсүн канааттандырууда. 1996-жылы бул фабрика «Эмерек» акционердик коому болуп түзүлгөн. Жалпы фонду 627 миң сом. 55 адам иштейт. Иштөө кубаттуулугу 3 млн сомго чейин жетет. 1999-жылы чыгарган эмеректеринин сапаттуулугу мыкты дизайны үчүн эла-





«Нур» ачык акционердик коому.
Лиматекс ишканасы.

ралык «Платина жылдызы» дипломуна ээ болгон. Бадыев Токтогул жетектеп келет.

ОсОО «Алманбет» ишканасы 1999-жылдын 28-августунда уюшулуп, 2001-жылдын февраль айынан баштап жүзүмдөн шараптын 8 түрлүү сортун чыгара баштаган. Жалалабат шаарынын тургундары, меймандары даам татышкан «Баян-ширей», «Күмүш той», «Кадарка», «Золушка», «Кызылт көк мускат», «Кагор», «Мелодия», аңкыган жыттуу «Вермут» шараптары ушул «Алманбет» ишканасынан чыгат. Кубаттуулугу күнүнө шарттуу 50 миң бөтөлкө. 2005-жылдын жыйынтыгы – киреше 104,4 миң сомду түзгөн. Жетекчиси – Кыдыков Талантбек.

Жалал-Абадская областная библиотека



АОЗТ ПТК «Интержак» менчик ишканасы 1991-жылы уюшулган. 148 адам иштейт. Өндүрүштүк кубаттуулугу — бир жылда 6 миң тонна ун, күнүнө 10,0 тонна суусундук ичимдиктерин, консерваларды саатына 2,0 миң бөтөлкө газдалган минералдык суу чыгарганга шарты бар. Реализациядагы кирешеси 11,2 миң сомду түзөт. Жетекчиси — Бурханов Абдукарим.

АО «Азрат-Айыб» ишканасы 1994-жылы уюшулган. 67 адам иштейт. Жылына 28 миң тонна ун чыгарат. Жетекчиси — Иматуллаев Эргешходжа.

ОсОО «Мариям и Ко» 2002-жылы уюшулуп, уставдык фонду 500 миң сомду түзөт. 35 адам иштейт. Айына 450 тонна ун чыгарат. Жетекчиси — Төрөбаев Бакыт.

1988-жылы Жалалабат шаарында асфальт-бетон заводу уюшулуп, Оштогу асфальт-бетон заводуна караштуу болуп келген. 1991-жылдын ноябрь айында Транспорт жана автожолдор министрлигинин №267 буйругунун негизинде Жалалабат асфальт-бетон заводу болуп өзүнчө түзүлгөн. 1994-жылы завод акционердик коомго айланып, АО «АБЗ» ишканасы болуп калды. 2001-жылы Ош-Бишкек жолуна Ирандын «Ирдо-Паз», Түркиянын «Айхашар» фирмалары менен биргеликте иштеп, жолду реконструкциялоого салымын кошкон. Карамагында 31 адам иштейт. Өндүрүштүк кубаттуулугу — жылына 20 миң тонна асфальт-битумун чыгарат. 2003-жылы атайын курулуш бригадалар түзүлүп, шаар ичиндеги жолдорду ремонттоого киришкен. 2007-жылдын башынан баштап Түркиялык фирма менен биргеликте Базаркоргон-Арстанбап жолун салууда. Жетекчиси — Досалиев Акуналы.

ОсОО «Тунук-булак» ишканасы 2003-жылы уюшулган. Карамагында 11 адам иштейт. Өндүрүштүк кубаттуулугу – айына 3,0 миң бөтөлкө минералдык суу чыгарат.

Кыш заводунун продукциясы.



Биргелешкен кыргыз-түрктүн «Ак-алтын» ишканасы 1997-жылы уюшулуп, өзгөчө фонду 15 662 сомду түзгөн. Карамагында 35 адам иштейт. Жылына 15 тонна пахта жибегин чыгарат. ОсОО «Торо-Ай» ишканасы 2003-жылы түзүлгөн. Уставдык фонду 50 миң сом. Карамагында 7 адам иштейт. Өндүрүштүк кубаттуулугу — айына 120 тонна тамеки ферменттейт. «Интерфейс» кичи ишканасы 1994-жылы түзүлүп, уставдык фонду 150,0 миң сом. Күнүнө 200 кг нан чыгарат. «Ширин» акционердик коому 1992-жылы уюшулган. Карамагында 55 адам иштейт. Өндүрүштүк кубаттуулугу – айына 55 тонна кондитердик азыктарды чыгарат. Кирешеси 716,4 миң сом. «Ак-Булак» ишканасы 1934-жылы уюшулуп, 1994-жылы акционердик коомго айланган. Карамагында 16 адам иштейт. Өндүрүштүн кубуттуулугу күнүнө 4 тонна сүттү иштетүүгө жетет.





Асфальт-бетон заводу.

Жалал-Абадская областная библиотека


# ЖАЛАЛАБАТ ШААРЫНЫН МЭРЛЕРИ, ШААРДЫК КЕҢЕШТИН ТӨРАГАЛАРЫ



Ш. Б. Алдашева



Б. Алиева



У. Ашуров



А. Абдукадыров

**Алдашева Шакира Байгазиевна.** 1968–76-жылдары Жалалабат шаардык аткаруу кеңешинин төрайымы, Кыргыз ССР Министрлер Советинин башкаруу бөлүмүнүн башчысы, Талас обкомунун катчысы, Кыргыз ССРинин камсыздоо министри болгон. Азыркы учурда Кыргызстан – Индия мамлекеттеринин достугун чыңдоо үчүн «Достук» коомдук уюмун жетектеп келет.

**Алиева (Байчерикова) Батмакан** (1907, Тогузторо району, Арал айылы – 1971, Бишкек шаары) – Совет бийлигинин учурундагы аялдар кыймылынын активдүү өкүлү. Жалалабат кантонунда кыз-келиндерден 1-болуп комсомолдун катарына өткөн. 1928-жылы Ташкендеги Орто Азия коммунистик университетин бүткөн. 1928-57-жылдары Нарын, Жалалабат шаарында комсомолдук, партиялык кызматтарда, Ноокат, Ленин, Өзгөн райондорунда партиянын райкомунун бөлүм башчысы, катчысы, Жалалабат шааркомунун катчысы, Киров райондук аткаруу комитетинин төрайымы, Кыргызстан КП БКнын алдындагы аялдар турмушун жакшыртуу боюнча бөлүм башчысы болуп иштеген. Медалдар менен сыйланган.

**Сарчибаев Халдар** (1899, Жалалабат шаары – 1921, ошол эле жер) – Совет бийлиги үчүн жигердүү күрөшкөндөрдөн. Бала кезинен байдын малын бакан. 1917-жылы июлда Убактылуу өкмөттүн саясатына наразы болгон эмгекчилердин митингисине катышкан. 1917-жылы декабрдан ыктыярдуу элдик милициясынын катарында кызмат өтөгөн. 1919-жылдан басмачыларга каршы күрөшүүгө Жалалабат ыктыярдуу кошуунунун аскер комиссары. 1920-жылы февралда РКП(б)нин Жалалабат райондук комитетинин мүчөсү. Партиялык жана мамлекеттик кызматтарда иштеген. Басмачыларга каршы күрөштө курман болгон. Анын ысымы менен Жалалабат шаарында бир көчө аталган.

**Ашуров Усманали (Осмонали)** (1891, Анжиян уезди, Арс айылы – 1978, Жалалабат шаары) – Совет бийлигин орнотууга жигердүү катышуучулардан. 1916-жылы падышачылыкка каршы көтөрүлүштүн уюштуруучуларынын бири болгон. 1917-жылы декабрда Жалалабат шаарынын башкы аянтындагы жыйында бийлигин жарыялаган. Басмачыларга каршы күрөштө ыктыярдуу кошуунду жетектеген. Өздүк курал менен сыйланган. 1927-жылы Жалалабат шаарында кышчылардын «Интернационал» артелин уюштурган. Артелдин негизинде «Курулушматериалдар» өндүрүштүк бирикмеси түзүлгөн. 1930-жылдары Жалалабат шаардык аткаруу комитетинин төрагасы болуп иштеген. Анын ысмы менен Жалалабат шаарынын бир көчөсү аталган.

**Абдыкадыров Айти** (1905–1988 гг.) родился в бедняцкой крестьянской семье в селе Кызыл-Сенгир Сузакского района Жалалабатской области. С детских лет работал у бая, пас баранов и за год работы получил жеребенка. Айти рос любознательным, стремился познать грамоту. И в этом ему помог старый учитель Эшматов Ысман (дед Ысманова Касыма), который проживал в селе Кулбай уулу, ныне Тайгараевский айыл окмоту. Вечерами он собирал подростков и учил грамоте. Свою трудовую деятельность Айти начал секретарем сельского совета, некоторое время учил детей в селе Кара-Дарья, затем был направлен в органы НКВД. В 1931 году окончил двухгодичную школу милиции в Ташкенте, в то время там преподавал философию и экономику Исхак Раззаков. После окончания милицейской школы возглав-

Жалал-Абадская областная библиотека


З. Нурматова


М. Исакулов


В. П. Рыжков

лял отделы милиции в Куршабе, Гульче, Чон Алае, Сузаке, Сулюкте.

После ухода из органов НКВД, в период с 1956 по 1960 годы, работал начальником райшелка Сузакского района.

Принимал активное участие в ликвидации басмаческого движения на юге Кыргызстана. Работая в органах, отмечен многими наградами. Он кавалер ордена Красной Звезды, награждён медалями «За отвагу», «За боевые заслуги». Скончался в 1988 году в возрасте 83 лет.

**Нурматова Зуура** Кыргыз ССР Жогорку Советине Жалал-Абад шаарындагы № 224 Өнөр жай шайлоо округунан депутат. 1928-жылы Ош облусундагы Өзгөн шаарында туулган, 1955-жылдан КПССтин мүчөсү, билими – жогорку. 1946-жылы финансы-кредит техникумун бүтүргөндөн кийин финансы, соода органдарында иштеген. 1956-жылы Кыргыз ССРинин Соода министринин орун басарлыгына дайындалат. 1959- жылдан тартып Ош облустук аткаруу комитетинин төрагасынын орун басары, Кыргызстан Компартиясынын Ош өнөр жай облустук комитетинин секретары, Ош облустук партиялык-мамлекеттик контроль комитетинин төрайымы, андан кийин Ош облустук Советинин аткаруу комитетинин төрагасынын орун басары болуп иштеген. 1965-жылдан 1975-жылга чейин Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитетинин соода, пландоо жана финансы органдар бөлүмүнүн башчысы, ал эми 1975-жылдан партиянын Жалал-Абад шаардык комитетинин биринчи секретары, Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитетинин мүчөсү болгон.

Кыргыз ССР Жогорку Советинин Эл керектөөчү товарлар жана соода боюнча комиссиясынын төрайымы. Кыргыз ССРинин Жогорку Советинин жетинчи, сегизинчи, тогузунчу шайланыштарынын депутаты.

**Исакулов Муктар** (1921-жылы туулган, Сузак району, Сузак айылы) – Кыргыз ССР Жогорку Советинин 4 жолку депутаты (1951–1967). Жогорку билимдүү. Элге билим берүү тармагында, Кыргызстан КП Сузак, Араван, Ноокат райкомдорунда, партиянын Ош облустук комитетинде, КПСС БКнын аппаратында иштеген. 1975 –1985-жылдары Жалалабат шаардык эл депутаттар кеңешинин төрагасы болгон. Ленин, Эмгек Кызыл Туу ордендери жана медалдар менен сыйланган.

**Базарбаев Гапар Базарбаевич.** 1905-жылы Лейлек районунун Карабулак айылында төрөлгөн. Он бир жашынан көмүр шахталарында иштеген. Эне-атасынан эрте ажырагандыктан, балдар үйүндө тарбияланган.

1948-жылы Жалалабат шаарына келип зиректигинен ар кандай мамлекеттик кызматтарды иштеген.

1955–62-жылдары Жалалабат шаардык аткаруу комитетинин төрагасы. Ушул жылдардын аралыгында суу түтүкчөлөрү пайда болуп, алгач көчөлөрдү асфальттоо маселеси каралган. Музыка мектебин, балдар бакчасын № 8 орто мектеп салынган.

1974-жылдын 24-мартында Гапар Базарбаев 69 жашында каза болгон. Анын ысмы шаардын бир көчөсүнө берилген.

**Рыжков Владимир Павлович** (1936-жылы туулган, Жалалабат шаары) – Кыргыз ССР Жогорку Советинин депутаты (1985–1990). 1962-жылы Токмоктогу айыл чарба техникумун, Ташкендеги жогорку партиялык мектепти (1967) бүткөн. 1952-жылдан Жалалабат ремонттоо заводунда токарь, комсомолдун Жалалабат шааркомунун инструктору, 1-катчысы. 1967-жылы Кийин Кыргызстан КП Жалалабат шааркомунун инструктору, Жалалабаттагы штепселдик ажыраткычтар заводунун директорунун орун басары, 1972–1985-жылдары партиялык жооптуу кызматтарда, 1985-жылдан партиянын КП Жалалабат шааркомунун инструктору, Жалалабат штепселдик ажыраткычтар заводунун директорунун орун басары, 1985-жылдан партиянын КП Жалалабат шааркомунун 1-катчысы, Кыргызстан КП БКнын бөлүм башчысынын орун басары болуп иштеген.

Жалал-Абадская областная библиотека




Р. Абдысаматова


К. Исманов


А. Абдурехменова


Б. Кененбаев

**Абдысаматова Роба Насыровна** (1940-жылы туулган, Алабука району, Жаңы- Базар айылы) – Кыргыз ССР Жогорку Советинин депутаты (1985–1990), Кыргыз Республикасынын айыл чарбасына эмгек сиңирген кызматкери (1995). 1964-жылы Москвадагы М.В. Ломоносов атындагы мамлекеттик университетти бүткөн. 1958–1960-жылдары Алабука районунда комсомол комитетинин катчысы. 1964-жылдан Кыргызстан ЛКЖС БКнын инструктору, Комсомолдун Ош облустук комитетинин катчысы, Кыргызстан КП БКнын Жаңыжол райкомунун 2-катчысы, эл депутаттарынын Каракөл шаардык Советинин аткаруу комитетинин төрагасы, партиянын Каракөл шаардык комитетинин 1-катчысы, Талас облустук комитетинин катчысы. 1985–1988-жылдары Кыргызстан КП БК-нын маданият бөлүмүнүн башчысы, 1988-жылы Кыргызстан КП Жалалабат шаркомунун 1-катчысы болуп иштеген. Эки «Ардак Белгиси» ордени жана медалдар менен сыйланган.

**Исманов Касым Мадаминович** (1955-жылы туулган, Сузак району, Үлгү айылы) – Кыргыз Республикасынын Жогорку Советинин депутаты (1992–1994). 1975-жылы Бишкек политехника институтун бүтүргөн. Эмгек жолун 1972-жылы Сузак районундагы Барпы атындагы колхоздо иштөөдөн баштаган. 1981–1985-жылдары Политехникалык институтта инженер-конструктор, кенже илимий кызматкер, окутуучу болуп иштеген. 1985–1990-жылдары Жалалабат шаарындагы штепселдик ажыраткычтар заводунда бөлүм башчы, партиянын Жалалабат шааркомунда инструктор, 1990-жылдан Жалалабат шаардык аткаруу комитетинин, депутаттар советинин төрагасы. 1992–1998-жылдары Жалалабат, Каракол шаарларынын мамлекеттик администрация башчысы. 1998–2003-жылдары «Кыргызмунайгаз» акционердик коомунун башкармасынын төрагасы. Медалдар менен сыйланган.

**Абдурехменова Асылгүл Барыктабасовна.** 1953-жылы Ысыккөл областынын, Ысыккөл районунун Бостери айылында төрөлгөн.

1974-жылы Пржевальск шаарындагы пединституттун орус тили жана адабияты факультетин аяктаган.

1973–1974-жылдары мугалимдик кесипти аркалаган.

1980-жылы Ташкендеги жогорку партиялык мектепти бүткөн. 1985–1987-жылдары Ош облустунун Араван райондук Аткаруу комитетинин төрагасы. 1991–1996-жылдары Ысыккөл облусунун Каракол шаарынын мамлекеттик администрация башчысы. 1996–1997-жылдары Жалалабат областынын Жалалабат шаарынын мамлекеттик администрация башчысы. 1997–1998-жылдары Кыргыз Республикасынын эмгек жана социалдык коргоо министри.

Мамлекеттик наамдары: Кыргыз Республикасынын билим берүүсүнө эмгек сиңирген кызматкери. СССР агартуу министрлигинин ардак грамотасынын ээси. Педагогика илимдеринин кандидаты. Үй-бүлөлүү, 3 баланын энеси.

**Кененбаев Болотбек Осмонович** 1949-жылдын 18-мартында Фрунзе шаарында төрөлгөн. 1971-жылы Фрунзе шаарындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин экономика факультетин аяктаган. 1973–1975-жылдары ВЛКСМ БКнын Москва шаарындагы Жогорку Комсомол мектебинде окуган. 1977–1980-жж. Кант райондук комсомол комитетинде инструктор, 1-катчысы. 1980–1985-жж. комсомолдун Талас облустук комитетинин 1-катчысы. 1985–1987-жж. КПСС БКнын алдындагы Коммунисттик Илим академияда окуган. 1987–1990-жж. партиянын Каракол шаардык комитетинин 2-катчысы, Кыргызстан КП БКнын инструктору. 1990–1996-жж. Фрунзе шаарында партиялык Свердлов райкомунун 1-катчысы, райондук эл депутаттар кеңешинин төрагасы, Свердлов райондук мамлекеттик администрация башчысы. 1996–2001-жж. Жалалабат шаардык мамлекеттик администрация башчысы. 2001–2005-жж. КРдин Президенттик администрациясынын башчысынын орун басары, Чүй областык мамлекеттик администрациясынын башчысынын биринчи

Жалал-Абадская областная библиотека





Б. Жумабеков



Ө. Шаршеналиев



И. Айсариев

орун басары. 2005-жылдын апрель айынан баштап Ысыката районунун акими. 1993–1995-жж. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты. Үй-бүлөлүү, үч баланын атасы.

**Жумабеков Болотбек Жекшенович** 1954-жылы Талас областынын Бакай-ата районунда төрөлгөн. 1975–1976-жылдары Москва-Волгаград жолунда жол оңдоочу жумушчу. 1976-жылы Фрунзе шаарындагы политехникалык институтунун инженер-куруучу факультетин аяктаган. 1976–1981–1987-жылдары Талас шаарынын РДЭСУ ишканасында мастер, Киров районунун ДЭУ № 6 мекемесинде башкы инженер, облустук жол башкармасынын начальниги. .1987–1991-жылдары Талас шаардык аткару комитетинин төрагасы, партиянын шаардык комитетинин 1-катчысы.

1991–1992-жылдары Талас шаардык кеңешинин төрагасы. 1992–1996-жылдары Талас шаардык мамлекеттик администрация башчысы. 1996–1999-жылдары Кызылкыя шаарынын мамлекеттик администрация башчысы. 1999–2001-жылдары Ноокен райондук мамлекеттик администрация башчысы. 2001–2004-жылдары Жалалабат шаарынын мэри. Кыргыз Республикасынын өнөржайына эмгек сиңирген кызматкери. 1991-жылы Ташкен шаарындагы Саясат таануу жана башкаруу институтун аяктаган. 2001-жылы Москва шаарындагы Ломоносов атындагы Москва мамлекеттик университетин бүтүргөн. 1994-жылы Америкадагы Аризона штатындагы университетте менежменттикке ээ болгон.

Үй-бүлөлүү, эки уул, эки кыздын атасы.

**Шаршеналиев Өмүрбек Асангазиевич.** 1952-жылы Ысыккөл облустунун Каракол айылында шахтёрдун үй-бүлөсүндө туулган. 1970-жылы Фрунзе Политехникалык институтунун механика факультетин бүтүргөн. 1975–99-жылдары Караколдогу автобазада эмгек жолун баштап, начальник, шаардык аткаруу комитетинин төрагасынын орун басары, акимдин биринчи орун басары, «Сейил» акционердик коомунун жетекчиси.

1999–2000-жылдары Ысыккөл облустук соцфонддун начальниги, 2000–2001-жылдары Балыкчы шаарынын, 2001–2003-жылдары Аксуу-Каракол райшаарынын, 2003–2004-жылдары Тогузторо районунун акими. 2004–2005-жылдары Жалалабат шаарынын мери. 2007-жылдан баштап, Ысыккөл облусунун Түп районунун акими.

**Айсариев Илиясбек Абытович** 1961-жылдын 6-сентябрында Сузак районунун Багыш айылында, кызматкердин үй-бүлөсүндө туулган.

1978-жылы № 10 Кызыл-Пахтачы орто мектебин бүтүргөн.

Эмгек жолун 1979-жылы Сузак районунун Ленин айылында жайгашкан жүзүм-шарап иштетүү комбинатында (ОВСК) жумушчу болуп иштөө менен баштаган. 1979–1981-жылдары Советтик Армиянын катарында кызмат өтөгөн.

1981–1987-жылдары Ленинград шаарындагы Технологиялык институтунун муздаткыч техникалар факультетин ийгиликтүү бүтүргөн.

1987–1990-жылдары Фрунзе шаарында «Кыргызагротехдолбоор» долборлоо-технологиялык институтунда инженер-конструктор, инженер болуп эмгектенген.

1990-жылдан баштап Жалалабат шаарында эмгек жолун уланткан. Жалалабат шаарындагы сүттү кайра иштетүү заводунда-жумушчу, Жергиликтүү материалдарды иштетүү заводунда-мастер, Облустук коммуналдык чарба башкармалыгында инженер, «Жалалабатсууканал» башкармалыгында бөлүм башчы болуп эмгектенген.

1998-жылы Жалалабат шаардык мамлекеттик администрациясынын курулуш жана коммуналдык чарба бөлүмүнө бөлүм башчысы, 1999-жылы шаардык мамлекеттик администрациясынын аппарат жетекчиси болуп дайындалган.

2004-жылдын октябрь айынан 2005-жылдын март айына чейин Кыргызстан элдик кыймылы (КЭК) уюмунун облустук штабынын жетекчиси.

2005-жылдын март айынан 2006-жылдын март айына чейин Жалалабат шаарынын мэри болуп кызмат өтөгөн.

Азыркы күндө Кыргыз Республикасынын өнүктүрүү жана инвестициялоо Агенти-

Жалал-Абадская областная библиотека





Д. Мамасалиев



К. Жолдошев



Т. Бекбоев

гинин (АРИС) Чакан шаарлардын инфраструктурасын жана потенциалын өнүктүрүү долбоорунда (ПИНПМГ) эмгектенет.

Үй-бүлөлүү, эки кыз, эки уулдун атасы.

**Мамасалиев Дүйшөнали.** 1955-жылы 12-сентябрда Ош облусунун Өзгөн районундагы Ничке-Сай кыштагында кызматчынын үй-бүлөсүндө туулган. 1977-жылы Ташкент шаарындагы политехникалык институттун механикалык факультетин аяктаган.

1977–1987-жылдары Жалалабат шаарындагы штепселдик ажыраткычтар заводунда инженер-технолог, инженер-конструктор, техбюронун башчысы. 1989–1992-жылдары ушул эле заводдун № 1 куюу цехинин башчысы, заводдун директору.

1993–1998-жылдары «НУР» ачык акционердик коомунун мурунку штепселдик ажыраткычтар заводунун башкармалыгынын төрагасы, 1998–2001-жылдары «НУР» ачык акционердик коомунун генералдык директору. 2001–2006-жылдары «НУР» ААКынын вице-президенти.

2006-жылдын апрелинен баштап Жалалабат шааарынын мэри.

Үй-бүлөлүү, бир кыз, үч уулдун атасы.

**Жолдошев Кубанычбек Ниязович** (3.6.1960-жылы туулган, Сузак району, Сузак айылы) – Кыргыз Республикасынын мыйзам чыгаруу жыйынынын депутаты (2000–2005-жж.). 1982-жылы КМУнун экономика факультетин бүтүргөн. 1984–1987-жылдары Ош облусундагы мамлекеттик ишканаларда – Материалдык-техникалык жабдуулар менен камсыздандыруу мекемесинин Жалалабаттагы ишканасынын экономисти, начальниги, 1987–1994-жылдары Кыргызстан КП Жалалабат шааркомунун инструктору, шаардык аткаруу комитетинин пландоо комиссиясынын төрагасы, Жалалабат шаардык эл депутаттар советинин төрагасы, шаардык мамлекеттик администрация башчысынын орун басары. 1994–1996-жылдары Көкжаңгак шаардык мамлекет администация башчысы, 1997–2000-жылдары Жалалабат шаардык мамлекеттик администрация башчысынын орун басары. 2006-жылдан баштап КРдин Президенттик администрациясынын уюштуруу бөлүмүнүн башчысы.

**Бекбоев Турдуназир** 1961-жылы Сузак районунун Үрүмбаш айылында туулган. 1983-жылы Белоруссиядагы Айыл чарба жана механикалаштыруу институтун аяктаган.

1989–1991-жылдары Жалалабат шаарындагы № 1 кесиптик лицейде директордун орун басары, директору. 1992–1995-жылдары Жалалабат шаардык мамлекеттик администрациясынын аппарат жетекчиси, Жалалабат шаардык кеңешинин төрагасы. 1995–1996-жылдары Жалалабат облусунун Үчтерек районунун акими. 1996–1999-жылдары Каракөл шаардык мамлекеттик администрация башчысы. 1999–2000-жылдары КРдин Президентине караштуу Атаандаштыкты коргоо жана өнүктүрүү улуттук комиссиясынын Жалалабат облустук башкармасынын башчысы, КРдин Президенттик администрациясынын уюштуруу жана кадр саясаты бөлүмүнүн инспектору.

2001–2003-жылдары Ноокен районунун акими. 2003–2005-жылдары Сузак, Токтогул райондорунун акими. 2006-жылдын июнь айынан баштап Жалалабат шаарынын мэринин биринчи орун басары.

Жалал-Абадская областная библиотека



Ж. Бакиев



А. Мамажанов

**Бакиев Жусупбек** 1951-жылы 18-сентябрда Сузак районунун Кумириазиз айылында туулган. 1978-жылы Фрунзедеги Кыргыз мамлекеттик университетин аяктаган. 1978–1981-жылдары Жалалабат шаарындагы зооветеринария техникумунда комсомол комитетинин катчысы. 1981–1983-жылдары Шаардагы № 6 кесиптик окуу жайынын директорунун орун басары. 1983–1986-жылдары компартиянын Жалалабат шаардык комитетинин бөлүм башчысы. 1986–1988-жылдары Жалалабат шаарындагы маданият техникумунун директору. 1988–1992-жылдары компартиянын шаардык комитетинин уюштуруу бөлүмүнүн башчысы. 1992–1995-жылдары Жалалабат облустук билим берүү бөлүмүнүн башчысынын орун басары. 1995–2001-жылдары Жалалабат шаардык кеңешинин төрагасы. 2001–2003-жылдары Жалалабаттагы айлана-чөйрөнү коргоо башкармалыгынын начальниги. 2003–2005-жылдары Экология жана өзгөчө кырдаал министрлигинде жаратылышты коргоо фондунун директору. 2005-жылдын март айында Жалалабат облустук мамлекеттик администрациясынын башчысынын биринчи орун басары. Анын ысмы өзү окуган Жалалабат шаарындагы № 3 мектепке берилген.

**Мамажанов Абдукадыр** 1952-жылы 15-июнда Өзбекстан Республикасынын Маргалаң шаарында төрөлгөн. 1969–1970-жылдары Жалалабат шаарындагы эмерек фабрикасында столяр-сборщик. 1970–1972-жылдары Советтик армияда кызмат өтөгөн. 1979-жылы Советтик соода-тармактар институтун аяктап, экономист кесибине ээ болгон. 1989–1991-жылдары компартиянын Жалалабат шаардык комитетинин инструктору, уюштуруу бөлүмүнүн башчысы, экинчи секретары. 1991–1998-жылдары Жалалабаттагы «Кыргызнефтгаз» ишканасынын төрагасы, 2000–2001-жылдары Жалалабат облустук мамлекеттик администрация башчысынын орун басары. 2001-жылдан баштап Жалалабат Шаардык Кеңешинин төрагасы.

Үй-бүлөлүү, алты баланын атасы.

Жалал-Абадская областная библиотека












Кыргыз Республикасынын
Премьер-министри
К. С. Бакиевдин
Жалалабатка келиши.
2001-ж.

Жалалабат шаарынын
125 жылдык салтанаттуу
жыйыны. 2002-ж.


Партиялык чогулуштан
кийин. 1962-ж.
Ортодо партиянын
шаардык комитетинин
катчысы Т. Мамакеев.

Жалал-Абадская областная библиотека

Борбордук аянт.
Жалалабат шаары. 1930-ж.

Мамлекеттик сыйлыкты
тапшыруу. Ш. Б. Алдашева,
В. Ф. Трунов. 1972-ж.









Жалалабат шаардык
акимчилигинин
жамааты. 2001-ж.
Ортодо шаар акими
Б. Кененбаев.

В. П. Рыжков
шаардык кеңешменин
катышуучулары менен.
1977-ж.

Дарыгер
Н. Кичинебатырова
иш үстүндө.
1970-ж.
Жалалабат ш.



Жалал-Абадская областная библиотека



**«Лиматекс пахта» корпорациясы** – 2006-жылы өндүрүштү өркүндөтүү пахта буласынан жогорку сапаттуу жип иштеп чыгаруучу ишкана максатында 40,6 млн сомдук чет өлкөлүк түз инвестициянын эсебинен импорттук жабдууларды ташып келип орнотулган. Жаңы жабдууларда даярдалган кебез жиптин сапаты жогорку деңгээлде болуп, алынган продукциянын баасы дүйнөлүк базарда 86 сомду түзгөн, иштеп чыгарылган продукциянын баасы 1,3 эсеге өскөн. Ишкананын продукциясы толугу менен чет өлкөлөргө экспортко жөнөтүлгөн.


2007-жылда «Лиматекс пахта корпорациясы» ишканасында чет өлкөлүк инвестициялардын эсебинен бир айда 52,4 миң метр продукция чыгарууга жетишүүнү пландаштырылууда. Жакынкы күндөрдө Россиядан өндүрүштү максатка жумшоо үчүн, чоң көлөмдө (29,0 млн Евро) инвестиция күтүлүүдө. Пландаштырылган иш-аракеттерди 2007-жыл ичинде аткара алса, бул ишкана жылына 3600 тонна жип иштеп чыгарууга жетишет, ал эми бир жылда өндүрүлгөн продукциянын көлөмү 300,0 млн сомду түзөт.



«Лиматекс пахта» корпорациясы. 2007-ж.

**«Кыргыз-Петролеум компани»** (Жалалабат шаары, Курманбек көчөсү, 202) – Кыргыз – Канада биргелешкен ишканасы. 1994-жылы уюшулган. Бул ишканага Кыргызстанда алгачкы жолу курулган мунайды кайра иштеп чыгаруу заводу карайт.

**«Көгарт» акционердик коому** (Жалалабат шаары, Курулушчулар көчөсү, 1) 1993-жылы уюшулган. 1973-жылы жыгач иштетүүчү завод катары жыгач буюмдарын даярдоого адистешкен. Анын өндүрүштүк кубаттуулугу 2 миң м чамасына жетип, жылына 100 миң м ге чейин Терезе жана дарбаза блокторун даярдап, Чүй, Ош, Талас облустарынын, Бишкек шаарынын, ошондой



«Кыргыз-Петролеум компани» ишканасы.

Ярослав облусундагы (Орусия) «Кыргызстан» совхозунун курулуш объектилерине жөнөтүп турган. Ишканага темир жолдун бир тармагы жеткирилген. Азыр ишканада жыгач продукциялары чыгарылып, эмеректерди даярдоо боюнча жекече заказдар аткарылат, жыгач тилинет жана башка иштер жасалат. Завод 6 га дай жерди ээлеп, ал жер жашылдандырылган.

**«Келечек» өндүрүштүк фирмасы** (Жалалабат шаары, Эркинтоо көчөсү, 36) 1944-жылдан бери иштеп келген кийим тигүү фабрикасынын базасында уюшулган (ага чейин «Атайын кийим» артели болгон); 1992-жылдан «Келечек» акционердик коому. Алгач 10 кийим тигүүчү машинасы болгон, анда 40ка жакын адам иштеп, гимнастерка, жылуу бешмант, ичкийимдер тигилип, фронтко жөнөтүлүп турган. Ишкананы фронттон оор жарадар болуп келген Н. Х. Мансуров башкарган. Кийинчерээк ишканада буткийим цехи ачылып, бир эле мезгилде кийим тигүүбут кийим фабрикасы деп да аталган. 1964-



«Келечек» акционердик коому.

Жалал-Абадская областная библиотека



ишкана аялдардын жана балдардын жеңил кийимдерин, ымыркайлардын кийимдерин тигүүгө адистешкен. Фабрикада 223 киши иштеген. 1991-жылы Союз ыдарагандан кийин тигүү фаб-рикасынын кийимдери талапка ылайык келбей өтпөй калгандыктан, «Келечек» фирмасы түзүлгөн. 1993-жылы «Эмерек» (Эмерек фабрикасы) акционердик коому «Келечек» фирмасынын филиалы болуп калган. 1995-жылы «Жалалабат таттуусу» акционердик коомунун 2,7 миллион сом карызын төлөп, ишке киргизип, бул ишкана да «Келечек» ачык акционердик коомунун филиалына айланган. 1996-жылдан Жалалабат № 27 минералдык суусун азыркы стандартка ылайык чыгарылып келүүдө. 1997-жылы арак заводунун филиалы ачылган.


Бүгүнкү күндө «Келечек» ачык акционердик коомун ишкер Келдибек Туманов жетектеп келүүдө.

Жалалабат шаарынын 130 жылдыгына карата № 3 мектеп-лицейинин ремонтуна 130 115 сом, шаардын борбордук көчөсүнө монитор (экран) орнотуп, 216 9379 сомдук демөөрчүлүк иштерди аткарган.

Жылына 37 млн 365 миң сомдук товар чыгарылып, республикага 5 млн 16 миң сом салык төлөнсө, социалдык фондго 1 млн 500 миң сом төгүлөт. АКК «Келечектин» келечеги кең.

**Жибек жолу акционердик коому** 1994-жылы Жалалабат шаарында негизделген. Акционердик коомго 2 завод карайт: минералдык суу чыгаруучу «Гималай» заводу жана балдардын тамак-ашын чыгаруучу завод. Балдардын тамак-ашын чыгаруучу завод (Жалалабат шаары, Курманбек көчөсү, 21) 1996-жылдан иштейт. Тоонун жапайы алмасынан, алчасынан, ошондой эле өрөөндүн жер-жемиштеринен, мөмөлөрүнөн 40ка жакын наамдагы продукция (пюре, жжем, повидло ж. б.) даярдалып, сыйымдуулугу 200–250 г болгон банкаларда бекитилет. Заводдун жылдык жалпы кубаттуулугу 12 млн шарттуу банка. «Гималай» заводу (Жалалабат шаары, Курулушчулар көчөсү, 3) – шаардын чеке-белинен чыккан минералдык таза булак суусун бөтөлкөгө куюп даярдайт. Завод 1993-жылы Швейцариялык «Андре К» деген фирма менен биргелешип курулган. Көлөмү 1,5 л пластика идиш саатына 3 миң, жылына 6–10 млнго чейин бөтөлкөгө куюлган суу чыгарат. Казакстан, Өзбекстан, Орусия ж. б. өлкөлөргө экспорттолот.

**Жалалабат электр тармактары ишканасы** (Жалалабат шаары, Ленин көчөсү, 159) 1972-жылы Сузак, Аксы, Ноокен, Токтогул райондук электр тармактары, Жалалабат, Избаскен, Ташкөмүр, Шамалдысай чакан станцияларынын базасында уюшулган. Жалалабат электр тармактары ишканасы 8 администрациялык районду, 8 шаарчаны камтып, тейлөө аянты 21,1 миң км$^2$ди, радиусу 360 км ди түзгөн. Анын курамына 13 райондук электр тармактары, ошондой эле 10 өндүрүштүк кызмат, 12 бөлүм кирген. 2001-жылдан баштап аталган ишкана экиге – Жалалабат жогорку чыңалуудагы электр тармактары ишканасы жана «Жалалабат электр» акционердик коомуна бөлүнгөн.






**«Жалалабат электр» акционердик коому** 2001-жылы Жалалабат электр тармактары ишканасынан бөлүнүп чыккан. 8 административдик районду, 8 шаарчаны камтып, жалпы узундугу 8688,97 км болгон 10–0,4 кВ чыңалуудагы электр линияларын тейлейт. Анын курамына 13 райондук электр тармактары – Жалалабат, Көгарт, Сузак, Базаркоргон, Ноокен, Майлысуу, Ташкөмүр, Аксы, Алабука, Чаткал, Каракөл, Токтогул, Көкжаңгак, ошондой эле 2 өндүрүштүк кызмат, 8 бөлүм кирет. Акционердик коом жалпы кубаттуулугу 536 МВА болгон 3144 даана трансформатордук көмөкчү станцияны тейлейт. Ошону менен бирге акционердик коом чыңалуусу 35кВ болгон 33 даана трансформатордук көмөкчү станцияны тейлейт. Ак-

Жалал-Абадская областная библиотека





ционердик коом тейлеген тармактар аркылуу керектөөчүлөргө орто эсеп менен суткасына 4820 миң кВт•с, жылына 1219536,0 миң кВт•с электр энергиясы жеткирилет. Ишканада 1098 киши иштейт.

**Жалалабат темир жол бекети** 1928-жылы пайдаланууга берилген. Сыйымдуулугу 50 адамга эсептелген жүргүнчүлөр үчүн атайын имарат курулган. Көкжаңгакка 5 вагон, Анжиянга 4 вагон каттаган. 80-жылдары темир жол бекетинде техникалык каражаттар менен жабдылган депо түзүлгөн. Жалалабат – Куйбышев, Жалалабат – Ташкен, Жалалабат – Анжиян багыттары боюнча жүргүнчүлөрдү ташуучу поезддер жүргөн. 1996-жылы бекетте жүргүнчүлөр үчүн ыңгайлуу мейманкана курулган. 2001-жылы тепловоздорду оңдоочу цех пайдаланууга берилген.



Темир жол вокзалы.

**«Жалалабат таттуусу» акционердик коому** (Жалалабат шаары, Алыкулов көчөсү, 1) 1942-жылы витамин-консерва заводу катары курулган; 1960-жылдан кондитердик фабрика; 1973-жылдан нан-кондитердик өндүрүш бирикмеси; 1995-жылдан акционердик коом. Завод алгач Түштүк Кыргызстандын жаңгак-жемиш токоюнун мөмө-жемиштерин пайдаланып, С витаминин чыгарган; С витамини негизинен согуштан оор жарадар болуп келген жоокерлерди дарылоо үчүн республикадагы аскердик госпиталдарга жөнөтүлгөн. Кийин кондитердик фабрика, өндүрүштүк бирикме болгондон баштап, ишкана кеңейип, жаңы технология менен жабдылып, чыгарган продукциясынын ассортименти көбөйө баштаган. Азыр жыл сайын 100гө жакын наамдагы кондитер азыктарын чыгарат.



**«Нур» акционердик коому** (Жалалабат шаары, Чехов көчөсү, 15) – Жалалабат шаарындагы эң алгачкы жана ири ишканалардын бири; 1992-жылдан акционердик коом. 1930-жылы уюшулган машина-трактор станциясынан (МТС) 1938-жылы машина-трактор мастерскою (МТМ) бөлүнүп чыккан. Анда тракторлор менен автомобилдердин моторлору, айыл чарба шаймандары ремонттолот. Мастерскойдо 3 бургулап тешүүчү, 2 токардык, бирден жонуучу жана жылмалоочу станоктор болгон. Анда 45 жумушчу иштеп, ага айыл чарба жумуштары мезгилинде 32 колхозчу жардам берчү. 1942-жылы трактор жана комбайн үчүн тетиктерди куюп жасоочу вагранка ишке киргизилген. 1944-жылы ремонттоочу завод болгон. Согуш бүткөндөн кийин завод чыгарган продукциясынын ассортиментин көбөйткөн. 1946-жылы комбайндардын жа-на тракторлордун




Жалал-Абадская областная библиотека

моторлорун ремонттоо үчүн 1000 компонент даярдалган, насос да чыгара баштайт. 1950–1951-жылдары заводдун жумушчулары 3М-634 маркасындагы сыйрып-жылмалоочу станокторду, слесардык кыскычтарды, чоң диаметрдеги суу колонкасын, тракторлор жана автомобилдер үчүн аспаптарды даярдоону өздөштүргөн. 1951-жылдан мотор ремонттоочу завод деп аталып, 1961-жылдан металл куюучу-механикалык завод менен кошулган. 1965-жылдан радиотетиктери, 1969-жылдан штепселдик ажыраткычтар заводу деген статус алат. Заводдо аспаптык, гальваникалык, калып куюучу, механика, пластмасса, жыйноочу цехтер, сыноочу борбордук лаборатория ж. б. иштейт. «Нур» заводу электрон өнөр жайынын ишканасы катары электроника, радиотехника, машина куруу өнөр жай үчүн цилиндрлик жана тик бурчтуу туташтыргычтарды, ошондой эле кеңири керектелүүчү товарларды чыгарат. Чыгарган электрондук продукциялары мурдагы союздук республикалардын дээрлик бардыгына жөнөтүлөт. «Нур» акционердик коому Асаке шаарындагы Өзбекстан менен Түштүк Кореянын биргелешкен автомоболь заводу – «ӨзДЭУавто» фирмасы менен «Тико», «Нексия», «Дамас» автомобилдерине запастык тетиктерди даярдап берүү үчүн келишим түзгөн. Заводдун негизги продукцияларынын бири – аскердик жабдыктардын тетиктери; алар негизинен Орусия, Украина, Беларусияга жөнөтүлөт. «Нур» акционердик коому үстүбүздөгү 2007-жылы «УзДЭУавто» ишка-насынын жаңы өздөштүрүлгөн «Матиз» маркасындагы автомашинасы үчүн, быйылкы жылы 2 жаңы тетикти конвейердик чыгаруу колго алынган. Ошондой эле бул ишканада пластика бөтөлкөлөргө газдалган жана газдалбаган 3 түрдүү «Нур булак» артезиан сууларын куюу иши жүргүзүлүп жатат. Жакын келечекте бул ишкана тарабынан ички инвестициялардын көлөмүн 2 эсе көбөйтүү менен, өндүрүлгөн продукциянын көлөмүн 2 эсеге көбөйтүүгө жетишилет.

**Жалалабат суюлтулган газ биргелешкен базасы** (Жалалабат шаары, Курулушчу көчөсү, 27) – Кыргызстандагы эң кубаттуу ишканалардын бири. Анын жылдык өндүрүмдүүлүгү 25 миң т газ.

**Жалалабат структуралык бургулоо партиясы** (Жалалабат шаары, Нефтичилер көчөсү, 5) «Кыргызмунайгаз» акционердик коомуна карайт; 1961-жылы негизделген. 1997-жылы чейин «Кыргызмунай» өндүрүштүк бирикмесинин мунай чалгындоо экспедициясы деп аталган. Структуралык бургулоо партиясы тарабынан 3 мунай кени ачылган: Ош облусунун Лейлек районундагы Карагач, Тагап, Бешкен кендери. Мунай



чалгындоочулары Алабука, Баткен, Базаркоргон, Өзгөн, Сузак райондорунун аймагынан мунай жана газ издөө иштерин жүргүзгөн. 1961–1964-жылдары мурдагы Могол кыштагы тушта мунайчылардын шаарчасы курулуп, анда 800дөн ашык мунайчылар жана алардын үй-бүлөлөрү жашаган. Ар бир үйгө газ киргизилген, аянттары жашылдандырылган. Мунайчылардын кичирайонунда балдар үчүн жакшы шарт түзүлгөн, анда клуб, спорт аянттары, фудбол командасы («Нефтяник») бар. Структуралык бургулоо партиясын көп жылдар бою СССР мунай өнөр жайынын отличниги И. М. Ишенжанов жетектеп келген.

**Жалалабат райондук электр тармагы** (Жалалабат шаары, Айыл көчөсү, 27) 1973-жылы Сузак райондук электр тармагынан өз алдынча ишкана болуп бөлүнүп чыккан. Жалалабат шаарынын энергетикалык чарбасын тейлейт.

**Жалалабат райондор аралык жылуулук менен камсыз кылуу өндүрүштүк бирикмеси** (Жалалабат шаары, көчөсү, 26) 1986-жылы Жалалабат Коммуналык жылуулук энергия башкармалыгы катары уюшулган, 1999-жылдан азыркыдай аталат. Негизги милдети: калкты, өндүрүштү ж. б. керектөөчүлөрдү от жагуу мезгилинде жылуулук менен үзгүлтүксүз камсыз кылуу. Анын курамына Ташкөмүр, Майлысуу, Көкжангак, Кочкората шаалары, Алабука, Базаркоргон, Ноокен,



6–2302

Жалал-Абадская областная библиотека



Сузак, Токтогул райондору кирет. Бирикменин от казандарынын кубаттуулугу саатына 134 06 миң Гкал 300 дөн ашык киши иштейт.

**Жалалабат № 3 атайын участогу** (Жалалабат шаары, Манас көчөсү) – Кыргыз жардыруу өнөр жайына караштуу ишкана. 1957-жылы уюшулган. Ишкананын жардыруучулары Ош – Хорог, Бишкек – Ош трассаларын курууга катышкан; Акташ өрөөнүнө жол салууда, 150 кмге жеткен Алабука – Терексай, Чингим ашуусу – Жаңыбазар жолдорун курууда татаал жумуштарды аткарышкан. Гидрокурулушчулар менен кошо Үчкоргон ГЭСин, Найман, Базаркоргон суу сактагычтарын курууга катышкан; аскалуу тоолордо туннелдерди тешишкен. 1991-жылы Ош атайын участогу менен кошулган.

**«Жалалабат-нан» акционердик коому** (Жалалабат шаары, Курулушчулар көчөсү, 40) 1927-жылдан иштеп келген нан заводунун базасында уюшулган (1995-жылы). Жылына 40 тга жакын нан-булочка азыктарын, 2 тга чейин 68 наамдагы кондитер азыктарын чыгарат. Нан жасоо технологиясынын жаңы ыкмалары өздөштүрүлүүдө.

**Жалалабат кени** – Сузак районундагы карапа чопосу, курулуштук акиташ теги жана кум-шагыл жаткан жер. Жалалабат шаарынан 2 км чыгыш тарапта, Фергана кырка тоосунун түштүк-батыш этегинде. 1938-жылы табылган. Кен аймагын юра, бор жана төртүнчүлүк мезгилинде пайда болгон борпоң чөгүндү тектер түзөт. Чопо катмары бор мезгилинде пайда болгон. Өңү саргыч кызгылтым, боз. Калыңдыгы 20 – 80 м. Чопо черепица даярдоого жарамдуу. Запасы 238,3 миң м (1958). Кен аймагында мындан башка антропогендин лёсс сымал боз түстүү чопо катмары да бар. Калыңдыгы 30–40 м. Андан 1 жана 2-сорттогу кыш даярдоого болот. Запасы 941 миң м (1962). Жалалабат шаарынан 2 км түндүк-батышта, Көгарт суусунун боюнда кум-шагыл катмары жатат. Аянты 64 га. Кум менен шагылдан «170» маркасындагы бетон даярдоого болот. Жалпы запасы 3592,4 миң м. Бул аймакта, ошондой эле курулуштук акиташ тек катмары бар. Акиташ теги бор мезгилинде пайда болгон. Өңү кызгылтым боз, калыңдыгы 20–70 м. Жол-жол темгилдүү. Запасы 223,2 миң м (1958). Кен казылып, Жалалабат кыш жана бетон заводдорунда пайдаланылат.


**Жалалабат жогорку чыңалуудагы электр** тармактары ишканасынын курамына 14 бөлүм жана кызматтар кирет. 2001-жылы Жалалабат электр тармактар ишканасынан бөлүнүп чыккан. Ишкана жалпы уз. 2314,89 км болгон жогорку чыңалуудагы линияларды тейлейт; а. и чыңалуусу 500 кВ болгон электр линиясынын уз. 230,9 км, чыңалуусу 220 кВ линияныкы – 229,02 км, 110 кВ линияныкы – 1013,97 км жана чыңалуусу 35 кВ болгон линиялардын жалпы уз. 841 км. Ошондой эле чыңалуусу 220 кВ болгон 2 даана, чыңалуусу 110 кВ болгон 34 даана жана чыңалуусу 35 кВ болгон 30 даана трансформатордук көмөкчү станцияны тейлейт. Ишканада 450 киши эмгектенет.

**«Жалалабатгаз» акционердик коому** (Жалалабат шаары, Ленин атындагы көчө, 2) – облустагы ири ишкана, ал 1964-жылы «Жалалабат газ чарба башкармасы» катары уюшулган. Ишкананын милдети жана негизги функциясы шаарды жана айыл-кыштактарды газдаштыруу. Шаарда алгач 150–200 суюлтулган газ курулмасы орнотулган. Шаарда газ кууру тармактарын кууру жана аларды монтаждоо иштери 1963-жылдан башталган. 1965-жылдан калкты табигый жана суюлтулган газ менен камсыз кылуу иштери башталып, анда иш-тегендердин саны (350 гө чейин) өскөн. 1966-жылы шаарда суюлтулган газдын биргелешкен базасы курула баштаган (кубаттуулугу 25 миң т). 1965–84-жылдары 18 казандуу жана коммуналык-тиричилик объекттери, 21 өнөр жай ишканасы, 5 шаар, 2 шаарча, 7 район газдаштырылган, аларга 88838 газ прибору орнотулуп, шаар калкы үчүн ыңгайлуу шарт түзүлгөн. Газ кууурларынын балансында 104 км ден ашык магистралдык газ кууурлары, 50 км орто, 210 км төмөнкү басымдагы газ кууурлары бар. Ишкана табигый газды «Кыргызмунайгаздан» жана Өзбекстандан алат. Ишканада 160ка жакын адам иштейт.

**Жалалабат – Бишкек темир жолу** Кыргызстандын Түштүгү менен Түндүгүн байланыштырат. 1913-жылы Наманган – Жалалабат темир жолу курула баштаган. 1916-жылы Жалалабат шаарына алгачкы паро- воз, 1967-жылы тепловоз келген. Облустун аймагында Жалалабат – Карасуу (1916), Жалалабат – Көкжаңгак (1932), Үчкоргон – Ташкөмүр (1935) темир жолдору курулган. Бул жол аркылуу Түндүк Кыргызстанга көмүр, пахта, тамеки, жемиш, өнөр жай продуктулары ташылып, андан машина, курулуш материалдары ж. б. жеткирилип турган. 1994-жылга чейин Орто Азия темир жолунун курамына кирген. 1994-жылдан Кыргыз темир жол башкармалыгынын түштүк бөлүмүнө (курамына Жалалабат, Карасуу, Ош, Кашкаркыштак, Кызылкыя, Ташкөмүр бекеттери карайт) баш иет. Темир жол Өзбекстан, Тажикстан, Казакстандын аймактары аркылуу өтөт. Кокон – Жалалабат, Ош – Жалалабат маршурутундагы жүргүнчүлөр үчүн поезд союз учурунда каттаган.

**«Жалалабат асылмал» өндүрүштүк кооперативи** (Жалалабат шаары, Чыгыш өнөр жайлуу зонасы) 1956-жылы «Мамлекеттик

Жалал-Абадская областная библиотека



асыл тукум рассадниги» болуп уюшулган; кийин станция (1958 –1991), борбор (1991–1997) болгон; 1997-жылдан «асылмал өндүрүштүк кооперативи». Ишкананын негизги милдети – малдын асыл тукумдуулугун жана кунардуулугун арттыруу максатында колдон уруктандыруу иштерин уюштуруп, асыл тукум бука жана кочкордун уругун алып, райондорго, фермаларга, жеке менчик чарбаларга жөнөтүү, асыл тукум малдарды өзүнчө багып, төлүн көбөйтүү ж. б. Станцияда асыл тукум мал өстүрүүчү бир нече ферма (мис. 1990-жылы Базаркоргон районунда 3, Сузакта 2, Ноокенде 2, Тогузтородо 1 ферма), уй жана кунаажындарды куудуруучу пункттар, алатоо породасы багытында 2 асыл тукум чарбалары (бирөө асыл тукум заводу), олуя-ата породасы багытында 2 асыл тукум чарбалары, жасалма жол менен уруктандыруучу 372 пункт (анын 52си карамалдыкы, 320сы койдуку) иштеген. «Жалалабат асылмал» борбору 1997-жылга чейин өзүн-өзү каржылап келген. 1994–1995-жылдары айыл чарбада реформа башталып, мамлекеттик мал үлүшкө, менчиктерге таратылып берилген. 1997-жылы малдын асылдуулугун жакшыртуу боюнча иштер кайра колго алынып, ишкана мамлекеттик бюжетке өткөрүлүп, өндүрүштүк кооператив болуп түзүлгөн. 2000-жылы 101 зооветсервис уюштурган.

**«Жалалабат айылкөмөк» акционердик коому** (Жалалабат шаары, Осмонов көчөсү) 1994-жылы уюшулган. Мекеме 1936-жылы округдук «Айылчарбакамсыздоо» кеңсе-базасы катары негизделген. Кийин (1944-жылдан 1993-жылга чейин) түрдүүчө аталып, облустун чарбаларын материалдык-техникалык жактан жабдыган база, кеңсе, район аралык бирикме, соода базасы катары түрдүү милдеттерди аткарып келген. 1994-жылдан акционердик коом. Азыр айыл чарба техникасынын запастык бөлүктөрүн, даяр техникаларды ж. б. сатат.

**«Жалалабат агрардык өнөр жай курулуш»** (Жалалабат шаары, Шопоков көчөсү, 4) – Кыргыз Республикасынын агрардык өнөр жай трести. 1965-жылы түзүлгөн. Механикалаштырылган көчмө колонналары (анын бирөө Ярославль облусунда болгон) курулуш-мантаждоо иштерин жүргүзөт. Тресттин өзүнүн турак жай фондусу, бала бакчалары бар. 1986-жылга чейин «Жалалабат айыл курулуш» аталган.

**«Балапан» өндүрүштүк-куш фирмасы** (Жалалбат шаары, Москва көчөсү, 61) 1994-жылы уюушулган. Мурда инкубатор станциясы болгон (ал 1949-жылы ишке кирген) . Инкубатория жылына миллион балапан чыгарып, 3 күндүк жөжөлөрдү канаттуулар фабрикасына берип турган, айрым бөлүгүн элге саткан. Союз тарагандан кийин ишин токтоткон. 1994- жылы инкубаториянын базасында «Балапан» өндүрүштүк-куш фирмасы уюшулган.

1997-жылы тоок, өрдөк балапандар үчүн атайын цех курулган. Фирма калктын балапанга болгон муктаждыктарын толук камсыз кылат.

**Автоагрегат заводу** (Жалалабат шаары, Кыргызстандын 50 жылдыгы көчөсү) – 1964-жылдан бери иштейт. Завод автомобилдер үчүн жылыткычтарды, тиричилик электр жылыткычтарын, менчик үйлөрдү электр менен өзүнчө жылытуучу системаларды, идиш-аяк, электр тендерин чыгарат.


**«Акпахта» акционердик коому** (Жалалабат шаары, Ленин көчөсү, 83) – Жалалабат пахта тазалоочу заводдун базасында уюшулган. Завод 1939–1945-жылдары курулуп, айрым өндүрүштүк цехтери иштеген, 1945-жылдан толук ишке киргизилген. 1942-жылы заводдун жумушчулары фронтко 20 посылка, 8 чолок тон жөнөтүшкөн. 1946-жылы 5 миң тонна була даярдаган. Завод жыл сайын реконструкцияланып, технологиясы өзгөрүп, кубаттуулугу жогорулап, кеңейүүдө. Жыл сайын 70 миң тонна пахта даярдоого мүмкүнчүлүгү жетет. 1997-жылдан пахта заводу «Акпахта» акционердик коому болуп калган.

**«Акбулак» акционердик коому** (Жалалабат шаары, Могол көчөсү, 4) 1997-жылы уюшулган. Коомдун башаты 1939-жылы ишке кирген сүт заводу болгон (ал Барпы көчөсүндө жайгашкан). Завод каймак, айран, быштак, эки түрдүү дыйкан майы, брынза, балмуздак чыгарат. Цех сутка ичинде 1 тоннадан ашык сүттү кайра иштетет. Завод сүттү Сузак, Ноокен райондорунун фермер чар-

Жалал-Абадская областная библиотека







баларынан алат. Акционердик коомдун сүт азыктарын саткан 4 дүкөнү бар.

**«Айыбулак» акционердик коому** (Жалалабат шаары, Курманбек көчөсү, 8) 1973-жылы тамеки ферментөө заводу катары негизделген; 1993-жылдан акционердик коом. Жылына алты миң тонна тамеки иштеп чыгарат. Чыгарган продукциясын КМШ өлкөлөрүндөгү 48 тамеки фабрикасына жөнөтөт. Ишканада 146 адам иштейт.

**«Кыргыз пахта» акционердик коому** (Жалалабат шаары, Ленин көчөсү, 55) – Жалалабат шаарындагы жабык типтеги акционердик коом. Пахта тазалоочу завод 1939-жылы курула баштап, 1945-жылы ишке киргизилген; 1994–1995-жылдары «Акпахта» АО, 1995-жылы «Кыргызпахта» АО, 1998-жылдан «Кыргызпахта» ачык типтеги акционердик коому. Завод чыгарган продукция сапаты боюнча дүйнөлүк стандартка теңдешет. 1999-жылы эл аралык көз каранды эмес 13-Конвенцияда Жалалабат пахта тазалоочу заводуна продукциясынын сапаты үчүн «Америка Трофейм» сыйлыгы ыйгарылган. Завод чыгарган пахта продукциясына дүйнөдөгү ири мамлекеттерден кардар түшүүдө. Ишканада 650дөй адам иштейт. Заводдун алгачкы (1945–1953-ж.) директору И. Худайкулов болгон.

**«Мата» акционердик коому** (Жалалабат шаары, «Көгарт» кичирайону, Олимпиада көчөсү) токулбаган материалдар фабрикасынын базасында 1995-жылы уюшулган. Фабриканын өзү 1990-жылы ишке кирген. Жылына 20 млн м продукция чыгара алат; негизги продукциялары: линолеум төшөндүсү, бут кийим материалы (полотносу), эмерек-декорация полотносу, сүлгү ж. б. түрдүү ассортименттеги штапель жүндөн жасалган материалдар. 1992-жылы фабрикада иштегендердин саны 500дөн ашкан. Фабрикада кийим тигүүчү цех ачылган, анда тиричилик товарларын – фуфайка, калпак, кап, сумка, салфетка, балдардын кийимдерин, халат тигет. Продукциясын ички рынокко, ошондой эле экспортко чыгарат. Фабрикада 186 адам иштейт (2001).

**«Темирташ» акционердик коому** (Жалалабат шаары, Курулушчулар көчөсү, 15) 1964-жылы башталган курулуш тетиктер комбинатынын базасында уюшулган. Комбинат өнөр жай жана граждандык курулуштар, айыл чарба объектилери үчүн темир-бетон жасалгаларын чыгарган. 1965–1967-жылдары комбинат алгачкы жолу реконструцияланган: 1965-жылы темир-бетон цехинин имараты курулуп, жылына 11 миң м темир-бетон даярдалган; 1972-жылы эритме-бетон түйүнү иштей баштаган. 1972–1988-жылдары комбинат 2 жолу реконструкцияланган. 1974-жылы майдалап-сорттоочу комплекс ишке кирген. 1977-жылы арматура цехи продукция чыгара баштаган. Натыйжада чыгарган продукциянын көлөмү 5 эсе өскөн. 1987-жылы 46-сериядагы бир жана эки бөлмөлүү үйлөрдүн курама темир-бетон конструкциясын даярдоону өздөштүргөн. 1960-жылы комбинат 50 наамдагы продукция чыгарса, 1990-жылы анын саны 600гө жеткен. Комбинаттын продукциялары Орусиянын түндүгүнө, Кыргызстандын башка облус, райондоруна жөнөтүлөт. 1986-жылы комбинаттын администрация имараты курулуп, анда ашкана, чайкана, клуб, ателье, дарыкана иштейт.



Жалал-Абадская областная библиотека





**«Спектр» кичи ишканасы** (Жалалабат шаары, Кыргызстандын 50 жылдыгы көчөсү, 6) 1957-жылдан баштап иштеген мөмө-жемиш комбинатынын базасында уюшулган. 1981-жылдан консерва заводу. Консерваланган продуктунун 30дан ашык түрүн даярдап, жылына 6,5 млн шарттуу банка чыгарат (2001).

**Соода технологиялык жабдуулар заводу** (Жалалабат шаары, «Көгарт» кичирайону, Үй куруучулар көчөсү, 5) 1988-жылдан иштейт. Жылууланган ангарларды, навай жавандарын, өнөр жай электр плиталарын, эмеректер үчүн пружиналуу матрастарды, конвейерлерди, металл конструкцияларын, бир жана үч комфоркалуу электр мештерин, автомобиль тетиктерин чыгарат. Ошондой эле пахта тазалоочу линия да иштейт.

**Сокурлардын жана дүлөйлөрдүн окуу-өндүрүштүк ишканасы** (Жалалабат шаары, «Көгарт» кичирайону, Фабрика көчөсү, 8) 1956-жылы уюшулган. Анда турмуш-тиричилик буюмдары, тигилүү кийимдери, трикотаж жана картон буюмдары ж. б. чыгарылат. 90-жылдардын башында «Көгарт» кичирайонунда окуу-өндүрүштүк ишкана үчүн өндүрүштүк жана административдик корпус курулган. 70-жылдардын орто ченинде ишкананын базасында сокурларды жазууга жана окууга үйрөтүү максатында Брайл системасын – Рельеф-чекиттүү шрифт системасын окутуучу курстар ачылган.

**«Салкын суу» акционердик коому** (Жалалабат шаары, Токтогул көчөсү, 28) – Жалалабат шаарындагы пиво, минералдуу суу чыгаруучу ишкана. Пиво заводу 1948-жылы ишке киргизилген; кийинчерээк «Пивоалкоголсуз бирикме» деп аталган. 1996-жылдан акционердик коом Өзгөчө сапаттагы Жалалабат пивосун чыгарат. 1967- жылдан «Жалалабат № 27», 1971-жылдан атактуу «Карашоро № 5» минералдуу сууларын бөтөлкөгө куюп чыгара баштаган. Заводдун жылына 13 млндой бөтөлкө суу чыгарууга мүмкүнчүлүгү бар. 2000-жылы 7910 миң сомдук продукция чыгарган. Акционердик коомдо 106 адам иштейт.

**«Октябрь механикалаштырылган көчмө колоннасы»** акционердик коому (Жалалабат шаары, Кыргызстандын 50 жылдыгы көчөсү, 9) 1972-жылы Жалалабат айыл куруулуш трестинен бөлүнүп чыгып, өзүнчө ишка-





на болгон. 1988-жылы ага Жалалабат, Көгарт механикалаштырылган көчмө колонналары кошулуп, акционердик коом түзүлгөн. Куруулуш-монтаждык башкарма-5 (СМУ-5) катары 1946-жылы негизделген. Шаардагы турак жайлардын көбүн, мектептерди, кинотеатрларды, спорт комплексин, окуу жайлардын окуу имараттарын жана жатаканалар



Жалал-Абадская областная библиотека



ларын, облустук аскер комиссариатынын имаратын, ун комбинатынын өндүрүштүк цехтерин, Жалалабат курортунун дарылоо корпустарын, элеттик объектилерди курган; ошондой эле Республикалык филармония, Бишкек шаарындагы Ош базарын, Ысык-көлдүн жээгиндеги балдардын эс алуу жайларын курууга катышкан.

**«Насос» акционердик коому** (Жалалабат шаары, Курулушчулар көчөсү, 48) 1963-жылдан иштеген жер казуучу техникаларды оңдоочу заводдун базасында уюшулган; 1996-жылдан мамлекеттик акционердик коом, 1998-жылдан жоопкерчилиги чектелген акционердик коом. Завод Кыргыз ССР Суучарба министрлигинин «Түштүксуукурулуш» трестине караштуу Жалалабат курулуш материалдар башкармасынын механика мастерскоюнун базасында түзүлгөн. шаардын түштүк-чыгыш чет жакасында 11 цех курулган. 1974-жылы каналдар үчүн лотокторду чыгара баштаган. 1986-жылы металл куюу-механика заводу болуп уюштурулуп, суу насосторун, суу бөлүштүрүүчү колонналарды, үтүк, трактор крандарын ж. б. даярдаган. 1989-жылы металл куюучу цех толук реконструкцияланып, жылына 2500 т чоюн куюп чыгарган. «Насос» акционердик коомунун продукциясы жакынкы жана алыскы чет өлкөлөрдүн рынокторуна чыгарылып, Алматы, Барнаул, Караганды, Новокузнецк ж. б. шаарлардын, ошондой эле Кыргызстандан суу чарба объектилерине сатылат. Кийинки жылдары акционердик коом «Д» тибиндеги суу насосунун тетиктерин даярдап, түрдүү типтеги насосторду капиталдык ремонттон өткөрөт. «1Д200-90» тибиндеги насостун конструкциясы, терендиктен суу сордуруучу насосторду, сантехника тетиктерин (муфта, тройник, отвод, крестовина, колено ж. б.) жасоо өздөштүрүлгөн.

**Нан-кондитер өндүрүштүк бирикмеси** (Жалалабат шаары, Алымкулов көчөсү, 1) 1973-жылы кондитер фабрикасынын (1959) базасында түзүлгөн. 5650 т кондитердик (90 түрлүү) жана 19900 т нан азыктарын (30



түрлүү) чыгарат. Продукциясы республиканын соода ишканаларына жана уюмдарына жөнөтүлөт.

**Мунайды кайра иштетүү заводу** (Жалалабат шаары, «Көгарт» кичирайону, Олимпиада көчөсү) – Кыргызстандагы мунайды кайра иштеп чыгаруучу алгачкы завод. «Кыргыз Петролеум Компании» биргелешкен ишканасына карайт. 1996-жылдын 5-октябрынан баштап иштейт. Анын жабдууларынын жана технологиясынын сапаты эл аралык жогорку стандартка жооп берет. Заводду курууга канадалык инвесторлор – «Трансгидрокарбан ЛТУ» 12 млн доллар жумшаган. Завод жылына 500 миң тдан ашык мунай иштеп чыгат. Ал «А-76» маркасындагы бензин (561,9 миң т), дизель майын (30,5 миң т) жана мазут (14,9 миң т) чыгарат. Келечекте керосин жана автотранспорт майларын, асфальт ж. б. чыгармакчы. Ишканада 172 адам иштейт.

**«Эмерек» акционердик коому** (Жалалабат шаары, Б. Осмонов көчөсү 116) 1936-жылы жыгач устачылык цехтери, 1948-жылы алардын базасында эмерек фабрикасы түзүлгөн. 1995-жылдан акционердик коом. Мурда мында 10 гана кичи иштеп, жеңил араба жана ага дөңгөлөк, Ата Мекендик согуш учурунда аскер арабасын чыгарган. 1960-жылдан Орто Азияда алгачкы болуп чулу жыгачтан эмеректерди каптоочу баалуу материал – шпонаны чыгарып, Кыргызстандын ж. б. республикалардын эмерек фабрикаларына жөнөтүп турган. Азыр фабрика үй жана кеңсе эмеректерин, паркет чы-



гарат, ошондой эле жекече заказдарды да аткарат. Жаңгак жыгачынын уюлунан стол ж. б. баалуу буюмдарды да жасайт.

**Жалалабат жерге жайгаштыруу экспедициясы** (Жалалабат шаары, Эркиндик көчөсү, 28) – «Кыргызгипрозем» долбоорлоо институтуна караштуу Ош комплекстүү экспедициясынын курамында Жалалабат жерге жайгаштыруу партиясы болуп уюшулган; 1970–1997-жылдары Жерге жайгаштыруу

Жалал-Абадская областная библиотека



экспедициясы, 1997-жылдан өз алдынча ишкана катары «Кыргызгипроземге» түз баш иет. Ишкананын негизги функциясы – жерге жайгаштыруу боюнча изилдөөлөрдү, долбоорлорду жана картографиялык материалдарды иштеп чыгуу; анда калктуу пункттардын жана шаарлардын, айыл чарба субъектилеринин чек араларын жана жерлерин инвентаризациялайт, чарбалар аралык жана чарба ичиндеги жерге жайгаштыруу, жер бөлүп берүү долбоорлорун түзөт.

**Жалалабат басмаканасы акционердик коому** С. Б. Клоцман атындагы (Жалалабат шаары, Токтогул көчөсү, 24) 1993-жылы негизделген. 1991-жылдан облустук басмакана. Кыргыз тилинде «Большевиктик жол» жана орус тилиндс «Большевистский путь» (1952-жылдан «Сталиндик жол» жана «Сталинский путь», 1956-жылдан «Коммунизм туусу» жана «Знамя коммунизма»); райондук «Эмгек жалыны», «Пахтачы», «Коммунизм үчүн», «Ленин жолу», «Колхоз чындыгы», «Кызыл мунай» өндүрүштүк бирикмесинин «Нефтяник Киргизии» көп нускалуу гезиттери, ошондой эле түрдүү китеп, бланк, этикетика ж.б. басылып турган. Азыр басмаканадан 15 наамдагы гезит, адабий жана методикалык адабияттар ж. б. чыгат. Басмакананы 1958–98-жылдары Кыргыз Республикасынын өнөр



жайларына эмгек сиңирген кызматкер С. Б. Клоцман башкарган.

**Жалалабат бажыканасы** (Жалалабат шаары, Ленин көчөсү) 1992-жылы уюшулган. Облустун аймагынын чектери боюнча 10 бажыканалык пост иштейт. Буларда чек арадан өткөн жүк жана жүргүнчүлөр текшерилип, аларга тийиштүү документ толтурулат. Контрабандага, анын ичинде баңги заттарды алып өтүүгө каршы күрөшүп, Кыргызстандын коопсуздугун, экономика ж. б. кызыкчылыктарын көздөйт. Бажыканада бардыгы 119 адам иштейт.

**Жалалабат автожол куруу башкармасы** (Жалалабат шаары) 1977-жылы чарбалык өндүрүштүк участок катары ПЛУАД-2нин курамында уюшулган. 1978-жылдан баштап Бегабат, Сузак айылдарында автопавильон, Бишкек – Ош, Совет – Арстанбап автомобиль жолдорунда тротуарлар, Жаңыарык айылында айылында көпүрө, ошондой эле Саламаликтеги жолдорду курган. 1984-жылы мекеме Чарбалык эсептеги жолдорду жакшыртуу участогу (ХУОД) болуп кайра уюшулган. Ал жолдорду жана жол курулмаларын, кичине жана орто көпүрөлөрдү, турак-жай курулуштарын, асфальт-бетон заводун, чочко асыроо комплексин ж. б. бүтүргөн. 1998-жылы Сузак райондук жол эксплуатациялоо-курулуш участогу менен менен кошулуп, Жол-эксплуатациялоо ишканасы (ДЕП-49) болуп калган. 1999-жылдан азыркыдай аталат. Барпы – Ийрисуу – Өзгөн, Жалалабат – Казарман, Сузак – Арап – Жийде, Кашкатерек – катраң автомобиль жолдоруна ремонттоо иштери жүргүзүлгөн. 2000-жылы Бишкек – Ош автомобиль жолунун Жалалабат –



Өзгөн участогун ремонттоо боюнча тендер утуп алган.

**Жалалабат автовокзалдар жана автостанциялар ишканасы** (Жалалабат шаары, Ленин көчөсү, 110) – негизинен жүргүнчүлөрдү тейлөөчү ишкана. 1964-жылы жүргүнчүлөрдү ташуучу автобазанын курамында уюшулган. 1991-жылы Жалалабат автовокзалы жана автостанциялар мекемеси, 1996-жылы Жалалабат автовокзалы деп аталган; 1997-жылдан азыркы атында. Ага Токтогул, Кербен, Алабука, Каракөл, Майлуусуу, Ташкөмүр, Акбата, Ноокен, Базаркоргон автобекеттери кирет. Ишканада жалпысынан 101 киши иштейт; анын ичинде Жалалабат автовокзалында 51 киши эмгектенет.

**Энергетика жана микроэлектроника институту** (Жалалабат шаары, Токтогул көчөсү, 43) 1994-жылы 22-апрелде ачылган. Түштүк Кыргызстан жаңгак-жемиш токой башкармалыгынын мурдагы имаратында

Жалал-Абадская областная библиотека







«Мөлмөл» мейманканасы.

Борбордук көчө.

жайгашкан. Кыргызстан УИАнын Түштүк бөлүгүнүн тармагына кирет.

**Цифралуу телефон станциясы** (Жалалабат шаары, Кыргызстандын 50 жылдыгы көчөсү, 14) 1997-жылдан иштейт. Облустун калкы 3 миң номурлуу станция аркылуу дүйнөнүн каалаган жери менен сүйлөшө алат. «Эриксон» фирмасы тарабына Кыргызстанда 23 радиореле станциясы курулса, анын 9у Жалалабат облусунун аймагында жайгашкан.

Жалал-Абадская областная библиотека

## КРдин ӨНӨР ЖАЙЫНЫН ЭМГЕК СИҢИРГЕН ИШМЕРЛЕРИ



И. Ишанжанов



К. Бакиев



А. Юрченко



К. Чаңгылов

**Ишанжанов Ислам Максимович** (1940-жылы 1-январда туулган, Жалалабат шаары) – Кыргыз Республикасынын өнөр жайына эмгек сиңирген кызматкери (2000). 1962-жылы Ташкен политехникалык институтун бүткөн. 1963–1975-жылдары Жалалабат мунай чалгындоо экспедициясынын өндүрүш бөлүмүндө инженер, улук инженер, мунай жана газ скважиналарын бургулоо участкасынын, 1975-жылдан мунай чалгындоо экспедициясынын (1997-жылдан Жалалабат Кыргызмунайгаз акционердик коому) начальниги. СССР мунай өнөр жайынын отличниги. Медалдар менен сыйланган.

**Бакиев Кыргызбай** (1936-жылы туулган, Сузак району, Карамарт айылы) – Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген куруучусу. 1961-жылы Ташкендеги темир жол транспорт институтун бүтүргөн. 1955–1994-жылдары Ош облустук керек-жарак коомунун курулуш уюмунда, Базаркоргон, Алабука райондорундагы көчмө механикалаштырылган колонналардын начальниги, Жалалабаттагы курулуш материалдары комбинатынын директору, 1994–1997-жылдары Жалалабат облустук социалдык жактан коргоо башкармасынын башчысы, 1997-жылдан Кыргызстан элдеринин ассамблеясынын облустук бөлүмүн жетектейт. «Алтын кылымдын асыл адамдары» аттуу эмгектин автору.

**Аматов Төлөгөн** (10.10.1942-жылы туулган, Ош облусу, Каракулжа району, Карагуз айылы) – Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген куруучусу (2002). 1962-жылы Жалалабат медициналык окуу жайын бүткөн. 1973–1980-жылдары Ош облустук суу менен камсыздоо башкармасынын башкы инженери, 1980–2000-жылдары Аксы райондук аткаруу комитетинин төрагасынын орун басары, Жалалабаттагы «Түштүк тиричилик курулуш» трестинин (бирикмесинин) башчысы, генералдык директору, 1999-жылдан облустук мамлекеттик администрациясында бөлүм башчы, «Курманбек-500» дирекциясынын директору.

**Юрченко Александр Емельянович** 1921-жылы 25-декабрда Чүй облусунун Жайыл районундагы Сосновка айылында туулган.

1941–1945-жылдары Улуу Ата Мекендик согушка катышып, Европа өлкөлөрү – Румыния, Венгрия, Болгария, Югословия, Австрияны фашисттик Германиядан бошотууга катышкан.

1952–1965-жылдары тоолуу Нарын облусунун электр линияларын курууга активдүү катышкан. 1965–1988-жылдары Жалалабат электр станциясында жөнөкөй жумушчудан баштап, инженерлик кызматка чейин жеткен.

Кызыл Жылдыз орденинин ээси, КМШнын энергетикага эмгек сиңирген кызматкери.

**Чаңгылов Калыбек** 1934-жылы Аксы районунун Каражыгач айылында төрөлгөн. 1953-жылы Каражыгач орто мектебин бүтүрүп, 1956-жылга чейин башталгыч класстын мугалими болуп иштеген.

1956–1958-жылдары Ташкендеги байланыш политехникумунда окуп келип, Жалалабат облустук байланыш башкармасында райондор аралык контролёр, 1961–1963-жылдары Алай райондук байланыш түйүнүн жетекчиси, 1963–1989-жылдары Аксы райондук байланыш түйүнүнүн жетекчиси болуп иштеген.

1989–1994-жылдары облусттук байланыш башкармасында бухгалтер-ревизор,

Жалал-Абадская областная библиотека





М. Айтикулов



К. Абдугапуров



К. Казакбаев

1994–2000-жылдары Жалалабат облустук «Кыргызпочтасы» ишканасынын директорунун орун басары, инженер. 2003-жылдан Жалалабат шаардык калкты социалдык жактан коргоо башкармалыгында адистик кызматты аркалап келет.

1970-жылы Новосибирскидеги электроникалык байланыш институтун бүтүргөн.

СССР байланыш министрлигинин «Бүткүл союздук социалисттик мелдештин отличниги» төш белгиси менен эки жолу сыйланган.

Кыргыз Республикасынын байланышына эмгек сиңирген кызматкер Жалалабат шаарынын ардактуу атуулу (2000–2006).

Үй-бүлөлүү, бир уул, беш кыздын атасы.

**Умурзаков Махкам** (21.8.1921, Жалалабат шаары, – 18.4.1992, ошол эле жер) – айыл чарба өндүрүшүнүн ишмери. Ата Мекендик согуштун катышуучусу. 1972-жылы Анжиян пахтачылык институтун бүтүргөн. 1944–1952-жылдары Жалалабат шаарында комсомолдук, партиялык кызматтарда, 1955–1984-жылдары Базаркоргон районундагы «Москва», Сузак районундагы «Октябрдын 40 жылдыгы» колхоз башкармалыктарынын төрагасы болуп эмгектенген. Биринчи даражадагы Ата Мекендик согуш, 2 Эмгек Кызыл Туу, «Ардак Белгиси» ордендери, медалдар менен сыйланган.

**Клоцман Семён Беркович.** (1930-жылы Украина, Одесса облусу, Цивриков айылы – 1998, Бишкек шаары) – Кыргыз Республикасынын өнөр жайына эмгек синирген кызматкер (1996). Эмгек жолун Жалалабат шаарындагы басмаканада арип терүүчү болуп баштаган, 1958–1998-ж. облустук басмакана башчысы болуп иштеген. Медалдар менен сыйланган. Жалалабат облустук басмаканага ысмы ыйгарылган.


**Айтикулов Момунбек.** 1952-жылы 5-октябрда Алабука районунун Аккоргон айылында туулган. 1972-жылы Фрунзе шаарындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин экономика факультетин финансы жана кредит адистиги боюнча аяктаган.

1972–1980-жылдары Ош облустук финансы бөлүмүндө ага инспектор, бөлүмдүн начальнигинин орун басары. 1980–89-жылдары Совет районунун финансы бөлүмүнүн башчысы. 1989–1991-жылдары Ош шаарынын финансы бөлүмүнүн башчысы. 1991–1995-жылдары Жалалабат облустук финансы башкармалыгынын начальнигинин орун басары, начальниги. 1995–1998-жылдары Жалалабат шаардык финансы бөлүмүнүн башчысы, кайрадан Жалалабат облустук финансы башкармалыгынын начальниги. 1998–2001-жылдары Жалалабат шаарындагы салык инспекциясынын начальнигинин орун басары, начальниги. 2001-жылдан баштап Жалалабат облустук региондук казына бөлүмүнүн жетекчиси. КРдин эмгек сиңирген экономисти.

**Абдугапуров Кабыл Алимович.** 1946-жылы Жалалабат шаарында туулган. 1984-жылы Москва шаарындагы Советтик соода институтун аяктаган. 1968–1955-жж. Жалалабат коомдук тамак-аш трестинде ашпозчу, башкы ашпозчу, өнөр жай башчысы. 1995–1997-жж. Жалалабат борбордук базасынын директору. 2006-жылдан баштап Кыргыз Республикасынын президентинин коомдук иштериндеги кеңешчиси. Кыргыз Республикасынын тейлөө чөйрөсүнүн эмгек сиңирген кызматкери.

**Казакбаев Калдар Акматович.** 1947-жылы туулган. 1973-жылы Политехникалык институтун аяктаган. 1973–1991-жж. Жалалабат шаарындагы жүргүнчүлөрдү ташуучу автобазасында механик, жергиликтүү профсоюз комитетинин төрагасы, Ташкөмүр автобазасынын начальниги, Базаркоргон районундагы автотранспорт ишканасынын жетекчиси. 1991–1997-жж. Жалалабаттагы жүргүнчүлөрдү ташуу автотранспорт мекемесинин жетекчиси. КРдин автотранспорт кызматкеринин эмгек сиңирген ишмери (2006).

Жалал-Абадская областная библиотека








Түнкү Жалалабат.
Ночной Жалалабат.

Жалалабат курортунун
дарылоо корпусу.
Лечебный корпус
Жалалабатского курорта.

А. Батыров атындагы
Эл достугу университети.
Университет Дружба
народов им. А. Батырова.

Жалал-Абадская областная библиотека





Тоо мөңгүсү.
Горный ледник.

Жалал-Абадская областная библиотека

# ЖАЛАЛАБАТ ШААРЫ — ОБЛУС ОРДОСУ

Алегенде Жалалабат шаары борбору болуп турган облус жөнүндө баяндасак. Жалалабат облусу Кыргызстандын түштүк-батыш бөлүгүн ээлейт. 1924–1926-жылы округ, 1926–1928-жылы кантон болгон; 1928-жылы Ош округуна бириктирилген. 1939-жылы 21-ноябрда өз алдынча облус болуп уюшулган; 1959-жылы 27-январда жоюлуп, Ош облусуна кошулган. 1990-жылы 14-декабрда кайра өз алдынча облус болгон. Түндүгүнөн Талас, Чүй, чыгышынан Нарын, түштүгүнөн Ош облустары, түштүк-батышынан жана батышынан Өзбекстан менен чектешет. Облус административдик-аймактык жактан 8 районго (Аксы, Алабука, Базаркоргон, Ноокен, Сузак, Тогузторо, Токтогул, Чаткал), 68 айыл өкмөтүнө бөлүнөт. Анда 6 шаар (Жалалабат, Каракол, Көкжаңгак, Майлысуу, Ташкөмүр, Кочкората), 7 шаарча (Көкташ, Кетментөбө, Кызылжар, Сумсар, Терексай, Токтогул, Шамалдысай), 415 кыштак бар.

Облустун аянты 33,7 миң км (Кыргызстандын аянтынын 16,9%). Калкы 869,3 миң (республиканын калкынын 18,0%). Облустун аймагы аркылуу Бишкек – Жалалабат-Ош автомобиль жолу өтөт.

Облустун аймагынын табияты Кыргызстандын башка жерлеринен өзгөчөлөнөт. Рельефи татаал; өтө тилмеленген жапыз, орто бийик жана бийик тоолор түздүктүү, жал адырлуу тоо аралык өрөөндөр менен айкалышып жатат. Эң бийик жери 4503 м (Чаткал кырка тоосундагы Авлетим чокусу). Жалалабат облусу Кыргызстандагы эң жылуу жер: абанын жылдык орто температурасы 1–4°Сден 11–13°Сге чейин; аймак республиканын эң жаанчыл жери, Фергана тоо тизмегинин түштүк-батыш капталында жылына 1500 ммге чейин жаан-чачын жайт. Облустун аймагы суусу мол, дарыя тарма-

| Админ-аймактык бирдиктери | Аянты (миң км) | Калкынын саны (миң) | Айыл өкмөтүнүн саны | Шаарлардын саны | Шаарчалардын саны | Кыштактардын саны | Облустун борборунан алыстыгы |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Жалалабат облусу | 33,7 | 869,3 | 68 | 6 | 7 | 415 | — |
| ***Райондору*** | | | | | | | |
| Аксы | 3,5 | 13,7 | 12 | — | — | 62 | 180 |
| Алабука | 3,0 | 74,4 | 8 | — | — | 41 | 230 |
| Базаркоргон | 2,0 | 121,4 | 9 | — | — | 55 | 33 |
| Ноокен | 2,5 | 104,8 | 9 | 2 | 1 | 55 | 50 |
| Сузак | 2,8 | 205,1 | 14 | 1 | — | 128 | 7 |
| Тогузторо | 3,9 | 22,3 | 5 | — | — | 13 | 120 |
| Токтогул | 7,0 | 79,0 | 11 | — | 2 | 52 | 327 |
| Чаткал | 6,2 | 20,9 | 4 | — | 3 | 12 | 387 |
| ***Шаарлары*** | | | | | | | |
| Жалалабат | 8,8 | 85,8 | 1 | — | — | 7 | — |
| Каракол | — | 24,0 | 2 | — | — | 5 | 175 |
| Көкжаңгак | — | 10,4 | — | — | — | — | 40 |
| Майлысуу | — | 23,0 | 2 | — | 2 | 2 | 118 |
| Ташкөмүр | — | 40,7 | 2 | — | 2 | — | 129 |
| Кочкората | — | 16,2 | — | — | — | — | 50 |

Жалал-Абадская областная библиотека



гынын жыштыгы менен айырмаланат. Ири дарыялары – Нарын, Чаткал, Карадарыя жана алардын куймалары. Топурак-өсүмдүктөрү ар түрдүү келип, бийиктик алкактуулук боюнча өзгөрөт. Мында кургакчыл субтропиктик чөлдөн баштап, кар-мөңгүлүү тилкеге чейинки ланд- шафт зоналары таралган. Дүйнөдөгү жаңгак-мөмө-жемиш токоюнун эң ири массиви да Жалалабат облусунун аймагында жайгашкан. Алар Фергана тоо тизмегинин түштүк-батыш, ошондой эле Чаткал кырка тоосунун чыгыш капталдарын 1100 мден 2200 м бийиктикке чейин ээлейт. Токойдун жалпы аянты 630,9 миң га. Кен байлыктардын ичинен отун-энергетикалык ресурстарга бай. Нарын дарыясында ГЭС каскады курулган. Ошондой эле ташкөмүрдүн (Көк-жаңгак, Ташкөмүр), мунай менен газдын (Чаңгырташ, Майлысуу, Избаскен, Кочкората ж. б.), сурьма (Терек), алтын (Макмал), полиметалл (Сумсар), марганец, озокерит, гипс ж. б. кендери бар. Ысык жана минералдуу суу булактары чыккан жерлер (Жалалабат, Майлысуу, Кочкората ж. б.) да арбын. Рекреациялык жактан кызыктырган Арстанбап, Кызылүңкүр, Каралма, Сарычелек сыяктуу табигый кооз жерлери менен сыймыктанат.

Облустун аймагы 9–10 баллга чейинки жер титирөө болуучу регионго кирет. Жер титирөө ж. б. табигый процесстер, ошондой эле антропогендик таасирлерден сел, жер көчкү, суу ташкыны пайда болот.

Ыңгайлуу табигый-климаттык шарттарына байланыштуу облустун аймагын эзелтен эле адамдар мекендеген. Анда негизинен Ферbegананын башка жерлериндей эле дыйканчылык ургаалдуу өнүгүп, ошол эле мезгилде көчмөн мал чарбачылык менен кесиптенген уруулар да жашаган. Облустун аймагынан дүйнөлүк цивилизация менен алакалаш болгондугун далилдеген көптөгөн археологиялык буюмдар табылган. Аларды ошол эле учурда аймакка гана мүнөздүү болгон стилдик белгилер бириктирип турат. Бул жерде отурукташкан калктын маданияты жогорку деңгээлде өнүгүп, көп шаарлар (Ардланкет, Ренжит, Хатлап ж. б.), анын ичинде көчмөндөр маданиятынын борборлору катары Күлбөскан, Чанчаркан, Ничкекоодул ж. б. шаарлар пайда болгон. Мындан тышкары, аймакта өтө маанилүү тарыхый, уникалдуу эстеликтер арбын кездешет.



Облустук мамлекеттик администрациясынын имараты.

Жалал-Абадская областная библиотека





Күрпсай ГЭСи.

Мисалы, коло дооруна тиешелүү калктын чарбасын, турмуш-тиричилигин, идеологиясын чагылдырган Саймалыташ сүрөт галереясы, 11–12-кылымдарда маданияттын дүркүрөп өскөндүгүн айкындаган дүйнөлүк маанидеги архитектуралык комплекс Шахфазил күмбөзү ж. б. Аймактан чыккан, тарыхта белгилүү орду бар бай-манаптар (Чыйбыл болуш, Семетей Беки уулу ж. б.), Кокон хандыгынын тарыхында олуттуу роль ойногон саясий ишмерлер (Нүзүп бий, Кедейбай датка ж. б.), өнөрпоздор (Токтогул, Женижок, Барпы, Дооран Ырысдөөлөт уулу, Бекназар Мадалы уулу, Молдо Багыш) ж. б. чөлкөмдөгү калктын өнүгүү тарыхына, маданиятына зор таасирин тийгизген.

Жалалабат республикадагы экономикасы өнүккөн региондордун бири болуп эсептелет. Мында экспорттук зор потенциалы бар 80ден ашуун өнөр жай ишканасы жайгашып, алар республиканын продукциясынын 30%ке жакынын чыгарат. Негизги өнөр жай тармактары: электр-энергетика, электроника, кийим тигүү жана бут кийим өнөр жайы, кен байлыктарды чалгындоо жана казып алуу (алтын, мунай, газ, көмүр, волластонит), металл иштетүү, айыл-чарба продукциясын кайра иштетүү, курулуш материалдар ишканалары. Ири өнөр жай ишканалары: Токтогул, Күрпсай ГЭСтери, курулуп жаткан ГЭСтер ишканасы, «Майлысуу электр лампа заводу», «Келечек», «Достук», «Кыргызпахта», «Сарыалтын», «Айыпбулак», «Ташкөмүр», ж. б. акционердик коомдор, «Кыргызэлектризолит» заводу, «Макмалалтын» комбинаты, «Кыргыз-Петролеум компании» биргелешкен ишканасы ж. б.

Облустун айыл чарбасында айыл чарба кооперативдери, дыйкан чарбалары, акционердик коомдор иштейт. Айыл чарба продукциясынын көбүн (62,2%ин) дыйканчылык өндүрүп, ал негизинен пахта, тамеки, жашылча өстүрүүгө адистешкен. Мал чарба тармагы айыл чарбанын 37,1% продукциясын өндүрүп, кой, эчки, уй, жылкы, үй канаттуулары асыралат.

**Жалалабат округу** – 1924–1926-жылдардагы администрациялык-аймактык бирдик. Борбору Жалалабат шаары болгон. 1926–1928-жылдары Жалалабат кантону, 1928-жылы Ош кантонуна биригип, Ош округу аталган. 1938-жылы мартта Ош округунан бөлүнүп, Жалалабат округу аталган. 1939-жылы Жалалабат облусу болуп өзгөргөн.

**Жалалабат облустук мамлекеттик администрациясы** (Жалалабат шаары, Эркиндик көчөсү, 11) – облустун мамлекеттик бийлик



7–2302

Жалал-Абадская областная библиотека



органы. 1991-жылы уюшулган. Кыргыз Республикасынын Конституциясынын, мыйзамдарынын, Кыргыз Республикасынын Президентинин указдары менен буйруктарынын, Өкмөттүн токтомдорунун, Жогорку Кенештин чечимдеринин негизинде иш жүргүзөт. Мамлекеттин социалдык-экономикалык саясатын ишке ашырат; облустун аймагында мамлекеттик жана коомдук тартипти көзөмөлдөйт; айыл чарбаны, анын ичинде мал чарбасын өнүктүрөт, облустун негизги тармагы болгон дыйканчылыкты өркүндөтөт; облустун экономикалык өсүшүн тездетүүнү камсыз кылуучу өнүккөн инфраструктураны калыптандырат, табигый ресурстарды комплекстүү өздөштүрөт, биргелешкен ишканаларды, кызматтарды түзүү жолу менен облустун экспорттоо мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтет, дүйнөлүк рыноктун шарттарына ыңгайлашкан чарба жүргүзүүнүн жаңы формаларын региондук деңгээлде иштеп чыгат; чет элдик капиталды, жаңы техниканы жана технологияны ишке тартуу үчүн ыңгайлуу шарттарды камсыз кылат; соода, экономика жана технологияны, чет өлкөлөр менен илимий-техникалык кызматташууну өнүктүрөт ж. б. Жалалабат облусун облустук администрация башчысы – губернатор жетектейт. Ал облустун аймагында аткаруучу жана тескөөчү бийлик жүргүзөт, атуулдардын эркиндиги менен мыйзамдуу кызыкчылыгын, конституциялык укугун ишке ашырууну камсыз кылат, жергиликтүү өзүн өзү башкаруу органдарынын мыйзамдын чегинде иш жүргүзүүлөрүнө мамлекеттик көзөмөлдү ишке ашырат ж. б. Жалалабат облустук мамлекеттик администрациясына Аксы, Алабука, Базаркоргон, Ноокен, Сузак, Токтогул, Тогузторо, Чаткал райондук мамлекеттик администрациялары, Каракөл, Ташкөмүр, Майлысуу, Жалалабат шаарларынын мэриялары карайт. Жалалабат облусунун губернаторлору: Б. Осмонов (1991–1992), А. Тагаев (1992–1995), К. С. Бакиев (1995–1997), Б. Талгарбеков (1997–1998), К. М. Жумалиев (1998–2000), С. И. Урманаев (2001–2002), (2002–2005) Ж. Шарипов, (2005–2006) Ж. Жээнбеков, 2006-жылдан И. Айдаралиев.

Жалал-Абадская областная библиотека




Кыргыз
мамлекеттүүлүгүнүн
2200 жылдыгына
арналган
монумент.

Жалалабат шаары



7*



Кыргыз Республикасынын
Президенти К. С. Бакиев
салтанаттуу ачылыш
аземинде. 2006-ж.

Жалалабат облусунун
губернатору
И. Р. Айдаралиев
Жалалабат шаардык
жыйынында.





Губернатор И. Р. Айдаралиев
Жалалабат шаарынын
курулуш долбоору менен
таанышуууда. 2006-ж.

Жергиликтүү жетекчилер
эмгек ардагерлери менен.
2007-ж.





Жалал-Абадская областная библиотека

# ЖАЛАЛАБАТ ОБЛУСунун ГУБЕРНАТОРЛОРУ, ОБЛУСтук КЕҢЕШТИН ТӨРАГАЛАРЫ


Т. Айтматов


Т. Балтагулов

**Айтматов Төрөкул** (1903, Олуяата уезди, Күркүрөө болушу, азыркы Карабуура району, Шекер айылы – 1938, Бишкек) – партиялык жана мамлекеттик ишмер. 1927–1929-жылдары ВКП(б) Жалалабат кантондук комитетинин катчысы болуп иштеген. 1917-жылы орус-жергиликтүү мектебин бүтүргөн. 1921–1924-жылдары Москвадагы Чыгыш эмгекчилеринин коммунисттик университетинде окуган. 1920–1921-жылдары болуштук ревкомдун, Грозный айылындагы кедейлер уюмунун катчысы, 1924–1926-жылдары ВКП(б) Кыргыз обкомунун үгүт жана пропаганда бөлүмүнүн башчысынын орун басары жана башчысы, 1926-жылы ВКП(б) Каракол-Нарын округдук комитетинин катчысы, 1929–1931-жылдары Кыргыз АССРинин өнөр жай-соода эл комиссары жана эл чарбасынын борбордук кеңешинин төрагасы, 1931–1933-жылдары ВКП(б) Араванбуура райкомунун биринчи катчысы, 1934–1935-жылдары ВКП(б) Кыргыз обкомунун экинчи катчысы болуп иштеген. 1937-жылы 1-декабрда жазыксыз камакка алынып, 1938-жылы 1-ноябрда атылган. 1957-жылы акталган. Айтматов Төрөкул 1927–1928-жылдары Жалалабат кантонунда жер-суу реформасын ишке ашыруу үчүн түзүлгөн комиссияны жетектеген. Анын жетекчилиги менен кантондун беш болуштугунда жер-суу реформасы алты жарым айдын ичинде ишке ашырылган.

**Балтагулов Төрөгелди** (1920, Алабука району, Кошалмурут айылы – 1966, Бишкек) – партиялык, мамлекеттик ишмер. Кыргыз ССР Жогорку Советинин (1955–1959), СССР Жогорку Советинин (1958–1966) депутаты. Кыргыз мамлекеттик пединститутун бүтүргөн. 1941–1943-жылдары Алабука районунда мектепте мугалим, директор, райондук элге билим берүү бөлүмүнүн башчысы, Кыргызстан КП Алабука райкомунун уюштуруу бөлүмүнүн башчысы, 1943–1955-жылдары Кыргызстан ЛКЖС Жалалабат облустук комитетинин пропаганда бөлүмүнүн башчысы, 1-катчысы, Ош облустук комитетинин катчысы, Ош облустук эл депутаттар советинин аткаруу комитетинин төрагасы, 1955–1962-жылдары Кыргызстан КП Жалалабат облустук комитетинин 1-катчысы, Ош облустук эл депутаттар советинин аткаруу комитетинин төрагасы, партиянын Ош облустук комитетинин 1-катчысы, 1962-жылдан профсоюздардын республикалык советинин төрагасы болуп иштеген. Ленин, Эмгек Кызыл Туу, «Ардак Белгиси» ордендери менен сыйланган. Райондун борборундагы мектепке, көчөгө ысмы берилип, айкели тургузулган.

**Ботбаев Макмуд** (Мамыт) (1898, Кетментөбө өрөөнү, Акчий – Карасуу айылы – 1981, Токтогул шаарчасы) – Совет бийлигин орнотууга жигердүү катышуучу, алгачкы агартуучулардан. Жергиликтүү орус-тузем мектебин, Ташкендеги мугалимдерди даярдоо курсун бүткөн. 1919-жылы Кетментөбөдөгү жергиликтүү элден кошуун түзүп, Кызыл Аскердик кошуунга (командири Литвинов) Калкожо, Атакозу, Аманпалван өңдүү колбашчылардын ко-

шуундарын талкалоого жардам көрсөткөн. 1920-жылы Анжиянга кыргыз-кыпчак элет элдеринин съездине шайланган делегаттардын ат багары болуп келет. Ал жерден Ташкенге мугалимдерди даярдоо курсуна жиберилет. Курсту аяктагандан кийин Кетментөбө өрөөнүндө мугалим болуп иштейт жана партиялык ячейка уюштурат. 1921-жылы Фергана облустук эл агартуу бөлүмүндө инспектор, кийинчерээк Наманган уездинде мугалимдерди даярдоо курсунда окуган кыргыз жаштарына сабак берет. Ошол эле жылы партиянын Кетментөбө райкомуна катчы жана райкомдун эл агартуу бөлүмүнө башчы болуп дайындалган. Бир нече мектеп курдурат. 1924–1927-жылдары Жалалабат кантонунун агитация-үгүт бөлүмүнүн башчысы, аткаруу комитетинин төрагасы, Кантон боюнча түзүлгөн жер-суу реформа комиссиясынын мүчөсү болгон. 1928–1929-жылдары «Кошчу» союзунда жооптуу катчы, 1929–1935-жылдары Кетментөбө райондук аткаруу комитетинин орун басары, жер боюнча пландоо-экономика секторунун башчысы, «Суусамыр», «Каттаталдык», «Көкбел», «Ноокат» совхоздорунун директору, 1935–1937-жылдары Ош – Хорог жолун салууда саясий бөлүмдүн жетекчиси болуп иштейт. 1937–1940-жылдары репрессияланып, 1940-жылы кайрадан акталган. Ысмы Токтогул шаарчасындагы көчөгө ыйгарылган.

**Айдаров Бекбо** (1908-жылы туулган, Талкан болуштугу, Калинин району) – Жалалабат облустук аткаруу комитетинин төрагасы (1940–1941). 1928–1930-жылдары Калинин районунун комсомол ячейкасынын катчысы, айылдык мал чарба шериктештигинин төрагасы,1930–1934-жылдары Кыргыз кавалерия полкунда кызмат өтөгөн, 1934–1936-жылдары Республиканын ички иштер эл комиссарлар советинин Кыргызстан боюнча инспектору, 1937–1938-жылдары атайын курстарда окуган. 1938–1939-жылдары даярдоо эл комиссариатынын Алабука району боюнча уполномочени, Алабука райкомунун 2-катчысы, 1939–1940-жылдары Кыргызстан КП(б) Жалалабат облустук Комитетинин кадрлар бөлүмүнүн башчысынын орун басары, 1942–1943-жылдары Кыргызстан КП(б) Тяньшань облустук комитетинин 1-катчысы, 1943–1947-жылдары Кыргызстан эл комиссариатынын саясий башкармалыгында начальниктин орун басары болгон. 1947-жылдан Казакстанда иштеген. «Ардак Белгиси» ордени менен сыйланган.

**Сүйөркулов Абды** (25.12.1912, Токтогул району, Торкен айылы – 1992, Бишкек шаары) – мамлекеттик ишмер. 1926–1927-жылдары Жалалабат балдар үйүндө тарбияланган. 1927–1930-жылдары Бишкектин жана Ташкендин орто окуу жайларында, Москва пландоо-экономикалык институтунда окуган, 1946-жылы КПСС БКнын жогорку партиялык мектебин бүтүргөн. 1931–1933-жылдары Кетментөбө, Ноокат, Талас райондук финансы бөлүмдөрүнүн башчысы, 1937–1938-жылдары Кыргыз ССР финансы эл комиссариатында салык башкармасынын начальниги, 1938–1939-жылдары Кетментөбө райаткомунун төрагасы, 1939–1941-жылдары Жалалабат облустук финансы бөлүмүнүн башчысы, Эмгекчилер депутаттарынын Жалалабат облустук Советинин төрагасы (1941–1943). 1943–1944-жылдары Кыргызстан КП БКнын 3- жана 1949–1950-жылдары 2-катчысы, 1950–1958-жылдары Кыргыз ССР Министрлер Советинин төрагасы, 1959–1961-жылдары Кыргыз ССР соода министри, 1961–1969-жылдары соода палатасынын төрагасы, 1971–1978-жылдары Кыргыз ССР Эл чарба жетишкендиктер көргөзмөсүнүн директору болуп иштеген. Кыргыз ССР Жогорку Советине 5 жолу, СССР Жогорку Советине 3 жолу депутат болуп шайланган. Эки Ленин, 2 Эмгек Кызыл Туу ордендери жана медалдары менен сыйланган.



А. Сүйөркулов

**Аманов Мукталы** (1916, Талас облусу, Талас району, Чонтокой айылы – 2000, Бишкек) – Кыргызстаң КП Жалалабат облустук комитетинин 1-катчысы, Кыргыз ССР Жогорку Советинин 6 жолку депутаты (1947–1951, 1959–1963, 1967–1985). 1931–1963-жылдары басмачсөздө, комсомолдук, советтик жана партиялык кызматтарда иштеген. 1963–1965-жылдары Кыргыз ССР Профсоюздар советинин катчысы, 1965–1983-жылдары Кыргызстан керек-жарак коомдор биримдигинин башкармасынын төрагасы болуп иштеген. 1-даражадагы Ата Мекендик согуш, Эмгек Кызыл Туу, Кызыл Жылдыз, «Ардак Белгиси» ордендери менен сыйланган.

Жалал-Абадская областная библиотека





З. Жамашев



К. Шадыбеков

**Ташиев Кулназар** (24.4.1919, Ош облусу, Өзгөн району, Куршаб айылы – 16.12. 2000, Бишкек) – эл депутаттарынын Жалалабат облустук советинин аткаруу комитетинин төрагасы (1955–1959). Ош мамлекеттик педагогикалык институтун, Москва жогорку партиялык мектебин бүткөн. 1939–1946-жылдары аскерде болуп, Ата Мекендик согушка катышкан. 1946–1951-жылдары Кыргызстан КП Куршаб райкомунун 2-катчысы, Куршаб райондук аткаруу комитетинин төрагасы, Ош облустук айыл чарба башкармалыгынын начальниги, 1951–1969-жылдары партиянын Араван, Өзгөн, Ош, Ленин райкомдорунуну 1-катчысы, 1969–1976-жылдары Кыргыз ССРинин соода министри, 1976–1980-жылдары Кыргыз ССРинин Министрлер Советинин иш башкаруучусу, 1980-жылдан эмгек жана согуш ардагерлеринин Бишкек шаардык кеңешин жетектеген. СССР Жогорку Советине, 5 жолу Кыргыз ССР Жогорку Советине депутат болуп шайланган. Кыргыз Республикасынын айыл чарбасына эмгек сиңирген кызматкер. Эки Ленин, Эмгек Кызыл Туу, Кызыл Жылдыз, I жана II даражадагы Ата Мекендик согуш ордендери, «Даңк» ж. б. медалдар менен сыйланган.


**Суранбаев Камбаралы** (1894-жылы туулган, Сузак району, Ортоазия айылы – 1953, ошол эле жер) – айыл чарба өндүрүшүн уюштуруучулардан, Жалалабат облустук аткаруу комитетинин төрагасы (1939), СССР Жогорку Советинин депутаты (1937–1950). 1928–1931-жылдары Сузак районунун аймагында комсомолдук, партиялык ячейкаларды уюштурган, 1931-жылы «Орто Азия» колхозун уюштуруп, колхоз башкармасынын төрагасы болгон. Кызылтуу айыл кеңешин түзгөн. Кыргыз ССРинин дыйканчылыгынын эмгек сиңирген устаты. Эки Ленин, 2 Эмгек Кызыл Туу, «Ардак Белгиси» ордендери, медалдар менен сыйланган.

**Жамашев Зулумбек** (1924-жылы туулган, Сузак району, Каракөл айылы) – Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген юристи, Кыргыз ССР Жогорку Советинин 3 жолку депутаты (1975–1990). Фрунзе юридикалык мектебин (1950), КМУнун юридикалык факультетин бүтүргөн. Эмгек жолун 1942–1944-жылдары Ачы, Базаркоргон районунда почточу, катчы, финансы агенти болуп иштөөдөн баштаган. 1944–1948-жылдары Ачы районунун Эл сотунун катчысы, 1950–1951-жылдары Ачы, Ленин (азыркы Ноокен) районунда прокуратуранын тергөөчүсү, 1951–1957-жылдары Ленин райондук сотунун, 1957–1959-жылдары Жалалабат облустук сотунун, Жалалабат жана Ош облустары кошулгандан кийин Ош облустук сотунун төрагасынын орун басары (1957–1967), 1967–1971-жылдары Кыргыз ССР Жогорку сотунун мүчөсү, 1971–1974-жылдары Ош облустук юстиция башкармалыгынын төрагасы, 1974–1989-жылдары Кыргыз ССР Жогорку сотунун төрагасы болуп иштеген. 1989-жылдан Республикалык Граждандык актыларды каттоо башкармалыгын, облустук Табият-ты коргоо коомун (1991–1995), Ардагерлер кеңешин (1995–1998) башкарып келген. Жалалабат облусунун эл аксакалы болуп шайланган. «Ардак Белгиси» ордени, медалдар менен сыйланган. Жамашевдин урматына Жалалабат шаарындагы көчө, Сузак районунда мектеп аталган.

**Токобаев Молдогазы** (1905, Ысыккөл району, Торуайгыр айылы – 1974, Бишкек) – акын, драматург, коомдук ишмер. Жалалабат облустук эмгекчилер депутаттар кеңешинин аткаруу комитетинин төрагасы (1940). Кыргыз адабиятына негиз салгандардан. Түп айыл чарба техникумун жана Москвадагы Коммунистик университетти (1931) бүткөн. 1931-жылдан партиялык жана мамлекеттик жооптуу кызматтарда иштеген. Тунгуч ырлары 1924-жылы «Эркин-тоого» жарыяланган. Алгачкы ыр жыйнагы 1931-жылы жарык көргөн. Анын «Эрдин күчүн эл сынайт», «Күжүрмөн эмгек», «Шандуу кадам», «Таң алдында», «Жарык күз» ж. б. китептери чыккан. Токобаев – Кыргыз драматургиясын баштагандардын бири. Анын «Кайгылуу Какей» (1928) пьесасы – кыргыз театр өнөрүнүн тарыхындагы тунгуч чыгармалардан. Ленин, 2 «Ардак Белгиси» ордендери, медалдар менен сыйланган.

**Шадыбеков Кадыркул** (1915, Аксы району, Таш-Дөбө айылы – 8.3.1984, Кербен айылы) – Кыргыз ССР Жогорку Советинин 2-жолку депутаты (1955–1959, 1963–1967).

Жалал-Абадская областная библиотека



Р. Камчыбеков



Б. Осмонов



А. Тагаев

Пишкек айыл чарба техникумун (1932), Москвадагы жогорку партиялык мектепти (1955) бүткөн. 1932–1941-ж. Кыргызстан ЛКЖС Караван райкомунда иштеген, Ата Мекендик согуш жылдарында Ленинград фронтунда армиялык прокурор, партиялык уюмдун катчысы, 1947–1967-ж. партиялык жетекчи кызматтарда (Жалалабат облустук эл депутаттарынын аткаруу комитетинин төрагасы, партиянын Жалалабат обкомунун катчысы, Жаңыжол, Ачы, Базаркоргон райкомдорунун 1-катчысы ж. б.), 1967–1977-ж. Кербен айылындагы мөмө-жемиш питомнигинин директору болуп иштеген. Эмгек Кызыл Туу ордени, медалдар менен сыйланган. Аксы районунун борбору Кербен айылында көчөгө ысмы ыйгарылган.

**Камчыбеков Равшанбек** (1947-жылы туулган, Алабука району, Аккоргон айылы) – Кыргыз ССР Жогорку Советинин 2 жолку депутаты (1985–1995). 1970-жылы Кыргызстан айыл чарба институтун бүткөн. 1970–1978-жылдары «Түштүксуукурулуш» трестинин Алабукадагы механикалаштырылган көчмө колоннасынын мастери, прорабы, башкы инженери, 1978–1985-жылдары Кыргызстан КП Алабука райкомунда инструктор, Ош обкомунда айыл чарба бөлүмүнүн инструктору, Сузак райкомунун 2-катчысы, 1985–1986-жылдары Кыргыз ССР Мелиорация жана суу чарба министрлигинин «Ошмелиосуукурулуш» трестинин башчысы, 1986–1987-жылдары Кыргызстан КП БКнын айыл чарба жана тамак-аш өнөр жай бөлүмүнүн башчысынын орун басары, 1987–1991-жылдары Кыргызстан КП Ленин райкомунун 1-катчысы; Жалалабат облустук уюштуруу комитетинин төрагасы, 1991–1992-жылдары Алабука районундагы «Актам» совхозунун директору, 1992–1996-жылдары Баткен, Чаткал, 1996–1997-жылдары Сузак районунун мамлекеттик администрация башчысы. 1997-жылдан облустун суу чарба-бассейн башкармалыгынын начальниги.

**Осмонов Бекмамат** (6.8.1946, Базаркоргон району, Акман айылы – 27.10.1998, ошол эле жер) – мамлекеттик ишмер, Жалалабат облустук мамлекеттик администрация башчысы – губернатор (1991–1992). Кыргызстан айыл чарба институтун (1968), Ташкендеги жогорку партиялык мектепти, 1990-жылы КМУнун юридика факультетин бүткөн. 1968-жылы Карасуу районундагы «Каттаталдык» совхозунда зоотехник-селекционер, 1968–1969-жылдары Советтик Армияда офицер, 1969–1971-жылдары «Каттаалдык» совхозунда башкы зоотехник, 1971–1972-жылдары Араван райондук айыл чарба башкармалыгында башкы зоотехник, башкарманын орун басары, 1972–1978-жылдары «Чоңалай» совхозунун директору, 1978–1985-жылдары Алай райондук аткаруу комитетинин төрагасы, 1985–1988-жылдары Кыргызстан КП Ош обкомунда бөлүм башчы, 1988–1991-жылдары Токтогул райкомунун 1-катчысы, райондук Советтин төрагасы, 1990–1991-жылдары Жалалабат облустук кеңештин төрагасы. 1992–1997-жылдары «Кыргызагроимпекстин» түштүк филиалынын генералдык директору, Ош облустук мамлекеттик администрациянын 1-орун басары, облустук кеңештин төрагасы, Ош жана Жалалабат облустарынын токойчулук агенттигинин башкармалыгынын директору, Ош облустук токой чарба башкармалыгынын директору болуп иштеген. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин эки жолку депутаты (1990–1997). Кыргыз Республикасынын айыл чарбага эмгек сиңирген кызматкери (1996). «Ардак Белгиси» ордени медалдар менен сыйланган.

**Тагаев Абдыжапар Абдыкаарович** (20.2.1953-жылы туулган, Сузак району Барпы айылы) – мамлекеттик ишмер, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты (1995–2000). 1976-жылы Харьков

Жалал-Абадская областная библиотека





К. Бакиев



Б. Талгарбеков



К. Жумалиев

шаарындагы радио-электроника институтун бүткөн. 1976–1978-жылдары Бишкектеги «Сетунь» заводунда инженер, 1978–1983-жылдары комсомолдук кызматтарда, 1983–1986-жылдары «Алатоо» өндүрүштүк бирикмесинде башкы инженердин орун басары, 1986–1990-жылдары партиялык кызматтарда иштеген. 1990–1992-жылдары Жалалабат шаарындагы «Нур» заводунун директору, 1992-жылы Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик мүлк фондусунун төрагасы, 1992–1995-жылдары Жалалабат облусунун губернатору, 1995–1996-жылдары Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн биринчи вице-премьер министри, 1997-жылы Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Баалуу кагаздар рыногу боюнча улуттук комиссиянын төрагасы, 1998–2001-жылдары Кыргыз фонд биржасынын президенти, 2001-жылдан Жалалабаттагы «Нур» акционердик коомунун директорлор кеңешинин президенти.

**Бакиев Курманбек Салиевич** (1949-жылы 1-августа туулган, Сузак району, Масадан айылы) – мамлекеттик ишмер. 1978-жылы Куйбышев политехникалык институтун бүтүргөн. 1972–1991-жылдары Куйбышевде жүк ташуучу, 1978–1979-жылдары Куйбышев шаарындагы Масленников атындагы «ЗИМ» заводунда электр-механик, инженер-электроник, эсептөө борборунун начальниги, башкы инженердин орун басары. 1979–1983-жылдары Жалалабат шаарындагы штепселдик ажыраткычтар заводунун информатикалык-эсептөө борборунда инженер-математик, начальник. 1985–1990-жылдары Көкжаңгак шаарындагы «Профиль» заводунун директору, 1990–1991-жылдары Кыргызстан КП Көкжаңгак шааркомунун 1-катчысы, шаардык кеңештин төрагасы, 1991–1992-жылдары эл депутатарынын Жалалабат облустук кеңешинин төрагасынын орун басары, 1992–1994-жылдары Тогузторо райондук мамлекеттик адмнистрация башчысы, 1994–1995-жылдары Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик мүлк фондусунун төрагасынын орун басары, 1995–1997-жылдары Жалалабат мамлекеттик адмнистрация башчысынын орун басары, башчысы-губернатору, 1997–2000-жылдары Чүй облусунун администрация башчысы-губерна- тору, 2000–2002-жылдары Кыргыз Республикасынын Премьер-министри. 2002–2005-жылдары кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты. 2005-жылдын 24-мартында Кыргыз Республикасынын Президентинин, Премьер-министиринин милдетин аткаруучу, июль айынан Кыргыз Республикасынын баштап жалпы элдик шайлоо менен шайланган Президенти.

**Талгарбеков Бекболот** 1955-жылы 3-мартта Нарын облусунун Кочкор районундагы Дөң-Алыш айылында туулган. 1972-жылы Кочкор районунун «Коммунизм» колхозунда ар кандай жумуштарда иштеген. 1973–1979-жылдары Фрунзе шаарындагы Кыргыз мамлекеттик университетинде окуп, экономист кесибине ээ болот. 1979–1991-жылдары Кыргыз Илимдер академиясынын Экономика институтунда аспирант, кенже, улук илим кызматкер. 1991-жылы КРдин Президентинин аппаратында консультанат-эксперт. 1991–1996-жылдары КРдин айыл чарба министринин орун басары, министрдин милдетин аткаруучу. 1996–1997-жылдары КРдин өкмөтүндө агрардык саясат боюнча вице-премьер-министр. 1997–1998-жылдары Жалалабат облусунун губернатору. 2002-жылы КРдин премьер-министринин аппарат жетекчиси-министр.

Үй-бүлөлүү, үч баланын атасы.

**Жумалиев Кубанычбек Мурзабекович** (1956-жылы туулган, Аксы району, Кечүү айылы) – техника илимдеринин доктору (1992), профессор (1993), Кыргыз УИАнын академиги, Эл аралык информация академиясынын мүчөсү. 1978-жылы Рязандагы

Жалал-Абадская областная библиотека



С. Урманаев



Ж. Шарипов



Ж. Жээнбеков

радиотехника институтун бүткөн. Эмгек жолун ошол эле жылы инстутутта кенже илимий кызматкер болуп баштап, улук илимий кызматкер, комсомол комитетинин катчысы, лаборатория башчысы болуп эмгектенген. Кыргыз УИАнын Илимий инженердик борборунун директору, Илим жана жаңы технология боюнча мамлекеттик комитеттин төрагасы, 1996–1998-жылдары Кыргыз Республикасынын Президенттик администрация жетекчеси, Кыргыз Республикасынын Премьер-министри (1998), 1998–2001-жылдары Жалалабат облустук мамлекеттик администация башчысы – губернатору, 2001-жылдан Кыргыз Республикасынын транспорт жана коммуникация министри, 2002-жылдан Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн вице-премьер-министри. 100дөн ашуун илимий эмгектин автору. Анын эмгектери негизинен кванттык электроника, голография, электрондук эсептөө машиналары ж. б. тармактар боюнча изилдөөгө арналган. Кыргызстан Ленин комсомолу сыйлыгынын лауреаты.

**Урманаев Султан Исакунович** (18.10.1948-ж. т., Ысыккөл облусу, Аксуу р-ну, Бозучук айылы) – Жалалабат облустук мамлекеттик администрациясынын башчысы – губернатор (2001–2002). Кыргыз Республикасынын транспортко эмгек сиңирген кызматкери. 1971-ж. Москва автомобиль жол ин-тун бүтүргөн. 1971–1978-ж. Балыкчы шаарындагы эл аралык жүктөрдү ташуучу автотранспорт («Автовнештранс») ишканасында мастер, инженер, бөлүмдүн начальниги, Кыргызстан КП Балыкча шааркомунун бөлүм башчысы, 1977–1978-жж. Балыкчы шаарында автобазанын начальниги. 1978–1996-жж. «Автовнештранстын» Балыкчы бөлүмүндө башкы инженер, директордун орун басары, директору, 1996–1998-жж. «Кыргызтрансавто» акционердик коомунун төрагасы, 1998–2001-ж. Кыргыз Республикасынын өзгөчө кырдаалдар жана граждандык коргонуу министри.

2005-жылдан баштап КР ЖКнын депутаты.

**Шарипов Жусупбек** (27.4.1955-жылы туулган, Ош облусу, Каракулжа району, Каракулжа айылы) – мамлекеттик ишмер, Жалалабат облустук мамлекеттик администрация башчысы – губернатору (2002-жылдан). Киев инженердик-курулуш институтун (1978), Саратов шаарындагы жогорку партиялык мектепти (1990), КМУУну (1995) бүтүргөн. 1978-жылдан Ош шаарында «Ошкурулуштрестинде» инженер, кийин ушул эле ишкананын Жалалабаттагы курулуш-монтаждоо башкармалыгында мастер-прораб болуп эмгектенген. 1986–1988-жылдары Ташкөмүр шаардык, 1990–1992-жылдары Ош шаардык аткаруу комитеттеринин төрагасынын орун басары, 1992–1994-жылдары Ош шаардык мамлекеттик администрация башчысынын орун басары, 1994–1995-жылдары Ош облустук газ чарба башкармалыгынын начальниги, 1995–1996-жылдары Ош шаардык жергиликтүү өзү башкаруу башкармалыгынын жетекчисинин орун басары. 1996–1997-жылдары Ош шаардык мамлекеттик администрация башчысынын 1-орун басары, 1997–1999-жылдары Кыргыз Республикасынын Президенттик администрациясынын уюштуруу бөлүмүнүн инспектору, бөлүм башчысынын орун басары, 1999-жылы Бишкек шаарындагы Октябрь райондук, 1999–2000-жылдары Ош шаардык администрация башчысы, 2000–2002-жылдары Ысыккөл облустук мамлекеттик администрация башчысы – губернатору. 2002–2005-жылдары Жалалабат облусунун губернатору. Медалдар менен сыйланган.

**Жээнбеков Жусупжан Амражанович** 1956-жылы 23-мартта Сузак районунун Тайгараев айылында төрөлгөн. 1973-жылы Жалалабат шаарындагы штепселдик ажыраткычтар заводунда слесарлык жумуштан эмгек жолун баштаган. 1981-жылы Ош шаарындагы техникалык-курулуш техни-

Жалал-Абадская областная библиотека





И. Айдаралиев



Т. Калматов

кумун аяктаган. 1981–1987-жж. Ош шаардык турак-жай эксплуатация конторасында техник-куруучу, инженер-технадзор, башкы инженер.

1987–1988-жж. Ош облустук турак-жай-коммуналдык чарба башкармалыгынын башчысы. 1988–1991-жж. Оштогу турак-жай эксплуатация трестинин жетекчиси. 1991–1994-жж. Жалалабат облустук ремонттоо курулуш трестинин башчысы. 1994–2001-жж. «Согдан» өндүрүштүк коммерциялык фирмасынын директор, турм-1, РРС-26 37–43 радиорелейка станциясынын начальниги.

1996-жылы Ош шаарындагы технология университетинде окуп, инженер-технолог кесибине ээ болгон. 2001–2004-жж. Ош облустук турак-жай жана коммуналдык чарбачылыгынын начальниги, Ош шаардык тышкы экономикалык байланыш комитетинин төрагасы. 2005–2006-жж. Жалалабат облусунун губернатору. 2006–2007-жж. Талас облусунун губернатору. 2007-жылдын апрель айынан баштап Кыргыз Республикасынын өзгөчө кырдаалдар министринин орун басары.

Үй-бүлөлү. Беш баланын атасы.

**Айдаралиев Искендербек Рысбекович** 1955-жылдын 13-ноябрында Жалалабат облустунун Чаткал районунун Жаңыбазар айылында кызматчынын үй-бүлөсүндө туулган.

1978-жылы Фрунзе шаарындагы Политехникалык институтту инженер-электр-механик кесиби боюнча аяктаган. 1978–1984-жылдары Каракол шаарындагы электр-техникалык заводдо инженер-конструктор, мастер. 1984–1990-жылдары Каракол шаардык компартиясында инструктор, бөлүм башчы.

1990–1991-жылдары шаардык элдик контроль комитетинин төрагасы. 1991–1993-жылдары Ысыккөл областынын эл депутаттар кеңешинин бөлүм башчысы, облустук финансы башкармасынын орун басары. 1993–1996-жылдары Каракол шаардык финансы бөлүмүнүн башчысы. 1996–1998-жылдары Каракол шаарынын мамлекеттик администрация башчысынын биринчи орун басары, Аксуу районунун мамлекеттик башчысынын биринчи орун басары.

1999–2002-жылдары Талас райондук мамлекеттик администрация башчысы. 2002–2006-жылдары Талас облусунун губернатору. 2006-жылдан баштап Жалалабат облусунун губернатору.

Үй-бүлөлү бир уул, эки кыздын атасы.

**Калматов Тойгонбек Зикирович** (17.2.1947-жылы туулган, Базаркоргон району, Акман айылы) – Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Эл өкүлдөр жыйынынын депутаты (2000–2005). 1970-жылы Фрунзе политехникалык институтун бүткөн. 1970–1979-жылдары Оштогу № 4 автобазада автомеханик, Алабукадагы, Ленин райондугу кесиптик-техникалык окуу жайында (КТОЖдо) директордун орун басары, 1979–1983-жылдары Кыргызстан КП Ленин райкомунда инструктор, бөлүм башчы, 1983–1989-жылдары КТОЖдо директор, 1989–1992-жылдары Ош облустук аткаруу комитетинде тышкы экономикалык комитеттин төрагасы, партиянын Ленин райкомунун 1-катчысы, Жалалабат облустук Советинде бөлүм башчы, 1992-жылы тышкы байланыштарды координациялоо комитетинин төрагасы, 1992–1995-жылдары Жалалабат облустук кеңешинин төрагасы, 1995–1996-жылдары Ноокен райондук мамлекеттик администрация башчысы, 1996-жылдан Жалалабат облустук социалдык коргоо башкармалыгынын начальниги. СССРдин кесиптик билим берүүсүнүн отличниги. Медалдар менен сыйланган.

**Сооронбаев Токтогул Полотович** (20.4.1051-жылы туулган, Сузак району, Барпы айылы) – Жалалабат облустук Ке-

Жалал-Абадская областная библиотека





А. Кочкоров



К. Кудайбердиев

ңештин төрагасы (1995–1998). 1977-жылы Бишкек политехникалык институтун бүткөн. 1977–1980-жылдары Жалалабаттагы жер казуучу техникаларды ондоо заводунда инженер-механик, 1980–1987-жылдары Кочкоратадагы «Анар» заводунда, Ноокен районундагы «Бирдик» адистештирилген чарбасында, «Москва» колхозунда башкы инженер, 1987–1989-жылдары райондук айыл чарба техникалык бирикмесинин директору, керек-жарак коомунун төрагасынын орун басары, 1989–1992-жылдары «Ынтымак» совхозунун директору, 1993–1995-жылдары облустук айыл чарба бирикмесинин генералдык директору, облустук мамлекеттик администрация башчысынын орун басары болуп иштеген.

**Кутманова Зебикан** (1945-жылы туулган, Аксы району, Кашкасуу айылы) – советтик, партиялык кызматкер, Кыргызстан КП Жалалабат облустук комитетинин 1-катчысы (1991). 1968-жылы КМУнун биология факультетин бүтүргөн. 1968–1969-жылдары Жаңыжол (Аксы) районундагы Ленин атындагы мектепте мугалим, 1969–1977-жылдары комсомолдун Жаңыжол райкомунда 2-, 1-катчысы, эл депутаттарынын райондук аткаруу комитетинин төрагасынын орун басары, партиянын Жаңыжол райкомунун катчысы, 1980–1985-жылдары эл депутаттаранын Алабука райондук аткаруу комитетинин төрайымы, 1985–1991-жылдары партиянын Алабука райкомунун 1-катчысы, 1991–1994-жылдары Жалалабат облустук элге билим берүү башкармалыгынын начальниги, 1994–2000-жылдары Майлысуу, Каракөл шаарларынын мамлекеттик администрация башчысы. 2001-жылдан «Сарычелек» коругунун директору.

**Кочкоров Адыш** (19.1.1956-жылы туулган, Сузак району, Чаңырташ айылы) – Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген экономисти, Жалалабат облустук кеңештин төрагасы (1998–2000). 1973-жылы Бишкек финансы экономика техникумун, 1986-жылы КМУну бүткөн. 1970–1975-жылдары Ош шаардык финансы бөлүмүндө инспектор, 1976–1977-жылдары Ош шаардык борбордук сактык кассасынын башчысы, 1977–1991-жылдары Республиканын финансы министрлигинин башкармасынын башчысынын орун басары, Ош облусу боюнча башкаруусунда текшерүүчү, бөлүм башчы, 1991–1993-жылдары Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу мамлекеттик финансы инспекциясынын Жалалабат облусу боюнча начальниги болуп иштеген. 2000-жылдан Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Жалалабат облусу боюнча башкы инспектору.

2005-жылдан баштап Жалалабат облустук каржы башкармалыгынын башчысы.

**Кудайбердиев Кубанычбек Надырбекович** (8.1.1948-жылы туулган, Көкжаңгак шаары) – Жалалабат облустук кеңешинин төрагасы (2000-жылдан). 1971-жылы Кыргызстан айыл чарба институтунун агрономия факультетин бүткөн. 1971–1979-жылдары Көгарт үрөнчүлүк чарбасында агроном-мелиоратор, башкы агроном, 1979–1990-жылдары Сузак районундагы «Теңдик» колхозунун башкармасынын төрагасы, 1990–1991-жылдары партиянын Сузак райкомунун 2-, 1-катчысы, 1991–1995-жылдары райондук Советтин төрагасы, Сузак райондук мамлекеттик администрациясынын аппарат жетекчиси, 1995–1997-жылдары Базаркоргон райондук мамлекеттик администрация башчысы, 1997–1999-жылдары облустук мамлекеттик администрацияда бөлүм башчы, 1999 – 2000-жылдары облустун агрардык департаментинин генералдык диретору – облустук мамлекеттик администрация башчысынын орун басары болуп иштеген.

Жалал-Абадская областная библиотека

# ЖАЛАЛАБАТ ШААРЫНДАГЫ ОКУУ ЖАЙЛАРЫ



**Жалалабат педагогика окуу жайы** А. С. Пушкин атындагы (Жалалабат шаары, Ленин көчөсү, 57) 1926-жылы негизделген. Алгач Ош – Жалалабат педтехникуму деп аталып, Ош шаарында жайгашкан. 1928-жылы Жалалабат шаарына көчүрүлгөн. 1929–1930-окуу жылында алгачкы 11 бүтүрүүчүгө «Кызыл мугалим» квалификациясы ыйгарылган, алардын ичинде Т. Үмөталиев, Н. Бримкулов, К. Калиев ж. б. болгон. Окуу жайынын окуучулары: Ж. Бөкөнбаев, Ы. Эшматов, К. Жантөшов, У. Абдукаимовдор Бишкектеги педтехникумга которулуп, ошол жерден толук курсун аякташкан. 1937-жылы окуу жайга А. С. Пушкиндин аты берилген. Башталгыч класстардын мугалимдерин, мектепке чейинки балдар мекемелери үчүн тарбиячыларды, дене тарбия мугалимдерин даярдаган. Окуу жайы ачылгандан тартып үзгүлтүксүз иштеген жана республикадагы эң мыкты педагогика окуу жайы катары миңдеген адистерди даярдаган. Жалалабат педагогика окуу жайын республиканын көптөгөн көрүнүктөрүү инсандары бүтүргөн. Мис; Ж. Мавлянов, Т. Байзаков, Ш. Абдраманов, М. Байжиев, С. Акылбеков, М. Борбугулов, Т. Шамшиев, М. Малабаев, М. Адышев ж. б.

**Жалалабат мамлекеттик университети** (ЖАМУ, Жалалабат шаары, Ленин көчөсү, 57) 1993-жылы Жалалабат педагогика окуу жайынын жана зооветеринариялык техникумдун базасында түзүлгөн. Ага ошондой эле Кыргыз технологиялык университетинин Каракөлдөгү жана Ташкөмүрдөгү кечки факультеттери, Кочкората электрондук приборлор техникуму, Майлысуу электр-механика техникуму бириктирилген. Инженердик-педагогика, инженердик-экономикалык, агрардык-биологиялык, Ташкөмүрдө технологиялык, Каракөлдө инженердик, сырттан окуу, кайра даярдоо жана квалификация жогорулатуу факультеттери, Майлысуу электр-техникалык, Кочкората техникалык, Аксы педагогикалык (Кербен шаарчасында) колледжери; Каракөл энергия-курулуш, Жалалабат индустриялык-педа-гогикалык техникумдары бар. Быларда адистерди даярдоо 37 багыт жана 61 адистик боюнча жүргүзүлөт. Университетте билим берүүнүн көп баскычтуу системасы кабыл алынган, б. а. ЖАМУнун окуу

Жалал-Абадская областная библиотека







жайларын бүтүргөндөр атайын орто, жогорку, толук жогорку билимге ээ болушат. ЖАМУ – республикадагы ири илимий жана окуу борборлорунун бири, мында технология бакалаврлары, илим бакалаврлары, инженерлер жана илим магистрлери, ошондой эле илим кандидаттары жана докторлору даярдалат. Аспирантурасы 16 адистик боюнча иш жүргүзөт. 2 администрация, 16 окуу корпусу, 200 орундуу 6 жатаканасы, 8 спорт залы, 800 орундуу 5 студенттик ашканасы бар. Каракөл, Ташкөмүр, Майлысуу, Кочкората шаарларындагы, Кербен шаарчасындагы филиалдарын кошкондо жалпы китеп фондусу 400 миң нуска китеп болгон борбордук китепканасы иштейт. Университетте ошондой эле информациялык технолоиялар борбору, этика жана эстетика борбору, славян маданияты борбору, өзбек маданияты борбору, спорт клубу, тарыхый-этнографиялык музей, дендрология паркы, тажрыйбаокуу чарбасы ж. б. иш жүргүзөт. Жалпы 25000ден ашык (анын 13 миңи жогорку билим берүүчү, 12 миңи атайын орто билим берүүчү окуу жайларында) студент окуйт, 600дөн ашык окутуучу иштейт.

**Жалалабат кооперация кесиптик-техникалык окуу жайы** (Жалалабат шаары, Токтогул көчөсү, 49) 1959-жылы ачылган. Соода, бухгалтердик эсеп, тамак-аш даярдоо, муздаткыч жабдууларын ондоо боюнча адистерди даярдаган. Учурда окуу жайдын имаратында кадрларды даярдоо жана кайра даярдоо борбору жайгашкан.

**Жалалабат кооперация техникуму** (Жалалабат шаары, Абдукаимов көчөсү, 6) 1996-жылы Бишкек кооперация техникумунун филиалы катары негизделген, 1982-жылдан азыркыдай аталат. Өнөр жай товарларын жана азык-түлүк товарларын иликтөө жана соодалоону уюштуруу, бухгалтердик эсеп, тамак-аш даярдоонун технологиясы, муздаткыч-компрессор машиналары жана аларды орнотуу, коомдук тамак-аш жана соода ишканаларынын машиналары менен жабдуулары боюнча адистиктерди даярдайт. 600 орундуу жатаканасы, китепканасы бар. 1993-жылы техникумдун базасында Коммерция институту ачылган.

**Жалалабат коммерциялык институту Кыргыз керек-жарак союзунун** (Жалалабат шаары, «Спутник» кичирайону, Жеңижок көчөсү, 30) 1993-жылы Жалалабат кооперация техникумунун базасында уюшулган. Төрт факультети – жалпы теориялык жана гуманитардык окутуу, эсеп-финансы, эко-



номика жана бизнес, кыргыз-түрк менеджмент факультеттери, ошондой эле кайра даярдоо жана квалификация жогорулатуу боюнча 1 борбору бар. Окутуу күндүзгү жана сырттан окуу формаларында жүргүзүлөт. Илим-изилдөө иштери да алып барылат. Институт Орусиянын Москва кооперация, Санкт-Петербург финансы-экономика, Воронеж мамлекеттик, Түркиянын Стамбул университеттери, Самаркан кооператив, Анжиян инженердик-экономикалык институттары менен тыгыз кызматташтыкта иш-

Жалал-Абадская областная библиотека



тейт. Окуу корпусунда 4 лекция залы, 61 аудитория, 6 компьютер классы бар. Китеп фонду 44910 китептен турган китепканасы, 600 орундуу жатаканасы жана 125 орундуу ашканасы иштейт. Институттун алдында маданий-эстетикалык борбор, «Ден соолук» спорт клубу бар. 2000–2001-окуу жылында 2306 студент окуп, 120 окутуучу иштеген.

**Экономика жана ишкердик университети (ЭИУ).** (Жалалабат шаары, «Спутник» кичирайону, Жеңижок көчөсү, 300) – жогорку жана орто кесиптик билим берүүчү окуу жай. ЭИУ кесиптик билим берүү тармагында өз ишмердүүлүгүн 1959-жылдан бери жүргүзүлүп келе жатат; адегенде Жалалабат Кооперация окуу жайы, 1959-жылы). Жалалабат кооперация техникуму (1966-жылы), 1993-жылы аталган эки окуу жай биригип, Жалалабат Коммерциялык институту аталган, 2005-жылдан бери Экономика жана ишкердик университети наамында. Окуу жайдын негиздөөчүсү – Кыргыз кооперативдеринин биримдиги.

ЭИУнун курамында 4 факультет, 1 колледж: экономика жана маалыматтык техно-



логиялар факультети, эсеп-финансы факультети, кыргыз-түрк менежмент факультети, дистанттык окутуу жана кадрларды кайра даярдоо факультети, гуманитардык-экономикалык коллеж бар. Аталган факультеттер жана коллеж төмөнкү адистиктер боюнча билим берет: жогорку кесиптик билим берүү программалары боюнча – финансы жана кредит; бухгалтердик эсеп жана аудит; экономикадагы маалыматтык системалар; экономика жана ишканаларды башкаруу; ишканалардын менежменти: маркетинг; бажы кызматы; социалдык-маданий кызмат жана туризм; эл аралык мамилелер; түркология; орто кесиптик билим берүү программалары боюнча – экономика, бухгалтердик эсеп жана көзөмөл; финансы; укуктаануу; мамлекеттик жана жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу; тигилүүчү буюмдардын модьелер-конструктору; меймманкана жана туристтик комплекстердеги тейлөөнү уюштуруу; башкаруунун автоматташтырылган системалары; коомдук тамактануучу жайларда тейлөөнү уюштуруу.

ЭИУнун профессор-окутуучулар курамы соңку жылдары Жалалабат облусунун комплекстик өнүгүүсүнүн илимий негиздерин иштеп чыгууда жана Жалалабат облусунун инвестициялык программасын түзүүгө активдүү катышып, өз салымын кошуп келди. ЭИУнун профессор-окутуучулар курамында чет өлкөлүк адистер да эмгектенишет.

Окуу жайдын материалдык-техникалык базасы жалпы талаптарга жооп берерлик. Окуу жай тийиштүү окуу китептери, колдонмолор, илимий басылмалар менен камсыздалган. Экономика жана ишкердик университетинин компьютердик паркы заманбап компьютерлер менен жабдылган. Өндүрүштүк практика базасы кеңири. ЭИУ кеңири студенттик жатаканасы жана ашканасы бар.

**А. Батыров атындагы Эл достугу университети.** 1999-жылы Кыргыз Республикасынын мыйзамына ылайык мамлекеттик эмес жогорку окуу жайына ылайыкташылып уюшулган. Кыргызстан-Орусия биргелешкен «Дустлик» ачык акционердик коому уюштуруучусу болуп эсептелет. Экономика жана укук, педагогика, медицина, филология, шарият факультеттери, 18 кафедра бар. Окуу жайынын күндүзгү бөлүмүндө 698, сырткы бөлүмүндө 747 жалпы 1445 студент окуйт (2006-ж.) Заманбап техника менен жабдылган. 1000 орундуу спорт комплекси курулууда. А. Батыров атындагы Эл достугу университетинин жамааты чет элдик окуу жайлар менен тыгыз байланышта иштеп келет.

**Жалалабат мамлекеттик техникалык институту** (Жалалабат шаары, «Спутник» кичирайону, Фабрика көчөсү, 1). 1999-



Жалал-Абадская областная библиотека

жылы Ош технологиялык университетинин Жалалабаттагы факультетинин базасында түзүлгөн. Адистерди даярдоо күндүзгү жана сырттан окуу бөлүмдөрүндө ишке ашырылган. Инженер-технологиялык, бизнести башкаруу экономикасы, энергетика жана информациялык технологиялар факультеттери, ошондой эле бир нече багыт боюнча кадрларды даярдоо борбору иштеген. Институтта студенттерге, окутуучуларга жана облустун элине кызмат көрсөтүүчү төмөнкүдөй түзүмдөр иштеген аспирантура, магистратура, айдоочулардЫ даярдоочу курс, чет тилдерин үйрөтүүчү курс, бухгалтерлердин кыска мөөнөттүү курсу, математикалык мектеп, бир катар клубдар ж. б. 1999–2000-окуу жылында 1630 студент окуган, 100дөн ашык окутуучу иштеген.

2006-жылы бул окуу жайы жабылган.

**Кыргызстан Эл аралык университетинин Жалалабаттагы филиалы** (Жалалабат шаары, Пушкин көчөсү, 152) 1996-жылы түзүлгөн. Студенттерди 5 адистик боюнча 3 багытта окутат. Алар: юридикалык (укук таануу), экономика (бухгалтердик эсеп жана аудит, финансы кредит, банк иши), англис тили жана адабияты. Филиалда «Кыргызстандын жаш юристтеринин ассоциациясы» (элге бекер юридикалык жардам көрсөтөт), «Глоубленд» экологиялык клубу (Жалалабат шаарынын экологиялык абалын изилдейт), даярдоо, компьютердик курстар ж. б. уюштурулган. 1999–2000-окуу жылында филиалды биринчи жолу юридика жана экономика адистиктери боюнча 51 студет бүтүргөн. Филиалда жалпы 673 студент окуйт, 45 окутуучу иштейт.

**Энергетика жана микроэлектроника институту** (Жалалабат шаары, Токтогул көчөсү, 43) 1994-жылы 22-апрелде ачылган. Түштүк Кыргызстан жаңгак-жемиш токой башкармалыгынын мурдагы имаратында жайгашкан. Кыргызстан УИАнын Түштүк бөлүгүнүн тармагына кирет.

**Жалалабат медицина окуу жайы** (Жалалабат шаары, Курорт көчөсү, 2) 1939-жылы медициналык мектеп катары ачылган, 1954-жылдан азыркыдай аталат. 1973-жылы жаңы окуу имараты курулуп, ишке берилген. Мээрман иш, гигиена, санитария жана эпидемиология, лабораториялык диагностика, фармацевтика, ортопедия, стоматология, фельдшер-акушердик бөлүмдөрү бар. 1980-жылы Ош облустук балдар ооруканасынын базасында филиалы ачылган. 600 орундуу жатаканасы, 60 орундуу «Гүлкайыр» профилакторийи, спорт залы, тренажердук спорт залы, спорт аянтчасы, ателье, сауна, медпункт ж. б. бар. 1998-жылы окуу жайдын алдында окуу-өндүрүштүк





базасы ачылган, ал жерде окуучулар өндүрүштүк жана окуу практикасын өтүшөт. Окуу жайдын алдында «Гүлгүн жаш» эстрада тобу, «Ак куу» ыр-бий ансамбли жана ар түрдүү ийримдер иштейт. Окуу жай ачылгандан бери 20 миңден ашык адистерди даярдаган (12 миң медсестра, 2310 фельдшер, 2997 акушер, 853 санитар-акушер, 425 фармацевт, 255 тиш врачы, 4157 тиш техниги ж. б.). 1999–2000-окуу жылында 8 адистик боюнча 1300дөн ашык окуучу окуган.

Түштүк Кыргызстандагы алгачкы окуу жайлардын бири болуп Жалалабат медициналык окуу жайы саналат.

Өзүнүн 67 жылдык тарыхында окуу жай тарабынан 22500 миңден ашык, тогуз адистик боюнча жыйырма улуттун өкүлдөрүнөн турган атайын орто билимдүү медициналык адистер даярдалып чыгарылды. Алардын арасында миңдеген саламаттыкты сактоонун ардактуу кызматкерлери, эмгектин ветерандары, медицинага ак эмгек өтөгөн катардагы кызматкерлер Кыргызстан эллине, алыскы жана жакынкы чет мамлекеттерде үзүрлүү эмгектенишүүдө. Октябрь Революциясына чейин Кыргызстан боюнча бар болгону 100 орундуу 6 оорукана, 21 фельдшердик-акушердик пункт иштеген. Анда 15 гана медициналык кызматкер эмгектенген. Түштүк Кыргызстанда 35

Жалал-Абадская областная библиотека



жылы Ош технологиялык университетинин Жалалабаттагы факультетинин базасында түзүлгөн. Адистерди даярдоо күндүзгү жана сырттан окуу бөлүмдөрүндө ишке ашырылган. Инженер-технологиялык, бизнести башкаруу экономикасы, энергетика жана информациялык технологиялар факультеттери, ошондой эле бир нече багыт боюнча кадрларды даярдоо борбору иштеген. Институтта студенттерге, окутуучуларга жана облустун элине кызмат көрсөтүүчү төмөнкүдөй түзүмдөр иштеген аспирантура, магистратура, айдоочуларды даярдоочу курс, чет тилдерин үйрөтүүчү курс, бухгалтерлердин кыска мөөнөттүү курсу, математикалык мектеп, бир катар клубдар ж. б. 1999–2000-окуу жылында 1630 студент окуган, 100дөн ашык окутуучу иштеген.

2006-жылы бул окуу жайы жабылган.

**Кыргызстан Эл аралык университетинин Жалалабаттагы филиалы** (Жалалабат шаары, Пушкин көчөсү, 152) 1996-жылы түзүлгөн. Студенттерди 5 адистик боюнча 3 багытта окутат. Алар: юридикалык (укук таануу), экономика (бухгалтердик эсеп жана аудит, финансы кредит, банк иши), англис тили жана адабияты. Филиалда «Кыргызстандын жаш юристтеринин ассоциациясы» (элге бекер юридикалык жардам көрсөтөт), «Глоубленд» экологиялык клубу (Жалалабат шаарынын экологиялык абалын изилдейт), даярдоо, компьютердик курстар ж. б. уюштурулган. 1999–2000-окуу жылында филиалды биринчи жолу юридика жана экономика адистиктери боюнча 51 студет бүтүргөн. Филиалда жалпы 673 студент окуйт, 45 окутуучу иштейт.

**Энергетика жана микроэлектроника институту** (Жалалабат шаары, Токтогул көчөсү, 43) 1994-жылы 22-апрелде ачылган. Түштүк Кыргызстан жаңгак-жемиш токой башкармалыгынын мурдагы имаратында жайгашкан. Кыргызстан УИАнын Түштүк бөлүгүнүн тармагына кирет.

**Жалалабат медицина окуу жайы** (Жалалабат шаары, Курорт көчөсү, 2) 1939-жылы медициналык мектеп катары ачылган, 1954-жылдан азыркыдай аталат. 1973-жылы жаңы окуу имараты курулуп, ишке берилген. Мээрман иш, гигиена, санитария жана эпидемиология, лабораториялык диагностика, фармацевтика, ортопедия, стоматология, фельдшер-акушердик бөлүмдөрү бар. 1980-жылы Ош облустук балдар ооруканасынын базасында филиалы ачылган. 600 орундуу жатаканасы, 60 орундуу «Гүлкайыр» профилакторийи, спорт залы, тренажердук спорт залы, спорт аянтчасы, ателье, сауна, медпункт ж. б. бар. 1998-жылы окуу жайдын алдында окуу-өндүрүштүк





базасы ачылган, ал жерде окуучулар өндүрүштүк жана окуу практикасын өтүшөт. Окуу жайдын алдында «Гүлгүн жаш» эстрада тобу, «Ак куу» ыр-бий ансамбли жана ар түрдүү ийримдер иштейт. Окуу жай ачылгандан бери 20 миңден ашык адистерди даярдаган (12 миң медсестра, 2310 фельдшер, 2997 акушер, 853 санитар-акушер, 425 фармацевт, 255 тиш врачы, 4157 тиш техниги ж. б.). 1999–2000-окуу жылында 8 адистик боюнча 1300дөн ашык окуучу окуган.

Түштүк Кыргызстандагы алгачкы окуу жайлардын бири болуп Жалалабат медициналык окуу жайы саналат.

Өзүнүн 67 жылдык тарыхында окуу жай тарабынан 22500 миңден ашык, тогуз адистик боюнча жыйырма улуттун өкүлдөрүнөн турган атайын орто билимдүү медициналык адистер даярдалып чыгарылды. Алардын арасында миңдеген саламаттыкты сактоонун ардактуу кызматкерлери, эмгектин ветерандары, медицинага ак эмгек өтөгөн катардагы кызматкерлер Кыргызстан эллине, алыскы жана жакынкы чет мамлекеттерде үзүрлүү эмгектенишүүдө. Октябрь Революциясына чейин Кыргызстан боюнча бар болгону 100 орундуу 6 оорукана, 21 фельдшердик-акушердик пункт иштеген. Анда 15 гана медициналык кызматкер эмгектенген. Түштүк Кыргызстанда 35



8–2302





Кыргызстан Комсомолунун
50 жылдык маарекеси.
Жалалабат шаары. 1975-ж.

«Дастан» эс алуу комплекси.

Дартка дабаа «Жалалабат»
минералдык суусун ичүүчү жай.

Советтер Союзунун Баатыры
Р. Азимов жаш спортсмендер менен.





Жалал-Абадская областная библиотека

# ИЛИМДИН ДОКТОРЛОРУ



А. Ашыралиев



К. Токтомаматов

**Ашыралиев Абдумаматкадыр** – техника илимдеринин доктору (2002), Кыргыз инженердик академиясынын академиги (2004), Кыргыз эл агартуусунун отличниги (1997), Жалалабат мамлекеттик университетинин ректору (2005).

1953-жылы 26-ноябрда Жалалабат облусунун, Сузак районундагы Актоок кыштагында төрөлгөн. 1971-жылы, Сузак районунун № 12 Кыз-Көл (азыркы Ш.Абдырамамов атындагы) орто мектебин ийгиликтүү аяктаган.

1971–1976-жылдары Фрунзе политехникалык институтунда «Машина куруунун технологиясы, темир кесүүчү станоктор жана аспаптар» адистиги боюнча окуп, аны ийгиликтүү аяктап, 1976-жылдын июль айынан баштап Кыргыз илимдер академиясынын Автоматика институтунун механика жана тоо-кен машиналары бөлүмүндө (азыркы Улуттук илимдер академиясынын Машинатаануу институту) жаш адис катары иштей баштаган. Бул илимий мекемеде А. Ашыралиев жөнөкөй инженерден институттун окумуштуу катчысына чейин өсүп жетилип, 1990-жылы тоо-кен машиналары адистиги боюнча кандидаттык диссертациясын ийгиликтүү коргогон.

Республиканын чет жакаларында инженердик иштерди күчөтүү максатында 1992-жылы Кыргыз инженердик академиясынын жетекчилиги астында Инженердик академиянын Жалалабат облустук бөлүмү түзүлгөн жана А. Ашыралиев аны азыркы мезгилге чейин коомдук башталышта жетектеп келет.

1997-жылы Кыргыз Республикасынын эл агартуу отличниги төш белгиси менен, 2002-жылы Жалалабат университетинде эмгек сиңирген ишмер дипломy менен сыйланган. Инженердик ишке кошкон салымы эске алынып, 1991-жылы Кыргыз инженердик академиясынын академиялык кеңешчиси, 1996-жылы мүчө-корреспонденти болуп, ал эми 2004-жылы академиги болуп шайланган.

2005-жылдын 23-мартында Элдик кеңеш тарабынан Жалалабат мамлекеттик университетинин ректорунун милдетин аткаруучу болуп дайындалып, эки айдан кийин ал дайындоо Кыргыз Республикасынын билим берүү министри тарабынан да бекитилген. Ушул эле жылдын 2-ноябрындагы анык демократиялык шайлоодо 6 талапкердин ичинен жеңип, ректор болуп шайланган.

**Токтомаматов Кантөрө Шарипович** – экономика илимдеринин доктору, профессор, Экономика жана ишкердик университетинин ректору. 1947-жылы 20-декабрда Ош облусунун Каракулжа районундагы Каракулжа айылында туулган.

1970-жылы Кыргыз мамлекеттик университетинин экономика факультетин экономист-финансист адистиги боюнча бүтүргөн. Университетти аяктагандан кийин Ош облусунун финансы органына жөнөтүлүп, ал жерде 1972-жылдын сентябрына чейин Эл чарбасын каржылоо бөлүмүндө ага инспектор болуп иштеген.

1975-жылы аспирантураны бүтүрүп, өзүнүн педагогикалык ишмердүүлүгүн

Жалал-Абадская областная библиотека




О. Караматов



А. Каримов



Т. Бекболотов



Ж. Бөкөшов

баштаган. 1975–1993-жылдары Кыргыз мамлекеттик университетинде окутуучу, ага окутуучу, доцент, статистика кафедрасынын башчысы, эсеп-экономика факультетинин деканынын орун басары болуп эмгектенген.

Облустук кеңештин эки жолку чакырылышынын депутаты. Илимге эмгеги сиңген ишмер, элүүдөн ашык илимий эмгектин автору. Эл агартуунун отличниги, медалдар менен сыйланган.

1993-жылдан азыркы убакытка чейин Экономика жана ишкердик университетинин ректору болуп эмгектенет.

**Караматов Озодбек Орунбаевич** 1964-жылдын 29-мартында Сузак районунда кызматчынын үй-бүлөсүндө туулган. 1987-жылы Ташкенттеги ирригация инженерлик жана механикалаштыруу айыл чарба институттун аяктаган. 1987–1989-жылдары ушул эле института ассистент. 1990–1992-жылдары Астана шаарындагы айыл чарба институттунун аспиранты.

1993–1998-жылдары Ташкен шаарында коомдук компанияларда, акционердик коомдордо менежерлик иштерди иштеген. 1999–2003-жылдары Жалалабат шаарындагы А. Батыров атындагы Эл достугу университетинин ректору. Экономика илимдеринин доктору (2005).

**Каримов Абдукадыр** 1955-жылдын 18-мартында кызматчынын үй-бүлөсүндө туулган.

1978-жылы Фрунзе шаарындагы Политехникалык институту аяктаган. 1978–1993-жылдары Политехникалык институтта инженер, окутуучу, кафедра башчысы.

1993–2003-жылдары Жалалабат мамлекеттик университетинде доцент, кафедра башчысы, бөлүм башчы, сырттагы окуу бөлүмүнүн проректору, окуу-методикалык борборунун директору. 2003–2005-жылдары Ош технологиялык университетинде факультеттин деканы, профессор, мониторг сапатындагы билим берүү департаментинин директору.


2005-жылдан баштап Жалалабат мамлекеттик университетинде профессор, окуу иштери боюнча проректору болуп иштеп келе жатат. Техника илимдеринин доктору (2003).

**Бекболотов Турсунбек** (10.2.1948-жылы туулган, Аксы району, Акдөбө айылы) – техника илимдеринин доктору (1996), профессор (1997), Кыргыз УИАнын мүчө-корреспонденти (2000). 1970-жылы Ленинграддагы Бонч-Бруевич атындагы электр-техника институтун бүткөн. 1994–1995-жылдары УИАнын Жалалабаттагы Энергетика жана микроэлектроника институтунун директору, 1995–1999-жылдары Жалалабат мамлекеттик университетинин ректору, 1999–2000-жылдары Кыргыз Республикасынын илим, билим жана маданият министри, 2001-жылдан министрдин 1-орун басары. 80ден ашык илимий эмгектин, анын ичинде 15 усулдук пособие, 2 илимий монографиянын автору. Анын эмгектери негизинен электрондук эсептөө техникасын, информатика жана компьютердик технологияны изилдөөгө арналган.

**Бөкөшов Жамгырбек** (1954-жылы туулган, Токтогул району, Үчтерек айылы) – философия илимдеринин доктору (1992). Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин мыйзам чыгаруу жыйынынын депутаты (1995–2000). КМУнун филология факультетин (1997), юриспруденция магистратурасын (1999) бүтүргөн. 1977–1978-жылдары Кыргыз Энциклопедиясынын башкы редакциясында илимий редактор, 1981–1992-жылдары КМУда окутуучу, улук окутуучу, социологиялык изилдөө жетекчиси, доцент, проректор, 1992–1995-жылдары Кыргыз мамлекеттик пед. институтунун проректору, Жогорку Кеңеште илим, техника, маалыматташтыруу боюнча комитеттин төрагасы, 1998–

Жалал-Абадская областная библиотека





К. Алыбаев



Ж. Тургунбаев



К. Карабеков

2000-жылдары КМШ өлкөлөрүнүн парламент аралык ассамблеясынын билим, илим, маданият боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы, ил. пед. кызматкерлеринин «Интеллект – XXI» коомдук бирикмесинин президенти, ошондой эле Педагогика жана социалдык илимдер академиясынын (Москва), Ч. Айтматов атындагы Коомдук илимдер Академиясынын акдемиги, ЮНЕСКОнун улуттук комиссиясынын мүчөсү. 2000-2005-жж. Жалалабат мамлекеттик университетинин ректору. 2005-жылдан Чүй университетинин проректору. 100дөн ашык илимий эмгектин, анын ичинде 2 монографиянын автору. «Даңк» ж. б. медалдар менен сыйланган.

**Алыбаев Курманбек Сарманович.** 1952-жылы Аксы районунун Кызылтуу айылында туулган. 1974-жылы Ош педагогикалык институтун аяктаган. 1974–1981-жылдары Ош педагогикалык институтунда окутуучу. 1981–1996-жылдары орто мектепте мугалим, директордун орун басары, директору. 1996–1999-жылдары Жалалабат мамлекеттик университетинде декан. 1999–2000-жылдары ЖАМУнун ректору. 2000–2005-жылдары Ош техникалык университетинде экономика жана сырткы байланыш боюнча проректор. 2005-жылдан баштап Жалалабат мамлекеттик университетинде окуу иштери боюнча проректор. Физика-математика илимдеринин доктору. СССР агартуусунун отличниги.

**Тургунбаев Жусуп Тургунбаевич.** 1956-жылы 22-мартта Ош облусунун Ноокат районундагы Кожоке айылында туулган. Экономика илимдеринин доктору, Экономика жана ишкердик университетинин финансы жана статистика кафедрасында профессордун милдетин аткаруучу.

1981-жылы КМУнун экономика факультетин экономист адистиги боюнча, 1992-жылы СССР Министрлер Советинин алдындагы Эл чарба академиясын бүтүргөн.

1992–1997-жылдары Өнөр жай, транспорт, байланыш жана турак-жай, министрлигинде коммуналдык чарба бөлүмүнүн башчысы, Мамлекеттик мүлктүн Ош облустук фондусунун башчысынын орун басары болуп иштеген.

1997–2006-жылдары финансы тармагында Ош облустук финансы жана экономика башкармалыгынын башчысы, Кыргыз Республикасынын КСФК директорлор Советинин мүчөсү болуп эмгектенген.

1996-жылдан бери өз ишин педагогикалык ишмердүүлүк менен айкалыштырып келет.

**Карабеков Кадырбек Чолпонбаевич** – философия илимдеринин доктору, профессор, 1942-жылы 21-июлда Ош облусунун Совет районундагы Аккыя кыштагында туулган.

1965-жылы Кыргыз Мамлекеттик университетинин тарых факультетин бүтүргөн. 1967–70-жылдары Ленинград университетинин философия факультетинде аспирантурада окуган. 1972-жылы кандидаттык диссертациясын коргоп. 1966–73-жылдары Ош педагогикалык институтунда философия боюнча окутуучу болуп иштеген.

1974–91-жылдары Анжиян медициналык институтунда философия кафедрасынын башчысы болуп эмгектенген. 1991–1993-жылдары Кыргыз кыз-келиндер педагогикалык институтунда социалдык-экономикалык илимдер кафедрасынын башчысы, 1993–2003-жылдары Жалалабат Коммерциалык институнун гуманитардык илимдер кафедрасын жетектеген.

2003–2004-жылдары Ош мамлекеттик университетинин философия кафедрасынын профессору, 2004-жылдан бери Ош педагогикалык институнун жалпы илимдер кафедрасынын профессору болуп эмгектенүүдө.

Кадырбек Карабеков таанып-билүүнүн сулуяты маселелери боюнча адис, бул багытта 7 монографиянын жана 30дан ашык

Жалал-Абадская областная библиотека





С. Кыдыралиев Ш. Ниязалиев К. Усенов

илимий макалалардын автору. Анын жетекчилиги астында 5 илимпоз диссертациялык иштерин коргогон.

**Кыдыралиев Сабыржан.** 1952-жылы Базаркоргон районунун Акман айылында туулган. 1974-жылы Ташкендеги Политехникалык институту аяктаган. 1979-жылы Москвадагы Н. Э. Бауман атындагы Мамлекеттик техникалык университетинин аспирантурасын бүткөн.

1993–95-жылдары Жалалабат мамлекеттик университетинде окуу иштери боюнча проректор.

1995–2006-жылдары КРдин Улуттук илимдер академиясынын түштүк регион боюнча Энергетика жана электроника институтунун директору. 2006-жылдан баштап Жалалабат мамлекеттик университетинде физика кафедрасынын профессору.

Кыргыз ССРинин В. И. Ленин комсомолу сыйлыгынын лауреаты (1989). 1993-жылы техника илимдеринин доктору. КРдин Улуттук академиясынын Эмгек сиңирген кызматкери (2006). КРдин инженердик академиясынын академиги (2004).

**Ниязалиев Шайлообай Мамасалиевич.** 1938-жылы 12-декабрда Кыргыз Республикасынын Токтогул районундагы Кескендөбө кыштагында туулган. 1957–1960-жылдары Советтик Армиянын катарында кызмат кылган. 1960–1965-жылдары Кыргыз мамлекеттик университетинде окуган. 1965-жылдан 1968-жылга чейин Фрунзедеги Политехникалык институтта окутуучу, ага окутуучу, доцент, кафедра башчысы, декан болуп иштеген. 1987–1990-жылдары Ленинград университетинде докторантурада окуган. 1990–1993-жылдары Политехникалык институтта кафедра башчысы болуп иштеген. 1993-жылы Жалалабат мамлекеттик университети ачылганына байланыштуу атайын чакыруу менен келип, ошондон бери ушул университетте эмгектенет.

Илимдин доктору, профессор, Кыргыз Республикасынын илимине эмгек сиңирген ишмер, бир канча мамлекеттик, облустук сыйлыктардын ээси, элге билим берүүнүн отличниги. 5 монографиянын, 3 окуу куралынын, 70тен ашык илимий иштердин автору.

**Усенов Кеңешбек Жумабекович –** Техника илимдеринин доктору, ЖАМУнун профессору. 1965-жылы 13-декабрда Базаркоргон районунадагы Акман айылында туулган. 1983–1989-жылдары КМУнун Пржевальскидеги филиалынын математика факультетин бүтүргөн. Кесиби боюнча математика мугалими. 1989–1992-жылдары Улуттук илимдер академиясынын Тоо тектеринин физикасы жана механикасы институтунда аспирантураны бүтүргөн. 1992–1998-жылдары Тоо тектеринин физикасы жана механикасы институтунда кенже илимий кызматкер, илимий кызматкер жана ага илимий кызматкер болуп иштеген. 1994-жылы кандидаттык диссертациясын, ал эми 2003-жылы доктордук диссертациясын коргогон. 1995–1997-жылдары Кыргыз Тоо-кен металлургиялык институтунда ага окутуучу, 1998-жылы Чүй университетинде доцент болуп эмгектенген. 1999-жылдан 2003-жылга чейин Жалалабат мамлекеттик университетинде кафедра башчысы, доцент, 2002-жылдан ушул күнгө чейин Маалыматтардын жаңы технология факультетинин деканы болуп эмгектенүүдө. 1985–1987-жылдары Советтик Армиянын катарында Афганстанда кызмат өтөп, бир канча медалдар менен сыйланган. 2000-жылы мыкты жаш окумуштуу катары Президенттин III-даражадагы дипломуна ээ болгон. 2001-жылы мыкты жаш окумуштуу катары Өкмөттүн алдындагы Илим жана интеллектуалдык менчик мамлекеттик агенттигинин III даражадагы дипломуна ээ болгон. 2 монографиянын жана 50дөн ашык илимий-методикалык иштердин автору. Илим даражаны коргоо боюнча диссертациялык

Жалал-Абадская областная библиотека





Т. Аманкулова



А. Зулпукаров

кеңештин мүчөсү. КМШ өлкөлөрүнүн билим берүү тармактарын маалымат менен камсыздоо кеңешинин мүчөсү (Москва).

**Аманкулова Талчакан Кайыпжановна.** 1954-жылы Токтогул районунун Кызыл-Жазы айылында кызматчынын үй-бүлөсүндө туулган. 1977-жылы Ош шаарындагы Педагогикалык институттун аяктаган. Адистиги биология-химия мугалими. 1971–1979-жылдары Токтогул районундагы мектептерде мугалим.

1979–1993-жылдары Ош désинститутунда лобарант, доцент. 1982–1983-жылдары МГУнун биология факультетинде стажёр-окутуучу (Москва шаары).

1984–1987-жылдары Москва шаарындагы Токой-техникалык институтунда экология жана токой коргоо кафедрасында аспирантураны аяктаган. 1993-жылдан баштап Жалалабат мамлекеттик университетинде биология кафедрасынын башчысы.


2006-жылы Ташкент шаарында айыл чарба илимдеринин докторлук диссертациясын коргогон.

**Зулпукаров Аманкул.** 1945-жылы туулган. 1969-жылы Фрунзе шаарындагы Кыргыз мамлекеттик университеттин экономика факультетин аяктаган. 1964–1994-жылдары Мамлекеттик кызматтарда иштеп келген. 1994–1997-жылдары Сузак райондук мамлекеттик администрациясынын башчысынын орун басары. 1997–1998-жылдары ушул эле райондогу Атабеков айыл өкмөтүнүн башчысы. 1998-жылдан баштап Жалалабат мамлекеттик университетинин окутуучусу, кафедра башчысы, агрардык-экономикалык факультетинин деканы.

2005-жылдын 27-декабрында экономика илимдеринин докторулук диссертациясын коргогон.

Жалал-Абадская областная библиотека







Фонтандар.

Жалал-Абадская областная библиотека



**Облустук бириккен оорукана** (Жалалабат шаары, Пушкин көчөсү, 91) 2000-жылы 13-апрелде түзүлгөн. Облустун аймагындагы бардык медициналык мекемелерден отчет алат, алардын иш-аракеттерин жана калктын денсоолугунун сапаттык көрсөткүчтөрүн анализдейт, ошондой эле медициналык-мекемелерге усулдук кеңеш берет. 1991-жылы Жалалабат облусунун кайрадан түзүлгөндүгүнө байланыштуу облустук саламаттык сактоо башкармасы уюшулган. Башкармалыкка 9 райондук борборлоштурулган оорукана, 5 шаардык оорукана, 2 номерлүү оорукана, айылдык участкалык ооруканалар, айылдык врачтык амбулатория, фельдшер-акушердик пункттар, мындан тышкары, мурдагы шаар-



Операция учуру.

дык дарылоо-алдын алуу мекемелери баш ийген. Аталган шаардык дарылоо-алдын алуу мекемелери өз алдынча облустук мекемеге айланган. 1997-жылы Жалалабат шаарында реформага ылайык 3 бейтапкана, 2 аялдар жана 3 балдарга кеңеш берүүчү бейтапканалары биригип, 5 бейтапкана уюшулуп, анда 11 үй-бүлөлүк врачтар тобу ооруларды кабылдайт. Ар бир топто 2 терапевт, 3 педиатр, 1 акушер-гинеколог иштейт. 1998-жылы облустук «Дени сак үй-бүлө» репродукция борбору ачылган. 2000-жылы облустук оорукана, облустук балдар ооруканасы, облустук тери-венера оорулары диспансери, облустук төрөт үйү биригип, облустук бириккен оорукана уюштурулган.



Дарыгерлер.

**Облустук балдар ооруканасы** (Жалалабат шаары, Жуматаев көчөсү, 96). 1985-жылы район аралык балдар ооруканасы катары уюштурулган. 1991-жылдан азыркыдай аталат. 14 жашка чейинки балдарга медициналык жардам көрсөтөт, райондук борборлоштурулган ооруканаларга уюштуруу, усулдук кеңеш берет. Оорукана алдыңкы медициналык техникалар менен жабдылган. 1996-жылы Швейцариялык «Кызыл Крест» коомунун жардамы менен жаңы медициналык техника коюлуп, стерилдөө, реанимация, ара төрөлгөн балдар, кир жуучу бөлүмдөрүндө ремонт иштери жүргүзүлгөн. Ооруканада 329 киши иштейт, анын 51и врач, 187си медсестра, орто билимдүү кызматкер.

**Облустук ветеринария лабораториясы** (Жалалабат шаары, Фрунзе көчөсү, 25) 1994-жылы 30-июнда уюшулган. Ата Ме-

Жалал-Абадская областная библиотека






Ветеринария кызматкерлери.

кендик согуш учурунда (1941–1945) жоокерлерге кийим тигүү үчүн жөнөтүлүп жаткан тери сырьёлорун изилдешкен. 4 киши иштеген. Лаборатория калкты, мал чарбасын зооноз жана антропозооноздук оорулардан сактоого кам көрөт. Бруцеллёз, туберкулёз, сибирь кулгунасы ж. б. паразиттер, вирустар жана бактерия козгоочу ооруларга диагноз коюшат. Бир жылда 800 миңден ашык изилдөөлөр жүргүзүлөт. Облустук ветеринария лабораториясында 6 бөлүм, 23 кызматкер иштейт, курамына 5 райондук жана зоналар аралык лабораториялар кирет.


**Облустук кан алуу борбору** (Жалалабат шаары, Мичурин көчөсү, 4) – кан алуу жана аны даярдоо, уюштуруу-усулдук жетекчиликти ишке ашыруучу медициналык мекеме. 1968-жылы ачылган. Алгач шаардык, 1970-жылы облустук кан алуу станциясы, 2000-жылдан облустук кан алуу борбору деп аталат. Республиканын түштүгүндөгү алгачкы кан алуу станциясы болгондуктан, анда тажрыйбалуу врачтар, медициналык орто билимдүү кызматкерлер топтолуп, заманбап медициналык жабдуулар, чет элдик аппаратуралар менен жабдылган. Борбордо врачтык, операция бөлмөлөрү, лаборатория, иштетилип жана консерваланган кан, түрлүү дары-дармектер сакталуучу жайлар бар.



Кан алуу борборунда.

Кан алуу борбору азыркы шартка ылайык жабдылган ишкана менен биргелешкен иш-аракеттерди жүргүзөт. Облустун борборунан эле эмес, шаар, айыл жеринин калкынан да атайын жабдылган автомашина-лаборатория менен барып, кан алып келишет. Кайрадан иштетилген канды жана андан даярдалган түрдүү дары-дармектерди медициналык мекемелерге жөнөтүшөт. Облустук кан алуу борборунун базасында кан алуу кызматынын медициналык адистери даярдалат. Акыркы беш жылдын ичинде 88 врач, 635 медициналык орто билимдүү кызматкерлери бүтүрүп чыккан.

**Облустук «Бакыт» балдар реабилитация борбору** (Жалалабат шаары, Тайгараев көчөсү, 6–14) – ооруп, дарыланып чыккан балдардын организмин калыбына келтирүүгө кам көргөн медициналык мекеме. 1964-жылы 9-сентябрда 50 орундуу кардиоревматологиялык санаторий ачылган. 1983-жылы 120 орундуу ички жана тышкы бассейни менен жаңы корпус пайдаланууга берилген. 1986-жылы санаторийдин алдында мектеп ачылган. 1987-жылы санаторийдин базасында вирустук гепатит, жугуштуу ичеги-карын оорулары менен ооруп айыккан



Дарыгер Т. Бакиева балдар менен.

балдар үчүн гастроэнтерология бөлүмү ишке кирген. Ошондой эле кардиоревмотология бөлүмү да иштейт. 1989-жылдан «Бакыт» балдар саноторийи, 1999-жылдан азыркыдай аталат. Бардыгы болуп ал жерден 7–15 жаштагы 73 миңдей бала дарыланып чыккан. Борбордо 5 врач, 24 медициналык орто билимдүү кызматкерлер иштейт.

**Облустук «Ден соолук» борбору** (Жалалабат шаары, Барпы проспекти, 274)

Жалал-Абадская областная библиотека



1959-жылы Жалалабат шаардык санитариялык агартуу үйү катары ачылган, 1991-жылдан азыркыдай аталат. Калк арасында оорунун алдын алуу иштерин жүргүзүүчү, кеңеш берүүчү, усулдук уюштуруу борбору болуп эсептелет. Медицина жана гигиенаны пропагандалоочуларга усулдук жактан жардам көрсөтөт. Жарыялануучу медициналык темадагы макалаларды рецензиялайт, эскертүүлөрдү, баракчаларды чыгарат.

**Диспансерлер.** Облуста 2001-жылы төмөнкү диспансер иштеген: *Облустук Р. Г. Бауер атындагы кургак учукка каршы диспансер* (Жалалабат шаары, Темир жол көчөсү, 24) кургак учук оорусун алдын алуу, дарылоо жана көзөмөлдөө иштерин жүргүзөт. 1948-жылы уюшулган 25 орундуу болгон, 1 дарыгер (Р. Г. Бауер) иштеген. 1952-жылы өпкө ооруларынын стационары (15 орундуу), 1961-жылы хирургия (150 орундуу), 1967-жылы урология (60 орундуу), терапия (65 орундуу) бөлүмдөрү ишке кирген. 1968-жылы оорулуулар менен байланышта болгон балдар үчүн 70 орундуу бөлүм ачылган. 2000-жылы 425 орундуу ооруканада 340 кызматкер (анын ичинде 26 врач, 160 медициналык орто билимдүү адис) иштеген.

*Облустук тери-венерологиялык диспансери.* (Жалалабат шаары, Тайгараев көчөсү) 1946-жылы уюшулган, 1991-жылдан Жалалабат облусунун кайрадан уюшулганына байланыштуу, облустук деген статус алган. Жугуштуу тери жана тери-венералык ооруларынын алдын алат, дарылайт, таралышына каршы чара көрөт. Анда 76 киши (анын ичинде 9 врач, 31 медициналык орто билимдүү кызматкер) иштеген.

**Жалалабат шаардык санитариялык-эпидемиологиялык станциясы.** Шаарда алгач санитариялык кызмат көрсотүү 1940-жылы Жалал-Абад райондук аткаруу комитетинин 22-декабрдагы № 6 чечиминин негизинде уюшулган. Алгачкы инспектору Мендельсон болгон.



Медициналык тейлөө учуру.

1995-жылы 7-мартта КРдин Саламаттык сактоо министрлигинин № 40 буйругунун натыйжасында Жалалабат шаардык санэпидстанциясы облустук структура менен бириктирилген. 1999-жылы облустук структурадан бөлүнүп, Жалалабат шаардык санэпидстанциясы болуп кайра калыбына келген. Бүгүнкү күндө 4 врач, 8 медициналык кызматкер, 7 бөлөк адистиктеги кызматкер эмгектенет.

Жетекчиси – КРдин саламаттык сактоосунун отличниги Дүйшөбай Жумуков.


**Жалалабат курорту** – бальнеологиялык-дары баткактуу жана климаттык курорт. Жалалабат шаарынан 5 км чыгыш тарапта. Көгарт өрөөнүндөгү Айыптоонун батыш капталындагы деңиз деңгээлинен 975 м бийиктикте жайгашкан. Бишкек шаарынан 565 км аралыкта (аба, темир жол



Жалалабат шаардык санэпидстанциянын кызматкерлери.

Жалал-Абадская областная библиотека





Жалалабат курорту.

Баткак жана суу менен дарылоо.

жана автомобиль жолдору аркылуу катташат). Курорт аймагына арча, мисте, кара жыгач, туя, ак акация ж. б. дарактар отургузулган. Климаты континенттик. Кышы жумшак, кар жылына 80 күндөн ашык жатат; январдын орто температурасы –2°Сге жакын. Жаз эрте келет; жылуу, кар марттын 2-жарымында кетет. Жайы ысык, кургакчыл, июлдун орточо температурасы – 27°С. Жылдык жаан-чачыны 500 ммдей; негизинен күз-кыш мезгилдеринде жаайт. Жылдык орточо салыштырма нымдуулугу 52%тей. Күн тийүү узактыгы жылына 2787 саат. Гелиотерапия үчүн метерологиялык шарттар ыңгайлуу. Дарылоодо негизинен минералдуу суулар жана баткак пайдаланылат. Жалалабаттын дарылык касиети бар минералдык булактары жергиликтүү элге 10-кылымдан бери эле белгилүү. Суунун химиялык анализи алгачкы жолу 1877-жылы алынган. Ошол эле мезгилде округдун аскердик медициналык инспекторунун талабы менен ванна жана лазарет салынган. Курорт 1900-жылы курула баштаган. 1912-жылы жергиликтүү бай Мурзакул тарабынан Айыпбулакка имарат салынган. 1918-жылы Эл комиссарлар советинин карамагына өтүп, элдик курорт статусу берилген. 1926–1935-жылдары курорттун № 1 корпусу курулган. Согуш мезгилинде курорттун корпустары аскердик госпиталь катары пайдаланылган. Курорттун дарылоочу негизги жайлары 1954–1968-жылдары курулган. 1972-жылы Жалалабат курорту Бүткүл союздук курорт деген статуска ээ болот. 1984-жылы дарылоо корпусунун жаңы имараты, ири мейманкана комплекси курулган. Курорт аймагында 75–130 м тереңдиктен бургуланып чыгарылган минералдуу суулары жана дары баткагы пайдаланылат. Курортту курчаган 7 булак бар. № 1 булак «Кызбулак» деп аталып, суусунун температурасы 44°ка жетет; минералдык курамы туздуу, 1 л сууда 3 грамм туз болот. № 5 булак – «Акбулак», суусунун температурасы 21° гана болгондуктан, муну көбүнчө жайкысын сууну муздатуу үчүн ванналарга бир аз кошуп пайдаланат. № 27 булак ичүүгө пайдаланылат, бөтөлкөгө куюп сатылат. Жылуу суусу аз минералдашкан, азоттуу, хлорид-гидрокарбонат-сульфаттуу, магний-кальций-натрийлүү. Жегичи аз, курамында кремний кислотасы көбүрөөк (30–35 мг/л). Минералдуу суусу курамында микроэлементтердин көптүгү менен айырмаланат. Курорттун 2-дарылоо фактору – баткак болуп саналат. Ооруларды дарылоодо климаттын да мааниси зор, мында аэросолярий жана климаттык сере бар. Курортто суу жана баткак менен дарылоочу 20 ванна жана 24 кушетка бар.


Жалал-Абадская областная библиотека



Оорулар ванна, душ, баткак алып дарыланышат. Жыл бою дарылоо физкультурасы, укалоо, климат менен дарылоо бассейни иштейт, дарылоо-диагностика кабинеттери, лабораториялары бар. Суу жана баткак менен дарылоо, дарылоо физкультурасы, укалоо, климат менен дарылоо, тамакты мүнөздөп ичүү менен коштолот. Курортто муун, нерв системасынын дарттарынан, карын, боор, өт баштыкчасынын сезгенүүсүнөн, тери, бөйрөк, гинекологиялык оорулардан жапа чеккендер дарыланат.

**Жалалабат минералдуу суусу** – Жалалабат облусундагы дарыланууга жана ичүүгө жарамдуу минералдуу ысык суу булактары. Жалалабат шаарынан 5 км түндүк-чыгыш тарапта. Айыптоонун батыш капталында, деңиз деңгээлинен 980 м нун температурасы 21–43,5°С, жалпысынан суунун курамы сульфат-гидрокорбонат-хлорид-натрий-кальцийлүү, чала жегичтүү (рН 7,0–7,5). Суу тунук, тузсуз, даамсыз, аз минералдашкан (1,2–7,4). Бир аз бром, бор, марганец, темир, фосфор, фтор жана органикалык заттар бар. Кремний кислотасы 35,0 мг/л, көмүр кислотасы 35,0 мг/л, күкүрттүү суутек 2,0 мг/лге чейин. Азот 97,1%. Дебити 21 л/сек. Суу ашказан, боор, өт ж. б. ооруларына шыбаа берет. Имараттарды жылытууга, ичүүгө да пайдаланылат. Суу бөтөлкөлөргө куюлуп, Жалалабат № 27 деген ат менен соода тармактарына жиберилет. Анын базасында Жалалабат курорту иштейт.

**Жалалабат баткак кени** – Жалалабат шаарынан 5 км түштүк-чыгыш тарапта.




Шор булак.

бийиктикте. Суу жергиликтүү элге илгертен белгилүү. Алгачкы геологиялык изилдөөлөр 1815-жылы башталган. Булактар чыккан жерде антропогендин лёсс сымал кум-топурагы (калыңдыгы 30 м), юра жана бор мезгилдеринде пайда болгон гравелит, кумдук, алевролит, чопо, конгломерат ж. б. чөкмө тектер жатат. Аларды альп тектогенезиси бүктөлүүлөргө дуушарлантып, антиклиникалдык түзүлүштү пайда кылган. Суу антиклиналга жарыш кеткен тектоникалык жарака зоналары аркылуу жер бетине булак түрүндө жана бургулоо көзөнөгүнөн (75–130 м терендиктен) агып чыгат. Мында Айыпбулак, Кызбулак, Акбулак, Жаңыбулак, Шорбулак, Узунжылга, Чаңгырташ деп аталган 7 булак бар (суткалык дебити 1800 м). Суу жаткан катмардын астында жана үстүндө чопо катмары бар. Суу- Айыптоонун батыш капталында, деңиз деңгээлинен 1070–1075 м бийиктикте. 1932-жылдан белгилүү. Кен эки башка саздак участкадан турат. Жалпы аянты 7520 м. Эң үстүндө кумдуу топурак (калыңдыгы 0,2–0,3 м), астында каралжын күрөң түстөгү эзилген чым көң баткагы (калыңдыгы 1,5 м) жатат. Дары баткактын 0,25 ммден кесек бөлүкчөлөр менен булганышы 4,7%, өсүмдүк калдыктарынын чириши 82% ке жетет. Баткактын суюк ылайы 47–78%, сульфат натрийлүү, өтө корбанаттуу (коэфициенти 0,18–0,89). Запасы 20,2 миң м. Кендин жана ал жерден чыккан минералдуу суунун базасында Жалалабат курорту иштейт.

Жалал-Абадская областная библиотека






Жалалабат курорту.
Курорттогу мейманкана.

Жалал-Абадская областная библиотека

# САЛАМАТТЫКТЫ САКТООГО ЭМГЕК СИҢИРГЕН ИШМЕРЛЕР



Мурзакул болуш.



К. Гаиббаев.

**Мурзакул Кош Датка уулу** (1861, Анжиян уезди, Чимян кыштагы – 1936, Жалалабат шаары, Кожомаала айылы) – Фергана өрөөнүндөгү таанымал инсан. 1912-жылы азыркы Жалалабат курортуна алгачкы араба жол салдырган. Курорттогу Кызбулак, Шорбулак аттуу дарылык касиети бар булактарды тазалатып, тартипке келтирген. Ошол эле жылы Айыпбулакка аялдар жана эркектер үчүн дарылануучу эки бөлмөдөн турган имарат жана чоң күмбөз курдурган. 1902-жылы Анжияндагы чоң жер титирөөдөн жабыр тарткандарга боз үйлөрдү тиктирип, тамак-аш менен камсыздап, курулуш материалдары менен жабдыган. Анын демилгеси менен Коргонтөбө, Маргалан, Жалалабат, Анжиян шаарларына мечит, медреселер салынган. Мурзакул жөнүндөгү маалымат Санкт-Петербургдагы Эрмитажда да бар.

**Габитов Валерий Хасанович** (1948-жылы 9-октябрда туулган, Жалалабат шаары) – медицина илимдеринин доктору (1989), профессор (1991). 1973-жылы Кыргыз мамлекеттик медициналык институтун (КММИ) бүтүргөн. 1973-жылдан КММИде иштеген. 1990-жылдан ошол эле жерде топогрфиялык анатомия жана оперативдүү хирургия кафедрасын жетектейт. 200дөн ашык илимий эмгектердин, анын ичинен 18 монографиянын, 1 окуу куралынын автору. Эмгектери негизинен лимфа системасынын негизги морфологиялык жана клиникалык изилдөө аспектилери жана дартка чалдыккан лимфа системасын дарылоо маселелерине арналган.

**Газибаев Миркамил Талипович** (1945-жылы туулган, Ош облусу, Карасуу району, Кашкаркыштак айылы) – Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген врачы (1996). 1970-жылы Кыргыз мамлекеттик медицина институтунун педиатрия факультетин бүткөн. 1970–1972-жылдары Жалалабат шаарындагы балдар ооруканасында хирург, 1972–1974-жылдары республиканын түштүгүндө биринчи жолу балдардын анестезиология жана реанимация бөлүмүн ачып, анын жетекчиси болуп иштеген. 1974-жылдан райондор аралык шаардык балдар ооруканасынын, кийин облустук балдар ооруканасынын башкы врачы. СССР саламаттык сактоонун отличниги, жогорку категориядагы врач-педиатр-реаниматолог.

**Гаиббаев Камалитдин** (23.2.1918, Жалалабат шаары – 1998, ошол эле жер) – Кыргыз ССРинин эмгек сиңирген врачы (1978). Ата Мекендик согуштун катышуучусу. Фергана медициналык техникумун (1937), Самаркан мамлекеттик медициналык институтун (1941) бүтүргөн. 1947–1950-жылдары Жалалабат шаардык саламаттык сактоо бөлүмүнүн башчысы жана шаардык оорукананын хирургу, 1950–1952-жылдары Көкжаңгак шаардык ооруканасынын башкы врачы жана хирургия бөлүмүнүн башчысы, 1952–1964-жылдары Жалалабат облустук (кийин шаардык) ооруканасынын, Жалалабат курортунун башкы врачы, 1964–1978-жылдары Жалалабат шаардык ооруканасынын урология бөлүмүнүн башчысы болуп иштеген. Беш миңдей хирургиялык жана урологиялык операцияларды жасаган.

Жалал-Абадская областная библиотека





С. Чыналиев



О. Узаков



В. А. Насыров

СССР саламаттык сактоосунун (1955), санитариялык коргоонун (1958) отличниги. Экинчи даражадагы Ата Мекендик согуш, Кызыл Жылдыз ордендери, медалдар менен сыйланган.

**Чыналиев Сергей Кожомжарович** (Жалалабат шаары, 22.3.1957-жылы туулган) – медицина илимдеринин доктору (1995). 1980-жылы Кыргыз мамлекеттик медицина институтунун дарылоо факультетин бүтүргөн. 1980–1985-жылдары Бишкек шаардык № 2 клиникалык ооруканасында хирург, кардиохирургия бөлүмүндө врач-хирург, 1997-жылдан Улуттук кардиология жана терапия борборунун кардиохирургия бөлүмүнүн улук илимий кызматкери. 30дан ашык илимий эмгектин, а. и. 1 монографиянын автору. Анын эмгектери негизинен жүрөктүн коронардык кантамыр ооруларын изилдөөгө арналган.

**Узаков Орозали Жаанбаевич** (1956-жылы 16-апрелде туулган, Сузак району, Жийде айылы ) – медицина илимдеринин доктору (1991), профессор (1999). 1978-жылы Кыргыз мамлекеттик медицина институтун бүткөн. 1978–1980-жылдары Жалалабат шаардык ооруканасында врач, 1984–1997-жылдары Кыргызстан акушердик жана педиатрия институтунда улук илимий кызматкер, директордун орунбасары, 1997-жылдан Кыргыз мамлекеттик медициналык академиянын медицина борборунун директору – дарылоо иштери боюнча проректору. Ошондой эле Кыргыз Республикасынын сламаттык сактоо министрлигинин башкы аллергологу. Европа пульмонологдор ассоциациясынын жана Борбордук Азия пульмонологдор ассоциациясынын президиумунун мүчөсү. Саламаттык сактоонун отлиниги (2000). Жогорку категориядагы врач. 80ден ашык илимий эмгектин автору. Анын эмгектери негизинен аллергология, пульмонология, педиатрия ооруларын изилдөөгө багытталган.

**Өмүрзаков Жахангир** (5.9.1947-жылы туулган, Сузак району, Бегабат айылы) – Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген врачы (1999). 1971-жылы Кыргыз мамлекеттик медицина институтун бүткөн. 1971–1981-жылдары Сузак райондук санитариялык-эпидемиологиялык станцияда (СЭС) санитардык врач, башкы врач, 1981–1989-жылдары Ош облустук санитариялык агартуу үйүнүн, 1989–1996-жылдары Ош облустук, Жалалабат облустук СЭСтеринин башкы врачы, 1996–2000-жылдары Жалалабат облустук саламаттык сактоо башкармалыгынын башчысы, 2000-жылдан Жалалабат облустук бириккен ооруканасынын директору. СССР саламаттыкты сактоосунун отличниги (1983), Кыргыз Республикасынын саламаттык сактоосунун отличниги (1997). Медалдар менен сыйланган.

**Насыров Вадим Алиярович** (1.2.1947-жылы туулган, Жалалабат шаары) – медицина илимдеринин доктору (1982). Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген врачы (2000). 1971-жылы Кыргыз мамлекеттик медицина институтун (КММИ) бүткөн. 1983-жылдан КММИнин кулак-тамак-мурун оорулары кафедрасынын профессору, 1989–1992-жылдары врачтарды кайра даярдоочу факультетинин деканы, 1992–1996-жылдары КММИнин илим жана дарылоо иштери боюнча проректору, 1996-жылдан дарылоо факультетинин деканы, ошол эле убакта кулак-мурун-тамак кафедрасынын башчысы (1997-жылдан). Насыровдун илимий эмгектери кулак-мурун-тамак органдарында шишик оорусунун пайда болушун, дем алуу системасынын аллергиялык ооруларын, ошондой эле бийик тоо шартында кулак-мурун-тамак органдарынын патологиясын изилдөөгө арналган. 175 илимий эмгеги, 3 монография, 20 усулдук кеңеш, 3 ойлоп табуу, 15 рационализатордук сунушу бар. Эл аралык оториноларингология – баш жана моюндун



9–2302

Жалал-Абадская областная библиотека




Т. Бакиева


С. Орозматова


К. Кожоназаров


С. Бакиева

хирургиясы академиясынын корр. мүчөсү, Польша медицина академиясынын жана Бүткүл дүйнөлүк Альберт Швейцер атындагы академиянын анык мүчөсү. СССР саламаттык сактоосунун отличниги (1991), 1, 2-даражадагы Альберт Швейцер атындагы алтын медалдын ээси.

**Бакиева Турдукан** (1942-жылы туулган, Сузак району, Тейит айылы) – Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген врачы (2000). 1966-жылы Кыргыз мамлекеттинин медицина институтун бүткөн. 1966-жылы Ош облустук балдар ооруканасында врач, 1967–1969-жылдары Өзгөн шаардык ооруканасында, 1969–1980-жылдарында Жалалбат шаардык балдар ооруканасында врач-педиатр, балдарга кеңеш берүү бөлүмүнүн башчысы, Жалалабат шаардык балдар ооруканасынын эмканасынын башкы врачынын орун басары, 1980-жылдан «Бакыт» балдар реаблитациялык борборунун башкы врачы, саламаттыкты сактоонун отличниги.

**Орозматова Сүйүнбүбү** 1949-жылдын 11-июнунда Тогузторо районунун Көгирим айылдык кеңешинин Арал айылында төрөлгөн. 1969-жылы Жалалабат шаарындагы медициналык окуу жайды аяктаган. Өз кесибин сүйгөндүгүнөн Орозматова Сүйүнбүбү айлыгынын аздыгына карабастан оорулуулардын жанына күнү-түнү кызмат өтөп, медсестра, башкы медсестра болуп иштеп келет. КРдин Саламаттык сактоо министрлигинин Ардак грамотасынын ээси, саламаттык сактоонун отличниги, КРдин ардактуу донору. 2006-жылы КРдин саламаттык сактоосунун эмгек сиңирген кызматкери наамы ыйгарылган.

**Кожоназаров Кенжебай** (1933-жылы туулган, Сузак району, Ырыс айылы) – медицина илимдеринин доктору (1990), профессор (1991), Кыргыз Рыспубликасынын эмгек сиңирген врачы. 1957-жылы Кыргыз мамлекеттик медицина институтун бүткөн. 1957–1960-жылдары Шамалдысай участкалык ооруканасынын жана ревмотологиялык санаторийдин башкы врачы, 1960–1969-жылдары Жалалабат шаарында балдар ооруканасынын башкы врачы, 1969–1983-жылдары Кыргыз мамлекеттик медицина институтунун педиатрия кафедрасында ассистент, 1983–1997-жылдары педиатрия факультетинин кафедра башчысы, Ош мамлекеттик университетинин медицина факультетинде педиатрия кафедрасынын башчысы (1999), 2000-жылдан А. Батыров атындагы Эл достугу университетинде кафедра башчысы. 85 илимий эмгектин, анын ичинде 3 монография, 3 ойлоп табуунун автору.

**Маслова Елизавета Григорьевна** (1930-жылы туулган, Орусия, Пенза шаары) – Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген врачы. Ташкен медицина институтунун санитария-гигиена факультетин бүткөң. 1956–1959-жылдары Жалалабат шаарында тамак-аш өнөр жай ишканаларында врач болуп иштеген.

1959–1965-жылдары Базаркоргон райондук санитариялык-эпидемиологиялык станциясынын (СЕС) башкы врачы, 1965–1988-жылдары Жалалабат шаардык СЕСтин эпидемиологиялык бөлүмүнүн башчысы, 1988–1991-жылдары шаардык ооруканынын врач-методисти. Саламаттык сактоонун отличниги. Медалдар менен сыйланган.

**Бакиева Софья Сапаровна.** 1937-жылы Көкжаңгак шаарында кызматчынын үй бүлөсүндө туулган. 1959-жылы Ташкенттеги фармацевтика институтун аяктаган. 1963-жылдан баштап Жалалабат облусунун аймагында элди дары-дармек менен камсыз кылуу менен эмгектенген. 1984-жылы КРдин саламаттыкты сактоосунун эмгек сиңирген кызматкери наамы берилген.

Азыркы учурда ардактуу эс алууда.

Жалал-Абадская областная библиотека









Жалалабат облустук төрөт үйү.

Бактылуу эгиздер.

Эне жыты — эне сүтү.


Жалал-Абадская   областная   библиотека





Жалал-Абадская областная библиотека





Жалал-Абадская областная библиотека

# ЖАЛАЛАБАТ — ЖАКШЫЛЫКТЫН, ИЙГИЛИКТИН ШААРЫ

**Жалалабат шаардык кеңеши.** Шаардык кенеш 30 депутаттан турат. Шаардык кеңештин төрагасы А. Мамаджанов, төраганын орун басары Т. Т. Туманов (2007).

Эл менен иштешүүдө шаардагы төрт аймактык башкарууда жана Тайгараев айыл өкмөтүндө бирден депутаттык топтор түзүлгөн. Шаардык кеңештин депутаттарынын алдында төрт туруктуу комиссия иштеп, ар биринин курамы 7 депутаттан турат. Алар төмөнкүлөр:

• Курулуш, транспорт, коммуналдык чарба жана байланыш боюнча туруктуу комиссия — төрагасы *Зулпукаров Мухтарбек Акматбекович.*

• Бюджет, экономика, финансы жана салык боюнча туруктуу комиссия — төрайымы *Осмонова Айнура Шермаматовна.*

• Социалдык, укуктук маселелер, коомдук уюмдар, партиялар жана кыймылдар менен байланыш боюнча туруктуу комиссия — төрагасы *Усенов Кеңешбек Жумабекович.*

• Өнөр жайы, ишкерлик, соода жана айыл чарбасы боюнча туруктуу комиссия — төрагасы *Тагаев Абибила Абдыкарович.*

Шаар кеңешинин депутаттары шаардын социалдык-экономикасынын өнүгүшүнө салым кошуп келүүдө.

**Турак-жай, коммуналдык чарба жана көрктөндүрүү департаменти.** Жалалабат шаардык Мамлекеттик администрация башчысынын 1996-жылдын 10-майындагы «Турак-жай, коммуналдык чарба жана көрктөндүрүү департаментин түзүү жөнүндөгү № 230-Р буйругунун негизинде түзүлүп, 1997-жылдын 30-январындагы «Турак-жай, коммуналдык чарба жана көрктөндүрүү департаментинин структурасын өзгөртүү жөнүндөгү» № 79-Р буйругунун негизинде өзгөртүү киргизилген.

Турак-жай, коммуналдык чарба жана көрктөндүрүү департаменти Жалалабат шаарынын мэриясынын структуралык бөлүмү жана өз алдынча жумуш алып барган юридикалык жак болуп эсептелет.

Мекеменин структурасына төмөнкү бөлүмдөр кирет.

1. а) Жарандык каада-салт бюросу;

б) Эс алуу жана сейил бактар («Токтогул», «Новаи», «Норуз»);

в) Жарыктандыруу бөлүмү (горэлектросвет);

г) Мисте талаасы;

д) «Курманбек» стадиону;

е) «Телтору» ат майданы;

ж) Расмий делегациялар залы;

з) Үналгы түйүнү;

и) Менчиктештирилбеген батирлер (квартиралар);

к) автоунаалар токтоочу жайлар (автостоянкалар);

л) курулуш участкалары.

2. а) Санитариялык тазалыкты сактоочу атайын автобазасы;

б) № 3-турак-жай эксплуатациялоочу участкасы (ЖЭУ-3);

в) жашылдандыруу чарбасы (зеленхоз).

Турак-жай, коммуналдык чарба жана көрктөндүрүү департаменти бюджеттик



Ишембилик.


Жалал-Абадская областная библиотека



мекеме болуп саналат жана жергиликтүү бюджеттин эсебинен каржыланат.

Мекеме мыйзамга ылайык өз ишкердик чөйрөсүн Кыргыз Республикасынын нормативдик актыларынын, Жалалабат облустук Адилет башкармалыгы тарабынан каттоодон өткөрүлгөн Жобонун негизинде жүргүзөт.

Мекеменин негизги функциялары – шаарды көрктөндүрүү, жашылдандыруу, быздагы асфальт төшөлгөн жолдордо толугу менен жамоо жумуштары аткарылды жана «Достук» кичирайонундагы С. Ибраимов көчөсү толугу менен бүткөрүлүп, пайдаланууга берилди. Ошондой эле М. Бабкин, Ж. Бакиев көчөлөрүнүн жана «Мадумар-ата» соода борборунун алдындагы темир жол өткөөлдөрү ачылып, шаардын борбору автоунаалардан бошотулуп, шаар тургундары үчүн ыңгайлуу шарттар түзүл-



Шаарды көрктөндүрүү.

санитариялык абалын жакшыртуу, түнкү жарык менен камсыз кылып, шаар тургундарына ыңгайлуу шарттарды жаратып берүү.

Азыркы мезгилде мекемеде үч жүзгө жакын кызматчылар жана жумушчулар иштешүүдө.

Мекеме 2006-жылды өтө жогорку көрсөткүчтөр менен аяктады. Мисалы, шаары-



Иштин жыйынтыгы.

дү. Ал эми түнкү жарык менен камсыз кылууда шаарыбыздагы Б. Осмонов, Пушкин, Ж. Бакиев, Эркиндик, Барпы жана Күркүрө көчөлөрү толугу менен камсыз болду.

Мекеме коомчулукту өнүктүрүү үчүн инвестициялоо агенттиги менен тыгыз мамиледе болуп, долбоордун негизинде таштанды ташуучу 3 даана автоунаа жана 1 даана экскаватор алды.

Натыйжада, мекеме алдына коюлган план тапшырмалар өткөн жылга салыштырмалуу 130% ашыгы менен аткарылды.

Азыркы тапта бул тармакты Акылбек Бааев жетектеп келет.

**«Жалалабатводоканал» башкармасы.** 1980-жылы ошол мезгилдеги Турак-жай, коммуналдык чарба министрлигинин 19.02.1989-жылдагы № 2/56 буйругу менен «Кыргызводоканал» өндүрүштүк бирикмесинин алдында түзүлгөн. Башкармалыктын тармагына Алабука, Аксы, Токтогул, Сузак, Ноокен, Тогузторо райондорунун борборлорундагы, Шамалдысай, Шекафтар

Жалал-Абадская областная библиотека







Лабораторияда.

«Жалалабатводоканал» башкармалыгы.

шаарчаларындагы жана Жалалабат шаарындагы чарбалык эсептеги суу түтүктөрү-канализация чарба участоктору кирген.

2000-жылдары Алабука, Аксы, Токтогул, Сузак райондору, Шамалдысай шаарчасы жана Жалалабат шаары гана калган. Калган участокторду жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу бийликтери өз карамагына өткөзүп алышкан.

Ал эми Кыргыз Республикасынын облустук баш ийүүдөгү шаарларын алардын мэрияларынын коммуналдык менчигине объектилерди өткөрүп берүү жөнүндөгү» Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 08.10.2001-жылдагы №608 токтомунун негизинде «Жалалабатводоканал» башкармасы Жалалабат шаардык мэриясынын муниципалдык менчигине өткөрүлгөн.

Жогоруда аталган райондук участоктор Жалалабат облустук Турак-жай, коммуналдык чарба эксплуатациялоо өндүрүштүк бирикмесинин карамагына өткөрүлүп берилген.

Мына ошол мезгилден бери «Жалалабатводоканал» башкармасы Жалалабат шаардык мэриясынын муниципалдык менчиги болуп саналат жана негизги милдети Жалалабат шаарынын элине, мекеме-ишканаларына ичүүчү суу таза берүү, ошондой эле саркынды сууларды канализация түтүктөрү аркылуу кабыл алып тазалоо болуп эсептелет.

Жалалабат шаарындагы алгачкы суу түтүктөрү 1925-жылы ишке киргизилген. Азыркы күндө башкача айтканда 2007-жылдын башында 15 насостук станция болуп, ал скважиналарга 27 м тереңдиктен суу соруучу насостор орнотулган, ал эми суу түтүктөрүнүн жалпы узундугу 186 км ди түзөт, ал жерлерде суу бөлүштүрүүчү жана тескөөчү 374 кудук жайгашкан. Канализация түтүктөрүнүн жалпы узундугу 61 км жана көзөмөлдөөчү 1824 кудук бар.

Андан тышкары кубаттуулуктары суткасына 35000 м$^3$ жана 1450 м$^3$ болгон саркынды сууларды тазалоочу эки жай тынымсыз иштеп турат.

Башкарманын эмгек жамааты 2007-жылы 12 млн 408 миң сомдук коммуналдык кызмат көрсөтүштү, ошол эле учурда 2 млн 680,6 миң м$^3$ ичүүчү таза суу берилген, 1 млн 936 миң м$^3$ саркынды суулар канализация түтүктөрү аркылуу кабыл алынып тазаланган.

**Жалалабат шаардык ЖААК бөлүмү.** Үй-бүлө – коомдун алгачкы уюткусу.

Үй-бүлө, аталык, энелик жана балалык – бул бүткүл коомдун өзгөчө камкордугунун жана айрыкча мамлекеттин коргоосунун жүйөөсү.

Мамлекет жарандарды үй-бүлөлүк турмушка, жубайлыкка жана энеликке даярдоону камсыз кылат.

Жарандык абалдын актылары – адамды жекелештирүү жана ошону менен бирге анын укуктары менен милдеттеринин пайда болушун, токтолушун юридикалык жолоштуруу шарттары.

Жарандык абалдын актыларын мамлекеттик каттоо жарандардын мүлктүк жана жеке мүлктүк эмес укуктарын сактоо, ошондой эле мамлекеттин таламын көздөө максатында белгиленет.

Жарандык абалдын актыларын каттоо жарандык абалдын актыларын жазуу органдары тарабынан анын негизинде жарандык абалдын актыларын тиешелүү жазуу аркылуу жүргүзүлөт.

Туулуу, никеге туруу, никени бузуу, асырап алууну аныктоо, фамилияны, атты, атасынын атын өзгөртүү же өлгөндүгү жөнүндө жазуулары Кыргыз Республикасынын 20.01.2005-жылы кабыл алынган «Жарандык абалдын актылары жөнүндөгү» мыйзамынын жана Кыргыз Республикасынын Үй-бүлө кодексинин негизинде жүзөгө ашырылат.

Жалал-Абадская областная библиотека

Жалалабат шаардык ЖААК бөлүмү Жалалабат шаарынын Барпы көчөсүнүн № 79 үйдүн 1-кабатында жайгашкан. Бөлүмдө Кыргыз Республикасынын Адилет министрлигинин штаттык бирдигине ылайык мамлекеттик 3 кызматкер, кичи тейлөөчү 3 кызматкер эмгектенишет.

Жалалабат шаардык ЖААК бөлүмүнүн 1928-жылдан берки архивдик фонду 2007-жылга карата 755 (жети жүз элүү беш) даана китепти түзгөн.

Бөлүмдү 1998-жылдан баштап ушул мезгилге чейин Иманова Бүзейнеп Будуновна жетектеп келүүдө.

**Жалалабат экономика жана каржы ишканасы.** 1927-жылдын 2-февралында уюшулган. Алгачкы жетекчиси В. Тарасюк болгон.

1925–1926-жылдары Жалал-Абад округунун финансы бөлүмү, 1927–1928-жылдары Жалал-Абад кантонунун финансы бөлүмү, 1939–1959-жылдары Жалал-Абад облустук финансы бөлүмү болуп келсе, 1959–2005-жылга чейин Жалалабат шаардык финансы бөлүмү, 2005-жылдан баштап Жалалабат шаардык экономика жана финансы башкармалыгы. Курамына Экономика жана киреше, чыгым жана ички эсеп боюнча түзүмдөр кирет. 2007-жылдан жетекчиси И. Сарманов.

**Почта, Жалалабат «Кыргыз почта» ишканасы** (Жалалабат шаары, Темир жол көчөсү, 4). Облустагы почта байланышы ишин тейлейт. Кат-кабар, бандероль, посылка, акча котормолорун төлөйт, гезит-журналдарга жазылууну, элге жеткирүүнү, сатууну уюштурат. 1994-жылы түзүлгөн. «Кыргыз почтасы» болуп уюшулганга чейин «Кыргызтелеком» акционердик коому менен бирдикте Жалалабат облустук өндүрүштүк байланыш бирикмесинин курамында болуп келген. Облуста биринчилерден Жалалабатта телеграф агенттиги, Базаркоргон жана Михайлов айылдарында почта агенттиктери иштеген. Облустун райондорунда байланыш кеңселери уюшулган, алар почта ташууну, радио уктурууларды жана телефон байланышы менен тейлөөнү уюштурган. 1994-жылга чейин алар райондук жана шаардык байланыш түйүнү аталып, аларга айылдардагы байланыш бөлүмдөрү, радио түйүндөрү, айылдык АТСтер кирип, элди жана мекеме-ишканаларды тейлеген. Азыркы күндө «Кыргыз почтасы» ишканасынын курамына райондук жана шаардык почта байланыш түйүндөрү, айыл кыштактардагы байланыш бөлүмдөрү кирет.



Салтанат алдындагы маек.

**Биосфера институту** (Жалалабат шаары, Осмонов көчөсү, 130). 1934-жылы Жалалабатта «Актерек» илимий изилдөө пункту катары ачылган. 1966–1994-жылдары Кыргыз ССР ИАнын Түштүк Кыргызстан жаңгак-жемиш тажрыйба станциясы деп аталган. 1993-жылы станциянын базасында Биосфера институту уюшулган. Илим изилдөөлөрүнүн негизги багыттары: жаңгак-мөмө жемиш токоюна, ошондой эле ийне жалбырактуу токойго селекция жүргүзүү, сорторун тандоо, көбөйтүү жана сарамжалдуу пайдалануу; тоолуу зоналарда геодинамикалык жана эрозиялык процесстери изил-

Жалал-Абадская областная библиотека









Шаардык каржы кызматкерлери.


дөө; токой мониторинги жана токой коргоо; түрдүү зоналардагы биогеоценоздордун өнүгүүсүндөгү экологиялык абалдарды изилдөө. Биосфера инстутуна 2,5 миң га жер бөлүнүп берилген, анын 800 га жерин жаңгак, мисте, бадам, алма, алмурут, алча ж. б. дарак, бадал плантациялары түзүлөт. Институтка 8 стационар карайт: Актерек (жеринин аянты 310 га), Долоно (50 га), Жарадар (50 га), Карабулак (25 га негизинен мисте токою), Көлмө (10 га), Дендрарий (15 га), Карагой (100 га), Курмайдан (200 га). Питомнигинде түрдүү дарак, бадал өсүмдүктөрү уругунан жана көчөтүнөн өстүрүлөт. Стационарларынын базасында 1932–2001-жылдары 5 докторлук, 50 кандидаттык диссертация жакталган, 800дөн ашык илимий эмгек жазылып, өндүрүшкө сунушталган.

**Ардагерлер кеңеши,** Жалалабат шаардык согуш, эмгек жана куралдуу күчтөр ардагерлеринин кеңеши (Жалалабат шаары, Ленин көчөсү, 41) – коомдук уюм. Согуш жана эмгек ардагерлерине, майыптарына кам көрөт, аларды коомдук пайдалуу эмгекке тартат ж. б. 1984-жылы уюшулган. Шаар аймагындагы аймактык башкаруулар бөлүмдөрү (15 бөлүм) түзүлгөн. 9 кишиден турган президиуму иш жүргүзөт.

Учурда ардагерлер кеңешин Нурмамтов Мамат жетектеп келет.

Ардагерлер.





Жалал-Абадская областная библиотека

**Жалалабат шаардык калкты социалдык жактан коргоо башкармалыгы.** Азыркы Жалалабат шаардык калкты социалдык жактан коргоо башкармалыгы Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 1993-жылдын 1-декабрындагы № 588 «Калкты социалдык жактан дайындуу коргоону күчөтүүнүн кечиктирилгис чаралары жөнүндөгү» токтомунун негизинде 1994-жылдын 1-январынан баштап, Жалалабат шаардык мамлекеттик администрациясы, Кыргыз Республикасынын эмгек жана социалдык жактан коргоо министрлиги тарабынан калкка социалдык жардам берүү бөлүмү болуп түзүлгөн.

1994-жылдын 1-апрелинен баштап балалуу үй-бүлөлөргө мамлекеттик жөлөкпул (пособие) берүү бөлүмү түзүлгөн. Мурда ишканалар, уюмдар жана мекемелер тарабынан балдарга төлөнүп келген мамлекеттик жөлөкпулдарды төлөө да социалдык жардам берүү бөлүмүнө өткөрүлүп берилген. Бөлүмдүн алгачкы башчылыгына Батырбеков Арстанбек дайындалган. Ал убакта мекемеде аппарат кызматкерлери, жөлөкпул бөлүмү, директүү жардам берүү бөлүмү болуп, 3 бөлүмдө 28 кызматкер эмгектенген.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 1996-жылын 12-январындагы № 14 «Бирдиктүү социалдык камсыздоо системасын түзүү жөнүндөгү» токтомунун негизинде жеңилдиктерди берүү шаардык социалдык фонддон шаардык социалдык жардам берүү бөлүмүнө өткөн.

1998-жылдан бери жамаатты Самидин Райымбеков жетектеп келе жатат.

**Шаардык социалдык коргоо бөлүмү** 24-октябрь 2000-жылдан баштап шаардык калкты социалдык жактан коргоо башкармалыгы болуп кайрадан өзгөртүлүп түзүлгөн.

Азыркы күндө башкармалыкта 3 бөлүм жана 2 сектор бар.

Алар:

1. Жөлөкпул чектөө бөлүмү.
2. Жеңилдиктерди берүү бөлүмү.
3. Даректүү жардам берүү бөлүмү.
1. Анализ жана эсеп сектору.
2. Соцалдык кызмат көрсөтүү сектору.

Жалалабат шаардык калкты социалдык жактан коргоо башкармалыгы облус боюнча бул системадагы алдыңкы башкармалык болуп эсептелет.

**Жалалабат шаардык соту.** Жалалабат шаардык сот системасынын биринчи өнүгүү мезгили 1919-жылы башталган.

Ал Жалалабат району, Жалалабат кыштагы Совет бийлигинин басмачылар менен күрөшүү мезгилине туура келип, аткаруу бийлигинин функциясын аткарган революциялык комитет менен байланышкан.

1919-жыл 20-ноябрдагы № 19 токтомдун негизинде Жалалабат райондук революциялык комитет тарабынан Жалалабат элдик сотун түзүү жөнүндө чечим кабыл алынып, 1920-жылы атайын Элдик сессиялык сот жана күзөтүү камерасы түзүлгөн.

29.07.1920-жылы Жалалабат райревкомдун № 44 токтомунун негизинде Низамедин Ходжаев Элдик соттун биринчи судьясы болуп дайындалган. 1922-жылы соттук реформа жүргүзүлүп, облревком президиумунун 1924-жыл 8-декабрдагы токтому менен 4 округга бөлүнүп, 1925-жылы Жала-



Жалалабат шаардык соту.

Жалал-Абадская областная библиотека







Т. Сатылгановдун эстелиги.

Улуу Ата Мекендик согушка арналган эстелик.

лабат округу боюнча Жалалабат округдук соту негизделген, анын ичине Жалалабат, Базаркоргон, Кызылжар, Кетментөбө округдук Элдик соттору иштеген.

Округдук элдик сот 1920–1938-жылдарга чейин Жалалабат райондук соту болуп иштеген. 1.10.1940-жылы Кыргыз ССР Эл комиссарлар советинин № 1285 токтому менен Жалалабат элдик соту, 1–2 участкага бөлүнүп 1–2-инстанция болуп иш алып барган.

1959-жылы Жалалабат жана Ош облустары кошулуп, 1960-жылы Жалалабат элдик соту 1-чи жана 2-участкалар биригип, шаардык элдик соту деп аталган.

Жалалабат шаарында элдик соту түзүлгөндөн баштап, бүгүнкү күнгө чейин соттун 19 төрагасы жана 35тен ашык судьялар иштешкен.

**Жалалабат шаарындагы эстеликтер.** Жалалабат шаарында 39 тарых жана маданият эстеликтери бар, аларды 1981-жылы шаардык аткаруу комитети мамлекеттик коргоого алган. Архитектура эстеликтерине курорттун аймагында жайгашкан «Кызбулак» (1868), «Айыпбулак» (1876), «Акбулак» (1880) бассейндеринин имараттары кирет. Булар 19-кылымдын 2-жарымындагы коомдук курулмалар жөнүндө түшүнүк берет. Тарых эстеликтери: Ленин көчөсүндөгү № 18 имарат, анда 1918-жылы революциячыл комитет жайгашкан; Токтогул атындагы паркта мамлекеттик бириккен саясий башкарманын (ОГПУ) кызматкер-

Жалал-Абадская областная библиотека

леринин мүрзөсүнө тургузулган эстелик; вокзал аянты, анда 1920-жылы М. В. Фрунзе чыгып сөз сүйлөгөн; Октябрь көчөсүндөгү эски тегирмен, анда 1925-жылы крайдагы алгачкы динамо-машина орнотулган. Советтер Союзунун Баатыры Е. К. Мазков жашаган үй жана анын мүрзөсү тарых эстелиги катары мамлекеттик коргоого алынган. Искусство эстеликтерине Т. Сатылгановдун эстелиги, шаарга кире бериштеги салтанат капкасы жана Курманбек баатырдын эстелиги ансамбли, «Аза күткөн эне» монумент-эстелиги ж. б. кирет. Эстеликке бара жаткан аллеяда согушта курман болгон жалалабаттыктардын ысмы жазылган мемориалдык такталар орнотулган. Көп нускада жасалган скульптуралар да бар.

**Жалалабат шаардык миграция жана жумуштуулук комитети.** 1969-жылы Жалалабат шаардык аткаруу комитетинин алдында жумушка кабыл алуу бюросу болуп уюшулган. Алгачкы жетекчиси – Маматов Пазыл.

1991-жылы жумушка жайгаштыруу борбордук статусун алган. Ишкананын Москва шаарында Лихачёв атындагы ЗИЛ заводу менен карым-катнашты кармап келет. Аталган заводго 3–6 айга иштеп келүүгө айдоочу, ширетүүчү, газэлектр ширетүүчү кесиптеги 200дөй адам жөнөтүлүп турат. Жумушсуздарды ар кандай кесип боюнча курстардан окутуп келет. Жумушсуздарга базар экономикасына ылайык жөлөкпул төлөө каралган. Орто жана чакан ишкерлерге кандайдыр бир өлчөмдөгү кредиттерди берүү камсыздалган.

Жалалабаттык шаардык миграция жана жумуштуулук комитетинин кызматкерлери.





2006-жылдын январынан баштап Жалалабат шаардык миграция жана жумуштук комитет болуп кайрадан уюшулган. Жетекчиси – *Салиева Гүлнара.* Комитеттин алдында жаштардын эмгек биржасы түзүлгөн.

**Жалалабат шаардык билим берүү башкармалыгы.** 2007-жылга карата шаарыбыздагы 22 жалпы билим берүүчү мектептерде окуу-тарбия иштери жүргүзүлүп, аларда 17210 окуучу билим алышты.

Алардын арасынан 18 жалпы билим берүүчү, 2 негизги билим берүүчү жана жаштардын 1 кечки мектептери 2 кыргыз-түрк лицейи болуп саналат. Мындан сырткары мектептен тышкаркы 5 мекеме: балдардын 2 спорт мектеби, бирден балдардын билим берүү мектеби, балдардын музыкалык мектеби, балдардын көркөм сүрөт мектеби иштеп жатат. Ошондой эле шаарда 21 бала бакча бар, анын 19у мамлекеттик, 1 жеке менчик, 1 ведомостволук, 2 үй-бүлө тибиндеги балдар үйү.

Окутуу 9 мектепте (7254 окуучу) кыргыз тилинде, 2 мектепте (2500 окуучу) орус тилинде, 4 мектепте (4388 окуучу) өзбек тилинде, ал эми калган 7 мектепте аралаш 2–3 тилде жүргүзүлүүдө.

Жалалабат шаарында билим берүү бөлүмү 1918-жылы ачылган. Ошол эле жылы күзүндө кедей-кембагалдардын балдары окуй баштаган. Революцияга чейин шаарда 2 гана дин мектеби болгон. Бир нече өзүмдүк мектеп болуп, аларда байлардын гана балдары окушкан. Билим берүү тармагы революциядан кийин колго алынып, мектептерди ачууга айрыкча көңүл бурулган. 1919-жылы 28-декабрда Жалалабатта жаңы типтеги мектептерди ачуу жөнүндө токтом болгон. Мектептерди байлардын үйлөрүнө жайгаштыруу жөнүндө ревкомитет чечим чыгарган.

1926-жылы жаңы типтеги 3 мектеп ачылып, анда 423 бала окуган, аларга 17 мугалим сабак берген. 1927-жылы шаардын борборунда пландуу бир этаждуу мектеп салынган. 1937–1938-жылдары жаңы мектептер салына баштаган. Айрыкча 1950–1970-жылдары мектептердин саны көбөйгөн. 1974-жылы 9 мектеп болуп, аларга 1762 окуучу билим алышкан. Ошондой эле 2 кечки мектеп ачылып, 660 жаштар жумуштан кийин окуй башташкан.

1950-жылы шаарда 5 бала-бакча болуп, 390 тарбиялануучулар болгон. 1973-жылы 12 бала-бакча курулган, андагы тарбиялануучулардын саны 2015ке жеткен. Бүгүнкү күндө шаарда 20 бала-бакча би-

Жалал-Абадская областная библиотека





Кыргыз Республикасынын өкмөт мүчөлөрү Жалалабатта.
Ортодо КРдин вице-премьер министри Нур уулу Досбол.

лим берүү башкармалыгына карап, 2600 тарбияланууучуга 180ден ашык кызматкер тарбия берүүдө.

2006-жылдын 1-сентябрынан баштап даниялык «Балдарды коргойлу» долбоорунун жардамы аркылуу № 17 балдар бакчасынын базасында бир тайпа майып балдарды тарбиялоо үчүн шарт түзүлүп, 14 тарбиялануучудан турган «Ак бермет» үй-бүлөлүк типтеги балдар үйү ачылды. Майып балдардын бардык саны 49 болуп, жалпы билим берүүчү мектептерде окуп жатышат. Ал эми 28 майып бала үйүндө жеке окуу программаларынын негизинде билим алышууда.

Ошондой эле шаарда № 1, 4 спорт мектептер, музыкалык жана көркөм сүрөт мектептери, балдардын билимин өркүндөтүүчү борбор иштеп жатат.

Совет мезгилинде жана азыркы мезгилде көптөгөн жетекчилер шаардык билим берүү бөлүмүн жетектеп, өздөрүнүн зор салымдарын кошуп келишкен. Алар П. Ф. Мельник, Н. П. Рашенко, В. Ф. Трунов, А. Н. Заднепровский, В. В. Яворский, Н. В. Ивченко, А. Б. Абдрашев, Ч. С. Дооронов. Ал эми 2004-жылдан баштап Д. К. Алимжанова шаардык билим берүү башкармалыгын жетектеп келүүдө.

**Жалалабат шаарындагы № 1 кесиптик лицейи.** Жалалабат шаарындагы №1 кесиптик лицей эң татаал мезгилдердин сыноосунан татыктуу өтүп, өзүнүн даңктуу жолун калыптандырган.

Айыл чарбасына кенже кесиптеги адистерди, механизаторду, колхоз-совхоздорго зарыл талап кылынган адистиктеги кадрларды даярдоочу, Жалалабат механикалаштыруу мектеби 1938-жылы Кыргыз СССРинин жер боюнча Эл Комиссариатынын буйругу менен уюштурулган.

Алгачкы убакта МТС (машина трактор станциясынын) территориясында жайгаштырылып, кийин 1939-жылы дыйкан жаштарынын имараты, бүгүнкү күндөргү № 1 кесиптик лицей орун алган территория бөлүнүп берилген.

Окуу жайы түптөлгөн мезгилде төрт класс жайгашкан окуу корпусу, 30 окуучуга эсептелген жатакана жана эки бөлмөлүү эки квартира гана бар болчу.

Жалал-Абадская областная библиотека

1940-жылы механикалаштыруу мектебинде 6 окуу тайпасында 186 адам окуп билим алышкан.

Улуу Ата Мекендик согуштун жылдарында шартка жараша кыз-келиндерден механизаторлорду, комбайнёрлорду ж. б. кадрларды даярдап турган. Окуу жайдын







Шаардык билим берүү башкармалыгы.

бүтүрүүчүсү Мазьков Евдоким Константинович Улуу Ата Мекендик согушка катышкан, Советтер Союзунун Баатыры ардактуу наамына татыктуу болгон.

Эл чарба планына ылайык 10 кесиптеги адистер: МТСтерге механиктер, автомеханиктер, электр-механиктер, трактор бригадаларынын бригадирлери, механик-комбайнёрлор, тракторист-машинисттер, айдоочулар, токарлар, слесарь-ремонтниктер д. у. с. даярдалган.

1959-жылы айыл-чарбасын механикалаштыруу окуу жайы кайрадан уюшулуп, № 1 айылдык кесиптик-техникалык окуу жайы болуп аталып калган. 1959-жылы автотрактор паркында 5 автомобиль, 16 трактор, 27 айыл чарба машиналары болгон.

15 окутуучу, 15 өндүрүштүк окуунун устаттары, 11 административдик кызматкерлер эмгектенишкен.

Ушул жылдарда окуу жайдын материалдык-техникалык базасы өстү. 180 орундуу жатакана, 270 га жер аянты, автотрактордук парк 5 автомобиль, 16 трактор жана 27 ар түрдүү айыл чарба машиналары менен толукталды.

**Курманбек баатыр атындагы Жалалабат кыргыз-түрк балдар лицейи.** Курманбек баатыр атындагы Жалалабат кыргыз-түрк балдар лицейи мамлекеттик жана менчик лицей болуп эсептелет. Лицей 1993-жылы 27-декабрда Кыргыз Республикасынын билим, илим жана маданият министрлиги менен «Себат» Эл аралык билим берүү мекемесинин ортосунда өз ара кызматташуунун негизинде ачылган. Лицейди ачуу жөнүндөгү шаардык, облустук билим берүү бөлүмдөрүнүн, министрликтин жана шаардык, облустук мамлекеттик администрацияларынын буйруктары, чечимдери 1993–1994-окуу жылдары чыккан.

Лицейдин негиздөөчүлөрү;

– Жалалабат шаардык мэриясы;

– «Себат» эл аралык билим берүү мекемеси.

Лицейлер жөнүндө жобого ылайык 1993-жылы Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинен каттоодон жана Уставына ылайык көрсөтүлгөн мезгил ичинде эки жолу билим жана маданият министрлигинен лицензиялоодон өткөн. Лицензиянын № 739. Билим берүү мекемеси катары мамлекеттик стандартка ылайык лицей 2002-жылы аттестациядан өтүп, бүтүрүүчү окуучуларга мамлекеттик үлгүдөгү документтерди жана англис тили, түрк тили, информатика боюнча 3 сертификат берүүгө укуктуу болгон.

Лицейге эң алгач 1993–1994-окуу жылында конкурстук негизде, тест жүргүзүү жолу менен мектептерде жакшы окуган 100 бала кабыл алынган.

Окутуу негизинен 4 тилде: кыргыз, түрк, орус, англис тилдеринде жүргүзүлөт.

Лицейде балдар үчүн 400 орундуу жатакана жана ашкана бар.


Мындан башка лицейде окуучулардын эң жакшы билим алуусуна жана уба-

Жалал-Абадская областная библиотека







Кыргыз-түрк балдар, кыздар лицейлери.

Спорт залында.


кытты көңүлдүү өткөрүүсүнө төмөнкүдөй бардык шарттар түзүлгөн:


– талапка ылайыктуу лабораториялар;
– компьютер менен иштөө;
– тарбиячылардын көзөмөлдөөсүндө сабак даярдоо;
– класстан тышкары иштер (куттуктоолор, музыкалык кечелер, викториналар, КВНдер, ийримдер):
– күндө 3 маал ысык тамак:
– жылуу суу:
– спорттук оюндар жана машыгуулар (валейбол, баскетбол, футбол, тогуз коргоол, теннис, шахмат);
– медициналык кызмат:
– китепкана, окуу залы менен камсыздандырылган.


**Жалалабат шаарынын борбордук китепканасы** Н. В. Гоголь атындагы (Жалалабат шаары, В. И. Ленин атындагы аянт, 20) 1926-жылы негизделген. 1976-жылдан борбордук китепкана. Ал балдар бөлүмүн (Жалалабат шаары, Октябрь көчөсү, 288), бир нече филиалын (Жалалабат шаары, Красин көчөсү, 116; Москва көчөсү, 62; Октябрдын 50 жылдыгы көчөсү, 18) бириктирет. Шаардагы 5 профсоюздук, 2 ведомстволук, 3 коомдук жана башка бардык китепканаларга усулдук жардам көрсөтөт. Китепканаларында кыргыз, өзбек, англис, немец, француз тилдериндеги 600 миң нуска китеп бар; орто эсеп менен 16–17 миң окурманды тейлейт.


Жалал-Абадская областная библиотека

Үй-бүлө куту.










10–2302








Жалал-Абадская областная библиотека

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЭМГЕК СИҢИРГЕН МУГАЛИМДЕРИ



В. Ф. Трунов



А. Кулбаев

**Трунов Василий Филиппович** – почетный гражданин города Жалалабат. Родился 16 августа 1927 года в селе Введенском Миндагаринского района Кустанайской области Казахской ССР в семье учителя. Трудовую деятельность начал в марте 1944 года учетчиком тракторной бригады Ми-хайловской МТС. В начале октября 1944 года, в возрасте 17 лет, был призван в Советскую Армию, 26 марта 1951 года был демобилизован после почти семилетней службы в армии.

С мая 1951 года проживает в городе Жалалабат. Работал, одновременно учился в вечерней школе рабочей молодежи, в которой окончил 10 классов. В 1952 году, после окончания школы, был принят инструктором Жалалабатского обкома комсомола, а в 1953 году избран первым секретарем Жалалабатского горкома комсомола, где проработал до 1957 года.

В 1953 году поступил на заочное отделение Фрунзенского педагогического института на исторический факультет, который окончил в 1958 году.

С ноября 1957 года до февраля 1959 года – помощник директора по культурно-воспитательной работе в строительном училище №5, ныне горПТУ № 75.

В феврале 1959 года решением бюро горкома партии рекомендован на должность директора средней школы № 3, а в феврале 1964 года переводится заведующим Жалалабатского горОНО, где проработал около 15 лет, до 1978 года. В 1978 году назначен заведующим городского музея, проработов на этой должности до 1989 года ушел на заслуженный отдых.

Принимал активное участие в общественной жизни города, 12 раз избирался депутатом Городского совета народных депутатов, трижды депутатом Ошского областного совета. Проводил большую работу по созданию истории города Жалалабат, на эту тему им опубликовано более 130 статей в печати. Два издания выдержала написанная им книга «Жалалабат. Хроника событий 1877–1999 гг. Даты, цифры, факты». К 60-летию Великой Победы выходит книга «О войне, о времени, о себе и о своих товарищах». В ее подготовке принимал участие В. Ф. Трунов.

Он также участвовал в подготовке материала к изданию энциклопедии Жалалабатской области, городской книги «Память».

Награжден 17 разными наградами. Кавалер ордена Трудового Красного Знамени, медалями За победу над Германией в годы ВОВ 1941–1945 гг., Жукова, многими юбилейными медалями. Почетной грамотой Президиума Верховного Совета Киргизской ССР. Он отличник народного образования СССР и Киргизской ССР, заслуженный учитель Кыргызстана, персональный пенсионер за особые заслуги перед Кыргызской Республикой, почетный гражданин города Жалалабат № 1.

**Кулбаев Азимбай.** 1932-жылы 5-мартта Жаңыжол районунун Успеновка айылында туулган. 1958-жылы Фрунзе шаарында айыл чарба институтун аяктайт.

Жалал-Абадская областная библиотека



А. В. Быкова

1958–1961-жылдары Жалалабат шаарында № 1 кесиптик окуу жайда мугалим, директордун орун басары. 1962–1964-жылдары Базаркоргон районунун № 1 кесиптик окуу жайда директор. 1964–1989-жылдары Жалалабаттагы № 1 кесиптик окуу жайдын директору.

1989-жылдан баштап шаардагы № 75 кесиптик окуу жайда директордун орун басары.

Кыргыз ССРинин Жогорку Кеңешинин Прездиумунун Ардак грамотасы менен сыйланган.

КРдин кесиптик окуу жайларына эмгек сиңирген кызматкери.

**Лисличенко Валентина Михайловна.** 1955-жылы 9-майда Жалалабат шаарында төрөлгөн. 1978-жылы Кыргыз Мамлекеттик университетинин механика-математика факультетин аяктаган.

1977–1983-жылдары Фрунзе (азыр Бишкек) шаарындагы № 8 мектепте өз кесиби боюнча мугалим, тарбиялык иштер боюнча директордун орун басары. 1983–1985-жылдары Фрунзенин Ленин районунда мектептер боюнча инспектор. 1985-жылдан баштап Фрунзе (азыр Бишкек) шаарындагы № 9 окуу-тарбия гимназия комплексинин директору.

Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген мугалими.

**Быкова Анна Васильевна** – заслуженная учительница Кыргызской Республики. Родилась 4 декабря 1923 года в селе Трудовом Соль-Илецкого района Оренбургской области. С 1934 года проживает в Жалалабате. Училась в средней школе № 1. В 1940 году поступает в Жалалабатское педучилище, которое досрочно, в связи с началом ВОВ, окончила и была направлена на работу в апреле 1942 года в среднюю школу Эш Токтогульского района учителем русского языка.

В августе 1946 г. получает назначение учителем начальных классов в СШ № 3 города Жалалабат, а в июне 1955 года переводится методистом областного педагогического кабинета Жалалабатского облОНО, а затем инспектором по кадром облОНО. В связи с упразднением Жалалабатского облОНО в марте 1959 года направляется на работу учителем начальных классов в СШ № 4 города, затем переводится учителем начальных классов и завучем начальных классов в средную школу № 5. А. В. Быкова закончила свою трудовую деятельность в августе 1996 года, проработав учителем более 54 лет. В течении всей своей трудовой деятельности вела активную общественную работу, с 1967 по 1971 годы была народным заседателем. За большую и плодотворную работу награждена многими правительственными наградами, среди них две Почетные грамоты Президиума Верховного Совета Кыргызской ССР, медали За доблестный труд в годы ВОВ, ветеран труда, пять юбилейных медалей.

Быкова Анна Васильевна – Заслуженный учитель Кыргызской Республики, отличник народного образования, персональный пенсионер за особые заслуги перед Кыргызстаном.

**Давлетов Сатыбалды** (1939-жылы туулган, Сузак району, Тайгараев айылы) – Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген мугалими (1987). 1965-жылы Ташкендеги педагогикалык институттун чет тилдер факультетин бүткөн. 1965–1979-жылдарда Сузак районунун мектептеринде мугалим, окуу бөлүмүнүн башчысы, 1980–1999-жылдары 8-март, Карл Маркс атындагы жатак-мектебинин, Көгарт гимназия мектебинин, 1999-жылдан Тайгараев атындагы орто мектептин директору. СССРдин жана Кыргыз Республикасынын эл агартуу отличниги.

**Жакыпов Жалил** (15.5.1930-жылы туулган, Сузак району, Үлгү айылы) – Кыргыз ССРинин эмгек сиңирген мугалими (1977). Жалалабат педагогикалык окуу жайын (1948), Бишкектеги В. В. Маяковский атындагы педагогикалык институтун (1954) бүтүргөн. 1954–1960-жылдары Сузак районунун мектептеринде мугалим, директор, райондук эл агартуу бөлүмүнүн башчысы, 1960-жылдан Жалалабат педагогикалык окуу жайында окутуучу, бөлүм башчы, директордун орун басары болуп иштеген. Кыргыз тилин окутуу методикасына арналган бир нече илимий эмгектин автору. Эл агартуу отличниги.

Жалал-Абадская областная библиотека





К. Ф. Святкина



И. Мурзалиева



Т. Чойбекова



С. Акбаров

**Святкина Клавдия Федоровна** – почетный гражданин города. Родилась 10.02.1933 года, в городе Жалалабат в семье служащих. В 1950 году окончила СШ №1, после окончания которой поступила на исторический факультет Кыргызского Государственного университета. В 1955 году с отличием закончила его. Министерством просвещения Кыргызской Республики направлена на работу в СШ № 4 города Жалалабат. Сначала работала учителем истории, затем завучем, а с 1960 г. по 1965 годы – директором этой же школы.

С завершением строительства школьного здания в 1965 г. назначается директором СШ № 5, в которой проработала до 1984 года. В 1984 году утверждается председателем партийной комиссии при Жалалабатском горкоме партии, где работает 6 лет. В 1990 году была направлена на работу в Жалалабатский кооперативный техникум зав. в товароведным отделением. С 1992 года работает ведущим специалистом городского комитета по миграции и занятости. Мать двух сыновей – офицеров ВС. В период ее руководства СШ № 5, в 1971 году, впервые в республике были открыты классы с физико-математическим, затем со спортивным уклоном обучения. Учащиеся школы трижды участвовали в международных спортивных соревнованиях, 5 раз защищали честь Республики на Всесоюзных спартакиадах «Старты надежд», 7 раз участвовали на Всесоюзных соревнованиях пионерских дружин. Коллектив школы в 1974 г. был участником ВДНХ. За большую и плодотворную работу Святкина награждена многими правительственными наградами, среди них медали За доблестный труд, Даңк, ветеран труда, многими почетными грамотами.

Святкина Клавдия Федоровна – отличник народного образования Кыргызской Республики и Союза СССР, отличник физической культуры и спорта СССР, почетный гражданин города Жалалабат.

**Мурзалиева Ирсалат** 1948-жылы 15-апрелде Жалалабат шаарында туулган.

1973-жылы Ош мамлекеттик педагогикалык институтунун физика-математика факультетин аяктайт. 1973–1991-жылдары кесибине ылайык Сузак, Карасуу, Лейлек райондорунун мектептеринде физика, математика сабактарынын окутуучусу болуп иштейт. 1991-жылдан баштап Жалалабат шаарынын № 14 мектеп-лицейинде эмгектенет. Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген мугалими, эл агартуунун отличниги.

**Тагаева Сүйүнгүл Абдыжапаровна** (1940-жылы туулган, Жалалабат шаары) – Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген мугалими (1993). 1960-жылы Ош мамлекеттик педагогикалык институтунун химия-биология факультетин бүткөн. 1960-жылдын Аксы районундагы Кербен жатак-мектебинин мугалими. Эл агартуу отличниги (1971).

**Чойбекова Турдукан Акматовна** 1947-жылы Базаркоргон районундагы Бешбадам айылында туулган.

1969-жылы Фрунзе шаарындагы В. Маяковский атындагы кыз-келиндер педагогикалык институтун аяктаган. Окуу жайын бүткөн соң мугалимдик кесипти аркалап жүрүп, 1995-жылдан баштап Жалалабат шаарындагы № 33 «Бермет» бала бакчасынын жетекчиси болуп иштеп келе жатат.

1986-жылы эл агартуунун отличниги, 2007-жылы КРдин эмгек сиңирген мугалими наамдарына татыктуу болгон.

**Акбаров Сайдулла** 1927-жылы 5-декабрда Жалалабат шаарында дыйкандын үй-бүлөсүндө туулган.

1947-жылы педагогикалык окуу жайын бүткөн соң мугалимдик кесипте эмгектенет. 1953-жылы Борбордук Азия университетин аяктап, тарых мугалими кесибине ээ болгон.


Жалал-Абадская областная библиотека



М. Юсуфжанова



Л. Капарова



1956–1961-жылдары Сузак районундагы Бабур атындагы мектепте директор, 1961–1977-жылдары Сузак районунун билим берүү бөлүмүнүн башчысы болгон.

КРдин эмгек сиңирген мугалими, Жалалабат Шаардык Кеңешинин чечими менен Акбаров Сайдулланын ысмы бир көчөгө берилген.

**Юсуфжанова Мунавар** 1944-жылы 5-январда Сузак кыштагында кызматчынын үй-бүлөсүндө туулган.


1964-жылы Жалалабат шаарындагы А. С. Пушкин атындагы педагогикалык окуу жайын аяктайт.

1964–1966-жылдары башталгыч класстарда мугалим.


1966–1971-жылдары Фергана мамлекеттик педагогикалык институтунда өзбек тили жана адабияты боюнча мугалимдик кесипке ээ болот. 1972–1974-жылдары Жалалабат шаарындагы № 2 мектепте башталгыч класстардын окутуучусу, директордун тарбиялык иштер боюнча орун басары. 1990–1992-жылдары шаардагы № 7 мектептин директору.

1996-жылы эл агартуунун отличниги, 2004-жылы КРдин эмгек сиңирген мугалими наамдары ыйгарылган.

**Капарова Лайли Капаровна.** 1946-жылы туулган. Алгачкы эмгек жолун 1968-жылы Аксы районундагы «Москва» мектебинде мугалимдик кесиптен баштаган. 1969-жылдан азыркы учурга чейин Жалалабат шаарындагы № 1 кесиптик-лицейде эмгектенүүдө. Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген мугалими.



Жалал-Абадская областная библиотека








Жалалабат шаарындагы борбордук көчө.

Ысыккөл инвестбанкы.

«Алтын-Ордо» эс алуу комплекси.

Жалал-Абадская областная библиотека



# ӨКМӨТТҮК ЭМЕС УЮМДАР

**Жалалабат чакан жана орто ишканаларды колдоо борбору** БУУнун өнүктүрүү программасынын (ПРООН) негизинде (Жалалабат шаары, Кыргызстандын 50 жылдыгы көчөсү, 12) 1999-жылы түзүлгөн. Чакан жана орто ишканалардын өнүгүүсүн колдоочу улуттук уюмдардын тармагы катары эсептелген аймактык борборлордун бири. Жергиликтүү ишкерлерге акысыз кеңеш, семинар жана атайын курстарды уюштурат, кредит бере турган банктар ж. б. финансы уюмдары менен кызматташууга, чакан жана орто бизнестин өнүгүшүнө катышы бар чет өлкөлүк уюмдар менен байланыш түзүүгө көмөк көрсөтөт. Борбордо 129 бизнес-долбоору иштелип чыккан, 680 жумушчу орундары түзүлгөн. Облуста иштеген 2167 чакан жана орто ишканаларга (2000) колдоо көрсөтөт.

**«Жакырчылыкты жоюу» долбоору** 1998-жылы уюшулган. Долбоор боюнча 144 өз ара жардамдашуу топтору түзүлгөн, аларга каражаты жетишсиз жана жакыр үй-бүлөлөрдөн 1144 киши мүчө.

**Жалалабат шаардык кайрымдуулук борбору.** Шаардын 120 жылдык маарекесине карата 1997-жылы уюшулган. Мында шаардагы багар-көрөрү жок, жетим-жесирлерге жардам берип келет. Аз камсыз болгон жарандарга күнүнө бир маал тамак уюштуруп беришет. Учурдагы жетекчиси – *Аскат Мейманкулов.*

**Өкмөттүк эмес уюмдар** жумушсуздарды иш менен камсыз кылуу, адам укугун коргоо, экология ж. б. социалдык проблемаларды чечүүгө катышат. Шаар аймагында 250дөй өкмөттүк эмес уюмдар бар.

**Өкмөттүк эмес уюмдарды колдоо координациялык борбору** (Жалалабат шаары, Токтогул көчөсү, 50) 1996-жылы түзүлгөн. Бириккен Улуттур уюмунун (БУУ) качкындар иши боюнча жогорку комиссар башкармалыгы жана эл аралык Каунтерпарт Консорциум фондусунун демилгеси менен уюшулган жана алардын долбоору боюнча иш жүргүзөт. Коммерциялык эмес секторлор, жергиликтүү өкүлдөр, качкындар жана эмигранттарга өкмөттүк эмес уюмдарды түзүүдө кеңеш, маалымат жана техникалык жардам берүү аркылуу колдоо көрсөтөт, бөлөк регион,



«Абдыкадыр ата» кафеси.

Жалал-Абадская областная библиотека






Шаардагы банктар.




өлкөлөрдүн өкмөттүк эмес уюму менен мамиле түзүүгө көмөктөшөт.

**Банктар.** Шаар аймагында бир катар банктар иштейт. Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын Жалалабат облустук башкармасы (Жалалабат шаары, Эркиндик көчөсү, 13). 1991-жылы мамлекет банктын бөлүмүнүн базасында түзүлгөн. Өзүнө ыйгарылган чектин деңгээлинде облустун аймагында жайгашкан коммерциялык банктардын жана алардын бөлүмдөрүнүн кардарлары болушкан юридикалык жактардын жана элдердин накталай акча каражаттарына болгон муктаждыгын үзгүлтүксүз камсыз кылат, улуттук банктын акча-кредит саясатын облустун аймагында пропагандалайт, түшүндүрүү иштерин жүргүзөт, ошондой эле, коммерциялык банктардын жана улуттук банктан уруксат алып (лицензия) иштөөчү финансы-кредиттик мекемелердин ишмердүүлүктөрүн тескеген мыйзамдын сакталышын көзөмөлдөйт ж. б.

Акционердик-коммерциялык «Дос-Кредо» банкынын Жалалабаттагы бөлүмү (Жалалабат шаары, Токтогул көчөсү, 27). 1998-жылы түзүлгөн. Улуттук жана чет өлкөлүк валюталарда квалификациялык эсеп-кассалык тейлөө, валютаны конвертациялоо, сатуу жана сатып алуу, баалуу кагаздар менен иштейт. Ошондой эле Жалалабат шаарынын борбордук аянттарында Эко-Банк, Аман-Банк, Инэксимбанк, Кыргызстан, Өнөр жай-курулуш банктарынын филиалдары орун алган.

Жалал-Абадская областная библиотека



**Жалалабат шаар тарыхынын музейи** (Жалалабат шаары, Ленин көчөсү, 1). Жалалабат жана Ош облустары бириккенге (1959) чейин Жалалабат облусунун крайтаануу музейи иштеген. 1962-жылы анын фондусу Ош облустук музейге берилген. 1972-жылы коомдук башталышта кайра уюшулган. Көргөзмө аянты 135 м², 3400дөн ашык, анын ичинде 42 живопись, 5 скульптура, 120 кол өнөрчүлүк, 42 археологиялык, 258 этнографиялык экспонаттары бар, 940 түрдүү документтер, 1155 сүрөт, 886 ар кандай материалдар камтылган. Музейдин көргөзмөлөрүнөн шаар аймагын өздөштүрүүнүн тарыхы, шаардыктардын Совет бийлигине чейинки жана андан кийинки коомдук турмуш абалы, тиричилиги менен таанышууга болот.

**Т. Тыныбеков атындагы Жалалабат облустук филармониясы** (Жалалабат шаары, А. Навои атындагы паркы) 1994-жылы облустук филармония болуп ачылган. Ага 1968-жылы курулган «Юбилейный» кинотеатрынын имараты (410 орундуу) берилген. 1997-жылы Т. Тыныбековдун ысымы ыйгарылган. Алгачкы жамааты 50 адамдан турган. Филармонияда фольклордук-этнографиялык, комузчулар жана эстрада ансамблдери, көркөм чыгармачылыкты жетектөө бөлүмү, керней-сурнайчылар, оозеки чыгармачылык жана бийчилер тобу, «Тамаша» куудулдар театры бар. Кыргыз Республикасынын эл артисти Ш. Талипова, эмгек сиңирген артисттер – Д. Молдобаев, С. Жумашев ж. б. эмгектенишет. Филармониянын имаратынын алдында Т. Тыныбековдун бюсту тургузулган (долбоордун автору – скульптор К. Исаков, сүрөтчүсү Ш. Орозалиев).

**Барпы атындагы Жалалабат облустук кыргыз драма театры** (Жалалабат шаары, Токтогул аянты) 1992-жылы 13-мартта шаардык театр катары ачылып, 1994-жылы



Кыргыз Республикасынын эл артисти Ш. Талипова.



Төкмө акын Рахматулла Козукеев.

Жалал-Абадская областная библиотека





Барпы атындагы драма театры.

облустук кыргыз театры статусун алган. 450 орундуу көрүү залы, 8 бөлмөдө жайгашкан костюм тигүү, гримдөө, сүрөт ж. б. цехтери бар. Театр ачылгандан бери Расул Усмановдун «Эне түшү», Айгүмүш Аксынын «Тактынын тагдыры», Султан Раевдин «Дубал», Мурза Гапаровдун «Китого кеткен жол» ж. б. драмаларды, «Жолборс кантип алданды» кыргыз эл жомогун, Курманбек баатырдын 500 жылдык мааракесине карата Ооганбек Станбековдун «Курманбек баатыр» спектаклин ж. б. койгон. 1999-жылы «Кыргызстан – Сорос» фондусунун гранты менен Г. Фигейредонун «Эзоп» пьесасы коюлган. Бул пьеса менен театр фестивалына катышып, байгелүү орунга ээ болгон.

**М. Глинка атындагы Жалалабат шаардык балдар музыкалык мектеби** (Жалалабат шаары, Эркиндик көчөсү, 24) 1956-жылы ачылган. 30 окуучу кабыл алынып, 4 мугалим иштеген. 1960-жылы скрипка, 1962-жылы аккордеон класстары ачылып, 250 окуучу кабыл алынган. 1967-жылы баян, үйлөмө аспаптар, 1974-жылы комуз, даярдоо класстары жана кечки окутуу бөлүмү ишке киргизилген. Мектепте фольклордук, вокалдык аспаптар, комузчулар ансамблдери иштейт. 2000-жылы музыкалык мектептин филиалы ачылган. Мектептин алгачкы жетекчиси – С. Усупов (1956–1959) болгон.

**Облустук Барпы фонду** (Жалалабат шаары) 1994-жылы түзүлгөн. Кыргыздын төкмө акыны, акындар поэзиясынын классиги Барпы Алыкуловдун адабий мурасын топтоп, аны элге жеткирүү үчүн үгүт иштерин жүргүзөт, таланттуу чыгармачыл инсандарга моралдык жана материалдык көмөк көрсөтөт. Анын демилгеси менен жыл сайын май айында «Барпы апыздын ыр майрамы» аттуу поэзия күнү өткөрүлөт. Фондунун каржылоосу менен акындын чыгармалары, ага байланыштуу илимий эмгектер, көркөм, адабий чыгармалар жарык көргөн, фильм тартылган, пьесалар сахна-



Бийчилер тобу.

Жалал-Абадская областная библиотека

лаштырылган. Акындын туулган айылы – Ачыда үй-музейи бар, Барпы айылында Барпытаануу музейи түзүлгөн.

**Абдыкадыров клубу** (Жалалабат шаары, Ленин көчөсү, 51). 1994-жылы 11-майда ачылган. Жалалабат мамлекеттик университетинин алдында анын проректору, техника илимдеринин доктору, профессор С. Кадыралиевдин демилгеси менен уюшулган. Клубдун негизги максаты: Рыспай Абдыкадыровдун чыгармаларын кеңири жайылтуу, ырларынын архивин түзүү, китеп чыгаруу, чыгармачыл жаштарга шарт түзүү. Клуб обончунун жеке архивин, 300-дөй обондорун, элге белгисиз чыгармаларын топтоп музей уюштурган, чыгармалары боюнча илимий изилдөө жүргүзүлүүдө.

**Элдик аваздык-аспаптар ансамблдери** – аткаруучулуктун музыка-аспаптык, аваздык-аткаруучулук, фольклордук, эстрадалык ж. б. түрлөрүн бириктирген көрком жамааттар. 2001-жылы шаарда 3 ансамбль иштеген. *«Гүлгүн жаш»* (Жалалабат шаары, Курорт көчөсү, 3) 1983-жылы обончу, композитор А. Бедияров тарабынан уюшулган. Топтун курамында Кыргыз Республикасынын эл артисти Ш. Талипова, комузчу, билим берүү отличниги Т. Осмоналиев, А. Эшпаева ж. б. эмгектенишет. Алардын аткаруусундагы көптөгөн ырлар Кыргыз телерадиосунун алтын фондусуна жазылган. *«Салт»* тобу пахта заводунун алдында 2001-жылы түзүлгөн, жетекчиси А. Батыров. «Аска» 2000-жылы Жалалабат мамлекеттик университетинде түзүлүп ошол эле жылы Бишкекте өткөрүлгөн «Студенттик жаз» республикалык кароо сынакта, ошондой эле июнь айында Арстанбапта өткөн жаштар республикалык форумунда 1-орунду алган. *«Нур»* аваздык-аспаптар ансамбли 1993-жылы «Нур» коммерциялык телекөрсөтүүсүнүн алдында түзүлгөн. 1997-жылдан Т. Тыныбеков атындагы облустук филармония да иштейт.

**С. Б. Клоцман атындагы Жалалабат басмаканасы акционердик коому** (Жалалабат шаары, Токтогул көчөсү, 24) 1993-жылы негизделген. 1991-жылдан облустук басмакана. Кыргыз тилинде «Большевиктик жол» жана орус тилинде «Большевистский путь» (1952-жылдан «Сталиндик жол» жана «Сталинский путь», 1956-жылдан «Коммунизм туусу» жана «Знамя коммунизма»); райондук «Эмгек жалыны», «Пахтачы», «Коммунизм үчүн», «Ленин жолу», «Колхоз чындыгы», «Кызыл мунай» өндүрүштүк бирикмесинин «Нефтяник Киргизии» көп нускалуу гезиттери, ошондой эле түрдүү китеп, бланк, этикетика ж. б. басылып чыккан. Азыр басмаканадан 15 наамдагы гезит, адабий жана методикалык адабияттар ж. б. чыгат. Басмакананы 1959–1998-жылдары Кыргыз Республикасынын өнөр жайларына эмгек сиңирген кызматкер С. Б. Клоцман башкарган.

**«Акыйкат» редакциясы.** 1990-жылы Жалалабат өз алдынча облус болуп түзүлгөндөн кийин 1991-жылдын башында облустук гезит ачуу чечими чыккан. Алгачкы чыгарылышына журналист Ырызалы Жанчаров редакторлук кылып, «Акыйкат Жарчысы» деген аталыш менен 12 миң нускада жарык көргөн. Ал кезде Жалалабат облустук басмаканасында А-2 форматын-



«Гүлгүн жаш» элдик эстрадалык тобу.

Жалал-Абадская областная библиотека





Массалык маалымат каражат кызматкерлери.

дагы гезит басууга кубаттуулугу жана материалдык-техникалык жабдыктарынын мүмкүнчүлүгү жетпегендиктен, алгачкы саны А-2 форматы менен Ош облустук басмаканасында басылган.

Гезит 2000-жылдын январь айында Юстиция министрлигинен кайрадан каттоодон өтүп, баштагы аталышын өзгөрткөндүгүнө байланыштуу, «Акыйкат» деген ат менен жарык көрүп келатат.

Алгач аптасына 3 жолу А-2 форматы менен жарык көрсө, азыр аптасына бир жолу А-3 форматында 5 миң нускада жарыкка чыгат. Гезит редакциянын компьютердик борборунда терилип жана жасалгаланып, «ММКны колдоо боюнча борбор» фондунун басмаканасында басылат жана Жалалабат облустук «Кыргызпочтасы» аркылуу облустун бардык аймактарына таркатылат.

Бүгүнкү күндө гезиттин нускасы 4 000 миңге жетет (2007). Азыркы учурдагы «Акыйкат» гезитинин жетекчиси С. Стамбеков.

**«Жалолобод Тонги»** – өзбек тилинде чыккан облустук коомдук-саясий гезит. Жалалабат облустук мамлекеттик администрациянын жана Облустук Кеңештин органы. Редакциянын дареги: Жалалабат шаары, Токтогул көчөсү, 22.2. 1940-жылы негизделген. Кыргызстан КП Жалалабат облустук комитетинин жана Эл депутаттарынын облустук кеңешинин органы катары «Сталинчи», кийинчерээк «Большевистик йул» деген ат менен чыккан. 1991-жылдын 10-сентябрынан азыркыдай аталат. Нускасы 3000.

**«Дил»** – облустук коомдук-педагогикалык гезит. Редакциясынын дареги: Жалалабат шаары, Барпы проспектиси, 288. 1993-жылы 25-мартта негизделген. Жалалабат облустук билим берүү башкармалыгынын органы. Облустун коомдук-саясий турмушун, маданий, билим, илим тармагындагы болуп жаткан жаңылыктарды чагылдырат. Нускасы 6050.

**Жалалабат шаардык радиосу** 1936-жылы түзүлүп, ушул кезге чейин шаардык бийликтердин эл үчүн аткарып жаткан иштерин калкка, ал эми калктын суроо-талаптарын бийликке жеткирип иштеп келе жатат. Радио берүүлөрдө шаар турмушунун бардык аспектилери камтылып, шаар тургундарынын болуп жаткан окуялардан кабардар болушун камсыз кылып турууга аракеттенүүдө. Айрыкча гезит-журнал сатып алууга мүмкүндүгү жок пенсионерлерге, эл менен тыгыз иштеген ар кайсы мекеме-ишканаларга, айрыкча өрт коопсуздугу, жарандык коргонуу, медицина, өзгөчө кырдаалдар тармагындагы ишканаларга радио өтө жакын жардамчы болуп келүүдө. Анан калса, азыркы кезде президенттик саясатты элге жеткирүү, элдин ан-сезимин жаңы буйрулуштарга багыттоо зарылдыгы күчөп турган учурда, шаардык радионун мааниси айтпаса да түшүнүктүү.

**«Мезгил үнү» – шаардык коомдук-саясий гезити.** 1990-жылы жергиликтүү жетекчиликтин демилгеси менен уюшулган. 2004-жылы «Жалалабат үнү» болуп өзгөртүлгөн. Алгачкы жетекчиси – *Болот Токоев* болгон. Айына 4 жолу чыгат.


**КРдин ЭлТРдин Жалалабат өкүлчүлүгү.** 2006-жылдын июнь айынан баштап иштей баштаган. Алгачкы жолу К. Базаркуловдун «Бешене» аттуу автордук программасы эфирге чыккан. Биринчи редактору К. Базаркулов, телеоператор Б. Кандыбаев болгон.

Дагы бир маанилүү нерсе – жергиликтүү радио кызматы бир гана биздин Жалалабат шаарында сакталып калган, ал эми калган район-шаарларда ал жок болуп кетти. Мында шаар бийликтеринин эмгеги зор, анткени алар калктын маалымат алуусуна дайыма маани берип келишти. Азырга чейин шаардык радио берүүлөрүн үч тилде – кыргызча, өзбекче, орусча алып баруудa.

Жалал-Абадская областная библиотека

Кеңешме.





Уз эне.

**«Юбилейный»** – Жалалабат шаарындагы кең экрандуу кинотеатр (Красин көчөсү). 1968-жылы ачылган. Залы 410 орундуу. Азыр облустук филармониянын имараты.

**«Мир»** (кинотеатр) Токтогул көчөсү, 45) — Жалалабат шаарындагы кең экрандуу кинотеатр. 1961-жылы ачылган. Залы 450 орундуу.

**ЖТР.** Жалалабат облустук мамлекеттик телерадиокомпаниясы 1991-жылдын 26-августунда Эл депутаттарынын Жалалабат Облустук Советинин төрагасы Б. Осмоновдун «Облусттук телекөрсөтүү жана радиоуктуруу компаниясын түзүү жөнүндөгү» чечиминин негизинде уюшулган.

Жалалабат радиосу өзүнүн туңгуч уктуруусун 1991-жылдын 2-сентябрында обо толкунуна алып чыгып, бүтүндөй Алатоонун аймагында Жалалабаттын үнү жаңырган. «Жалалабат көрсөтөт» программасы Ош студиясы аркылуу облустун дыйкандарынын, малчы-чабан, өнөр жай, маданият тармагынын адамдарынын турмушун эфир аркылуу чагылдырып келет.

**Жалалабат шаарындагы маданият жана эс алуу багы.** Жалалабат шаарында 3 эс алуу багы бар. Токтогул атындагы маданият жана эс алуу багы 1929-жылы шаардын борбордук бөлүгүндө түзүлгөн. Аянты 7,5 га. Зараң, эмен, чынар, аккайың, каражыгач өсөт. 7 аттракцион, жайкы театр, бий аянтчасы, бильярд ойноочу жай ж. б. иштейт. Мамлекеттик бириккен саясий башкарманын (ОГПУ) кызматкерлерине эстелик тургузулган. А. Навои (1998-жылга чейин ВЛКСМ атындагы) маданият жана эс алуу багы 1950-жылы куруучулар жашаган кичирайондо түзүлгөн. Аянты 14,5 га. Зараң, каражыгач, эмен ж. б. өсөт. 4 аттракцион иштейт.

Жалал-Абадская областная библиотека



Обончу К. Ашыралиев.

Токтогул сейил багы.

Акын А. Бегимкулова.






Жалал-Абадская областная библиотека










Майрамдык парад.

11–2302







Жалалабат шаарынын
келечегинен
аянба!




Жалал-Абадская областная библиотека



Жалалабат шаарынын
130 жылдыгына арналган марафон.
Бишкек шаары. 18-май 2007-ж.








Жалал-Абадская областная библиотека







Жалалабат шаарынын 130 жылдыгына арналган марафонду өнөрпоздор коштоп турду.
Бишкек шаары. 2007-ж.

Жалал-Абадская областная библиотека

# КРдин МАДАНИЯТЫНА ЭМГЕК СИҢИРГЕН ИШМЕРЛЕР


Барпы Алыкул уулу


А. Бегимкулова


А. Бедияров

**Барпы Алыкул уулу** (1884, Сузак району, Ачы кыштагы – 9.11.1949, Бишкек) – кыргыз акындар поэзиясынын классиги, көп кырдуу ойчул акын. Кедей үй-бүлөдөн. Сегиз жашынан жергиликтүү кыргыз байларынын малын карашып, он бирге чыкканда өзбектердин бадасын багып, Мадалы ажынын үй жумушун аткарып, 14дө Азрети эшендин колунда кызмат кылууга өткөн. Андан Мака-Торпоктогу тайы-журтуна качып барып, 15 жашынан эл алдына ырдап чыккан. Адегенде Семетей найыпты жандап, анан 7 жыл Кара-бий менен жүргөн. Атасы дүйнөдөн өткөндөн кийин туулган жерине кайтып келген. Октябрь төңкөрүшүнөн соң Түштүк Кыргызстанда Совет бийлигин орнотууга активдүү катышып, «Кошчу» союзунун, өз ара жардамдашуу топторунун жоопту кызматтарында иштейт. 20-жылдарда Жарды-жарчылар комитетинин төрагасы, кийинчерээк Жалалабат кантонунда Чаңгет айыл кеңешинин төрагасынын орун басары болот. 30-жылдардын башында катуу ооруп, экинчи көзү да жакшы көрбөй калат. Ошондон тартып коомдук турмушка жалаң ырчылык өнөрү, нускалуу сөз күчү менен калк кыдырган.

**Баев Владимир Степанович** (1924-жылы туулган, Алтай крайы, Павлоск району, Павловск айылы) – Кыргыз Республикасынын маданиятка эмгек сиңирген кызматкери (1981), Ата Мекендик согуштун катышуучусу. Фехтование боюнча Кыргызстандын 13 жолку чемпиону. 1950–1959-жылдары Жалалабат шаардык облустук дене тарбия жана спорт комитетинин төрагасы болгон. Ата Мекендик согуш ордени, медалдар менен сыйланган.

**Бегимкулова Азада** (10.11.1950, Жалалабат шаары – 20.8.1996-жылы, ошол эле жер) – акын, жазуучу. 1974-жылы Бишкек кооперативдик техникумун, Самарканд кооперативдик институтун бүтүргөн. Ош облустунун Карасуу районунда пахтачылыкта иштеген комсомол кыздар бригадасын жетектеген. Кийин Бегимкулова Азада биротоло чыгармачыл чөйрөгө өтүп, Ош облустук китепкөйлөр коомунун төрайымы, кийин Кыргызстан жазуучулар бирлигинин Жалалабат облустук уюмунун жетекчиси, ошол эле учурда облустук кыргыз тил коомунун жетектөөчү адиси болуп иштеген. Адегенде «Мүдөө», «Алакандан аткан таң», «Каяша», аттуу прозалык чыгармалары менен ыр жыйнактары жарык көргөн. Анын «Өтүнүч», «Жаштыгыңды аядым», «Сизге», «Кыргызымдын мырзасы» аттуу ырларына обон чыгарылган. «Экинчи өмүр» аттуу чыгармалар жыйнагы 2000-жылы жарык көрдү.

**Бедияров Арзыбек** (11.10.1952-жылы туулган, Сузак району, Кызылсеңир айылы) – обончу, композитор, Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген артисти (1999), эл артисти (2006). Жалалабат медицина окуу жайын (1975), Кыргыз мамлекеттик Б. Бейшеналиева атындагы искусство институтун бүткөн. 1970–1972-жылдары Сузак райондук «Пахтачы» гезитинде корректор, кабарчы, 1975–1979-жылдары Сузак районундагы мектеп интернатта фельдшер, музыка мугалими, 1983–1990-жылдары ошол эле жерде директордун орун басары, 1990-жылы профсоюздардын облустук кеңешинде маданият жана спорт бөлүмүнүн башчысы, 1992-жылдан Жалалабат медици-

Жалал-Абадская областная библиотека






Т. Тыныбеков



М. Байжиев



Ш. Талипова



А. Жусупбеков

на окуу жайында мугалим жана окуу жайдагы «Гүлгүн жаш» фольклордук тобунун уюштуруучусу жана жетекчиси. Анын кыргыз музыкасынын алтын фондусуна кирген чыгармалары: «Кайра келчи», «Сезимде калды элесиң», «Гүлгүн жаш» ж. б.

**Тыныбеков Токтосун** (21.10.1927, Аксы району, Тегене айылы – 5.10.1982, Аламүдүн району, Көкжар айылы) – акын, обончу, комузчу, Кыргыз ССРинин эмгек сиңирген артисти (1964). 1942-жылы 7-классты бүтүрүп, Караганды шаарында окуган, андан кийин ошол эле шаарда тоокен мастери, участка начальнигинин жардамчысы, 1946–1949-жылдары Аксы районунун Тегене айылында башталгыч мектептин мугалими, маданият үйүнүн директору болуп иштеген. 1949-жылы Т. Сатылганов атындагы Кыргыз мамлекеттик филармониясына кабыл алынган. Жаш кезинен ыр-күүгө шыктуу болуп, кыргыздын атактуу акын, комузчулары – Барпы, Коргол, Калыктан жана «күү атасы» аталган Ныязалы Борош уулунан таалим алган. Токтосун ырчы, акын гана болбостон, обон да чыгарган, комуз, ооз комуз, кыяк, чоор, сурнай ж. б. эл аспаптарда чебер ойногон. Анын өзүнө гана мүнөздүү кайталангыс чертүү ыкмалары болгон. Бирок, акын аларды күүнүн ички музыкалык маңызын ачса, мукамдуулугун, эмоциялык таасир берүү күчүн арттырса гана колдонгон. Ал эми темир комуз кагууда байыртан эле бир мезгилде эки түрдүү добуш менен ырдоо өнөрүн, б. а. көмөкөйдүн жардамы менен алынуучу ышкырык сымал добушту кошкон. Токтосун кыякчы катары «Кошок», «Бегарстан тайчы», «Карыянын арманы» ж. б. күүлөрү менен ички кайгыны, армандын таамай чагылдырып, аны кыякка мүнөздүү мукамдуулук менен айкалыштырып жана жөнөкөйлөштүрүп аткарган. «Биринчи эмгек» (1954), «Балдарга» (1958), «Тилек» (1960), «Айтыштар» (1964), «Туулган жер» (1973), «Күз» (1977), «Ийнелик» (1980), «Токтосун» (1997) аттуу ыр жыйнактары чыккан. Москвада өткөн Жаштардын жана студенттердин бүткүл союздук фестивалынын лауреаты. «Ардак Белгиси» ордени, медалдар менен сыйланган. Айылындагы мектепке, облустук филармонияга ысмы ыйгарылган.

**Мар Байжиев** (23.03.1935-ж.) Жалалабатта белгилүү адабиятчынын үй-бүлөсүндө төрөлгөн. 1960-ж. КМУнун орус тил адабият факультетин, 1964-ж. Москвадагы киносценаристтер жана кинорежиссерлор жогорку курсун бүтүргөн, «Кыргызфильм» киностудиясында, Маданият министрлигинде башкы редактор. Бүткүл союздук «Литературная газетанын» өз кабарчысы болуп иштеген, 1990–1995-жылы Жогорку Кеңештин депутаты, Кыргыз эл жазуучусу, Улуттук Киноакадемиянын академиги, «Манас» орденинин ээси, прозаик, драматург, кинодраматург, публицист, котормочу, фольклорист, кино жана театр режиссеру. Кыргызча-орусча бирдей жазат, көркөм чыгармалары көптөгөн тилдерге которулуп, жарыкка чыккан. Драмалары СССРдин жана дүйнө өлкөлөрүнүн эки жүздөн ашык театрларында: Москва, Ленинград, Киев, Ташкен, Рига, Тбилиси ж. б. шаарларынын, Польша, Венгрия, Австрия, Канада, Монголия, Швеция, Чехословакия, Румыния, Германия, Болгария ж. б. мамлекеттердин сахналарында коюлган, фильмдери Эл аралык фестивалдарда жогорку сыйлыктарга татыктуу болгон.

**Талипова Шахра** (25.06.1953-жылы туулган, Токтогул району, Өзгөрүш айылы) – Кыргыз Республикасынын эл артисти (1995), эмгек сиңирген артисти (1988). 1970-жылы Б. Бейшеналиева атындагы Кыргыз мамлекеттик искусство институтуна өтөт. Бирок, Токтогул районунда элдик театр ачылгандыгына байланыштуу окубастан, анда иштеп калган (1970–1994).

Жалал-Абадская областная библиотека

«Миң кыял» элдик-этнографиялык ансамблинде ырдап, театрга коюлган спектаклдерде ролдорду аткарат. 1994-жылдан Т. Тыныбеков атындагы Жалалабат облустук филармонияда иштейт. Ш. Талипова – башка ырчылардан үнү гана эмес аткаруучулук чеберчилиги менен айырмаланган, талыкпай изденген таанымал ырчы. Репертуарынын өзөгүн Ж. Шералиев, К. Тагаев, Р. Абдыкадыров, А. Атабаев, А. Керимбаев, А. Бедияров, Ж. Кочкоров ж. б. композитор-обончулардын ырлары түзөт. Ж. Шералиевдин «Түшүмдө», Р. Абдыкадыровдун «Сагынуу», А. Керимбаевдин «Көл баяны», А. Бедияровдун «Бир сырым», «Кечирчи», «Алсаң боло», «Аман бол, сенден түңүлбөйм», «Көзүңдөгү керемет», «Барам сага», Ж. Кочкоровдун «Көңүлдө бирге жүрөлү», «Карайм дайым жолунду» ж. б. ырларды чебер аткарат. СССР маданиятынын отличниги (1986).

**Жусупбеков Асанбай** 1944-жылдын 24-июнунда Аксы районундагы Карасуу кыштагында туулган. 1973-жылы Фрунзе шаарындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин филология факультетин бүтүргөн. 1974–1992-жылдары Жалалабат шаарындагы педагогикалык окуу жайда окутуучу, облустук «Акыйкат» гезитинде кабарчы. 1992–1997-жылдары «кыргыз тил» коомунда жооптуу катчы, маданият башкармалыгында адис. Акын Жеңижоктун чыгармаларын чогултуп, басып чыгарууда зор эмгек сиңирген. 2001-жылдан «Жеңижок» коомдук фондусунун директору. КРдин маданиятына эмгек сиңирген ишмер.

**Жолчуев Дүйшөн** (20.3.1950-жылы туулган, Аксы району, Патача айылы) – айкелчи. Бишкек көркөм сүрөт окуу жайын (1958), И. Е. Репин атындагы Ленинград живопись, скульптура жана архитектура институтун (1976) бүткөн. 1976–1983-жылдары Кыргыз Республикасынын сүрөтчүлөр бирлигинин Оштогу бөлүмүндө иштеген. 1980–1983-жылдары ошол эле бирликтин көркөм кеңешинин төрагасы. 1983-жылдан Республикалык сүрөтчүлөр бирлигинин фондунда эмгектенет. Бишкек, Алматы, Оронск (Польша) шаарларында айкелчилердин эл аралык өткөн симпозиумдарына катышкан. 1986-жылы Алматы шаарында өткөн симпозиумда «Эже-сиңди» аттуу эмгеги үчүн 1-сыйлыкты алган. Анын Алай районундагы «Бүркүтчү» (1978), Аксы районунун Кызылжар айылындагы «Фронт жана тыл» (1985) мемориалдык ансамблдери, Бишкектеги Т. Үмөталиевдин (1998), Казакстандын Кордай айылындагы Өтөгөн баатырдын, Жалалабат шаарындагы Курманбек баатырдын эстеликтери элге кеңири таанымал.

**Жолдошев Кадыржан** (1938-жылы туулган, Сузак району, Үчмалай айылы) – Кыргыз Республикасынын маданиятка эмгек сиңирген ишмери. 1962-жылы КМУну бүткөн. 1962–1996-жылдары Кыргыз телекөрсөтүүсүндө кабарчы, чыгармачыл топтун жетекчиси, Жалалабат облустук телерадио компаниясынын төрагасы, 1996-жылдан республикалык телерадиокорпорациясынын Жалалабат облусу боюнча кабарчысы. Телекорсөтүү аркылуу эл чарбасынын, айрыкча айыл чарбасынын көйгөйлүү маселелерине арналган көптөгөн берүүлөрдү уюштуруп, эфирге алып чыккан. «Менин жаңылыштыгым» аттуу кинотасмада колхоздун эсепчиси Айдардын ролун ойногон.

**Молдобаев Дүйшөнбек Мамытович** (24.6.1959-жылы туулган, Көкжаңгак шаары) – Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген артисти (2002). Ош шаарындагы музыкалык окуу жайын (1980), Б. Бейшеналиева атындагы искусство институтун (1985) бүткөн. 1985–1994-жылдары Жалалабат шаарындагы маданият техникумунда мугалим, облустук Т. Тыныбеков атындагы филармониянын дирижеру жана көркөм жетекчиси, 1995-жылдан аталган филармониянын директору.

**Козукеев Рахматулла** – төкмө акын. 1955-жылы Аксы районунун Үчкоргон айыл өкмөтүндө туулган. 1975-жылы өзү туулуп өскөн айылындагы Кызыл-Жар совхозунда клуб башчысы болуп эмгектенет. 1975–1984-жылдары Ленин районунда (Ноокен) маданият үйүнүн директору. 1984-жылы Фрунзе шаарындагы Б. Бейшеналиева атындагы искусство институтун сырттан окуп аяктайт. 1986–1992-жылдары Ленин райондук маданият бөлүмүнүн башчысы.

1992–1999-жылдары Жалалабат облустук маданият башкармалыгынын башчысы. Республикалык, эл аралык айтыштарда байгелүү орундарды ээлеген. КРдин Президентинин ардак грамотасы, Түркия мамлекетинин алтын медалы менен сыйланган. КРдин мыкты маданият кызматкери.


**Жумашев Садырбек Кочкорбаевич** (3.8.1961-жылы туулган. Базаркоргон району, Сейдикум айылы) – Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген артисти (2001). 1987-жылы Б. Бейшеналиева атындагы искусство институтун бүтүргөн. Бишкектеги А. Малдыбаев атындагы опера-балет театрынын солисти. 1991–1995-жылдары Жалалабат шаарындагы Б. Алыкулов атындагы маданият техникумунда мугалим. 1995– 2005-жылдары Т. Тыныбеков атындагы облустук филармониянын солисти жана вокал бөлүмүнүн башчысы, филармониянын директору. 2006-жылдан баштап Бишкектеги А. Малдыбаев атындагы опера балет театрынын солисти. Үй-бүлөлүү, үч уул, бир кыздын атасы.

Жалал-Абадская областная библиотека






Жалал-Абадская областная библиотека



Жалалабат шаарындагы мисте токойу.

Жалал-Абадская областная библиотека

# СПОРТ



С. Сабиров



А. Дьяченко



К. Рыскулов



Н. Исмаилов

**Спорт мектептери.** Жалалабат шаарында алгачкы № 1 спорт мектеби 1946-жылы уюшулган. Анда женил атлетика, футбол, валейбол, баскебол, фехтование, колтоп ж. б. спорт түрлөрү боюнча машыгуу жүргүзүлгөн. 1976-жылы № 2 спорт мектеби ачылып, анда балдар валейбол, баскетбол, футбол, колтоп оюндары боюнча машыгышкан. 1992-жылы № 2 спорт мектебинин базасында балдардын облустук спорт мектеби ачылган. Анда футбол, волейбол, баскетбол, шахмат, күрөш, ордо, стол тенниси боюнча машыгуу жүргүзүлөт. Жалалабат облусунда 2001-жылы 17 спорт мектеби иштеген.

**Облустук спорт борбору** (Жалалабат шаары, Манас көчөсү, 11) 1991-жылы облустук спорт жана туризм комитети катары түзүлгөн. 2000-жылы облустук спорт жана туризмди өнүктүрүү борбору деп аталган. 2001-жылы 28-декабрда туризмди өнүктүрүү борбору өзүнчө бөлүнүп, облустук спорт борбору уюшулган. Облустун аймагында спортту пропагандалап, спорттук иш-аракеттерди уюштурат. Облустук спорт борборуна 4 шаардык, 8 райондук спорт комитеттери баш иет. 2001-жылы облус боюнча 17 спорт мектеби, Кыргыз мамлекеттик дене тарбия институтунун Жалалабат шаарындагы филиалы, спорттун 12 түрү боюнча федерациялар, 5 спорт клубу, 10 стадион, 213 спорт залдары, 1361 спорт аянтчалары иштейт. 2000дей спортчу даярдалган.

**Санатбаев Раатбек Калыбекович** (7.5.1969 Ош шаары – 2006, Бишкек) – Кыр-




Бокс боюнча Кыргызстан курама командасынын маектешүүсү.

Сборная команда Кыргызстана по боксу.

Жалал-Абадская областная библиотека








гыз Республикасынын спортко эмгек сиңирген чебери. Бишкектеги спорт мектебин, Кыргыз-Орус (Славян) эл аралык университетин бүтүргөн. Кыргызстандын грек-рим күрөшү боюнча 10 жолку чемпиону. Эл аралык мелдештерге, дүйнөлүк биринчиликтерге катышып, белгилүү орундарды ээлеген. 1994-жылы Хиросимада өткөн 12-Азия оюндарында, ошондой эле 1995-жылы Филиппинде өткөн Азия чемпионатында күмүш медалга татыган. 1996-жылы 26-олимпиялык оюндарга катышып, 8-орунду ээлеген. 1994–1999-жылдары Дүйнөлүк күрөш федерациясынын жыйынтыгы боюнча күрөш боюнча дүйнөдөгү мыкты 10 спортчунун алдыңкысы. 2000-жылы Сеулда өткөн Азия чемпионатында алтын медалга ээ болуп, грек-рим күрөшү боюнча 20 кылымдын эң мыкты балбаны аталган.

2006-жылы күтүлбөгөн окуядан каза болгон. Анын ысмы Жалалабат шаарындагы № 9 мектепке берилген.











Жалалабаттык спортсмендер эл аралык аренада.


Жалалабатские спортсмены на международной арене.

Жалал-Абадская областная библиотека






И. Узаков



В. Н. Милеев



Э. Рахманжанов




Э. Осмонов

**Узаков Ибрагим, Тапанча балбан** (13.12.1948-жылы туулган, Сузак району, Карадарыя айылы) – Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген машыктыргычы, грек-рим күрөшү боюнча Кыргыз Республикасынын спорт чебери (1975), СССР спорт чебери (1976). 1976-жылы Кыргыз мамлекеттик дене тарбия институтун бүтүргөн. 1966-жылы Карасуу шаарында өткөн Орто Азия чемпионатында чемпиондук наамды алып, эл арасында «Тапанча балбан» деген атка ээ болгон. 1976–1992-жылдары Жалалабат шаарындагы спорт мектебинде машыктыргыч, улук машыктыргыч, мектептин директору, 1992-жылы «Намыс» спорт коомунун төрагасы, 1993-жылы Карадарыя айыл өкмөтүнүн төрагасы, 1994–1996-жылдары Карадарыя спорт мектебинин директору, улук машыктыргыч, 1996-жылдан Жалалабат облустук бажыкананын улук инспектору. Орто Азиянын 7, Кыргызстандын 25 жолку чемпиону.

**Мустафин Эдуард Исмаилович** (1940-жылы туулган, Жалалабат шаары) – СССР-дин (1979), Кыргызстандын эмгек сиңирген машыктыргычы (1976). 1963-жылы Кыргыз Мамлекеттик денетарбия институтун бүткөн. 20дан ашык спорт чеберлерин, анын ичинде дүйнөнүн фехтование (рапира) боюнча 2 жолку чемпиону Ю. Лыков, ошондой эле А. Демченко, Р. Искахов жана башкаларды даярдаган.


**Милеев Василий Николаевич** (14.9.1946-жылы туулган, Жалалабат шаары) – Кыргыз ССРинин эмгек сиңирген машыктыргычы (1983). Жалалабат шаар-



Жалал-Абадская областная библиотека


Ж. Рыскулов


М. Абдыкадыров


К. Алимжанов



М. Зулпукаров

дык кесиптик-техника окуу жайын (1964), Кыргыз мамлекеттик дене тарбия институтун (1973) бүткөн. 1968–1970-жылдары Жалалабат шаарында механикалаштырылган көчмө колоннада ширетүүчү, 1970–1978-жылдары балдар-өспүрүмдөр спорт мектебинде машыктыргыч-окутуучу, 1978–1990-жылдары бокс бөлүмүнүн улуттук тренери, 1990-жылдан директору. В. Н. Милеев даярдаган 20дан ашык боксчу эл аралык мелдештерге, анын ичинде 2 спортчу СССР-дин курама командасынын курамында катышкан.

**Рахманжанов Эртабылды** (1951-жылы туулган, Ош облусу, Өзгөн району, Кызыл-too айылы) – СССР спорт чебери (1974), Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген машыктыргычы, маданиятка эмгек сиңирген кызматкери (1996). Жалалабат пед. окуу жайын (1973), Кыргыз мамлекеттик дене тарбия институтун (1980) бүткөн. 1973–1976-жылдары Жалалабат шаардык стадионунда улук инструктор, жаштардын спорт мектебинде, Ош шаарында балдардын дене тарбия, спорт уюмдарында, профсоюздук, жеңил атлетика боюнча машыктыргыч, 1986–1991-жылдары облустук жеңил атлетика мектебинин директору, 1991–2001-жылдары Жалалабат облустук спорт жана туризмди өнүктүрүү боюнча борбордун директору. Рига, Баку ж. б. шаарларда өткөн эл аралык мелдештерге катышкан жана жеңиштерге жетишкен. Дене тарбия отличниги.

**Базаркулов Эрнист** (1980-жылы туулган, Жалалабат шаары) – спортчу (эркин күрөш). Бишкектеги Олимпиялык резерв окуу жайында окуйт. 1995-жылы уландар арасында эркин күрөш боюнча Будапештте (Венгрия) өткөн дүйнөлүк биринчилигинде алтын медалга арзыган.

**Капаров Шергазы** Абдыжапарович (19.12.1981-жылы туулган, Жалалабат шаары, Тайгараев айыл өкмөтү, Качкынчы айылы) – Кыргыз Республикасынын спорт чебери, Кыргызстандын күрөш боюнча 6 жолку чемпиону. 1999-жылы Иранда өткөрүлгөн Азия чемпионатында грек-рим күрөшү боюнча мелдеште күмүш, 2000-жылы Франциянын Нант шаарындагы дүйнөлүк чемпионатта коло медалды жеңип алган.


Спорт – тынчтыктын урааны.




ШААРЫБЫЗГА
130



Жалал-Абадская областная библиотека






Шаар кеңешинин депутаттары.

Жалалабат шаардык
каржы кызматкерлери. 1983-ж.

Шаарлар аралык
кеңешме-семинары.

Казына кызматкерлери.

Жалал-Абадская областная библиотека









**Кыргызстан элдери ассамблеясынын облустук бөлүмү** (Жалалабат шаары, Б.Осмонов көчөсү, 116) облустагы улуттук азчылыктардын өкүлдөрүн бириктирет. Улуттар аралык биримдик жана ынтымакты чыңдоо үчүн этностук топтор менен байланыш процессин тереңдетүү, элдин тилин, үрп-адаттарын, маданиятын жандандыруу боюнча иш жүргүзөт. Облуста славян диаспорасы, өзбек, татар, тажик, немец маданий улуттук борборлору иштейт.

Жалал-Абадская областная библиотека






«Сүйүнбек» эс алуу комплекси.
Центр отдыха «Сүйүнбек».

«Навруз» эс алуу комплекси.
Центр отдыха «Навруз».




12–2302


Жалал-Абадская областная библиотека




# ЖАЛАЛАБАТ ШААРЫНЫН АРДАКТУУ АТУУЛДАРЫ




Канчайым Жолоева



Макамбай Жумабаев



Салы Бакиев




Виктор Соколов



Константин Пяк

Жалал-Абадская областная библиотека



**Салыжан Шарипов**



**Ташхон Касымова**



**Елена Колиева**



**Мамат Нурматов**




**Юлдаш Шасалимов**



**Эркин Зульфибаев**



**Абдиманап Мурзакматов**



**Алайчы Кожалиев**




**Нияз Жолдошев**



**Хавар Исмаилов**



**Рахматулла Эралиев**



**Эльмар Ишков**

Жалал-Абадская областная библиотека





**Абдиманап Мурзакматов**



**Алайчы Кожалиев**



**Нияз Жолдошев**



**Хавар Исмаилов**



**Рахматулла Эралиев**




**Эльмар Ишков**

Жалал-Абадская областная библиотека



**Расул Файзиев**



**Саид Нурдинов**



**Ибрагимжан Гафуров**

Жалал-Абадская областная библиотека





Жалалабат шаарынын мэри
Д. Мамасалиев
шаардык кеңештин депутаты
А. Бакиев иш учурунда.
2006-ж.

Жалал-Абадская областная библиотека

# ЖАЛАЛАБАТ — ЭЛДИК РЕВОЛЮЦИЯНЫН БЕШИГИ

**Жалалабат шаарында башталган революциялык кыймылдын хроникасы**

**4-март, 2005-жыл.**

Ошол күнү оппозиция лидерлери Жалалабатка чогулушту. Эл да чогулду. Облустук бийлик имаратынын алдында өз талаптары менен турган элди бийликтен бирөө басып келип сурап койбоду. Тескерисинче каардуу душмандан сактангансып, милицияны тизип коюшту. Бийликтин элге кылган мамилесин алыстан акмалап турган Азимбек Бекназаров, Бектур Асановдун жардамчы жигиттери Медер Үсөнов менен Жаныбек Асановду чакырып, эми эл башкача жол менен талабын аткарбаса бул бийлигиң укпайт, облустук бийлик имаратын ээлөөгө духунар жетеби дегенде тигилер дароо макул болуп, элди аралап үгүттөп жөнөштү.

**Саат 13.15** мүнөт өткөндө 200гө жакын эл милицияны жөөлөп, облустук мамлекеттик администрациясынын имаратына кирип кетишти.

Бул учурда коомдун тартип сакчылыгында 10дон ашык милиционерлер турган. Имаратты ээлеген калктын бардыгы мыйзам чегинде аракеттерди жасашты.

Облмамадминистрациянын сыртында турган милиция кызматкерлеринин катарына ОИИБнин атайын даярдалган отряды (спецназ) келип кошулду.

Спецназ эл ээлеп алган имараттын ичине кирип, тартипти көзөмөлдөп турду. Сыртта 2 миңдей эл чогулуп турду. Жусуп Бакиев, Бектур Асанов башында турган атайын штаб түзүлүп, баары мыйзам чегинде жасалууга тийиш деген чечим кабыл алышып, митингчилерди тамак-аш менен камсыздоо үчүн атайын фонд ачышты. Маалымат борбору ачылды. Митингди өткөрүү үчүн шарт түзүшүп, комиссия түзүлдү.

**Саат 15.01. «Акаев токтоосуз отставкага кетсин!», «Таза шайлоо болгон жок!», «Эл бийликке ишенбейт!»,** – деген бийликке карата наараздылык сөздөр жазылган плакаттарды көтөрүп, **«Акаев кетсин!»,** – деп кыйкырып турушту. Облустук, шаардык бийлик жетекчилери тарабынан эч кандай элдин үнүн угууга кызыккандар болбоду. Губернатор Ж. Шарипов ал күнү эл алдына чыкпады, губернатордун орунбасарлары да эл талабын угууга кызыгышпады.

**Саат 16.00.** Чогулган калктын баары бул күнү суу, нан менен тамактанышып, түнкүсүн имараттын ичиндегилер ичинде, сыртындагылар сыртында түн күзөтүп, талаптарынан кайтпай турушту. Атайын фондго 5000 сом чогулду.

5-мартка караган түнү саат 2–3түн ортосунда Бишкекке иш сапары менен кеткен облус губернатору Жусупбек Шариповдун эл алдына келип сүйлөшүүгө кылган аракети текке кетти. Эл бийликтин сөзүн укпай тургандыгын, ушул маалга чейин бийлик элди талап, алдап келгендерин, эл арасындагы жакырчылык, жумушсуздук, бийликтин коррупцияланып кеткендигин айтышып, губернатор Жусупбек Шариповду укпай чыгарып жиберишти.

**5-март, 2005-жыл.**

**Саат 8.00.** Облакимчиликтин алдына эл кайрадан чогула баштады. Алгач 300 адам кайрадан аянтка келип, андан кийин Базаркоргон районунан, Сузак районунун Октябрский, Барпы, Ортоазия, Карамарт, Актоок, Кашкатерек айылдарынан адамдар келип кошулушту.

**Саат 13.00.** Келген адамдардын саны 3000ге жетти.

Социалдык курамы:

– 20%ин карыялар.

– 40%ин 20 жаштан 40 жашка чейинкилер.

– 25–30%ин аялдар.

– 15%ин студенттер, мугалимдер түздү.

**«Акаев токтоосуз иштен кетсин!», «Шайлоо таза өткөн жок!», «Губернатор**

Жалал-Абадская областная библиотека






кетсин!», «УВДнын начальниги иштен кетсин!», – деп жазылган плакаттар илинип, эл өз талаптарын тынымсыз кайталап турду. Ошону менен бирге «Милиция биз менен!», – деген ураанды кошуп алышты.

**Саат 14.00** Элдин саны 5000ден ашты. Саат 14кө чейин эл ичинен чыгып сүйлөгөндөр, губернатор эл алдына келип, сүйлөшүп, Ак үйгө өз талаптарын бурмалоосуз жеткиришин талап кыла баштады.

Бийлик тарабынан эч кандай жооп болгон жок. Кыжырданган эл саат 14.00дө обладминистрациянын имаратына экинчи жолу кирип барышты. Алардын саны 200дөн ашык болду.

**Саат 15.00.** Чогулган эл өкмөттүк массалык маалымат каражаттары аркылуу туура эмес, жалган маалыматтар таратылып жатканына наразы болушуп, 1-кабаттагы облмамадминистрациянын кызматкерлерин толугу менен кууп чыгышты. 5-март күнү бул саясий кырдаалды калк катмарына туура, так жеткирбей, бурмалап элди жаманатты кылган өкмөттүк КТР, ЖТР каналдарына наразылык жазылган плакаттарды көтөрүштү. Бул күнү эл арасында «Мезон ТВ», «Эхо Манаса», «Азаттык» радиосу жана эркин басмалардан «Аалам», «Фергана», «Итоги недели» гезиттеринин журналистери жүрүштү. Ошону менен бирге «Би-Би-Си» радиосу, эл ара-



Жалал-Абадская областная библиотека





лык уюмдардын өкүлдөрү байкоо салып турушту.

Имараттын ичиндегилерди чыгаруу максатындагы бийликтин аракети төмөндөгүдөй болду: Жарык (свет) өчүрүлдү. Суу токтотулду. Телефон байланыштарын үзүштү.

Ага карабай эл имараттын ичине сырттан суу ташып, самоор кайнатып, (сыртында) өз муктаждыктарын чечип, талаптарынан кайтпай турушту.

Прокуратура, УКК, милиция кызматкерлери окуяны сырттан (спецназ ичинде) көзөмөлдөп турушту.

– Чогулган элди жакын жерлердеги жергиликтүү эл суу, нан, тамак-аш менен камсыз кылып турушту. Бул күнү да эл койгон талаптарын бекемдешип, имараттын сыртында, ичинде түн күзөтүштү.

Фондго 8700 сом акча түштү. Акаевди отставкага кетирүү жөнүндөгү митинг эки күн бою мамлекеттик телеберүүлөрдө чагылдырылбады. «Азаттык» радиосу окуянын жүрүшү тууралуу кечки саат 6.00дөн эртең менен 7.00гө чейинки уктурууларында коомчулукка тынымсыз кабарлап турду.

Жалал-Абадская областная библиотека

«Эркиндик» партиясынын лидери Топчубек Тургуналиев Акаевдин бийлигинин алсызданып баратканы өлкөдөгү жакырчылык, коррупциянын өнүгүшү бийликтин ыплас саясатынын далили деген сөзүн сүйлөп, элди биримдикке чакырды.

«Эрк» партиясынын төрагасы, КР ЖКнин мыйзам чыгаруу жыйынынын депутаты Бектур Асанов, «Жаңы Кыргызстан» партиясынын мүчөсү Жусупбек Бакиев үйбүлө, бир туугандары менен митинг башталгандан тартып эл менен бирге болушту.



**6-март, 2005-жыл.**

**8.00–10.00.** Эл кайрадан аянтка топтолду. Ушул эле учурда Жалалабат мамлекеттик университетинин имаратынын алдында бийлик тарабынан каршы митинг уюштурулду. Алардын саны 1,5 миңди түздү. Алардын катарында мугалимдер, студенттер, медиктер жана бюджеттен айлык алган кызматкерлер турду. Бийлик тарабынан уюштурулган каршы митинг менен элдин ортосунда кагылышууну пайда кыларда Назгүл аттуу студент кыз каршы тараптын плакатын жулуп, аларды эл тарапка кошулууга чакырды. Каршы тарап дароо таркап кетишти.

**14.00.** Эл кайрадан наразылык акциясын улантышып, **«Акаев кетсин!»,**– деп кайталап турушту.

**16.00.** Элдин алдына оппозиция лидерлери Курманбек Бакиев, Дооронбек Садырбаев, Үсөн Сыдыков келип сүйлөшүп, элдин талабын угушуп, эл тарапта экендигин белгилешип, акыр аягына чейин эл менен бирге экендигин баса белгилешти.

Курманбек Бакиев элдин талабын аткарууну бийлик баары бир каалабасын айтып, муну парламент чечерин белгиледи. Кыргызстан элдик кыймылынын лидерлери чогулган эл менен бирдикте койгон талабы боюнча Акаевди отставкага кетирүү жөнүндө Жогорку Кеңешке кайрылуу жолдошту. Кайрылууга 10 миңдей адам макул болушту. Жогоруда аты аталган лидерлерди чогулган эл кол чабуулар менен жылуу кабыл алышып, өз талаптарын аткармайынча таркабастыгын билдиришти.

**20.30.** КТРдин «Алатоо» прпограммасынан Президенттик администрациянын аппарат жетекчисинин орунбасары Болот Жанузаков прессконференцияда: Жалалабаттагы акциясы мыйзамсыз, облустук бийликтин тепкичтеринде 200дөй адам олтурушат, жадаганда таркашат, облустук бийликтин кызматкерлери иштеп жатышат, – деп жалган маалымат берди.


Ал эми президенттин пресс-катчысы Абдил Сегизбаев, мамлекеттик катчы О. Ибраимов КТРден тынымсыз жалалабаттыктардын наразылык акциясын сындап сүйлөп турду. Президент Аскар Акаев ооз ачпады. Премьер-министр Н.Танаев мүмкүн болушунча элдин санын азайтып, элди кимдир бирөөлөр уруштуруп жатат, бул мыйзамсыз жана башка ушул сыяктуу сөздөрдү КТР аркылуу жарыялап, коомчулукту алдап жатты. Булардын пикирин колдоп, облустун губернатору Ж. Шарипов ЖТР аркылуу сүйлөп турду.

Бул болсо чогулган элдин гана эмес, облус аймагындагы карапайым калктын кыжырдануусун андан бетер туудуруп, туш тараптан элдер беш-ондоп, жүздөп келип чогулушту. Бул күнү крапайым калктын катарын интеллигенция өкүлдөрү көбүрөөк толуктады. Чогулган элдин катмарын:

25% карыялар, 60% орто жаштагылар, 15% жаштар ал эми жалпы чогулган элдин 45%ин аялдар түзүштү.


Элдин катарында: дыйкандар, жумушсуздар, пенсионерлер, студенттер, мугалимдер, медиктер, милициялар, соодагерлер, театр артисттери болушту.


Бул күнү да наразылык акциясын өткөрүп жаткан эл облмамадминистрациянын сыртында, ичинде түн күзөтүштү.



Жалал-Абадская областная библиотека





Жалал-Абадская областная библиотека



Бийлик тарабынан эч кандай жооп болгон жок.

**7-март, 2005-жыл.**

**8.00. «Акаев кетсин!»** – деп бир добуштан кайталап туш тараптан элдер чогулушуп, 100гө чукул плакат көтөргөн жаштар Жалалабат шаарын айланып жөө жүрүш жасашты.

**10.00.** Чогулгандардын саны 700гө жетти.

**12.00.** Чогулгандардын саны 3 миң болду.

**13.00-16.00.** Жаныбек Аттокуров, Жамбыл Камчиев баш болгон куудул пародисттер эл талабын колдоп, концерт тартуулашты. Чогулган элге жаңыдан кошулгандардын санын атайын штабда жазуу иретинде каттоо жүрдү. Бишкектен укук коргоочу Азиза Абдрасулова келип сүйлөп, элди колдоду. Сузак районунун Барпы, Актоок, Благовещенка айылдарынан, Жалалабат шаарынан адамдар келип кошулуп жатышты. Беш боз үй тигилип, келгендер жайгашышты. Режиссёр Замир Эралиев митингдин жүрүшүн тасмага түшүрүп жүрдү.

Мыйзам чегинде өз талаптарынан кайтпай турган элдин арасына атайын бир эки мас адамдарды киргизишип, бийликтин талабын атайын талашкан айрым адамдарды тукурган фактылар, провокациялык аракеттер болду. Бул аракет ким тарабынан уюшулганын эл эң сонун түшүндү. Облустук мамадминистрацияны курчап турган милиция менен солдаттардын катары көбөйдү. Оштон, Баткенден милициянын батальону эки-үч автобус менен келип, улам кезек менен турушту. Бул күнү да жалалабаттыктардын А. Акаевди токтоосуз отставкага кетүүсүн кылган наразылык акциясы «Азаттык» радиосунан гана уктурулуп, Ош облусундагы «Мезон ТВ» телеканалы аркылуу коомчулукка маалымдалды. Ал эми КТР, ЖТР сыяктуу мамлекеттик телеканалдар өлкөдөгү бул орчундуу саясий кырдаалды мүмкүн болушунча жаап-жашырып, бийликти, А. Акаевди үйбүлөсү менен мактап жатты.

**8-март, 2005-жыл.**

**8.00.** Эл кайрадан аянтка чогулуп, аялдарды куттуктоо сөздөрүн сүйлөштү.

**10.00-12.00.** Чогулган элдин катмарын улам жаңылары келип толуктап турушту. Бул күнү Көгарт өрөөнүнөн, Кызылтуу, Кызкөл айыл өкмөттөрүнөн эл көп чогулду.

Базаркоргон, Ноокен районунун алыскы айылдарынан бир гана А. Акаевдин отставкага кетүүсүн талап кылгандардын саны улам көбөйүп жатты.

**13.00.** Чогулган элдин саны 14 миңге жетти.

**14.00.** Оппозиция лидерлери экс-элчи Роза Отунбаева, депутаттар Өмүрбек Текебаев, Дооронбек Садырбаев келип элдин талабын колдошуп, сөз сүйлөшүп чогулгандарды биримдикке, ынтымакка чакырышты. Бишкектен журналист Азима Расулова келип, элдин аракетин колдоп, ырын окуп, «Келкел» жаштар уюмун түзүп, колдоорун маалымдады.

**16.00.** Комиссия түзүлдү, облмамадминистрациянын имаратынын ичиндеги 200гө жакын адамдар имараттын ички абалы жөнүндө акт түзүштү.

Комиссиянын курамы:

– Прокуратура кызматкери.

– Облмамадминистрациянын аппарат жетекчиси (А. Асаналиев).

– УВДнын кызматкери.

– Элдик кыймылдын мүчөсү.

**17.00.** КРдин Акыйкатчысынын биринчи орунбасары Момунов эл менен жолугушуп, элди ынтымакка, биримдикке чакырып, элдин талабын туура деп тапты жана чогулган элди жана бийликти мыйзам чегинде болуусун суранды. Бийлик тарабынан элге жооп болбой жатканын туура эмес деп айтты. Бектур Асанов элге кайрылып: – Бишкекте ЖК имаратын ремонт деген шылтоо менен жаап сыртынан солдаттарды курчатып коюшуптур. Бул бийлик тарабынан жасалды. Себеби кезексиз 3-сессияны чакырууга тоскоолдук кылып жатышат. Бийлик мындай ыплас аракетин токтотпосо, элдин талабына каршы турса, биз башкача чара көрөбүз, – деп маалымдады. Бул кабар тууралуу Бишкектен ЖК депутаттары телефон чалышканын айтты.

Бул күнү имараттын ички абалын текшерүүчү комиссиянын курамындагы облмамадминистрациянын аппарат жетекчиси А. Асаналиевдин мүмкүнчүлүктөн пайдаланып, элди таркатууга кылган аракети текке кетти. Эл анын сөзүн укпай, кайра өзүнүн элге кошулушун талап кылышты. Алып келип өздөрү беш күндөн бери олтурган сыз жерге олтургузушту. Бирок митингди уюштуруучулардан Медер Үсөнов бул мыйзамга туура келбесин айтып, элди сабырдуулукка чакырды, андан пайдаланып, А. Асаналиев чыгып кетти.

Митингдеги 4 миң адамдын:

– 25 % карыялар;

– 50% орто жаштагылар;

– 23% жаштар болушту.

Жалпы элдин 35–40%ин аялдар түзүштү. Ушундай саясий курч кырдаал мезгилинде да аялзатын, энелерди урматтоо, куттуктоо үзгүлтүккө учураган жок. Эл ичинен таланттуу у ул-кыздар чыгышып, ырдап, ыр окуп, майрамдык маанай түзүштү.

Жалал-Абадская областная библиотека





Бул күнү митингдин катышуучуларынын катарында студенттердин, бюджеттик мекемелердин кызматкерлеринин саны артты. «Азаттык» аркылуу жалалабаттыктардын үнү дүйнөлүк коомчулукка угулду.

**9-март, 2005-жыл.**

**8.00. «Акаев токтоосуз отставкага кетсин!»,** – деген плакаттарды көтөргөн калың эл кайрадан чогула башташты.

**10.00.** Белгилүү ырчы Сагынбек Момбеков Бишкектен келип, элдин аракетине баа берип, бийликтин ыплас саясатын жектеген ырын ырдап, сөзүн сүйлөдү.

**11.00.** Чогулган эл Жогорку Кеңештин мыйзам чыгаруу жыйынынын депутаттарынан А. Акаевди токтоосуз отставкага кетүүсүн, 13-мартта өтүүчү парламенттик шайлоонун – экинчи туру мыйзамсыз экенин, аны бузуу жөнүндө кайрылуу жолдоп парламенттин чечимин чыдамсыздык менен күтүп жатышты. Бийликтен эч кандай жооп болбогондуктан, акыйкаттык издеген элдин жалгыз үмүтү парламентте калды.

**16.00.** Үч миңден ашуун митингчи кол койгон кайрылуу ЖКнын мыйзам чыгаруу жыйынынын депутуттарына жөнөтүлдү. Кайрылууда төмөндөгүдөй талаптар көрсөтүлгөн:

1. Президент, Өкмөт жана анын командасы токтоосуз отставкага кетсин.
2. Президенттик шайлоо мөөнөтүнөн мурда өткөрүлсүн.
3. Парламенттик шайлоонун адилетсиз өткөрүлгөндүгүнө байланыштуу шайлоонун жыйынтыгы жараксыз деп табылсын жана Жогорку Кеңешке шайлоо президенттик шайлоодон кийин өткөрүлсүн.

**13.00.** Бүгүн Ошко, Өзгөнгө 3 киши Жалалабат митингчилеринен өкүл болуп кетишти. Алар: Өмүралиев Макамбай, Талиева Камила, Чокоева Дилбар. Өзгөн, Карасуу, Ош шаарында митингде тургандар менен жолугушту. Фондго 8–9-мартта 17 380 сом түштү. Митингчилер бүгүнкү күнү да кечегидей санда катышышты.

**18.00.** «Азаттыктан» Жалалабаттагы саясий кырдаал жөнүндө түз уктуруу берилди. Ошол эле учурда КТР аркылуу бир жакту, оппозицияны жамандаган, бийликти жактаган маалымат берилди.

Премьер-министр Н. Танаев: – Оппозициянын 5–6-лидери элди ушунча көп алып чыкты. Силер эмне төөкушчасынан башыңарды жерге катып олтурасыңар. Төөкуш саясатыңарды токтоткула. Оппозиция элди алдап акчага сатып алып жатат. 20–30-миң адам чыкса да, бийликте күч бар. Чечкиндүү чара көргүлө, – деп министр-губернаторлорго талап койгону белгилүү болду.

Ал эми «Азаттыктын» кечки берүүсүндө оппозиция лидери А. Бекназаров менен юридика академиясынын ректору Ч. Арабаев бетме-бет жолугушту. Ч. Арабаевдин оппозициянын бул аракети Конституциянын мыйзамдарына ылайык келбейт

Жалал-Абадская областная библиотека



ж. б. у. сыяктуу бийликти жактаган сөзүн А. Бекназаров четке кагып мындай деди:

– Бүгүн Кыргызстанда эч кандай бийлик жок, бардык жерде эл облустук, райондук бийлик имараттарын басып алып жатат. Элди карабагыла, алар мыйзам чегинде өз талаптарын коюп жатышат.

**10-март, 2005-жыл.**

**8.00.** Эл кайрадан аянтка чогулду. КР ички иштер органдарынын кызматкерлерине, КР куралдуу күчтөрүнүн аскерине, жоокерлерине, офицерлерине, КР Улуттук Коопсуздук кызматынын кызматкерлерине, КР прокуратура жана сот органдарынын кызматкерлерине, губернаторлорго жана жергиликтүү өзүн өзү башкаруу бийлигинин башчыларына кайрылуу жолдошту. Кайрылууда карапайым калктын талабына каршы күч органдарына, бийликтин ыплас саясатына аралашып, алардын тукуруусуна баш ийбөө чакырыгы жазылган кайрылуу таркатылды.

**10.00.** Жергиликтүү элге, ММКларга элден, алыскы, жакынкы район шаарлардан митингдин катышуучуларынын күнүмдүк жашоосу, тамак-ашы үчүн атайын фондго акчалай, натуралай, тамак-аш түрүндө жардам түшүп жатты.

Милиция, солдаттар дагы деле курчап турду. Студенттердин, жаштардын бийликке каршы А. Акаевдин отставкасын талап кылган «Келкел» кыймылы түзүлүп, желекче плакаттарын көтөрүп ураан чакырышып, Жалалабат шаарын аралашып жогорку, орто окуу жайларынын студент жаштарына чакырык жасашты.

Облустун казысы Дилмурат ажы атайын келип элдин абалынан кабар алып кетти. **Түштөн кийин 13.00дөр чамасында Бишкектен митингчилерге чукул маалымат келди.**

Чукул маалыматтын мазмуну:

2005-жылдын 10-мартында «Эл биримдиги» аттуу кыймыл түзүлдү. «Эл биримдигине» оппозициялык патриоттук маанайдагы саясий жана коомдук ишмерлер, ЖКнын депутаттары кирди. Эл биримдигинин координациялык кеңеш башчысы болуп Курманбек Бакиев, штаб башчысынын жетекчилигине Азимбек Бекназаров шайланды. Эл биримдигинин максаттары:

1. А. Акаевди бийликтен токтоосуз кетирүү боюнча Жалалабатта башталган талапты колдоо.

2. Президенттик шайлоону мөөнөтүнөн мурда өткөрүүгө көмөк көрсөтүү.

3. А. Акаевдердин планы боюнча өткөрүлгөн парламенттик ыплас шайлоону жокко чыгаруу.

4. 6 айдан кийин ЖКнын депутаттарын шайлоону өткөрүү.

Бул чукул маалымат угулгандан кийин митингдин катышуучулары төмөндөгүдөй кайрылуу чечим кабыл алышты.

Акыркы мезгилде Жалалабат шаарындагы кырдаалдын курчуп кеткендигине байланыштуу бийлик өкүлдөрү менен сүйлөшүү мүмкүн болбой калгандыктан, облустук күч структуралары тарабынан мыйзамсыз аракеттери башталгандыктан, Жалалабат облустук администрациясынын алдында 4-марттан бери турган митингдин катышуучуларынын.



**Чечими:**

1. Калктын арасынан өз каалосу менен элдик коргоо кошундары түзүлсүн. Анын он башы, жүз башы, миң башы, түмөн башылары дайындалсын.

2. Эртең 11-мартта саат 11.00дө республика боюнча өтүүчү митингдер колдоого алынсын.

3. Губернатор, ОИИБдин начальниги, Жалалабат шаарынын мэри бүгүн 10-март саат 17.00гө элдин алдына келсин. Бул талап аткарылбаса, эртең саат 10.00гө чейин шаардан чыгып кетүүсүн талап кылабыз. Элдин бул талабы дагы аткарылбаса, чечкиндүү кадамдарга барууга аргасыз болобуз.

4. Жалалабат шаарында 2005-жылдын 15-мартында жалпы Кыргызстан элинин жарандык курултайын өткөрүү сунушу менен жалпы калайык калкка кайрылабыз. Курултайды өткөрүү боюнча уюштуруу кеңеши түзүлсүн.

5. Митинг өтүп жаткан облмамадминистрациянын имаратынын ичинде жана айланасында бекем тартип жана тазалык көзөмөлгө алынсын.

**Жалалабат шаары 10-март.**

**Саат 16.00.** Кайрылуу митинге катышып жаткан 3 миңге жакын адамдардын каалоосу менен кабыл алынган. Бул күнү Жалалабатта саясий кырдаал курчуду. Губернатор, облустук укук коргоо органдарынын жетекчилери ЖОЖдорду кыдырышып, митингчилерди жамандашып, аларга кошулбоого үндөгөн терс үгүттөрдү жүргүзүштү.

ЖАМУнун АТФ имаратында губернатор Ж. Шарипов окутуучу, ректор, студенттерди кошуп чогултуп жаткан жерде жаштардын оппозициялык маанайдагы жаңыдан түзүлгөн «Келкел» кыймылынын отуздай мүчөсү барып, өз талаптарын билдирүүгө аракет жасашты. Тилекке каршы губернатор баш болуп аларды укпай, шаардык милициянын начальниги киргизбөөгө аракет жасашты.

«Келкелдин» мүчөлөрүнө кошулууга аракеттенген отузга жакын студенттерди окутуучулар, декандар кууп келип, зордоп кайрып кетишти.

**17.00.** Окутуучулардын тоскоолдук көрсөткөнүнө карабай Токтогул паркына студент жаштардын 300гө чукулу келишип «Келкелге» мүчө болуп жазылышты.

Саат 14.00гө жакын Бишкектен атайын беш адам видеокамералар менен келишип, келгендеги максаттарын ачык айтышпай, Ж. Бакиевдин штабында алар менен сүйлөшүү жүрүп жатканда спецназдын кызматкерлери кирип келишип, аларды алып чыгып кетишкен. Алар **«Алга Кыргызстан!»** партиясынын мүчөлөрү экендиги аныкталды.

**17.00.** Облустук улуттук коопсуздук кызматынын жетекчиси М. Иманкулов, УВДнын начальниги болуп келишип, координациялык кеңештин жетекчиси Жусуп Бакиев менен жолугушуп, штабдагы жогорудагы кырдаал жөнүндө билбей калгандыктарын айтышып, окуянын чоо жайын сурашты. Ж. Бакиев болгон окуяны айтып берди.

Бул күнү дагы митингдин уюштуруучуларынан Медер Үсөнов, Бекболот, Турар аттуу жигиттер Ош облусундагы талапташтарына маалымат таркатып, үгүт жүргүзүү үчүн «Моя столица», «Республика», «Жаңы кылым», «Фергана» гезиттерине, бүгүнкү кайрылуулардан алып кетишти.

Митинг башталгандан бери 6 күн убакыт өттү. Митинге келип-кетип катышкандардын саны 20–30 миңден ашты. Митингчилер чыдамсыздык менен күткөн ЖКнын кезексиз үчүнчү сессиясы болбой калды.

Бирок депутаттар ачык асман алдында кеңешме өткөрүшүп, басымдуу бөлүгү эл талабын аткаруу аракетин токтоосуз баштоого макулдашышты. Митингчилердин арасынан бир аял неберелүү болгонун сүйүнчүлөдү. Эл ага бата беришип, атын Жеңишбек коюшту. Бүгүн митингге 3 миңге чукул адам катышып, алардын социалдык курамы кечээгидей санда болду. Жаштар көбүрөөк кошулушту. Митингдин катышуучулары кезек менен үйлөрүнө барып, кабар берип турушту. Кечки саат 21.00 дө жыйынтыктоочу кеңешме өткөрүлдү.

Фондго 19 250 сом түштү. 4–10-мартка чейин жалпы суммасы 64 580 сом болду.

**11-март, 2005-жыл.**

**8.00.** Эртең менен эл кайрадан чогула баштаршы.

**10.00.** Бектур Асанов сессияны болтурбоого аракеттенген бийликтин ыплас аракетин айтып, жаңыдан түзүлгөн «Эл биримдиги» кыймылы элдин талабын аткарууга даяр экенин маалымдады. Ошону менен бирге акыркы убактарда бийликтин алсыз аракети эл талабына туруштук бере албасын баса белгилеп, элди биримдикке чакырды.

Топчубек Тургуналиев, Виктор Черноморец жалалабаттыктардын А. Акаевди отставкага токтоосуз кетүүсүн талап кылган наразылык акциясын колдошуп, бийликтин тамыры соолуп бараткнын, мындай бийлик эл, өлкө кызыкчылыгы менен эсептешпей, өз кызыкчылыгын гана көздөп жатканын баса белгилешти.

**11.00.** Чогулган элдин саны 8 миңге чукулдады.

Тогузтородон «Эл биримдиги» кыймылына, эл талабын көздөгөн депутаттарга,

Жалал-Абадская областная библиотека



атуулдарга ыраазылык билдирип кайрылуу келди.

Бүгүн республика боюнча Нарын, Өзгөн, Карасуу райондорунда, Бишкек, Ош, Талас шаарларында жалалабаттыктардын талаптарын колдогон митингчилер чыгышты.

**14.30.** Абдыкадыров Шарап аксакал кызы Нургүл, Напиза болушуп, **«Акаев кетсин!»**, – деп жазылган тортту митингчилерге таркатышты.

Фондго 8 973 сом түштү.

**18.30.** Облустук курултайды өткөрүү боюнча уюштуруу тобунун тизмеси такталды. Координациялык кеңеш түзүлдү. Кеңешме өткөрүлүп план-программалары түзүлдү. Курултайдын өткөрүүнүн максаты төмөндөгүдөй болду.

1. Бүгүнкү курчуп кеткен кырдаалдын маселелерин чечүү.
2. Бийликтин отставкасы.
3. Өзүн-өзү башкарууга өтүү.
4. Эл кошуунунун курамынын кеңешин түзүү.

Курултайды өткөрүү жөнүндө Эл биримдиги кыймылына билдирүү жиберилди. Элмира аттуу кыз ЖОЖдордогу пара алуу, жумушсуз жаштар жөнүндө сөз сүйлөп, ушунун баарына бийлик гана күнөөлүү деп баса белгиледи. ЖАМУнун ректоруна жолугуп, мугалимдердин студенттерди митингге чыгууга тыюу салганын айтса, ректор аны кара тизмеге алгандыгын айтып коркутканын айтты, бул дагы бийликтин ыпластыгын тастыктады. Бардык жаштарды бийликти кетирүүчү наразылык акцияга кошулууга чакырды.

**12-март, 2005-жыл.**

**9.00.** Эл «А. Акаев токтоосуз бийликтен кетсин!», – деп кыйкырып, аянтка чогула башташты. Күндөгүдөй эл арасына улам жаңыдан келип кошулгандар талаптарын бекемдеп, сүйлөп жатышты. Бул күнү Жалалабат шаардык мэриясын курал-жарак, калкандарын кармаган аскер жоокерлери, милиция курчап турду.

Бийлик тарабынан официалдуу да, официалдуу эмес да өкүлдөр жиберилип, штаб жетекчилиги менен сүйлөшүүлөр жүргүзүүгө аракеттер болду. Бирок штабдын жетекчилери бир гана талаптан – А. Акаевди токтоосуз отставкага кетирүү талабынан кайтышпады.

**12.00.** Кырдаалды чагылдырган ММКнын маалыматтарынан эл митингдин жүрүшүнөн кабардар болушту.

Жамбыл Камчиев, Рахман Разыков, Сагынбек Момбеков, митингдин катышуучуларынын жарпын жазышты. Б. Жээнбеков башында турган «Мекен биримдиги» партиясынын жигиттери элге тамак-аштан жардам жөнөтүштү.

**15.00.** Эртең 13-март шайлоонун 2-турун өткөрүү максатында облустук бийлик имаратынан облустук шайлоо комиссиясынын №7-кабинетинен облшайлоокомдун секретары Бариса Турдубаева облустук шайлоокоомдун төрагасынын жумушчу папкасын, ал эми шайлоокомдун бухгалтери 18 миң сом акча жана мөөр алып чыгышты. Ага атайын комиссия түзүлдү. ШИИБдин жетекчисинин орун басары милициянын майору А. Кадыров баш болуп эки тараптын өкүлдөрү кол коюшту.

Швейциянын тынчтыкты коргоо уюмунун өкүлдөрү менен сүйлөшүүлөр жүрдү. Сүйлөшүүгө штаб башчысы Б. Асанов, мүчөлөрү К. Талиева, Д. Чокоева, Ж. Бакиев барышты. Шаардык Кеңештин депутаттарынан сегиз киши келишип, эл менен жолугушту.

**16.00.** Чогулган элдин саны 2 миңдин тегерегинде болду. Шайлоонун 2-туру жана мал базар күнү болгондуктан элдин басымдуу бөлүгү кезек менен үйлөрүнө кабар алганы кетип келип тургандыктан, бул күнү митингчилердин санын так айтууга мүмкүндүк болбоду.

Бул күнү Координациялык Кеңештин жетекчи, мүчөлөрү Т.Тургуналиев баш болуп курултайды уюштуруу комитетин үч күндөн кийин өтүүчү Элдик Курултайга кайрылуу, чечим, чакыруу, кат сыяктуу зарыл болгон документтерди даярдашып, алардын көпчүлүгү облус аймагына жөнөп кетишти.

Атайын фондго 8 450 сом, 4–12-мартта жалпы суммасы 82 003 накта акчалай түштү.

Республикалык «Фергана» гезитинин башкы редактору Бакыт Орунбеков митингчилердин абалы, саясий акцияны чагылдырган гезиттин жалпы санынан 500 даана элге бекер таркатты.

Митингчилердин социалдык курамы, жаш өзгөчөлүгү кечээги күндөй абалды түздү. «Жаңы кылым», «Аалам», «Моя столица» гезиттеринин жаңы саны таркатылды. Бул басылмаларда Жалалабаттагы, республика аймагындагы саясий курч кырдаал кеңири чагылдырылган.

«Эхо Манаса» телеканалында жалалабаттыктардын акциясын толугу менен баштан аяк чагылдырылды. Буга митингчилер ыраазы болушту.

**13-март, 2005-жыл.**

**9.00.** Жамгыр нөшөрлөп куюп жатты. Эл ага карабай кол чатыр, кленкалардын алдына корголоп, аянтка кайрадан чогулушту.




13–2302

Жалал-Абадская   областная   библиотека



Жалал-Абадская областная библиотека





Жалал-Абадская областная библиотека





**«А. Акаев кетсин!»,** – деп тынымсыз кайталап кыйкырып турушту. Аксынын 400гө жакын эли кошулушуп, колдой турганын билгизишти.

**11.00.** Облмамадминистрациянын ичиндеги абал менен таанышуу үчүн «Фергана» гезитинин башкы редактору Бакыт Орунбеков, кинорежиссер Замир Эралиев, «Аралаш» куудулдар тобу киришти. Имараттын ичиндеги эл коридорго, губернатордун кабылдамасына салынган килемдерге жатып түн күзөтүшкөнүн көрүштү. Телевизор, радиодон күнүмдүк жаңылыктарды угуп жатышканын, алар жөнүндө жалган маалымат тараткан КТР, ЖТР сыяктуу мамлекеттик телеканалдарга нааразылык билдирип, сотко беребиз дешти.

**13.00.** Украинанын 5-телеканалынын журналисттери келип, штаб жетекчиси Жусупбек Бакиевден Жалалабаттагы бул саясий кырдаал жөнүндө маалымат алышты.

Жалалабаттагы митингге катышкан элдин арасында «МСН», «Аалам», «Фергана» гезитинин, «Фергана ру», «Акипресс» агенттиктеринин кабарчылары, «Нью-Йорк Таймс» (АКШ) гезитинин, «Азаттык», «Алмаз» радиолорунун журналисттери маалымат чогултуп жүрүштү.

Жалалабаттагы саясий курч кырдаал тууралуу бүтүндөй дүйнөлүк коомчулук кабардар болуп, эл аралык уюмдардын өкүлдөрү байма-бай келип, маалымат алып кетип жатышты.

Атайын фондго ошол күнү 4 880 сом түштү.

**14-март, 2005-жыл.**

**9.00.** Жамгыр куюлуп жатканына карабастан, эл кайрадан **«А. Акаев кетсин!»,** – деп бир добуштан кайталашып, аянтка чогулушту.

Шайлоонун 13-марттагы 2-туру деле 1-турундагыдай ыплас жол менен бийлик каалагандай өттү.

Көгарт шайлоо округунан депутуттыкка талапкер болуп өтпөй калган Ж. Жээнбековдун 300гө жакын шайлоочулары митингчилерге келип кошулушту. Базаркоргон, Тогузторо шайлоо округунан депутаттыкка талапкер Курманбек Бакиевди да бийлик акыркы ыплас аракеттерге барып, өткөрбөй койгону айтылды. Бул элдин андан бетер нааразылыгын күчөттү.

**12.00.** Элдин арасынан бийликке нааразы сөздөр жамгырдай жаады. Ырчы Сагынбек Момбеков бийликтин ыплас саясатынан улам жүдөп бүткөн элдин муң-зарын ырдап турду.

Бул күнү штаб жетекчилиги, Координациялык кеңештин курамы Курултайга кызуу даярдыктарды көрүп жатышты.

Атайын фондго 9445 сом түштү. Делегаттарга мандат, папка, материалдар даяр-

Жалал-Абадская областная библиотека

далды. Элдик курултайга республиканын бардык облустарынын өкүлдөрү, айылдык, шаардык кеңештердин депутаттары болуп, 450гө жакын делегаттар чакырылды.

Ошону менен бирге чет мамлекеттердин өкүлдөрү, эл аралык уюмдардын өкүлдөрү да чакырылып, Элдик курултай «Эл биримдиги» кыймылынын көмөктөшүүсү астында өткөрүлмөк болду.

«Эркиндик» партиясынын лидери Т. Тургуналиев эл аралык жана ички мыйзамдардын негиздерине ылайык курултайдын иш кагаздарынын, чечимдеринин долбоорлорун иштеп чыкты.

Курултайды өткөрүү ирстинде мандаттык комиссия, секретариат, эсептоо комиссиясы, редакциялык комиссия түзүлдү.

Ушул күнү кечинде Бишкек, Ош, Талас, Чүйдөн өкүлдөр, Курултайга делегаттар келе башташты.

«Ашар» коомунун өкүлү Ракия Жусупова, Казакстандын оппозициялык партиясынын өкүлдөрү келишип, имараттын ичинде 4-марттан бери турган митингчилер менен жолугушуп, алар менен талапташ экендигин билдиришти.

**15-март, 2005-жыл.**

**8.00.** Таң эртеңден баштап элдик Курултайга делегаттар келишип, каттоодон өтүп, мандат алып жатышты.

**11.30.** Курултайдын ачылышы Кыргыз Республикасынын мамлекеттик Гимни менен башталды. Курултайды «Эл биримдиги» кыймылынын төрагасы Курманбек Салиевич Бакиев ачты.

**Күн тартиби:**


1. Кыргызстандагы бүгүнкү саясий абал жөнүндө.
2. Эл бийлигине өтүү жөнүндө жобо.
3. Элдик кеңеш түзүү.
4. Дубандык жетекчини шайлоо.
5. Кыргызстан элине, дүйнөлүк коомчулукка кайрылуу.

Элдик Курултайга 780 делегат катышты. Алардын ичинен 370и айылдык, шаардык депутаттар.

Президиум 21 адамдан турду, мандаттык комиссия, секретариат, редакциялык топ түзүлдү.

К. Бакиев башында турган оппозиция лидерлери, 30 миңдей адам Курултайга чогулушуп, наразылык акциясын катышуучуларынын талаптарын колдоошту жана акыр аягына чейин чыгууга төмөндөгүдөй ант беришти:

**«Мен (аты-жөнү) 2005-жылдын 15-март күнү Жалалабатта болгон Кыргызстан элдик Курултайынын чечимдерин сөзсүз аткарууга даярмын. «А. Акаев бийликтен токтоосуз кетсин!», – деген эл талабына толук кошулам. Атамекендин келечек тагдырын чечүүчү элдик кыймылдын максаттарын тике ашырууга чын дилим менен чечкиндүү катышам. Жалпы жеңишке жетүү үчүн мекендештерим менен кошо күрөшөм деп элимдин алдында, кудай алдында ант беремин. Эгерде ушул антымдан айнысам, мени төшү түктүү жер урсун, төбөсү бийик көк урсун, түпкүлүктүү эл урсун! Элим үчүн, жерим үчүн кызмат кыламын деп Ант беремин!».**



Жалал-Абадская областная библиотека







Элдик Курултайга оппозициянын бардык лидерлери К. Бакиев, Ү. Сыдыков, Р. Отунбаева, И. Болжурова, З. Сыдыкова, А. Бекназаров, Б. Асанов, Досбол Нур уулу жана башкалар катышып, акыр аягына чейин эл менен бирге экендиктерин айтышты. Облустук мамлекеттик администрациянын маңдайында, көрнөктө илинген А. Акаевдин узуну 2 метр сүрөтүн сыйрып салышты. УВДнын начальниги Эгембердиевдин буйрук бергенине карабай, милиция кызматкерлери баш тартып, тоскоолдук кылалбады.

1. Курултайдын чечими менен Жалалабат дубанынын элдик кеңешинин төрагалыгына Жусупжан Жээнбеков шайланды.

2. Чечимдин негизинде **«А. Акаев токтоосуз отставкага кетсин!»,** – деген талап менен чыккан элди тамак-аш менен камсыз кылуу максатында элдик казына түзүү чечимин кабыл алышты.



3. Облус аймагындагы эл кошууну түзүлсүн.

4. Кыргызстан Элдик курултайынын атынан өлкөнүн калкына, дүйнө коомчулугуна кайрылуулар кабыл алынды.

16 077 адамдын ар бири ант беришти. Фондго 63 565 сом накталай акча түштү. Республиканын аймагынан келген өкүлдөр мындай наразылык акциялар өлкөнүн бардык облустарында болуп жатканын айтышты. 18-мартта Элдик курултай Талас облусунда өтмөк болуп, ага Жалалабаттан өкүлдөр жөнөп кетти. 20дан ашык ММК өкүлдөрү катышты.

**16-март, 2005-жыл.**

**9.00.** Бул күнү облустук элдик кеңеш атайын штаб түзүп, Элдик курултайдын чечимдерин турмушка ашыруу аракетин башташты.

Нөшөрлөп жааган жамгырга карабай митингчилер наразычылык акциясын улантышты. Курултайдын чечим, жоболору, кайрылуулар ММКга таркатылды. Курултайдын өткөнү тууралуу токтом түзүлдү.

КТР, ЖТР каналдары аркылуу облус губернатору Ж. Шарипов митингчилерди каралаган маалыматын таркатканын улантты.

Коомчулукка Кыргызстандагы саясий кырдаал жөнүндө дүйнөлүк ММКлар кабарлашты. РТРдин **«Вести»** программасынан жалалабаттык митингчилердин аракеттери чагылдырылды.

**21.00.** Москвалык басылмалар да бул кырдаалды жарыялап чыгышты.

Бул күнү түшкү саат туура 12.00дө Базаркоргон раймамадминистрациясынын имаратын райондогу митингдин катышуучулары ээлеп алышканы жөнүндө кабар келди.

Жалал-Абадская областная библиотека

Элдик кошуунга өз ыктыяры менен атуулдар келип катталып жатышты. Бул күнү фондго 5395 сом түштү.

Облустук ооруканаы маңдайында дагы бир жолу бийликтин кийлигишүүсү менен антимитинг уюштурулду, «Келкел» жаштардын кыймылы барып, аларды таркатып келишти.

**17-март, 2005-жыл.**

**9.00.** Жамгыр нөшөрлөп куюп жатканына карабай эл «**А. Акаев отставкага кетсин!**», – деп кыйкырып, аянтка кайрадан чогула баштады.

Бүгүн 17-мартта Аксы окуясына 3 жыл болду. Бийлик тарабынан атылган Аксылык атуулдарды эскерип, куран окулду.

17-мартта Бишкек шаарындагы Свердлов районунда бийликтин отставкасын талап кылган митинг болгону жөнүндө маалымат келди. Республиканын аймагындагы наразычылык акциясынын катышуучуларынын биримдигине, бири-бири менен байланышына бийлик мүмкүн болушунча тоскоол кылып, Ош – Бишкек жолун улам жаап коюп жатышты.

**14.00.** Ташкөмүр шаар мамадминистрациясынын имараты жергиликтүү эл тарабынан ээленип алынгандыгы жөнүндө кабар келди.

Элдик кошуундун катарына 16–17-мартта 20–35 жашка чейинки 41 жигит өз ыктыярлары менен катталышты.

Облустун элдик кеңешинин төрагасы Ж. Жээнбеков башында турган топ Координациялык кеңеш түзүштү.

**21.30.** Ө. Текебаев «Алатоо» программасынан: «Оппозициянын кийинки лидери К. Бакиев эл камын ойлобойт. Мен он беш жылдан бери оппозициядамын», – деп сүйлөдү. Бул карапайым элдин кыжырдануусун туудурду.

Ушул күнү Ташкөмүр шаар мамадминистрациясы, Токтогул раймамадминистрациясынын жергиликтүү митингчилер ээлеп алышты. Баткенде да эл толкуну башталып жаткандыгы тууралуу маалымдалды.

**18-март, 2005-жыл.**

**9.00.** Эл аянтка чогулушту. Курултайдын чечимин ишке ашыруу максатында штабда чогулуш болду.

Митингчилердин арасынан Макамбай Өмүралиев, Эргешов аттуу аксакалдар «Мадумар ата» фирмасынын төрагасы Азимжан Ирсалиевге элдин атынан жардам сурап кайрылышса, ал киши «Мен А. Акаевдин адамымын, бир тыйын да бере албайм», – деп жооп бериптир. Эл талабын колдобогон мындай адамды «эл душманы» деп аташып, наразы болушту.

Штабда уюштуруу комитетинин заседаниеси болду. Кеңешмеде элдик кеңештин төрагасы Ж. Жээнбеков, «Эрк» партиясынын мүчөсү М. Үсөнов, «Жаңы Кыргызстан» партиясынын мүчөлөрү А. Чатаев, К. Калбаев ж. б. сүйлөштү.

Кеңешмеде:

1. Тынчтык митингин өткөрүүнүн мындан ары уюштуруу иштерин.

2. Коопсуздукту, коомдук тартипти сактоо үчүн жооптуу Маданбеков Маликти, финансы маселеси боюнча Бакиев Каныбек, үгүт иштери, пропаганда боюнча Айчүрөк Мамажанова, Камиля Талиева жооптуу болуп дайындалышты.

Митингчилерди маалымат менен камсыз кылып туруу боюнча Гүлжан Асанова, жаштардын «Келкел» кыймылынын тартибин камсыздоо боюнча Бекболот Маматакунов жооптуу болуп дайындалышты.

**14.00.** Бул күнү Ош облмамадминистрациясына эл кирип, ээлеп алгандыгы жөнүндө кабар келди. Ал жерде спецназдын кызматкерлеринин көпчүлүгү эл тарапка өтүп кеткени, бийликтин тапшырмасы менен келген министр К. Жумалиев эл менен жолукпай, кайра кетип калганы айтылды.

«Фергана» гезитинин Жалалабаттагы курч кырдаал жөнүндө баяндаган жаңы саны (200) бекер таркатылды.

А. Акаевдин отставкага кетүүсү боюнча топтолгон колдун саны бүгүнкү күнгө 10 935ке жетти (6-марттан башталган).

**17.00.** Таластан кабар келди. Р. Жээнбековду бийлик чакырып коркутуп, атасына, бир тууганына кылмыш ишин козголгону, Таластын эли облмамадминистрациядан чыкпайбыз дешкен талаптары малым болду.

**19-март, 2005-жыл.**

**9.00.** Эл аянтка тынымсыз топтолуп, А. Акаевдин отставкага кетүүсүн талап кылышты.

**11.00.** Ош шаарында өтүүчү Элдик курултайга делегаттар Жалалабаттан жөнөп кетишти. Ош шаарындагы Курултайга 15 000ден ашуун эл чогулду. Облмамадминистрациянын имаратын ээлеп алган эл, сыртында тургандар бир добуштан **«А. Акаев оставкага кетсин!»,** – деп кайталап турушту. Аларга Ош облусунун Ноокат, Каракулжа, Өзгөн райондорунан, Баткен облусунун райондорунан эл кошулуп жатты. Бишкектен, республиканын аймагынан өкүлдөр, оппозиция лидерлеринен Курманбек Бакиев, Роза Отунбаева, Досбол Нур уулу, Бектур Асанов, Дүйшөн Чотонов, Адахан Мадумаров ж. б. болушту.

Элдик курултай жалалбатыктардын үлгүсүндө болуп, элдик кеңештин төрагы-

Жалал-Абадская областная библиотека






лыгына Анвар Артыковду шайлашты. Өзбек улуттагы адамдар да чыгып сүйлөшүп, А. Акаевдин ыплас саясатынан жадагандарын айтышты.

**20-март, 2005-жыл.**

**15.12.** Жалалабат облустук мамлекеттик администрациясынын ичиндеги элди, картаң аялдарды, жаш кыздарды, өспүрүм балдарды, жигиттерди, спецназдын куралданган кызматкерлери тепкилеп сабап, үч КАМАЗга ыргытып жүктөп, белгисиз жактарга алып кетишти.

Сырттагы 7 бозүйдү талкалап сындырып, жүктөп кетишти. Спецназдын кызматкерлери мас абалда болушкан жана казакча, орусча сүйлөштү дешет күбө болгон эл. Бозүйлөрдүн бириндеги басмасөз кызматы жайгашкан сейфте митинг, курултай документтери, А. Акаевдин отставкасын талап кылган элдин 20 миң чукул колу коюлган тизме жана Жусупбек Бакиевдин өзүнө тиешелүү документтери, иш кагаздары бар эле. Сейфти ошол бойдон көтөрүп кетишкен.

Митингдин катышуучуларынын арасынан Медер Үсөнов менен Арстан Жээнбековду өзүнчө бөлүп, машинага жүктөп кетишкен жана ар кандай жол менен суракка алып, кыйнашкан. КАМАЗга жүктөлгөн элди Майлуусуу, Базаркоргон, Сузак районуна алып барышкан.

Саат 14.00гө чукул аянтка 10 миңдей эл чогулду. Мурдагы губернатор Ж. Шарипов дароо ЖТРден чыгып: «Тентектерди чыгарып койдук, алардын бүт документтери, ким эмне менен алек болгонун да бизге дайын» деп, сейфтеги документтердин колго тийгенин баса белгиледи. Жалалабат шаарынын түндүк тарабынан Көгарт өрөөнүнөн, туш тараптан миңдеген эл чогулуп, облустук бийлик имаратына карай агылышты.

Ж. Жээнбеков менен Б. Асанов элдин алдында жол баштап келе жатышты. Облустук ички иштер башкармалыгынын, шаардык ички иштер бөлүмүнүн короолоруна элге, асманга карай ок атыла баштады. Газ менен элди таркатууга кылган аракеттери да текке кетти.

Борбордук аянтка 50 миңдей адам кечке жуук чогулуп калышты. Элдер КАМАЗга жүктөлүп кеткен адамдардын кайрып берүүнү талап кылып жатышты. Кайрадан илинип коюлган Акаевдин сүрөтүн алып өрттөп жиберишти. Шаардык милициянын эски имараты өрттөнүп кетти. Чогулган эл аны өз кылмышын жаап жашыргысы келген Акаевдин желдеттеринин аракетинен улам болгонун айтып жатышты. Ал жерден жашынып турушкан губернатор Ж.Шари-

Жалал-Абадская областная библиотека



пов баш болгон облус жетекчилери качып кетишти. Облмамадминистрация кайрадан эл тарабынан ээленди. Бир убакта КАМАЗга жүктөлүп кеткендерди кайрып алып келишти. Ал күнү атылган октон 3 адам жаракат алды. Алардын бири М. Кадырбаев оор абалда ооруканага жеткирилди. КАМАЗга жүктөлгөндөрдөн 63 адам жаракат алышкан. Жаракат алгандарды судмедэкспертиза текшерип жыйынтык чыгарды.

Бул окуя боюнча ММКлар үчүн шашылып пресс-конференция өткөрүлдү. Жалалабат шаарында кырдаал курчуп, коомдук тартипти сактоо үчүн Гамал Сооронкулов башында турган Элдик кошуундун, «Шумкар» тобунун жигиттери чоң-чоң объектилерге кароолго коюлду.

**21-март, 2005-жыл.**

Бул күнү Нооруз майрамы болду. Борбордук аянтка кылкылдап батпай турган элдиң алдына депутат Камчыбек Ташиев, Баяман Эркинбаев келип, эл менен бирге талапташ экендиктерин айтып сүйлөштү. Митингдин уюштуруучулары акаевдик режимдин күнү бүтүп баратканын баса белгилешти.

**22-март, 2005-жыл.**

Бишкекке барууга митингдин катышуучуларынан өкүлдөр дайындалып, жөнөтүүнүн камы көрүлө баштады. Жалалабаттагы бийликтин элге көрсөткөн кордугу республиканын туш тарабындагы мекендештерибиздин кыжырдануусун туудуруп, бардык жерде эл көтөрүлө баштады. Бишкектен, Таластан элдин атынан өкүлдөр келип, Акаевди кулатууга акыр аягына чейин бирге болууга шерттешишти. Ошентип, Жалалабаттан башталган учкун жалынга айланып, жалпы кыргыз эли Акүйдү карай агылды.

**23-март, 2005-жыл.**

Митингчилердин көпчүлүгү өз ыктыярлары менен Бишкекке аттанышты. Жолдо, Бишкекке жетерде тосмоолдук жасалып, аларды борбор шаарга кийирбөөнүн аракеттери болду. Ага карабай ар кандай жолдор менен жетип барышканын кабарлашты.

**24-март, 2005-жыл**

Кыргыз элинин тарыхындагы унутулгус күн катары эсте калды. Миңдеген кыргызстандыктар Акүйдү ээлешти. Бул кубанычтуу кабарды уккан жалалабаттыктар абдан кубанычта **«Биз жеңдик!», «Биз уттук!», «Акаевдин режиминен кутулдук!»**,– деп көздөрүнө жаш ала бир добуштан кыйкырып жүрүштү. Бул күнү «Акыйкат» гезити, ЖТР жамааты менен келишип, эл тарабына өтүп кетишти.

КТР эл тарабына өтүп, оппозиция лидерлери телевизордон чыгып, кыргыз элинин жеңиши менен куттукташып жатышты. Акүйдү алуу күтүүсүз болду. Эл милициянын таягынан жаракат алды. **«Эл биримдиги»** координациялык кеңешинин төрагасы Курманбек Бакиев чукул жыйын өткөрүп, тез арада ЖКнын кош палатасынын депутаттарын сессияга чакыруу сунушу менен чыкты.

Тартип, эл коопсуздугун сактоо сыяктуу зарыл маселелерди чечүү масслеси каралды.



Жалал-Абадская областная библиотека





Кыргыз Республикасынын Президенттинин
«24-мартты улуттук майрамдоо күнү» деп жарыялоо жөнүндөгү

## УКАЗЫ

Эркиндиктин сүйгөн, намыскөй жана чыныгы демократиялык баалуулуктарды туу туткан кыргыз эли элдик бийликтин тарыхый салттарын, социалдык адилеттик принциптерине берилгендигин жана руханий дөөлөттөр менен адамгерчиликтин үстөмдүк кылышын сактап жана улантып, 2005-жылы 24-мартта мамлекетти узак жылдар бою жеке максаттарына жана өзүнүн айланасындагы адамдардын тар чөйрөсүнүн кызыкчылыгында башкарып келген авторитардык, коррупциялашкан жана элге каршы режимдин үстүнөн тарыхый жеңишке жетишти.

2005-жылдын 24-мартындагы тагдыр чечүүчү жана тарыхый окуялардын натыйжасында республикада чыныгы элдик бийлик орноп, адилеттик салтанат куруп, экономикалык жана рухий жогорулоого жана демократиялык Кыргызстандын кайра жаралышына, республикада биримдикти, улуттар аралык, конфессиялар аралык тынчтык жана ынтымак-ырашкерликти андан ары чыңдоого башат ачылды.

Кыргыз элинин 2005-жылы 24-марттагы жеңишинин тарыхый маанисин түбөлүккө калтыруу максатында, 2005-жылдын март окуяларынын бардык катышуучуларынын жарандык жана атуулдук парзын аткаруудагы эрдигин жана каармандыгын белгилөө, ошол жылдары авторитардык режимге каршы күрөшкөндөрдүн бардыгына терең урмат көрсөтүү, демократия жана адам укугу үчүн күрөшкө Аксы элинин кошкон салымын өзгөчө таануу менен

## ТОКТОМ КЫЛАМ:

1. 24-март жыл сайын улуттук майрамдоо күнү деп жарыялансын.
2. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине 24-мартты жыл сайын улуттук майрамдоо күнү катары белгилөө жөнүндө мыйзамды кароо жана кабыл алуу сунуш кылынсын.
3. Тиркемеге ылайык курамда уюштуруу комитети түзүлсүн.

Жалал-Абадская областная библиотека

Уюштуруу комитети он күндүк мөөнөтү 2006-жылы 24-мартта майрамдоону уюштуруу жана өткөрүү боюнча чаралардын комплексин иштеп чыксын жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн кароосуна киргизсин.

4. Кыргыз Республикасынын Өкмөтү:

– аталган майрамды 2006-жылы 24-мартта уюштуруунун жана өткөрүүнүн программасын карасын жана бекитсин, анын толук жүзөгө ашырууну камсыз кылсын;

– 2006-жылы 24-мартта Бишкек, Ош, Баткен, Жалалабат, Нарын, Талас, Токмок, Каракол шаарларында аскердик парад жана атуулдук иш-чаралардын комплексин өткөрүүнү уюштурушсун;

– областардын мамлекеттик администрациялары жана Бишкек, Ош шаарларынын жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдары менен бирдикте, партиялардын жана өкмөттүк эмес уюмдардын өкүлдөрүнүн катышуусу менен атуулдук жана спорттук иш-чараларды, концерттерди, жарманкелерди, массалык майрамдоо жана жолугушууларды өткөрүүнү, кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн торолушуна, жарандык коомдун ролун өнүктүрүүгө жана жогорулатууга, ачык, таза жана адилеттүү шайлоолорду өткөрүүнүн маанисине, адамдын жана жарандын коституциялык укуктары менен эркиндиктерин коргоого жана кепилдик кылууга арналган даректүү фильмдерди көрсөтүүнү уюштурсун;

– 2006-жылдын 20-апрелине чейин 2005-жылы 24-мартынан 25-мартына караган түнү Бишкек шаарында жапа чеккен адамдарга финансы-материалдык колдоо көрсөтүү мүмкүнчүлүгү иликтенсин;

– жарандык коомдун катышуусу менен Кыргызстандын борборунда 2005-жылдын 24-мартындагы окуяларга арналган эстелик белгини орнотуунун максатка ылайыктуулугу жана мүмкүнчүлүгү иликтесин.

5. Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлиги Кыргыз Республикасынын четөлкөлөрдөгү дипломатиялык өкүлчүлүктөрүндө өлкөнүн торолушу жана өнүгүшү, анын ажайып кооз жерлери, кыргыз элинин адат-салты, туристтик өнүгүү келечектери жөнүндө даректүү фильмдерди көрсөтүү, Кыргызстандын экономикасынын жана социалдык чөйрөсүнүн ар кайсы тармактарына салым кошкон четөлкөлүк инвесторлорду чакыруу менен брифингдерди, жолугушууларды уюштурсун жана өткөрсүн.

6. Атамекендик жана четөлкөлүк продукция өндүрүүчүлөр 2006-жылы 24-мартта республиканын облустук жана райондук борборлорунда өз жетишкендиктеринин көргөзмөлөрүн өткөрүүгө жана продукцияларды сатууга чакырылсын.


7. Бул Жарлык жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

**Кыргыз республикасынын Президенти** **К. БАКИЕВ**

*Бишкек шаары, Өкмөт үйү*
*6-март, 2006-жыл.*

Жалал-Абадская областная библиотека





Жалал-Абадская областная библиотека





24-март Элдик революция күнүн майрамдоо.
Жалалабат ш. 2007-ж.

Жалал-Абадская областная библиотека



**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮ**

**ПРАВИТЕЛЬСТВО КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

**ТОКТОМ ПОСТАНОВЛЕНИЕ**

*Бишкек ш., Өкмөт үйү 2007-жылдын 11-январы, № 7* *г. Бишкек, Дом Правительства*

**Кыргыз Республикасынын Жалалабат облусунун Жалалабат шаарынын түзүлгөндүгүнүн 130 жылдыгына арналган салтанаттуу иш-чараларды даярдоо жана өткөрүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Жалалабат облусунун Жалалабат шаарынын 130 жылдыгына байланыштуу Кыргыз Республикасынын Өкмөтү токтом кылат:

1. Кыргыз Республикасынын Жалалабат облусунун Жалалабат шаарынын түзүлгөн күнүнүн 130 жылдыгына арналган салтанаттуу иш-чаралар 2007-жылдын октябрында өткөрүлсүн.

2. Төмөнкү тиркелгендер бекитилсин:

– Кыргыз Республикасынын Жалалабат облусунун Жалалабат шаарынын түзүлгөн күнүнүн 130 жылдыгына даярдык көрүү жана өткөрүү боюнча республикалык уюштуруу комитетинин курамы:

– Кыргыз Республикасынын Жалалабат облусунун Жалалабат шаарынын түзүлгөн күнүнүн 130 жылдыгына даярдык көрүү жана өткөрүү боюнча иш-чаралардын планы (мындан ары – План).

3. Кыргыз Республикасынын Жалалабат облусунун Жалалабат шаарынын түзүлгөн күнүнүн 130 жылдыгына даярдык көрүү жана өткөрүү боюнча иш-чаралардын планында көрсөтүлгөн министрликтер, мамлекеттик комитеттер, административдик ведомстволор, Жалалабат облусунун мамлекеттик администрациясы жана Жалалабат шаарынын мэриясы:

– Пландын сөзсүз аткарылышын камсыздашсын;

– Пландын аткарылышынын жүрүшү жөнүндө маалыматты Кыргыз Республикасынын Премьер-министринин Аппаратына ай сайын берип турушсун.

4. Бул токтомдун аткарылышын, контролдоо Кыргыз Республикасынын Премьер-министринин Аппаратынын тиешелүү башкармалыктарына жана бөлүмдөрүнө жүктөлсүн.

**Премьер-министрдин милдетин аткаруучу** **Ф. Кулов**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮ** | **ПРАВИТЕЛЬСТВО КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

## ТОКТОМ ПОСТАНОВЛЕНИЕ

*Бишкек ш., Өкмөт үйү* *от 11 января, 2007 года № 7 г. Бишкек, Дом Правительства*

### О подготовке и проведении торжественных мероприятий, посвященных 130-летию со дня образования города Джалал-Абад Джалал-Абадской области Кыргызской Республики

В связи с 130-летием города Джалал-Абад Джалал-Абадской области Кыргызской Республики Правительство Кыргызской Республики постановляет:

1. Провести в октябре 2007 года торжественные мероприятия, посвященные 130-летию со дня образования города Джалал-Абад Джалал-Абадской области Кыргызской Республики.

2. Утвердить прилагаемые:

– состав республиканского организационного комитета по подготовке и проведению 130-летия со дня образования города Джалал-Абад Джалал-Абадской области Кыргызской Республики;

– План мероприятий по подготовке и проведению 130-летия со дня образования города Джалал-Абад Джалал-Абадской области Кыргызской Республики (далее – План).

3. Министерствам, государственным комитетам, административным ведомствам, указанным в Плане мероприятий по подготовке и проведению 130-летия со дня образования города Джалал-Абад Джалал-Абадской области Кыргызской Республики, государственной администрации Джалал-Абадской области и мэрии города Джалал-Абад:

– обеспечить неукоснительное выполнение Плана;

– ежемесячно представлять в Аппарат Премьер-министра Кыргызской Республики информацию о ходе выполнения Плана.

4. Контроль за выполнением настоящего постановления возложить на соответствующие управления и отделы Аппарата Премьер-министра Кыргызской Республики.

**Исполняющий обязанности**
**Премьер-министра** **Ф. Кулов**

Жалал-Абадская областная библиотека



Кыргыз Республикасынын
Өкмөтүнүн *2007-жылдын*
*«11» январындагы*
№ 7 токтому менен бекитилген

**Кыргыз Республикасынын Жалалабат облусунун Жалалабат шаарынын түзүлгөн күнүнүн 130 жылдыгына даярдык көрүү жана өткөрүү боюнча республикалык уюштуруу комитетинин курамы**

| | |
|---|---|
| Табылдиев Т. Т. | Кыргыз Республикасынын вице-премьер-министринин милдетин аткаруучу, республикалык уюштуруу комитетинин төрагасы, |
| Айдаралиев И. Р. | Жалалабат облусунун мамлекеттик администрация башчысы-губернатор, республикалык уюштуруу комитетинин төрагасынын орун басары, |

*республикалык уюштуруу комитетинин мүчөлөрү:*

| | |
|---|---|
| Батыров К. А. | – Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты (макулдашуу боюнча), |
| Ташиев К. К. | – Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты (макулдашуу боюнча), |
| Жапаров А. Ү. | – Кыргыз Республикасынын экономика жана каржы министринин милдетин аткаруучу, |
| Сулайманов Н. Ч. | – Кыргыз Республикасынын транспорт жана коммуникациялар министринин милдетин аткаруучу, |
| Ниязов Ш. Н. | – Кыргыз Республикасынын саламаттык сактоо министринин милдетин аткаруучу, |
| Исабеков А. Б. | – Кыргыз Республикасынын айыл, суу чарба жана кайра иштетүү өнөр жай министринин милдетин аткаруучу, |
| Нур уулу Досбол | – Кыргыз Республикасынын билим берүү, илим жана жаштар саясаты министринин милдетин аткаруучу, |
| Мамасалиев Д. М. | – Жалалабат шаарынын мэри (макулдашуу боюнча). |
| Кармышев У. А. | – Премьер-министрдин Аппарат жетекчисинин орун басары – Кыргыз Республикасынын Премьер-министринин Аппаратынын мамлекеттик кызмат жана региондук өнүктүрүү башкармалыгынын начальниги, |
| Даудова Р. Т. | – Кыргыз Республикасынын Премьер-министринин Аппаратынын басма сөз кызматынын-маалымат менен камсыздоо башкармалыгынын начальнигинин орун басары, |
| Акматов М. С. | – Кыргыз Республикасынын Премьер-министринин Аппаратынын мамлекеттик кызмат жана региондук өнүктүрүү башкармалыгынын уюштуруу иштери боюнча инспектору, республикалык уюшутуур комитетинин катчысы. |

Жалал-Абадская областная библиотека



Утвержден
постановлением Правительства
Кыргызской Республики
*от «11» января 2007 года*
**№ 7**

**Состав республиканского организационного комитета по подготовке и проведению 130-летия со дня образования города Джалал-Абад Джалал-Абадской области Кыргызской Республики**

| | |
|---|---|
| Табылдиев Т. Т. | – исполняющий обязанности вице-премьер-министра Кыргызской Республики, председатель республиканского организационного комитета, |
| Айдаралиев И. Р. | – глава государственной администрации – губернатор Джалал-Абадской области, заместитель председателя республиканского организационного комитета, |


*члены республиканского организационного комитета:*


| | |
|---|---|
| Батыров К. А. | – депутат Жогорку Кенеша Кыргызской Республики (по согласованию), |
| Ташиев К. К. | – депутат Жогорку Кенеша Кыргызской Республики (по согласованию), |
| Жапаров А. У. | – исполняющий обязанности министра экономики и финансов Кыргызской Республики, |
| Сулайманов Н. Ч. | – исполняющий обязанности министра транспорта и коммуникаций Кыргызской Республики, |
| Ниязов Ш. Н. | – исполняющий обязанности министра здравоохранения Кыргызской Республики, |
| Исабеков А. Б. | – исполняющий обязанности министра сельского, водного хозяйства и перерабатывающей промышленности Кыргызской Республики, |
| Нур уулу Досбол | – исполняющий обязанности министра образования, науки и молодежной политики Кыргызской Республики, |
| Мамасалиев Д. М. | – мэр города Джалал-Абад (по согласованию), |
| Кармышев У. А. | – заместитель Руководителя Аппарата Премьер-министр – начальник управления государственной службы и регионального развития Аппарата Премьер-министра Кыргызской Республики, |
| Даудова Р. Т. | – заместитель начальника управления информационного обеспечения – пресс службы Аппарата Премьер-министра Кыргызской Республики, |
| Акматов М. С. | – инспектор по организационной работе управления государственной службы и регионального развития Аппарата Премьер-министра Кыргызской Республики, секретарь республиканского организационного комитета. |




14–2302

Жалал-Абадская областная библиотека












Жалал-Абадская областная библиотека

# Кыргыздын улуттук оюндары









Жалал-Абадская областная библиотека

# ХРОНОЛОГИЯ

1877 г. – Первое упоминание и сведения о Жалалабате. Город становится волостным центром.

1887 г. – Курорт Жалалабат официально признан первым курортом в Кыргызстане.

1897 г. – Первая Всероссийская перепись населения. Согласно переписи в Жалалабате в трех кишлаках проживало 2 713 человек, из которых 1 377 мужского и 1336 женского пола.

1890–1910 гг. – Открыта почта.

1906 г. – Организован лечебный участок.

1912 г. – Открыта больница на 6 коек.

1914 г. – Купцом Журавлевым построена механическая мельница (проспект Барпы).

1916 г. – Введена в эксплуатацию железнодорожная ветка "Гурунч-Мазар – Жалалабат".

1916 г. – Начала осуществляться телефонная связь в городе.

1917 г. – 17–19 декабря. В городе провозглашена Советская власть.

1917 г. – 29-декабря. Создан Комитет общественной безопасности, в последствии милиция.

1918 г. – Национализирована базарная площадь.

1919 г. – декабрь. а) Для местного населения открыты две новометодные школы;
б) Создан подотдел народного образования Жалалабатского района.

1920 г. – 26 мая Пребывание в Жалалабат М. В. Фрунзе.

1924 г. – 14 октября. Образована Кыргызская автономная область. Жалалабат становится центром Жалалабатского округа.

1924 г. – Построена первая 4-х классная школа.

1925 г. – Построено здание Дома Советов (ул. Эркиндик). В нем проведена первая конференция женщин.

1925 г. – Организована артель "Куват" («Сила»);
– открыты 2 кружка физкультурников и первое родильное отделение.

1925–1927 гг. – Заложен городской сад, позже парк, с ноября 1940 года парк имени Токтогула Сатылганова.

1926–1929 гг. – В Жалалабате проживала семья Т. Айтматовых.

1926 г. – Построен первый кинотеатр "Ударник";
– установлена динамомашина, давшая первый электрический ток;
– открыт педагогический техникум, ныне Жалалабатский государственный университет (ЖАГУ);
– открыта библиотека;
– организована артель «8-Марта».

1927 г. – 17-февраля начал осуществлять свою деятельность Городской Совет (Городской Кенеш);
– Жалалабат вторично получает статус города и становится центром Жалалабатского округа;
– открыта городская больница;
– создается объединение автомобильного и гужевого транспорта "Киртранс";
– организована артель кирпичников «Интернационал», позже комбинат строительных материалов «КСМ», ныне объединение «Курулушматериалы»;
– открывается средняя школа № 1, одна из первых в городе, получившая статус школы-гимназии им. Героя Советского Союза М. Бабкина.
– 12-ноября. В городе проведена выездная сессия Кыргызского ЦИК, на которой рассмотрен вопрос проведения земельно-водной реформы, на ней председателем по проведению земельно-водной реформы на юге Кыргызстана назначен Торекул Айтматов.

1928 г. – Завершено в городе строительство поликлиники (ул. Эркиндик);
– установлена городская черта г. Жалалабат;

– сдан в эксплуатацию учебный корпус педтехникума (ул. Токтогула);
– при комхозе создано РСУ, ныне АО «Бакай»;
– образована архивная служба в городе.

1929 г. – Организована артель инвалидов по выпуску товаров ширпотреба.

1930 г. – Создается Жалалабатская МТС (машинно-тракторная станция);
– начала работать нефтебаза.

1931 г. – Открывается районная контора связи.

1932 г. – Сдана в эксплуатацию железнодорожная ветка «Жалалабат – Кокжангак»;
– начал вести свои передачи городской радиоузел.

1933 г. – Открывается артель «Спецодежда»;
– организована артель «Пищехимпром»;
– начала работать городская типография.

1934 г. – Открыт пункт по приему молока, с 1939 года молочный завод;
– открывается научно-исследовательский пункт «Актерек», в 1966 году получивший статус Южно-Кыргызской орехо-плодовой станции Академии наук Кыргызстана.

1936 г. – Завершено строительство учебного корпуса педтехникума ныне ЖАГУ;
– открывается средняя школа № 2;
– создано 17 прорабство «Кыргызстрой», позже СМУ № 5, Октябрьская ПМК;
– открываются столярный и плотницкий цеха, с 1948 г. мебельная фабрика, с 1995 года АО «Жалалабат-эмерек»;
– начали работать курсы по подготовке шоферов, позже – «Автошкола».
– организована Жалалабатская «Южавтобаза» одна из первых в южном регионе;
– начал работать Дом пионеров и школьников, ныне Дом творчества детей, при Доме пионеров открыта библиотека.

1937 г. – Начались занятия в железнодорожной школе № 59, позже восьмилетняя школа № 6, ныне СШ № 6.
– начал функционировать первый в городе пионерский лагерь;
– основана Жалалабатская грузовая автобаза № 1.

1938 г. – Открывается школа механизаторов, ныне профессиональный лицей №1 (СПТУ);
– открывается зооветшкола, на базе которой в 1947 г. создан зооветтехникум;
– открыт детский сад № 1.

1939 г. – 21 ноября Жалалабат получает статус областного центра (Жалалабатская область);
– открывается СШ № 3, ныне СШ № 3 имени Жусупа Бакиева;
– открывается медицинская школа, с 1954 года медицинское училище;
– открыта православная церковь;
– создана Жалалабатская межрайонная лаборатория госнадзора за стандартами и измерительной техникой. Ныне Центр испытаний и сертификации.

1941–1945 г. – Город Жалалабат, направил на фронт Великой Отечественной войны более 10 тыс. бойцов, 4976 имен погибших и без вести пропавших увековечены в Республиканской книге «Память», 6 человек из города получили звание Героя Советского Союза:
Немцов Иван Спиридонович – 1 августа 1943 года;
Азимов Розы – 22 июля 1944 года;
Панфилов Дмитрий Иванович – 24 марта 1945 года;
Тайгараев Тукубай – 24 марта 1945 года;
Мазков Евдоким Константинович – 1944 года;
Бабкин Михаил Николаевич – 18 августа 1945 года.
– Абрамов Алексей Федорович стал полным кавалером ордена «Славы» всех степеней, орденом «Славы» первой степени награжден в 1945 году.
– в городе размещались 3 военных госпиталя.

1942 г. – Сдан в эксплуатацию витаминный завод, с 1995 г. АО «Жалалабат таттуусу».

1942–1944 гг. – В учебном корпусе педучилища, ныне ЖАГУ, размещалось военно-морское политическое училище.

1942 г. – В Жалалабате начал работать Донецкий государственный театр.

1943 г. – Открывается вечерняя школа рабочей молодежи;
– 150 юношей и девушек выехали на восстановление города Сталинград.

1944 г. – Налажена телеграфная связь «Жалал-Абад – Фрунзе»;
– открывается швейная фабрика, ныне АО «Келечек».

Жалал-Абадская областная библиотека

1945 г. – Сдан в эксплуатацию хлопкозавод, с 1995 г. «Ак-Пахта»;
– открыто Жалалабатское отделение Промбанка.

1946 г. – Начал выпускать продукцию пивзавод, с 1996 г. – АО «Салкын-Суу»;
– открыта детско-юношеская спортивная школа №1;
– при горисполкоме учреждена должность главного архитектора города.

1947 г. – Завершено строительство аэродрома;
– открывается противотуберкулезный пункт, с 1965 года противотуберкулезный диспансер.

1948 г. – 3 июня Тешебаеву Файзулле присвоено звание Героя Социалистического Труда.

1949 г. – Образована система Гражданской обороны (ГО).

1950 г. – Открыта Жалалабатская торговая база ОПС;
– сформирована автобаза ОПС;
– составлен первый генеральный план застройки города;
– открыт первый маршрут внутригородского автобусного движения;
– создано Южно-кыргызское управление орехово-плодовыми лесами.

1951 г. – Сдан в эксплуатацию мясокомбинат;
– 30-апреля город подвергся сильному разрушительному наводнению.

1952–1965 гг. – Идет застройка «СМУ-городка»;

1952 г. – Сдана в эксплуатацию первая водопроводная линия;
– создана передвижная механизированная колонна «Сельэлектро», позже «Кыргызэнергострой».

1953 г. – Январь. Создано строительно-монтажное управление «СМУ ТТ», ранее оно именовалось МДС («Машинно-дорожная станция»).

1954 г. – Открылась средняя школа № 4;
– начались работы по посадке деревьев в парке ВЛКСМ, с 1998 г. – парк им. Навои;
– 157 юношей и девушек выехали на освоение целинных и залежных земель;
– в школах города открываются мастерские по труду, вводится производственное обучение.

1955 г. – Завершено строительство роддома (ул. Первомайская № 15);
– на укрепление колхозов и совхозов направляются 5 городских руководителей.

1956 г. – Из автобазы №1 выделилась и получила самостоятельность пассажирская автобаза, с 1995 года АО «Манас»;
– открывается учебно-производственное предприятие слепых и глухих (УПП КОС и КОГ).

1957 г. – Организован Жалалабатский спецучасток «Кыргызвзрывпром»;
– открывается стройшкола № 5, с 1971 г. горПТУ № 75, ныне лицей;
– стал выпускать продукцию плодоовощной комбинат, с 1981 г. консервный завод; ныне МП «Спектр»;
– создается команда тяжелоатлетов.

1958 г. – Жители города и юга республики получили возможность смотреть телевидение;
– завершено строительство производственных зданий реалбазы хлебопродуктов, с 1996 г. – АО «Азрат-Айыб»;
– создан Сузакский РЭС.

1959 г. – 27 января Жалалабатская область объединяется с Ошской областью, областным центром стал г. Ош.
– 27 февраля Жалалабатская электросеть подключена к Ферганской энергосистеме;
– 1 марта вышел первый номер городской газеты "Знамя коммунизма".
– март. Развернута детская больница на 125 коек в бывшем здании облисполкома (ул. Ленина);
– завершено строительство здания под школу, в которой с 1965 года размещается средняя школа № 8;
– открыт Дом санитарного просвещения;
– открывается Жалалабатское кооперативное профессионально-техническое училище.

1960 г. – Начал выпускать продукцию Комбинат хлебопрдуктов;
– вступил в эксплуатацию РЗЗТ, с 1996 года АО "Насос";
– открыт дворец культуры, ныне драмтеатр им. Барпы;
– открывается стоматологическая клиника;
– открывается киноремонтная мастерская;
– начала работать спорт-школа молодежи (СШМ);

1961 г. – Создана нефтеразведочная экспедиция, с 1995 года – партия структурного бурения;
– открыт кинотеатр "Мир";
– сдан в эксплуатацию Дом пионеров.

1962 г. – Завершено строительство первой очереди 35-и километровой трассы газопровода "Избаскент – Жалалабат";
– открыт горпромбыткомбинат, ныне фирма "Жетиген".

1963 г. – Открывается восьмилетняя школа № 7, с 1970 г. – СШ №7;
– для детей с ослабленным здоровьем открыт санаторный детский сад на 75 мест с круглосуточным пребыванием детей;

1964 г. – Начал выпускать продукцию комбинат строительных деталей (КСД), ныне АО "Темир-Таш";
– предприятие "Жалалабатгаз" становится самостоятельным, отделившись из домоуправления;
– открыт кардиоревматологический детский санаторий "Бакыт";
– вступил в число действующих автоагрегатный завод;
– открыт Жалалабатский филиал Фрунзенского машиностроительного техникума, который готовил специалистов среднего звена для АО "Нур";
– Жалалабат был первым из городов, поддержавший инициативу в создании жилищно-строительных кооперативов (ЖСК);
– организовано предприятие по поставкам продукции (ППП);
– май. Проведена первая выставка изобразительного и технического творчества детей.

1965 г. – Создан трест "Жалалабатсельстрой", ныне АО "Жалалабат айыл курулуш";
– открыта средняя школа № 5, ныне школа-гимназия им. Б. Осмонова;
– организована автобаза "Ошоблстрой", с декабря 1994 года АО "Алтын-Казык";
– оптическая мастерская преобразована в магазин "Оптика";
– организовался хор ветеранов войны и труда.

1966 г. – Создано городское Оущество охраны памятников истории и культуры;
– основана Жалалабатская площадка Кыргызского Республиканского производственного управления "Вторчермет".

1967 г. – Открывается обувная фабрика – филиал обувной фирмы "Чолпон", с 1993 года АО "Миң булак";
– открыта станция переливания крови;
– завершено строительство первого 32-х квартирного дома ЖСК;
– сдан в эксплуатацию автовокзал;
– разведано Кёгартское песчано-гравийное месторождение;
– завершено строительство спортивного зала на территории городского стадиона;
– организована первая уличная спортивная команда "ДУКО".

1968 г. – Стал осуществлять свою деятельность комбинат коммунальных предприятий (ККП);
– вступила в строй прачечная;
– сдан в эксплуатацию кинотеатр "Юбилейный", на базе которого с 1994 года, работает областная филармония, с марта 1994 г. им. Т. Тыныбекова;
– завершено строительство городского стадиона, ныне носящего имя Курманбека.

1969 г. – Начал работать прибороремонтный цех Бишкекского прибороремонтного завода;
– открыт филиал Фрунзенского завода "Тяжэлектромаш" по ремонту электромоторов;
– в СШ № 2 введено производственное обучение по подготовке шоферов-профессионалов;
– при горисполкоме открыто бюро по трудоустройству (Центр занятости);
– ноябрь. Открыта станция юных техников (СЮТ), с 1995 года областной центр экологии, краеведения и технического творчества;
– открыт народный театр на базе ДК;
– при Жалалабатском педучилище создан клуб девушек.

1970 г. – Начал застраиваться новый микрорайон, получивший название "Спутник", в трех километрах от северо-западной городской черты;
– завершилось формирование Жалалабатского СПМК-1;
– на КСД освоен выпуск панелей для 2-х квартирных жилых домов;
– группой энтузиастов отснят первый документальный звуковой кинофильм "Город Жалалабат", посвященный 100-летию города;
– завершено строительство Жалалабатской кустовой базы сжиженного газа, самой мощной в Кыргызстане;
– принял детей детский психоневралогический интернат на 180 мест;
– начал застраиваться многоэтаж-

Жалал-Абадская областная библиотека

ными домами новый жилой массив за сквером "Космос";
– 29 апреля в парке ВЛКСМ, ныне им. Навои, открыт монумент "Скорбь матери";
– сентябрь. Открывается средняя школа № 7.

1971 г. – Начал выпускать продукцию моторо-ремонтный завод "Кыргызсельхозтехника", с сентября 1995 года АО "Максат";
– Октябрь. Открыта городская станция юных натуралистов (СЮН);
– в Жалалабате состоялась областная научно-практическая конференция, посвященная первому опыту разработке и внедрению планов социально-экономического развития предприятий и городов;
– завершено строительство 3-х этажного административного здания, где разместились горком партии и горисполком, с 1991 года областная администрация;
– начал функционировать пункт химчистки и крашения одежды;
– завершено строительство здания СМУ треста "Ошстрой";
– создана передвижная механизированная колонна "ПМК-2 треста "Кыргызсвязьстрой" по сооружению АТС;
– в общеобразовательных школах создаются общественные фонды учебников.

1972 г. – Образовано Жалалабатское предприятие электрических сетей (ПЭС);
– в урочище Кара-Алма открылся дом отдыха "Горный", построенный ашаром работниками городского отдела образования (горОНО);
– создана "Октябрьская ПМК";
– 30 декабря. Открылся, созданный на общественных началах, городской музей.

1973 г. – Сдано в эксплуатацию административное здание, в котором ныне размещается филиал Национального банка;
– завершено строительство железнодорожного вокзала, на месте старого. Это уже третья реконструкция;
– открылся книжный магазин;
– открыта средняя школа № 9;
– из Сузакской РЭС выделилась в самостоятельную организацию Жалалабатская РЭС;
– начал выпускать продукцию деревообрабатывающий завод (ДОЗ), с 1993 года АО "Кёк-Арт";
– установлены и задействованы в работу подстанции "Промышленная" и "Ключевая";
– возведено типовое здание мастерских горпромбыткомбината, по ремонту бытовой техники;
– завершено строительство складских помещений с железнодорожной веткой к ним и административного корпуса горторга;
– ноябрь. Приступил к переработке сырья табачно-ферментационный завод, ныне АО "Айып-Булак";
– декабрь. Принята в эксплуатацию первая на юге Кыргызстана станция технического обслуживания автомобилей (СТО);
– паровозы на линии "Жалал-Абат – Кокжангак" были заменены тепловозами.

1974 г. – В марте началось благоустройство и озеленение улицы им. Д. Шопокова;
– март. На легкоатлетических соревнованиях на приз газеты "Известия" успешно выступил житель города, мастер спорта СССР, рекордсмен Кыргызстана в марафонском беге Беделбай Амерахунов;
– 7 июня проходил в городе фестиваль "Весна Ала-Тоо";
– июнь. Сдана в эксплуатацию первая очередь Жалалабатской птицефабрики;
– открыта СШ №10;
– на городской площади сооружен фонтан "Дружба";
– рабочие мебельной фабрики изготовили комплект мебели, облицованный ценным ореховым капом, для зала заседаний Совета Министров республики;
– создано городское общество книголюбов;
– на комбинате строительных деталей вступил в строй цех, рассчитанный на ежегодный выпуск 42-х квартирных домов;
– завершено строительство типового, трехэтажного здания городского архива;
– Жалалабатский городской отдел народного образования и СШ № 5 были участниками ВДНХ. Заведующий горОНО Трунов В. Ф. и директор школы № 5 Святкина К. Ф. были награждены серебряными медалями ВДНХ.

1975 г. – При горОНО открылся межшкольный учебно-производственный

комбинат трудового обучения и профориентации учащихся;
– был открыт монтажно-рекламный комбинат (МРК);
– при детской музыкальной школе начало работать отделение изобразительного искусства, на базе которого в октябре 1987 года была открыта художественная школа.

1976 г. – Город Жалалабат был признан победителем Республиканского соревнования по итогам 1976 года;
– первый отряд Жалалабатских строителей выехал в Ярославскую область, где создавался совхоз "Кыргызстан";
– введена в эксплуатацию АТС на 3 тысячи номеров.

1977 г. – Город торжественно отметил свое 100-летие;
– сдан в эксплуатацию лечебный корпус городской, ныне областной многопрофильной больницы, построенный на средства, заработанные на субботниках;
– проводится реконструкция улицы Ленина, она обсаживается новыми породами деревьев;
– на площади "Мир" забили серебряные струи фонтана, носящего имя площади;
– завершено строительство общежития в сельПТУ, ныне профессиональный лицей № 1.

1978 г. – За успешное выполнение государственных планов экономического и социального развития 1977 г. Жалалабат был награжден переходящим Красным Знаменем ЦК КПСС, Совета Министров СССР, ВЦСПС и ЦК ВЛКСМ;
– сдан в эксплуатацию Жалалабатский завод Рембыттехника;
– создано добровольное общество пчеловодов.

1979 г. – Закончилось формирование треста "Южремстройбыт";
